С кырг
К-17

Нуржамал
Калмаматова



# ЖҮРӨК ТАМЫРЫНДАГЫ ОТ

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
К 17

Калмаматова Н.
К 17 **Жүрөк тамырындагы от**. *Ырлар:* Б.:
«Мурас-Нур», «Улуу Тоолор», 2017. – 336 б.

ISBN 978-9967-447-47-6

Бул китепке көбүнчө лирикалык ырлар кирди. Анда махабатын өжөрдүгүн, тазалыгын ырга салган кайрыктар жаңырып турат.

Китеп бардык окурмандарга сунуш кылынат.

К 4702300200-17

Токтогул атындагы ... Ош облустук ... китепканасы
ИНВ № ______________

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-447-47-6

© Калмаматова Н., 2017



# ЫЙЫК КӨРӨМ АТА ЖУРТ

## АТА ЖУРТУМ

Ыйык көрөм ата журт түнөгүмдү,
Арнайын болгон күчүм, бүт өмүрдү.
Менин жаным өзүңө керек болсо,
Сууруп берем билип кой, жүрөгүмдү.

Бергенсиң ичээр суу мүрөгүмдү,
Бакытка ороп менин күндөрүмдү.
Өз үйүм болбосо да мекеним бар,
Ата журтум айталам мен өзүңдү.

Калкан болгум келип мен жүргөнүмдү,
Билесиң жанып сага күйөрүмдү.
Сен үйүм, бараар жерим ата журтум,
Жар салам танбай бекем сүйөрүмдү.

Энемсин, атамсың сен ата журтум,
Калкан болуп тосомун жүрөгүмдү.

## ТООЛОРУМДУ САГЫНЫП

Үнүм бүгүн бир башкача жаңырып,
Кусалыктан алдым бир аз арылып.
Калган элем канча жылдар көрүшпөй,
Мен тоолорду, тоолор мени сагынып.

Мен калаага түйшүгүмдү калтырып,
Келгенимде сагынычым жазылып,
Бир керемет сыйкырына бөлөндүм,
Тоолорумда менин үнүм жаңырып.

Көз алдыма ал өткөн күн тартылып,
Сагынычты, кусалыкты тагынып.
Бүгүн келдим, бүгүн келдим жериме,
Күнгөй, тескей тоолорумду сагынып.

Тайгаланып ылайына чалынып,
Тоолоруma издерими калтырып.
Күз жамгыры тосуп алса кубандым,
Табияттын сыйкырына багынып.

Көлдүгүмдүн тоолоруна барганда,
Калбадымбы кусалыктан арылып.

## АЙЫЛЫМ

Эне-атамдай, тууганымдай, жакыным,
Бардыгымсың, байлыгымсың, асылым.
Топурагың алып келип жыттасам,
Тойбойм сага ошондо да айылым.

Эч нерседен тарпайт элем убайым,
Сенде жүрсөм көтөрүлүп кубатым.
Ылай болуп акса дагы билип кой,
Мага мүрөк, мага ыйык сууларың.

Чаң сапырып шамалына адырың,
Өтө даамдуу наның, сүтүң, азыгың.
Мага жумшак килем болуп туюлат,
Таштак жолуң, боз топурак, шагылың.

Чырпык, талың, ташың, чөбүң бардыгың,
Мага дары, мага даба айылым.





## АЙЫЛЫМДА КҮЗ МЕЗГИЛИ БАШКАЧА

Сыдырым жел, салкын тартып айлана,
Коңур күздүн жыты келип таптаза.
Сары алтын санаалардан арылтып,
Айылымда ушул мезгил башкача.

Бышыкчылык жергебизди каптаса,
Түркүн татым дастарконго батпаса.
Ал керемет берекени толуктайт,
Күздүн даамы айылымда башкача.

Жаратылыш сары түскө айланса,
Жалбырактар килем болуп жайнаса.
Күз жыттанган айылымдын ажары,
Бүгүн сулуу, бүгүн соонун башкача.

Көзүм тойбой суктанамын таңдана,
Мен кыдырып айылымды жай баса.
Күз жыттанган мындай сулуу көрүнүш,
Чындыгында бир керемет башкача.

## АЙЫЛЫМА БАРГАНДА

Калтырып жайдын ысык саратанын,
Айылым мен өзүңө баратамын.
Салкын жел беттен сылап кучактаса,
Көрөм деп күн чачырап таң атканын.

Угайын саз бакандын чардаганын,
Тыңшайын булбулуңдун сайраганын.
Түйшүккө салып улак, козу, коюң,
Көрөмүн тоодо малың жайнаганын.

Бешилик, чалгы, кетмен кармаганың,
Билинбейт элим сенин чарчаганың.
Жеримдин көркүн ачкан аксакалдар,
Ыйык ээ, бата берген алаканың.

Айылым, орундалып каалаганым,
Керемет сезилип тээ талааларым.
Аралап барганымда мен өзүңө,
Дарылап бердиң куса, жаракатым.

## АЙЫЛЫМА БАРГАНДА

Кере кере дем алганда абасын,
Эх, керемет, сыйкыр мээрим аласың.
Ыйык мага чаңы, ташы, суусу да,
Айыктырып кусалыктын жарасын.

Алып таштап ойлорумдун санаасын,
Издеп таппай жаштыгымдын паанасын.
Айылыма, айылыма барганда,
Кетким келет аралап тээ талаасын.

Өткөн жаштык асыл күндүн тазасын,
Издегенде айылымдан табасың.
Кусалыктын черин жазып барганда,
Ачып тосот татуу жашоо каалгасын.

Айылыма, айылыма барганда,
Кыдырамын жаштыгымдын талаасын.





## ЖӨНӨТҮП ТУР ӨЗГӨНҮМӨ

Сагынып барганымда Өзгөнүмө,
Бакыттын нуру толот көздөрүмө.
Башкача сезимдерге бөлөнөмүн,
Агарып аткан таңын көргөнүмдө.

Керемет, ыйык жердин чөлкөмүнө,
Суктанып, тойбой келем көктөмүнө.
Жеталбай кыялданып элестетем,
Андагы балалыктын өткөнүнө.

Кусалык кирип алып көөдөнүмө,
Сагыныч отко салып өрттөөрүнө.
Жеткирбей, жакшы сөзүң арнап мага,
Жакшынам жөнөтүп тур Өзгөнүмө.

Кабатыр боло берем барбай калсам,
Мен өскөн, мен чоңойгон Өзгөнүмө.

## УЗАТТЫМ ЭЭ УШУЛ ЖЫЛДЫН КӨКТӨМҮН

Көңүл буруп, оюн укпай өзгөнүн,
Сезбей мына убакыттын өткөнүн.
Удургуган ойлор менен алышып,
Узаттым ээ ушул жылдын көктөмүн.

Көрүп улам жамгыр тынбай төккөнүн,
Билип, билбей көңүлүмдүн чөккөнүн.
Мен алыштым утурумдук күн менен,
Маани бербей ушул жаздын өткөнүн.

Өрүк гүлдөп, көк шибердин өскөнүн,
Көргүм келген алма гүлүн төккөнүн.
Жаз келгенде айылыма барам деп,
Сезбей калдым убакыттын өткөнүн.

Быйыл дагы тоолорума баралбай,
Узаттым ээ, ушул жылдын көктөмүн.

**АК-БУУРА**

Ал өткөндү кайра берчи тартуута,
Баргым келет ошондогу арзууга.
Ыйык менин Оштон тапкан сезимим,
Эң биринчи күбө болгон Ак-Буура.

Мен айланып кетсем эгер ак кууга,
Сүйүшкөндөр сыйынышкан барктуура.
Бардыгына бакыт каалап ошондо,
Мени каштоп агаар белең, Ак-Буура.

Мүмкүн эмес бирок антип айтууга,
Бүт ааламга койсом дагы талкууга.
Бир калыпта сен өзгөрбөй агасын,
Айтканымды угуп коюп Ак-Буура.

Көз жаш төгөм жетпей калган арзуума,
Даярданып сени менен калууга.
Келгенимде сен өзгөрбөй агасың,
Күбө болгон сүйүүбүзгө Ак-Буура.





**ОШУМДУН АППАК КАРЫ**

Чындап эле, чындап эле сага дары,
Сезимиңе арналгандай болуп баары.
Канча мезгил көрбөгөн болсоң керек,
Кандай экен Ошумдун аппак кары.

Ооба чындап, ооба чындап сага жаады,
Өчүрүп жат ойлордун болсо тагы.
Керемет кыялдарга жетелеген,
Соонун бекен Ошумдун аппак кары?

Далай ирет көргөн болсо сени жазы,
А бүгүн кучагында тосуп алды.
Арбап алат сүйүүңө даба болуп,
Сага жааган Ошумдун аппак кары.

Сезимиңдин дартына даба болоор,
Бүгүн жааган Ошумдун аппак кары.

# АР КЫЛ ТЕМАДАГЫ ЫРЛАР

## КЫРГЫЗЫМДЫН ЖИГИТТЕРИ

Ачык асман, жарык күндүн себепкери,
Жашообуздун кечээкиси, келечеги.
Силер барда кыргызымдын жигиттери,
Бекем болот, күчтүү болот мекен чеги.

Нурун төгүп ынтымактын терезеси,
Кемибесин жерибиздин берекеси.
Силер барда кыргызымдын жигиттери,
Кыйшайбаган ата журттун керегеси.

Намыска бек, калкан болгон теректери,
Силерсиңер мекенимдин жигиттери.
Силер барда тынчтык гана өкүм сүрүп,
Көз жаш төкпөйт жергебиздин энелери.

Ак калпактуу Ала-Тоомду коргоп алчу,
Силерсиңер кыргызымдын жигиттери.

## КӨЛ ТАРАПКА

Айыкпас жан дүйнөмдө бул жарака,
Түшкөнүн билбей турат бир азапка.
Өзүңдү даба болуп береби деп,
Баратат багыт алып сен тарапка.

Эх, көлүм, кеңешиңди эч аяба,
Кезигип барган кезде кел жардамга.
Жан дүйнөм оорусуна даба издеп,
Жөнөдү багыт алып сен тарапка.





Бүтпөсүн экөөбүздө эч алака,
Бир сыйкыр тарта берет сен тарапка.
Орочу, ороп алчы сезимиңе,
Сагынам кучагыңды бир башкача.

Толкундун дабышына муктаж болуп,
Жөнөдүм багыт алып Көл тарапка.

## КӨЛҮМ СЕНИ САГЫНДЫМ

Качанкы күндөрүмдү эстейинчи,
Сырдашып, сырым айтып кетпейинчи.
Керемет көлүм сени сагынганмын,
Тойгуча көзүм сага, жээктейинчи.

Толкунуң багыт алып беттейинчи,
Тойбоймун алып калчы, кетпейинчи.
Кучагыңа кирип кетип балык болуп,
Сүзүп мен тээ түбүңө жетейинчи.

Эх көлүм, сагынганмын, жетелечи,
Шамалың беттен сылайт, эркелетчи.
Кабыл ал, балык болуп жетип барам,
Муктажмын мээримиңди себелечи.

Эх, көлүм, кучактачы, эркелетчи,
Жээгиңе барган кезде алып кетчи.

## ЖАЗДЫГЫМ

Бактылуу балалыктын жаздыгына,
Уктагым келип таттуу бакытына.
Болбогон убакытка шылтоо айтып,
Баралбай койдум аттиң, айылыма.

Түшөмүн бала күндүн кайыгына,
Кыялданып калып кеткен жаштыгыма.
Барып алып баш коюп жаткым келип,
Апамдын жаздап койгон жаздыгына.

Нааразы болбойм бирок, тагдырыма,
Шылтоо айтам убакытым тардыгына.
Атамдын эркелеткен сөзүн угуп,
Жаткым келди ошол менин жаздыгыма.

Сагыныч бүтпөй менин айылыма,
Кусалык таркабаган жаздыгыма.
Барганда моокум канып жүрө албай,
Жөнөймүн турмушумдун кайыгына.

## АПАКЕМДИН СҮЙҮҮСҮ

Ааламдагы сезимдердин күчтүүсү,
Ыйык мээрим, кол жетпеген үлгүсү,
Теңдеши жок бир башкача сезилет,
Апакемдин мага болгон сүйүүсү.

Өмүрүмө багыт берген күзгүсү,
Акталсынчы акыл айткан үмүтү.
Арзыбаган нерсем үчүн кубанып,
Апакемдин шаңдуу чыгып күлкүсү.

Дүйнөдөгү сезимдердин түпкүсү,
Жеңип баарын, көтөралган түрткүсү.
Өтө ыйык баа жетпеген чынында,
Апакемдин мага болгон сүйүүсү.

Эч нерсеге теңдеши жок эч качан,
Апакемдин ыйык мага сүйүүсү.





## БАШКАМЫН

Өзгөрүлүп бүгүн такыр башкамын,
Талкаланып көздөп алган максатым.
Ден соолугум ойлогондо аргасыз,
Алы жоктой кадам таштайт басканым.

Болбосо да башка менин арманым,
Жарык шоола чачкан менен ак таңым.
Ден соолугум кемий берсе четинен,
Анда менин бул өмүрдөн тайганым.

Уккум келбей оору үйдөн тажадым,
Ушунчалык алсыздыктан чарчадым.
Болбогон бир дарт дегенге чалынып,
Эч бирөөгө тийбей менин жардамым.

Деги билбейм, кайда жүрөм, кайдамын,
Өзүм эмес, башкамын да, башкамын.

## ОЮМ ДАГЫ, ӨЗҮМ ДАГЫ БАШКАМЫН

Түшүнсөм да жан дүйнөмдү жакшылап,
Жыйнай албай эх, ойлорум жанчылат.
Өзүм эмес, жат адамдай туюлам,
Алган өңдүү махабатты кайчылап.

Биригалбай билбейм неге чагылат,
Жетпей жолго менин оюм чалынат.
Мен башкамын, өзүмө да башкамын,
Багыты жок туш тарапка чачырап.

Бир сыйкыр күч ээлеп алып камчылап,
Билбей калдым деги неге кабылат?
Оюм дагы, өзүм дагы башкамын,
Кай багытка калкып учуп талпынат?

Өзүм дагы, оюм дагы жат болуп,
Алыс жактан мени карап жаңырат.

## СЫРДАШЫМ, КӨЛӨКӨМ

Өчөшүп булут тосуп күндүн нурун,
Угулбай эч бирөөнө, чыкпай муңум.
Сырдашпай көлөкөм да качат неге,
Жан дүйнөмө топтолуп менин бугум.

Асманым, тороп кирип кара куюн,
Жараткандын кыйнаба да бир кулун.
Сырдашууга жан таппай турган кезде,
Көлөкөм угуп турат, болгон муңум.

Көлөкөсүн акмалап сыздайт сулууң,
Табият жөнөткөндө ызгаар суугун.
Ойлорум өзгөртөйүн деген менен,
Жашоомо жасай албайм башка бурум.

Сырдашкым келген кезде көлөкөмө,
Табият жөнөтүп кой күндүн нурун.





## МЕН ЖАШООДО

Өмүрдүн бутагына чалынганмын,
Жашоонун бергенине багынганмын.
А бирок жат көрүнүш адаттардан,
Жолобой, көргүм келбей, алыстаймын,

Жашоодо балким мен да жаңылганмын,
Кай бирөө үчүн кээде таарынганмын.
Мага жат ушак айың сөздөн алыс,
Көрүнбөй, укпай качып, табылбаймын.

Көңүл калып, өткөндү сагынбаймын,
Зарыктырган нерсеге жалынбаймын.
Ар дайым жакшылардан үлгү алып,
Айттырбай өзүм эле жакындаймын.

Артымдан сүйлөгөнгө чалынбаймын,
Арзыбаган азапка чагылбаймын.
Беш күндүк бул өмүрдө туура жашап,
Үй бүлөмө, тапканым бүт арнаймын.

## БАКТЫЛУУ ЭНЕ БОЛУП СЕЗИЛЕЙИН

Унутуп көңүлүмдөн кетирейин,
Ооруткан кылыгыңды кечирейин.
Жарыкка келген сенин балаң үчүн,
Бактылуу эне болуп сезилейин.

Жашырып, катып баарын тегиздейин,
Угузбай ал өткөндү бекитейин.
Ыңаалап жарык көргөн балам үчүн,
Мен сени кечирейин, кечирейин.

Ал сенин кылыгыңа теригейин,
Ызаланып ойлонбой жекирейин.
Жыл өтпөй атакелеп жолуң карайт,
Балам үчүн, балаңа келчи дейин.

Мээримим төгүп сага берилейин,
Татыктуу күндү арнап энчилейин.
Кайылмын балам үчүн мен баарына,
Бактылуу эне болуп сезилейин.

Кайрадан кадам таштап бул өмүргө,
Бактылуу болсун балам, кечирейин!

## ЫРААЗЫМЫН ӨЗҮҢӨ ЖАРАТКАНЫМ

Тособуз өмүр жолдо таң атканын,
Сыйлашып бул өмүрдө жашап дайым.
Каалаган максатыбыз орундалган,
Ооба биз бактылуубуз, жаратканым.

Мезгилдин алга жылып баратканын,
Ар күнү чогуу ачып барактарын.
Жашайбыз бул өмүрдө кол кармашып,
Ыраазы болуп сага, жаратканым.

Аткарылып ойлогон, каалаганым,
Ынтымак, ырыс болуп кармаганым.
Татыктуу бул өмүрдүн доорун сүрүп,
Арманым жок өзүңө, жаратканым.

Ушундай таттуу жашоо бергениңе,
Ыраазымын өзүңө жаратканым.





## АСМАНЫМ

Бул оору жүрөгүмдү жараласа,
Жан дүйнөм сыздаганы тарабаса.
Асманым мага балким даба болоор,
Ойлорум булуттарды араласа.

Көңүл буруп сезимимди жандабаса,
Сүйүүмдү баалабаса, санабаса.
Асманым мени өзүң алып кетчи,
Кантемин жерде бирөө аябаса.

Ал менин жаратымды байлабаса,
Кайрылган канатымды таябаса,
Асманым кучагыңа кетейинчи,
Кантемин, кантемин ай карабаса.

Элестетем жүрөгүмдү дабаласа,
Айткан менен сүйүүмдү тандабаса.
Сүйгөнүм жерде жүргөн ал бир инсан,
Асманым, айтчы, кантем барктабаса.

## АДАМЗАТЫМ

Тагдырдын сага берген табышмагын,
Табалбай калганыңа таарынбагын.
Таң калба, мезгил деген өтсө дагы,
Тартуулап берет бир күн каалаганың.

Жашоонун ачып ар бир жандырмагын,
Жандырам деп адашып жаңылбагын.
Жан дүйнөң эмне эңсеп турган болсо,
Жашырбай, адамзатым жаңылангын.

Ош ... китепкана
ИНВ № 477/46
АБОНЕМЕНТ

Көрбөйсүң эмне сага кабылганын,
Көксөйсүң кыялданып катылганын.
Көздөгөн максатыңа жетемин деп,
Көгөрүп көктү карап асылбагын.

Мактанба, билбеген соң адамзатым,
Маңдайга эмне буйруп жазылганын?
Мартабаң көтөрүлүп жатса дагы,
Мас болбой каниет менен кабыл алгын.

Билбейсиң, эмне сени азгырганын,
Билбейсиң, кантип, неге кабылганың?

## ПЕЙИЛИМ

Сазга батып чыгалбаган сезимим,
Сагынычтан арылбаган мезгилим.
Тайгаланып калсам дагы өмүрдө,
Тагдырыма таарынбаган пейилим.

Кумда жатып куйкаланып кемидим,
Кубатым жок уйпаланып жеңилдим.
Кудайыма каниет менен ар качан,
Куткарып ал дей албаган пейилим.

Капалыкты жандабастан кечирдим,
Каталыкты байкабастан кетирдим.
Алсыз болуп калсам дагы сезимге,
Кадырыма алданбаган пейилим.

Жан дүйнөмдү сезим менен толуктап,
Жашай берсин ушул менин пейилим.





## ТУУРА ЖОЛДО ЖАШАЙЫН

Даам татып берген күндүн ырысынан,
Дагы да көрүп жашоо кызыгынан.
Өкүнүч эмне экен, билбей жашап,
Чыкпаймын бул өмүрдүн сызыгынан.

Ниет менен ар бир таңдын атканынан,
Баш багып, көрүп өмүр жазганынан.
Алып кетпейм бар дүйнө, бар байлыгым,
Колдоном, кор кармабай тапканыман.

Колдонулбай кор болуп калганынан,
Не пайда баарын жыйнап катканыман,
Өмүрдө туура жашап өткүм келет,
Өзүмдүн пайдаланып тапканыман.

Түшпөймүн мен байлыктын аркасынан,
Күтпөймүн жардам сурап башкасынан.
Аракет менен жашап бул өмүрдө,
Арданбайм туура жолдо басканыман.

## О, ЗАМАНДАШ

Багынсам да, баш ийсем да ийилип,
Токтобостон өтөт мезгил чийилип.
О, замандаш, жакыныңды баалай бил,
Өчсө өмүр, кайра келбейт тирилип.

Жөнөкөйлүк сапатыңды кийинип,
Кандай учур болсо кошто биригип.
Жок дегенде көңүлүнө карап кой,
Ийилгенге сен да бир аз ийилип.

Өкүнүчтө калып кетпе илинип,
Өтсө пенде жан дүйнөсү тилинип.
Жалынсаң да, урансаң да чөгөлөп,
Келбейт кайра беш мүнөткө тирилип.

О, замандаш, тирүүлүктү баалай бил,
Ынтымактын казанында биригип.

## ООРУКАНА

Алдым бекен, билбей турам байырлап,
Келгенимде тосуп алат кадырлап.
Башкага жат, мага тааныш ушул үй,
Чыкпай калдым алган өңдүү асырап.

Ким бирөөгө суук көрүнүп жаңылат,
Кай бирөөгө кереметсиң жаркырап.
Канча жанды берсең дагы ажалга,
Канчасына өмүр бердиң тартуулап.

Качан кетем билгим келет тагыраак,
Даба болчу дартыма сен батыраак.
Балдарымдын кучагына барайын,
Күтөт мени, алар дагы сагынат.

Оорукана келдим сени байырлап,
Алдың бекен балким мени асырап.





## ДЕН СООЛУК БЕРСЕҢ ЖАРАТКАН

Азгырылбайм байлык, бийлик, акчага,
Атандашпайм дүйнө жыйган башкага.
Ден соолукту берсең болду жараткан,
Не жазганын көрөмүн да маңдайга.

Теңелбеймин өөдө, төмөн айтканга,
Жеңилбеймин сыздап азап, арманга.
Ыйманымды берсең жетет жараткан,
Ийилбеймин ылдый сүйрөп тартканга.

Жол бербеймин мени тепсеп басканга,
Кол бербеймин досуңмун деп сатканга.
Ден соолугум кемибесе жараткан,
Күчүм жетет каалаганым тапканга.

Сага гана муктаж болом жардамга,
Ыраазымын көрүп, угуп, басканга.
Касиеттүү сен ыйыксың жараткан,
Ырыскыңды төгүп берген адамга.

Ден соолугум берсең жетет жараткан,
Ыраазымын, ыраазымын калганга.

## ЭЧАК ӨТКӨН ОН СЕГИЗ

Жошоо тегиз, санаа тегиз, ой тегиз,
Күлгүн курак эчак өткөн он сегиз.
Кайра туулуп, мен жаралсам өмүргө,
Сурар элем ушул жаштан бир эгиз.

Тайгаланбайт, мүдүрүлбөйт, чалынбайт,
Алоолонуп, өчпөй оту жалындайт.
Бул өмүрдүн таттуу доорун кучактап,
Шилтеп колун эч нерсеге кайгырбайт.

Бийик, бийик кыялданган ойлору,
Көккө жетет сунган кезде колдору.
Чоң турмушка кадам коюп баштаган,
Бирок, тунук он сегиздин жолдору.

Жашооң тегиз, жолуң тегиз, ой тегиз,
Мен жашаган, мен өткөргөн он сегиз.
Ойлоп көрсөм жомок сымал сезимдер,
Кыялдансаң бүтпөгөндөй ой чексиз.

Эчак менден кеткен менен башкалар,
Тосуп алат уул-кыздарым он сегиз.

## ЖАШТЫГЫМ

Тойбой карайм улам тиктеп жакынынан,
Сууруп алып тээ өткөндү баштыгыман.
Өтө сулуу, бир башкача көрүнөсүң,
Жаштыгым ээ, жаштыгым, бардыгынан.





Табамын деп күндөрүмдүн асылынан,
Кыдырганда ал өткөндүн адырынан.
Сен кызыктуу, бактылуудай сезилесиң,
Эх, жаштыгым, жаштыгым, бардыгынан.

Барганымда кетпегендей басыгынан,
Таппай калам издеп изим айылыман.
Тиктегенде колго алып сүрөттөрүм,
Соонун доорду көрөм бирок, жаштыгыман.

Жатып алып кыялданып жаздыгыма,
Издей берем жаштыгымды айылыман.

## ЭХ, ЖАШТЫК

Турганда түркүн түстө саймаланып,
Коофдолгон, сонун мезгил баракталып.
Мен бүгүн убакытты учурбастан,
Калайын жаштыгымдан пайдаланып.

Дегенге карабастан таңдар атып,
Жаштыгым баратасың дабан ашып.
Билемин, мезгил менен кошо жылып,
Бул учур келбейт кайра амандашып.

Күбүлүп, бир четинен талкаланып,
Жолуңдан адашкандай тайгаланып.
Эх, жаштык, кайда кетип баратасың,
Кетирбей койсом кана, кармап алып?

Убакыт билинбестен баракталып,
Эх, жаштык, баратасың дабан ашып.

# МАХАБАТТЫН КҮҮСҮН ЧАЛАТ ЫРЛАРЫМ

## ЫРЛАРЫМ

Ырларым кең өрөөндө даңкталышын,
Жашоодо турмуш менен айкалышын.
Кааладым окурманга азык болуп,
Ыр казанда соолубай чайпалышын.

Ырларым үзбөй элден байланышын,
Окурмандын жүрөгүндө кармалышын.
Кааладым ооздон оозго өтүп дайым,
Кылым кезип эл ырына айланышын.

Ырларым ысык, суукка какталышын,
А бирок өчпөй кайра баркталышын.
Кааладым түбөлүктүү орун алып,
Кыргызымда эчен кылым сакталышын.

Мен өлсөм да ырларым эч өлбөсө,
Кааладым эл ырына айланышын.

## СЕНИ ЖАЗАМ

Жан дүйнөмө улам эле катылып,
Чыга берди түшүнбөстүк, каршылык.
Кантем, кантем, билбей калдым ырларым,
Алып кетчи, бир мезгилге жашырып.

Койгон менен каршылыкка багынып,
Каласыңбы эх, ырларым кагылып.





Сен экөөбүз эч бирөөгө көрүнбөй,
Алалычы кар алдына жашынып.

Экөөбүзгө тилеп алып жакшылык,
Жаз келгенде чыгалычы жаңырып.
Кар алдына жашынганда ырларым,
Калар бекен бизди бирөө сагынып?

Бүгүн калсам каршылыкка таарынып,
Анда кетем сенден узап, чачылып.
Коргоп алам сени дайым ырларым,
Жаза берем калсам дагы чагылып.

Канча тоскоол чыкканына карабай,
Сени жазам, кайра күчөп жаңырып.

## МЕНИН ЫРЫМ

Укта макул, ырларымды жамынып,
Жаза берем сени күтүп сагынып,
Төшөнчүңө сүйүү килем төшөдүм,
Калган үчүн сезимиңе багынып.

Терезеңе сүйүү шамы жагылып,
Махабаттын күүсү чыгат жаңырып.
Эх, керемет сыйкырларга бөлөгөн,
Менин ырым алсын сени азгырып.

Жалгыз сага далай ырлар жазылып,
Багыштасам алтын сөздөр казылып.
Себепчиси болуп өзүң, баратам,
Поэзиянын аралына тартылып.

Барайынчы, жүрөгүңө катылып,
Чыкпас болуп биротоло кагылып.

Мен өзүңдү ырым менен чырмасам,
Калгандайсың сезимиме багынып.

## МЕНДЕН КАЛГАН ЭСТЕЛИК

Калбаса дейм жазгандарым тепселип,
Барктап алар окурманым эскерип.
Нечен кылым өлбөй, өчпөй жашасын,
Ар бир ырым менден калган эстелик.

Калды жашоом билем, билем чектелип,
Ойлогонум орундалбай ченелип.
Кудай мага канча өмүр берсе да,
Тургузамын мен ырлардан эстелик.

Сыздайт ооругу жан дүйнөмдө термелип,
Сынайт өмүр ар тараптан текшерип.
Кыштай кынап жазып жаткан ырларым,
Түбөлүктүү, мен тургузган эстелик.

Мен өчсөм да, менин ырым өлбөсүн,
Тирүүлүккө калтырамын эстелик.

## СҮЙҮҮДӨН ӨТҮП КЕТСЕМ

Сүйүүнү көтөралбай өчсөм эгер,
Сезимдин жалбырагы көмсө жетер.
Кечиргиле, баарыңар кечиргиле,
Түшүнбөй, апам ыйлап кала берер.

Арман болуп а балким мезгил кетер,
Мени издеп ырларым дүйнө кезер.
Сүйүүнү көтөралбай өчкөнүмө,
Эч түшүнбөй балдарым ыйлай берер.





Ашыктыктын азабы мени жеңер,
Бул сезим балким өзүн алдуу сезер.
Көтөралбай сүйүүнү өтүп кетсем,
Эх ырларым, жоголуп күйүп кетер.

Башка бирөө төшөгүмдү жаңыртам деп,
Ордум басып, айттырбай кирип келер.

## МАКСАТЫМА ЖЕТЕЙИНЧИ

Көздөгөн максатыма жетейинчи,
Ойлогон ойлорумду жеңейинчи.
Ал үчүн бар тапканың ташта десе,
Кайылмын, таштап эле кетейинчи.

Ойлорумдун үрөнүн себейинчи,
Кыялымдын гүлдөрүн терейинчи,
Бийик койгон максатым бир сен үчүн,
Жетчү жерге тез эле жетейинчи.

Дербиш сымал дүйнөнү кезейинчи,
Сөз кураган дайраны кечейинчи.
Эл аралап, ойлордун гүлүн терип,
Ыр жазып акын болуп кетейинчи.

Бийик койгон максатым акын болуу,
Эртерээк ошол жолго жетейинчи.

## МЕН ӨЗҮҢӨ ЫРААЗЫМЫН

Актанбайм, сөздү курап айтканыма,
Мактанбайм калам кармап жазганыма.
Жараткан мен өзүңө ыраазымын,
Ардактайм ырларымды тапканыма.

Чөкпөймүн эмне дешсин кадырыма,
Көппөймүн чыдай билип сабырыма.
Кудайым мен өзүңө ыраазымын,
Көздөймүн бийик максат тагдырыма.

Жээрибейм асылышса акылыма,
Терикпейм сын айтышса бакытыма.
Жараткан, мен өзүңө ыраазымын,
Кемитпейм бергениңди, бардыгыма.

## ӨЗГӨРТАЛБАЙ

Жазганым окурманга көргөзалбай,
Ырымды ыр электен өткөзалбай.
Жол издеп алыстарга кетким келет,
Мен бүгүн жашоо нугун өзгөрталбай.

Жазганым жакпай калса өрттөй албай,
Өрттөнсө жамак салып көктөй албай.
Белгисиз бир тарапка багыт алып,
Жүрөмүн ырым менен көчө албай.

Кыйналып калам кармап төрөй албай,
Төрөсөм ыр бешикке бөлөй албай.
Сөздөрүм бир багытты эңсеп карайт,
Аттиң ай, жазганымды жөлөй албай.

Жазамын, ыр жазамын бирок неге,
Жашоомдун нугун келем өзгөрталбай.





## УБАКЫТТЫ УУРДАП КЕТКЕН ЖЫЛДАРЫМ

Көргөн менен азабын да жыргалын,
Мезгил мени билдим эле ылгаарын.
Азгырылып болбогон бир акчага,
Убакыттын уурдаттымбы жылдарын.

Пайдаланбай жан дүйнөмдүн сырларын,
Базар, соодо болуп аттиң кызматым.
Эх, ырларым азыгы жок кыйналса,
Бүгүн билдим көңүлүмдүн сынганын.

Билсем дагы ырым мени чырмаарын,
Утурамдук көр оокаттан чыкпадым.
Эртең сага жолугам деп ырларым,
Билбей калдым убакыттын жылганын.

Бүгүн менин эң жакыным, кыйбасым,
Калам, кагаз болуп калган сырдашым.
Кереги жок соодасы да, акчасы,
Калат менин бул өмүрдө ырларым.

Азгырылып болбогон бир акчага,
Убакытты уурдап кеткен жылдарым.

## АЗЫГЫМСЫҢ ЫРЛАРЫМ

Жашоо нурун сээп турса ак таңым,
Керек эмес мен сүйүүнү татканым.
Бербесе да бул өмүрдө эч нерсе!
Азыгымсың менин ырым, жазганым.

Чукуп сөздү азык кылып алганмын,
Ойлорумда жашап не бир каарманым.
Керек эмес байлык, бийлик, башкасы,
Бардык жашоо, өмүр, суум да жазганым.

Ырларымсыз жашай албай калгамын,
Же болбосо суу жетпеген сайдамын.
Кайырчысы болсом дагы сүйүүнүн,
Келбейт менин эч бирөөнөн ардангым.

Калам сабым калкалаган калканым,
Ырларым бар ошол байлык тапканым.
Азыгымсың мага жашоо улаган,
Кыялданып кагаз чийип, жазганым.

## ЫР КУРАГАН АРАЛЫМА

Кызык эмес менин оюм балдарыма,
Түшүнүшпөйт калам кармап жазганыма.
Бар тапканым жан дүйнөмө топтоп алып,
Жалгыз кетем ыр кураган аралыма.

Кайчы пикир айткан менен ардагыма,
Капа болбойм, тоскоолдукка, кайдагыга.
Калсын баары, кала берсин колун шилтеп,
Өзүм кетем ыр кураган аралыма.

Муктаж болом калемдештер айтканына,
Акыл, насаат, сын-пикири жардамына.
Чакыргыла, чакыргыла мени дагы,
Барайынчы, ыр дүйнөнүн аралына.

Тууган, достор ой санаага салганына,
Күбүрөшөт, күмөн карап жазганыма,





Кимге арнап, деги кимге жаздың дешет,
Укпай баарын жол уладым аралыма.

Түшүнүшпөй айта берсин, көтөрүп мен,
Жалгыз кетем ыр кураган аралыма.

## АК БАРАК

Төгүлүп жан дүйнөмдү бошотомун,
Сырдашым, курдашыма окшотомун.
Ишенип калам менен айтып баарым,
Ак барак сени менен достошомун.

Түн, күнүм, убакытым коротомун,
Башкача дүйнө менен орономун.
Ак барак сен баарыма айландыңбы,
Кучактап жатып сени, ойгономун.

Каламым коштогондо толгономун,
Түйшүктү таштап артка жоготомун.
Түбөлүк курдашыма айлангандай,
Ак барак жалгыз сага дос боломун.

Ак барак көрүнгөндө жаш баладай,
Кубанып кадимкидей сооромун.

## ДАРТЫМА ДАБА ЫРЛАРЫМ

Түшүнбөй калдым, жан дүйнөм неге жанчылат,
Белгисиз бирөө алгандай мени камчылап,
Ойлонсом эгер оорумду айтпай эч кимге,
Өмүргө болгон өкүнүч менде барчылап.

Үмүтүм барат акырын, алсыз тамчылап,
А бирок оюм жашоого карап талпынат.
Жашасам дагы баарына жетип, тегиздей,
Бергендей тагдыр белгисиз дартты таңуулап.

Жараткан мага күндөрдү атап талкуулап,
Ыроолоп баарын аябай берди тартуулап.
Өкүнүч билбей жашагын жакшы десе да,
Белгисиз оору кыйнаса кантем, кайчылап.

Дартыма даба ырларым болуп өмүрдө,
Жашоону улайм, өчүрбөй үмүт камчылап.

## КЕРЕМЕТ ДҮЙНӨ

Нур дүйнөнүн аралына баргандай,
Аралашып калганымды байкабай,
Жан дүйнөмдү ээлеп алган бир нерсе,
Мен ырларсыз жашай албай калгандай.

Калам менен жашоо жолум тапкандай,
Ошол жолдон өмүр улап жаткандай,
Бир керемет курчап алып башкача,
Ырларымсыз жашай албай калгандай.

Таза дүйнө, ыйык шоола чачкандай,
Аруу таңы бир мен үчүн аткандай,
Бул бир башка дүйнө болуп сезилет,
Сөз берметин калам чийип тарткандай.

Жан дүйнөмө сүңгүп кирген керемет,
Ырлар менен өмүр улап жаткандай.





## КАНДАЙ КЫЙЫН АКЫНДЫН ЖАРЫ БОЛУШ

Үшүгөндө үндөбөй кошо тоңуш,
Түшүнбөсөң башталат, анда согуш.
Түйшүгүн да азабын кошо тартып,
Өтө татаал акындын жары болуш.

Ыр толготуп жатканда карап коюш,
Төрөгүчө үндөбө, тапсын конуш.
Кандай кыйын жарына айланууга,
Оңой болсо болгондур акын болуш.

Сөз тергенде издешип кошо чокуш,
Же болбосо чыгарба эч бир добуш.
Араздашпай түшүнүп колдоо үчүн,
Азап болот акындын жары болуш.

Оңой болсо болгондур акын болуш,
Кандай кыйын акындын жары болуш.

## АРНОО ЫРЫ

**ЭЖЕКЕ**

Таштаганда биз мектепке кадамды,
Сиз үйрөтүп, окуганды, жазганды.
Алгач ирет «А» тамгасын таныттып,
Жолун ачып кең дүйнөнү, ааламды.

Илим жолун ийне менен казганды,
Келечектен өз ордумду тапканды.
Үйрөттүңүз мээрим төгүп эжеке,
Бизден башка дагы канча баланды.

Жайып бизге билим деген талааңды,
Тааныткансыз китеп, дептер, кагазды.
Мээнетиңиз кантип анан унутам,
Өз апамдай ыйык көргөн апамды.

Бүгүн дагы тосуп кучак жайдыңыз,
Жыйырма жыл өтүп келген баланды.

* * *

Дал ошондой бүгүн дагы жамалыңыз,
Өзгөрбөгөн бизге айткан саламыңыз.
Билим берип Алиппени окутуп сиз,
Кучтүү эле оо эжеке, талабыңыз.

Кучагында эркелетип алаарыбыз,
Эжекем о, келип сизге балдарыңыз.
Уксак дейбиз бала күнду сагынганда,
Ошондогу соонун жомок айтканыңыз.





Жаркылдап тосуп алган кабагыңыз,
Эсибизден кетпейт айткан санатыңыз.
Жыйырма жыл өтсө да өзгөрбөгөн,
Бүгүн да коргогондой канатыңыз.

Ден соолукта болуң дайым эжекебиз,
Таазим кылат сиз окуткан балдарыңыз.

**ПОЭЗИЯДАГЫ АПАМА**

Таасир алып ырынын окторунан,
Даба таптым «Сүйүүнүн докторунан».
Апакемдей адамды издесем да,
Көрбөдүм мен поэзия отторунан.

Акыл алдым баа жеткис акылынан,
Кыргызымдын керемет акынынан.
Сезимимдин дабасын таптым окшойт,
Ыр жыйнагы «Көздөгү жалынынан».

Орун алсам «Кыялдын кемесине»,
Жетким келет поэзия белесине.
Ырларына баш багып турам мына,
Кантип түшөм акындын кемесине?

Сезим ыры башкача жандагандай,
Ээрчип эле баратам калбагандай.
«Сүртүп кеттиң сүйүүңдү жүрөгүмө»,
Колдон түшпөйт бул китеп арбагандай.

Окудум ээрчип ырын кармагандай,
Кадамым поэзияга таштагандай,
«Бул дүйнө көрку чыгат сүйүү менен»,
Ааламга кенен жолду баштагандай.

Көңүлүм көтөрүлүп, кээде чөгүп,
Үмүтүм жазам деген менин өчүп.
Ырынан таасир алдым апакемдин,
«Токтогул көлүн» кечип, жашым төгүп.

Сегиз китеп, жетөөсүн окуганмын,
Жыйнактарын апамдын чогулканмын.
Кайталанбайт кылымда мындай акын,
Эч бир пенде - көңүлүн оорутпагын!

* * *

Коргойт апам жаман сөздү тийгизбей,
Калкан болуп чекит сызык чийгизбей.
Башым жөлөп байкатпастан кучактап,
«Көкүрөгүң жыттап алдым билгизбей».

*(Эскертүү: Тырмакчага алынгандар китептин аттары.)*

## ЖОЛ КӨРСӨТКӨН АПАМ БАР

Күчүм жетпей апамдын ыргагына,
Туткун болдум окусам, ырларына.
Поэзиянын деңизин сүзгөн менен,
Түшүналбай жүрүпмүн сырларына.

Ашык болуп акындын талантына,
Кетким келди поэзия аралына.
Ээрчип алсам апакем жол көрсөтүп,
Алып жүрөт корголоп канатына.

Ыр курасам себепчи тагдырыма,
Жол көрсөтүп эңсеген багытыма.





Оо апакем асылым, сиздей жандын,
Мен жетпесем ким жетет кадырына?

Ыр деңизде сүзөмүн чабак атам,
Тандап алып татаал жол, бара жатам.
Тайып кетип жыгылсам сиз турасыз,
Жолум ачып жүрөктөн берген батаң.

## СУКТАНАМ АК СҮЙҮҮНҮН АКЫНЫНА

Айланып акындардын баатырына,
Жаралып «Кыздар айдын» бактысына.
Айтамын, айтып бүтпөйм апакемди,
Төрөлгөн кыргызымдын намысына.

Көл салып чабактардын тагдырына,
Жол салып «Кыздар айдын» багытына.
Акындын урабаган шаарын курду,
Апакем - күн нурундай бардыгына.

Суу коюп көчөттөрдүн тамырына,
Көз салып «Кыздар айдын» жарыгына.
Гүл сымал поэзиянын көркүн ачкан,
Суктанам мен сүйүүнүн акынына!

Апакем аба, суудай керек экен,
Көчөттүн, чабактын да тагдырына.

# СҮЙҮҮ ЫРЛАРЫ

## АЛАЙЛЫК ЖИГИТ

Катылып жүргөн сырым бар ичте,
А балким айтсам туюлат, биртке.
Азгырып алып кыйнаган мени,
Алайлык жигит ашыкмын сизге.

Түшүнүп мени келсеңиз ийге,
Жетелеп алып жүрсөңүз бирге.
Алайлык жигит мен сизден башка,
Дартымды кантип айтамын, кимге?

Бакыттын күнү буюрса бизге,
Ашыктык ырын ырдаймын сизге.
Алайлык жигит, алайлык жигит,
Айтылган сөзүм калбырлап ирге.

Арманым болгон алайлык жигит,
Ашыкмын сизге, ашыкмын сизге.

## СИЗ БАР ҮЧҮН

Менин сүйүүм жалгыз сизге токтолуп,
Менин дүйнөм сиз бар үчүн коооздолуп,
Менин бактым, балдарымдын атасы,
Сиз жөнүндө ойлономун толгонуп.

Сиз жанымда болсоңуз да ойлонуп,
Сизге болгон сүйүүм улам ойгонуп.
Менин жаным, балдарымдын атасы,
Сиз дегенде алоолоном от болуп.





Биз экөөбүз сезим гүлгө оролуп,
Биз экөөбүз ак сүйүүгө торолуп,
Биз бактылуу жашап жаткан заманда,
Биздин өмүр өтө берет коооздолуп.

Сиз бар үчүн жашап өтөм өмүрдө,
Сиз бар үчүн менин жашоом кооз болуп.

## ЫРААЗЫМЫН

Көзүмдүн сени гана көргөнүнө,
Өзүңө буруп көңүл бөлгөнүнө.
Жаратканга ыраазы болуп келем,
Мезгилим сени менен өткөнүнө.

Карегим сени гана тиктегенге,
Ар качан сага башым ийкегенге.
Кудайга мен ыраазы болуп келем,
Башканын сезимин эч билбегенге.

Башкага ыраа көрүп, кыйбаганга,
Жүрөгүм жалгыз сени тыңдаганга.
Ыраазымын жакшынам мен өзүңө,
Сезимиң мени гана чырмаганга.

Жароокерим, мен сага ыраазымын,
Түбөлүк кол кармашып өткөнүмө.

## СЕНИ МЕНЕН МЕНИН ЖАШООМ КЕРЕМЕТ

Сүйөмүн деп алып кетсең жетелеп,
Кучагыңдан чыккым келбейт эркелеп.
Кандай бакыт курчап алды башкача,
Сени менен менин дүйнөм керемет.

Бул бакыттын нуру бизге себелеп,
Аярлаймын албайын деп тебелеп.
Жүрөгүмдү толуктаган сезимиң,
Сени менен жашоом болуп керемет.

Улам барат биздин сүйүү тереңдеп,
Жүрөгүмө арнап сезим белендеп.
Түбөлүккө ажырабай бир жүрүп,
Сени менен өмүр жолум керемет.

Сен жанымда болгон кезде ар качан,
Менин жашоом боло берет керемет.

## ИШЕНЕМ

Ишенем бул азаптын бүтөрүнө,
Жакшынам жолум карап күтөрүнө.
Жоодурап бир башкача тосуп алып,
Жапжалгыз мени гана сүйөрүнө.

Ишенем даба болуп күндөрүмө
Сезимдин нурун чачып жүрөгүмө.
Жылмайып мени гана тосуп алып,
Жанымдан чыкпай ээрчип жүргөнүнө.





Бакыттын бирге доорун сүрөрүмө,
Өмүрүм сага арнап жүрөрүмө.
Түбөлүк бир болуунун антын ичип,
Ишенем сени жалгыз сүйөрүмө.

Ишенем, сен экөөбүз бирге болуп,
Түбөлүк ажырабай жүргөнүмө.

## МЕНДЕН АЛЫС КАРМАГЫЛА

Менден оолак сүйүүнү кармагыла,
Кетсе макул жолотпой арбагыла.
Жүрөгүм ооруп калат билесиңер,
Каршылыкка карабай байлагыла.

Турмуштун казанында чайпагыла,
Сынагыла, сындагыла, чайкагыла.
А бирок, мага такыр жолотпостон,
Көтөргөндөр болсо эгер чардагыла.

Кандай түрү келсе карап тандагыла,
Тайгаланбай, жыгылбай, тайбагыла.
Мен сүйүүнү өмүр бою билбесем да,
Макулмун, менден алыс кармагыла.

Мен сүйүүнү билбей эле коёюнчу,
Менден оолак, менден узак кармагыла.

## ЖҮРӨККӨ СҮЙҮҮ КЕЛСЕ

Жарга түртөт, отко салат, күйдүрөт,
Туман каптап күн ачылбай күттүрөт.
Бул жүрөккө ишенич жок, арга жок,
Керек болсо дубананы сүйдүрөт.

Адаштырат, кагыштырат, ыйлатат,
Акыл кошуп, сабыр берип чыйратат.
Салмагы жок жүктү илип жонуңа,
Ойлоруңду бир четинен кыйратат.

Чөлдү, тоону, кумду, сууну сүзгүзөт,
Чыдай бил деп, муштумуңду түйгүзөт.
Жашың өтүп калса дагы кыялың,
Он сегизге алып барып жүргүзөт.

Жетпей алың, болбой эле кайкалайт,
Ийип башың барганыңда чалкалайт.
Эх, жүрөгүң, кайыл болуп баарына,
Бар тапканың, бар дүйнөңдү талкалайт.

Бул жүрөккө сүйүү келсе капыстан,
Күйгөзөт ай, күйгүзөт ай, күйгүзөт.

## ОПУРТАЛДУУ СҮЙҮҮ

Окшогон да, окшобогон мезгилдер,
Ойлорума туура келбей чечимдер.
Опурталдуу оору менен алыштым,
Ороп алды ойрон болбой сезимдер.

Окшогон да, окшобогон убакыт,
Ооматы жок күндөр өтүп уланып.
Оору кетпей жүрөгүмдү сыздатат,
Ошол сүйүү алып жыгат кууратып.

Опурталдуу оору менен коштошуп,
Оолак болом мен сүйүүнү токтотуп.
Орун алган бул сезимди козгоюн,
Окшобогон ойлорумду окшотуп.





Ошончо да кыйнайсыңбы эх, сүйүү,
Ороп алдың неге эле ойлонтуп.

## ООРУП ТУРАТ ЖҮРӨГҮМ, САГЫНЫЧТАН

Ортодогу тоскоолдук, алыстыктан,
Оолак болуп жүрөйүн ашыктыктан.
Ойлобоюн десем да мен өзүңдү,
Ооруп турат жүрөгүм сагынычтан.

Опол тоодой сезимге чагылыштан,
Ойрон болуп кетпейин кагылыштан.
Ой гүлдөрүн ээралбай кыйналамын,
Ооруп менин көңүлүм сагынычтан.

Оргуштаган сүйүүдөн жаңылыштан,
Озунсам да мен сага жагыныштан.
Ортодогу алыстык тоскоол болуп,
Ооруп турат жүрөгүм сагынычтан.

Оомат келип бир күнү мага дагы,
Оодарылып кетсем ээ сагынычтан.

## СҮЙҮҮ ДЕГЕН КҮБӨЛҮК

Нечен ойлор каптаса да бүдөмүк,
Жалгыз сени сүйүп өтөм түбөлүк.
Ажырагыс кылып сага байлаган,
Тагдыр мага берген сүйүү күбөлүк.

Жүрөгүмдө жашап алдың күн көрүп,
Сен жөнүндө жазсам бүтпөйт күндөлүк.
Кетпес болуп бир өзүңө байлаган,
Тагып алдым сүйүү деген күбөлүк.

Сен экөөбүз өмүр доорун сүрөлүк,
Кол кармашып, жетелешип жүрөлүк.
Кандай учур болсо дагы коргогон,
Жаратканым берген сүйүү күбөлүк.

Алдым сага биротоло сүйөнүп,
Баратамын бийик учуп күүлөнүп.
Жасалмасы болбогонун билип кой,
Жалгыз экен сүйүү деген күбөлүк.

## ТАБИЯТКА ОКШОТОМ

Чарт-чурт болгон мүнөзүң, чагылганым,
Мага жагат билип кой, таарынганың.
Табияттын жазына окшоштуруп,
Күтпөйм сени качан деп, жазылганың.

Жолугууга жалооруп чакырганың,
Бир жакшына, сен мени сагынганың.
Кучагыңдан чыгарбай кармап алсаң,
Унут калат, унутам таарынганым.

Бороон, чапкын коркутуп бакырганың,
Болбогондой кайра эле басылганың.
Табияттын кышына окшоштурам,
Күн чыккандай жаркырап, ачылганың.

Бар, жогумду даярдап камынганың,
Мээрим төгүм башкача жалынганың.
Берекелүү күзүмө окшоштуруп,
Сүйө берем, мен сени асыл жарым.





## СҮЙҮҮ ДҮЙНӨСҮ

Жүрөгүмдү сезим ороп каптаганда,
Тамырымды сүйүү келип таптаганда.
Башкача мен дүйнөгө аралаштым,
Ооба чын бул эмне деп тактаганда.

Бул сезимди балким мага жазбаганда,
Сүйүү деген татаал жолду баспаганда.
Башкача мен дүйнөгө аралашпай,
Калмакмын бөтөн жашоо тандаганда.

Жашоомду сезим менен казбаганда,
Жалтырак күндү кудай атаганда.
Кетмекмин бул өмүрдүн баркын билбей,
Билсем да жашырып мен катпаганда.

Сүйүү деген мен үчүн башка дүйнө,
Аракет кылам ыйык сактаганга.

## СҮЙҮҮ КЫЙНАЙТ

Уйку көрбөй бүркөп кабак, кашымды,
Уйпаландым, жыйнай албай чачымды.
Убайымга салып койду махабат,
Уурдагандай сезим менден жашымды.

Куйкаланып жүрөгүмдүн тамыры,
Куурайт окшойм болуп сүйүү жакыры.
Кууратпачы сезим мени кыйнабай,
Куушурулуп калсам дагы акыры.

Удургуган ойлор курчап башымды,
Ушунчалык калчап сүйүү баарымды.
Утурумдук кыйнап жатат дегенмин,
Ууртай албай калдым ичкен ашымды.

Кубулжуган сезим мени сынаса,
Куурайт окшойм сүйүү сенден акыры.

## ЭЧ КИМ ТОСКООЛ БОЛБОСО

Ал өткөн күндөрүмдү сыйрып, чечким,
Сезимдин дайрасында сүзүп, кечким
келип мен сени менен жөнөп калсам,
Чалынтып, жыгытпасын мени эч ким.

Жүрөгүм кабыл алып калыс чечим,
Дүйнөмдү курчап ороп аруу сезим.
Сен менен кол кармашып жол алганда,
Тоскоолдук жаратпаса мага эч ким.

Сезим нурун оронуп күнүм, кечим,
Жүрөктү сүйүү ээлеп турган кезим.
Баарына кайыл болуп жол алганда,
Каршылык көрсөтпөсө мага эч ким.

Жол алып жүрөгүңө жеткен кезде,
Тоскоолдук жаратпасын мага эч ким.





## БУЛ СЕЗИМ

Тоскоолдук мени тороп чалындырат,
Караанын издеттирип зарыктырат.
Бир үзүм булут тосуп алган өңдүү,
Жамалын бир пенденин сагындырат?

Курчаган оюм бүтпөй зээриктирет,
Бул сезим тынчтык бербей ээликтирет.
Жетелеп алып барып бир заматта,
Кыялым сүйгөнүмө кезиктирет.

Кутүүгө, кусалыкка багындырат,
Куйүтүн артып берип жалындырат.
Арылтып жүрөгүмдү оорусунан,
Бул сезим мени качан айыктырат?

Эх, сүйүү, бир адамды сагындырат,
Көргөзбөй караанына зарыктырат.

## ЖИГИТТИН ГҮЛҮН

Ойлогон менен, акылым жетпейт,
Жүрөгүм билбейм, эмнени эңсейт?
Туңгуюк ойлор курчоого алып,
Жолуккум келсе, коштошкум келбейт.

Оюмдун баарын сүйгөнүм ээлейт,
Акылга салып, жүрөгүм тейлейт.
Жашынып алып кыялга батып,
Кезикким келсе, кетиргим келбейт.

Жүрөгүм аны эч кимге бербейт,
Айланам бирок эч нерсе сезбейт.
Багынтып алса башкалар аттиң,
Сүйгөнүм менен сүйдүргүм келбейт.

Сүйдүрүп алган жигиттин гүлүн,
Көрөмүн дешсе, көрсөткүм келбейт.

**ЭХ, СҮЙҮҮ**

Өзгөрбөй убакыт, саат талаптары,
Ачылып бул өмүрдүн барактары.
Баш багып бүт денемди каптап алып,
Эх, сүйүү, жүрөгүмдү кагат дагы.

Сезимдин мендик болгон канаттары,
Байкатпай жан дүйнөмө барат дагы.
Айттырбай жүрөгүмдөн орун алып,
Эх, сүйүү, түбөлүккө калат дагы.

Өмүрдө өчпөс сезим жанат дагы,
Тамырыма сүңгүп кирип агат дагы.
Дүйнөмдү дүңгүрөтүп сүйүү менен,
Түбөлүк кетпей менде жашайт дагы.

Эх, сүйүү, дартыма сен даба болуп,
Жашоомду, жан дүйнөмдү жашарт дагы.





* * *

Көздөрүм эмес, жүрөгүм ыйлайт,
Көөдөнүм эмес, көңүлүм сыздайт.
Ашыкча неге кыйнадаң сүйүү,
Жамалым эмес, жан дүйнөм муздайт.

Сүйгөнүм эмес, сүйгөнүң кымбат,
Күйгөнүм эмес, күлгөнүң кыйнайт.
Билбеймин неге ашыкча сүйдүм,
Күткөнүм эмес, жүргөнүң чырмайт.

Өмүрүм эмес, өзүңсүң сымбат,
Төркүндү эмес, сезимди кыйбайт.
Жүрөгүм менин ээлеген сүйүү,
Түрлөнүп эмес, түнөрүп ыйлайт.

Дабасы жоктой сезимим ырбайт,
Эх сүйүү, сүйүү, жанымды кыйнайт.

* * *

Толуктадың, кошуп кайра кемиттиң,
Дагы кимдин сен айласын кетирдиң.
Канча качып кутулайын десем да,
Сүйүү деген жолду тороп кезиктиң.

Кай бирөөнү ыйлаттың да, кейиттиң,
Күткөндөргө келбей коюп, кечиктиң.
Издегенге, кызыкканга көрүнбөй,
Өчөшкөндөй мээримиңди бекиттиң.

Чынжырыңа байлап, сүйрөп ээрчиттиң,
Сынай берип, жыргай берип зериктиң.
Салып мени казаныңа кайнатып,
Сен айламды, сен айламды кетирдиң.

Бир гана ирет келсең дагы эх, сүйүү,
Болбой эле сен айламды кетирдиң.

* * *

Сезим коштоп жүрөгүмдү тарабай,
Койсоң кантет алыс кетип таябай.
Байлап чынжыр азабына тушаган,
Жармашасың, сүйүү мени аябай.

Кусалыктын туткунуна байлабай,
Чыгарып сал дегениме карабай.
Илешесиң сен эмнеге эх, сүйүү,
Келип алдың жат бирөөнү тандабай.

Бул эмне деп койсом кана санабай,
Кетээр беле балким мени байкабай.
Өчүң барбы, жүрөгүмдө эх, сүйүү,
Мага неге жабышасың, чарчабай?

Сагынычтын, кусалыктын торуна,
Сүйүү мени алып келди тандабай.





**СҮЙҮҮ КӨЙНӨК**

Жүрөгүм да бир багытты көздөгөн,
Сезим гүлүн өстүрүүнү көксөгөн.
Алмаштыргыс ааламда бир адамга,
Сүйүү деген көйнөк кийем өчпөгөн.

Ыйык сүйүү көйнөгүм бар көчпөгөн,
Суугa салса калкып кайра чөкпөгөн.
Кийип алсам куп жарашып өзүмө,
Бир башкача көрүнөт ал өзгөдөн.

Кулпургандай сезим гүлүн төкпөгөн,
Куурабаган, эскирбеген, көппөгөн.
Түбөлүккө бир сен үчүн кийемин,
Көйнөгүм ал, жүрөгүңдү өрттөгөн.

Жүрөгүмдүн ээси үчүн кийемин,
Сүйүү түстүү көйнөгүмдү өчпөгөн.

**СҮЙҮҮ ЖАГАТ АКЫРЫ**

Куйкаланып жүрөгүмдүн тамыры,
Куурайт окшойм, күйүп бүтүп акыры.
Кууратпачы, кууратпачы, эх, сүйүү,
Кубулжуюн, тийип сезим жарыгы.

Куткарып ал, мезгилимдин сабыры,
Куралымын болбой сезим баатыры.
Кур намыска башым ийдим байкасаң,
Кулаймынбы, сүйүү жыгып акыры.

Кубарамын тайып башым акылы,
Кусадармын жолумдун жок багыты.
Куткарууга чамаң жетпей жүрөгүм,
Куйкаладың сүйүү жыгып акыры.

Куткаралбай айласы жок жүрөгүм,
Куурап барат, сүйүү жыгып акыры.

## АКЫЛЫМ ТАКТАЙМ

Ойлонуп карап акылым тактайм,
Көчүрүп сүйүү жүрөккө сактайм.
Антпесем мени балекет каптап,
Батайын десем, эч жерге батпайм.

Ар күнү сүйүү өзүңө каттайм,
Адашып сени акылга салбайм.
Торосо мени башкалар тосуп,
Бул жолдон башка эч жерге барбайм.

Кыдырып дүйнө, сезимим кармайм,
Жүрөгүм сени түбөлүк жандайм.
Издесем чукуп акылым сенден,
Сүйүүдөн башка эч нерсе таппайм.

Калбырга салып акылым тактайм,
Адашты дешсе, сүйүүмдү жазбайм.





## ЖАШАЙ АЛБАЙМ СҮЙҮҮСҮЗ

Дарт каптасын тороп мени күтүүсүз,
Кайыл элем калсам дагы үмүтсүз.
Бирок билбейм, бирок билбейм, эмнеге,
Жашай албайм, жашай албайм сүйүүсүз.

Жок калса да барар жерим, үйүмсүз,
Өтө берет мезгил менде күйүтсүз.
Билсем дагы, билбесем да а бирок,
Ал анткени, жашоо жоктой сүйүүсүз.

Жетпей калсам максатыма күчүмсүз,
Жеңилсем да мен баарынан бүтүмсүз.
Бир жаралып келген ушул өмүрдө,
Өтпөйт күнүм, өтпөйт жашоом сүйүүсүз.

Мендей пенде болбосо да үмүтсүз,
Жашоо жоктой, жашай албайм сүйүүсүз.

## СЕН СЕБЕПЧИ БОЛГОНДОЙ

Айыкпаган дабасы жок жарамды,
Жазылбаган, тынчалбаган санаамды.
Жалгыз гана сен себепчи болгондой,
Эмне балээ ээлеп алган талаамды.

Дарт экенин билбей оюм караңгы,
Дабасы жок ара жолдо каламбы?
Балким ага сен себепчи болгондой,
Түшүнүксүз эмне ээлейт калаамды.

Жарга барып түртсө дагы адамды,
Жалгыз өзүң арнагандай азапты.
Сенден башка кереги жок элестейт,
Сел алса да кайыл болуп ааламды.

Бүт оюма сен себепчи болгондой,
Эмне балээ курчап алды санаамды.

**МЕН БОЛОМУН АКЫНЫҢ**

Ыр жазганды өздөштүрсө акылым,
Сенин гана болсом жетет акының.
Жок дегенде жакшы сөзгө бөлөгөн,
Жандап жүрсө кандай жакшы жакының.

Поэзияга буруп алып багытым,
Ыр арнасам мен өзүңө баатырым.
Кучагыңда кубандырып айтып кой,
Сен болосуң менин жалгыз акыным.

Башкаларга болбосо да кадырым,
Мен өзүңө байлап алып тагдырым.
Өмүр бою сага гана ыр арнап,
Кыялында жашай берет акының.

Бул ааламда жалгыз сага ыр арнап,
Мен болмун, мен болоюн акының.





**СҮРДӨП КЕТЕМ**

Бүркөсөң тиктей албай кабагыңды,
Карасам кыйыгымдан жамалыңды.
Сен мага сүрдүү болуп көрүнсүң,
Билгизбей алик алам саламыңды.

Алыстан көрүп калсам карааныңды,
Эмнеге шилтей албайм кадамымды.
Сүрүңөн ушунчалык сүрдөп кетсем,
Билбейсиң анда кадай абалымды.

Башкадан укпасаң да айтканымды,
Окусаң түшүнөрсүң жазганымды.
Жаныңа барганымда сүрдөсөм да,
Баары бир карап алам маанайыңды.

Ачып кой, мен барганда кабагыңды,
Сүрдөтпө, айтпасам да абалымды.

**КЫЯЛЫМДА**

Кыялымда сага колум сунамын,
Элестетип тээ бийикке учамын.
Билип турам, баары жомок болсо да,
Күтө берет сени гана кучагым.

Сагынычтан кетип барат кубатым,
Санаа деген дайра кечип турамын.
Билесиңби, таппай издеп өзүңдү,
Көргүм келип дале сага кусамын.

Бул азаптан жан дүйнөмдү суурамын,
Көңүлүңдү мен тарапка бурамын.
Ажырабай жетелешип сен менен,
Кыялымда жомок жашоо курамын.

Сени менен кубанычка бөлөнүп,
Кыялымда өтөт далай убактым.

## ТАБЫШМАКТЫ ЖАНДЫРАЛЫ

Татаал болуп сезимдин табышмагы,
Чечалбай келем жетпей башым дагы.
Жардам бер, андан көрө жароокерим,
Кандай болот сүйүүнүн жандырмагы?

Жайдакталып сезимдин аргымагы,
Кыйнадыбы түшүнөм сени дагы.
Экөөбүздү алыстык бөлүп мына,
Сынадыбы, сүйүүнүн табышмагы?

Токтотсом сага эми таарынганды,
Токтоталбайм билемин сагынганды.
Сыноону жеңээриме ишенемин,
Жардамдаш табышмакты жандыралы.

Сезимдин жүрөгүмдө жашынмагы,
Сен болуп элес берет бардык жагым.
Экөөбүзгө ушул келген табышмакты,
Жакшынам, сүйүү менен жандыралы.





## ЖҮРӨК

Сүйлө жүрөк, сени гана угайын,
Сенден акыл, сенден кеңеш сурайын.
Жол көрсөтүп берсең сүйүү жолума,
Сүйүктүүмө көңүлүмдү бурайын.

Айтчы жүрөк, кана кебиң, угайын,
Араздашкан ойдон алыс турайын.
Акылыма жардамдашып койбосоң,
Сүйүктүүмө кантип сезим сунайын?

Жүрөгүмдү тыңдайын да, угайын,
Жашоо үчүн жарык жолду курайын.
Жарашыктуу чечим кабыл алып бер,
Сезим коштоп мен жолумду улайын.

Айтчы жүрөк, сүйлө жүрөк угайын,
Сенден акыл, сенден кеңеш сурайын.

## ТОЛУКТАЛСЫН

Сыздаса да жүрөгүм, муздабасын,
Кыйналса да кыйналсын, туйлабасын.
Жандай көргөн жакшынам бир сен үчүн,
Бүрдөй берсин, өнө берсин, куурабасын.

Жыгылса да көңүлүм, оорубасын,
Сыгылса да сыгылсын, соолубасын.
Сага болгон сезимим өчпөй улам,
Жарык берип жашоомдо толукталсын.

Жыргаса да жан дүйнөм, ыйлабасын,
Кыйраса да кыйрасын, сыздабасын.
Жалгыз сага арнаган ак сүйүүмдү,
Торобосун, башка сезим чырмабасын.

Сага болгон сүйүүмдү сактай билем,
Соолубасын, өнө берсин, толукталсын.

## ЖҮРӨГҮМДҮН ТҮГӨЙҮН

Мен жоготкон жүрөгүмдүн түгөйүн,
Бүгүн издеп, болсо жамап бүтөйүн.
Табылаарын билип калсам капыстан,
Айтаса эле канча десе күтөйүн.

Мен издеген жүрөгүмдүн түгөйүн,
Тапсам эле кетпей конуп, түнөйүн.
Түбөлүккө кол кармашып өмүрдө,
Аны менен жашоо доорун сүрөйүн.

Мен эңсеген жүрөгүмдүн түгөйүн,
Алоолонуп ысытайын, күйөйүн.
Курчайынчы сезимимен чыгарбай,
Өмүр бою ажырабай сүйөйүн.

Жетелешип, кол кармашып өмүрдө,
Алыстабай, ажырабай жүрөйүн.





## ЖҮРӨГҮМДҮ ӨЗГӨРТТҮҢ

Чыгарып жүрөгүмдү калыбынан,
Сокконун сен өзгөртүп багытынан.
Эмнеге сүйүү деген азап бердиң,
Адашып жолум барат жарыгынан.

Тынч жаткан жүрөгүмдү кабыгынан,
От коюп өрттөп ийдиң баштыгынан.
Түтөдүм, куйкаландым, куурадым ээ,
Кор болуп сени сүйгөн айыбымдан.

Пайдаланып ааламдын тардыгынан,
Бошотуп жүрөгүмдү казыгынан.
Кайдагы сүйүү отко тушап мени,
Башкарып алып кеттиң агымынан.

Ойнодуң, сурап койбой тагдырыман,
Сүйүүнү баалап өйдө, кадырыман.
Сен менден кандай өчүң бар билбедим,
Жүрөгүм алсыз бүгүн бардыгынан.

Өзүңдү ойлогондо сыздап жүрөк,
Козголуп кетет неге, калыбынан?

## ЖҮРӨГҮМДҮН ПЕРИШТЕСИ

Оо, менин жүрөгүмдүн периштеси,
Жүдөтүп башка жолдон кезикпечи?
Жамалың көргөн кезде токтоналбай,
Сүйөмүн сени гана дегизбечи.

Жүрөгүм, жүрөгүм ай эзилбечи,
Сагынтып кыйнаганда периштеси.
Жапжалгыз туңгуюкка кирип алып,
Андан көрө алсырап, ээнсиречи.

Эх, менин жүрөгүмдүн периштеси,
Бүгүн да кубандырып келип кетчи.
Болсоң дагы эмнеге башкачасың,
Сен жөн гана адамдын перзенти.

Сагынып жамалыңды көргөн кезде,
Кайталап сүйөм сени дегизбечи.

## ЖАРТЫ ЖҮРӨК

Айланалбай жарты жүрөк бүтүнгө,
Дарбазасын ачып коюп күнүгө.
Жалгыз гана карап сенин жолуңду,
Сезесиңби, билесиңби, күтүүдө.

Толукталбай жарты жүрөк бүтүнгө,
Муктаж болуп сенин гана сүйүүңө.
Күтүп жүрөт жолуң карап али да,
Карааныңды көрөмүн деп сүйүнө.

Биригем деп жарты жүрөк бүтүнгө,
Тиктеп издеп карай берет үңүлө.
Сендик болгон сезимиме биригип,
Келесиңби, келесиңби, сүйүүңө.

Жарты жүрөк бир бүтүнгө айланып,
Жашаса дейм, жарык берип сүйүүмө.





## КҮБӨ БОЛСУН СҮЙҮҮМӨ

Жолуң карап мегил өтүп күтүүгө,
Чамам жетпей баратса да түтүүгө.
Сага болгон сезим өчпөйт түбөлүк,
Он сегиз миң аалам күбө сүйүүмө.

Келеби деп жолуң карап күнүгө,
Жарты жүрөк айланса деп бүтүнгө.
Элестетип сени гана жашаймын,
Алты кабат асман күбө сүйүүмө.

Айды коштоп кирип келчи түнүмө,
Сезим нурун чачып берчи күнүмө.
Бүт өмүрүм сага гана арнайын,
Жети кабат жер ишенсин сүйүүмө.

Жалгыз сага жүрөгүмдү арнайын,
Бүткүл аалам күбө болсун сүйүүмө.

## ТАРТЫНАМЫН

Сыйкырлап сезим нурун чачалбадым,
Сыздаган жүрөгүңдү басалбадым.
Сыноосун көтөрсөң да тагдырымдын,
Сынабайм, бирок сенден качалбадым.

Арбаган сезимиңден кечалбадым,
Ардандым, бирок сенден кеталбадым.
Ар качан жолум карап күтсөң дагы,
Артылып сен тарапка бет албадым.

Эрксиздик мени курчап, жеңалбадым,
Эрмегиң болуп сага жеталбадым.
Эртелеп күтүп жолум карасаң да,
Эркелеп кучагыңа эс албадым.

Таарынба, мага жаным таарынбачы,
Тартынып мен сүйөмүн дей албадым.

## СҮЙӨМ СЕНИ

Сүйөм сени, сураганга актанбайм,
Байкай берсин, уга берсин сактанбайм.
Жемелешсин жерге мени киргизип,
Сезим үчүн башым ийип арданбайм.

Сүйөм сени, бирок жайып мактанбайм,
Коргоп сөзүм колдоп алам, калкалайм.
Отко салып макул мени өрттөшсүн,
Жүрөгүмдүн ээсин гана ардактайм.

Сүйөм сени, эч бирөөнү карабайм,
Башка жанга сезимимди арнабайм.
Жар кырында калсам дагы билип кой,
Жат адамды сүйөмүн деп айталбайм.

Сүйөм сени, сүйөм сени актанбайм,
Сезим үчүн не сөз айтсын арданбайм.





## СЕНИ СҮЙӨМ ДЕГИЗДИҢ ЭЭ

Чайпалып мен сезимдин деңизине,
Урунган тоскоолдукту жеңишиме.
Ишеничтүү жаныңа барган кезде,
Баары бир сени сүйөм дегиздиң ээ.

Сендик болгон сезимимди сезишиңе,
Кыдырып бирге аалам кезишиңе.
Чындап эле ишенип барып алсам,
Сени гана жалгыз сүйөм дегиздиң ээ.

Сезимдин дайрасын бир кечишиңе,
Мени менен бир максатка жетишиңе.
Жүрөгүмө ишенип таштап кадам,
Жеткенимде сени сүйөм дегиздиң не?

Сени сүйүп, сен деп жашап жатсам дагы,
Түбөлүккө сени сүйөм дегиздиң ээ...

## ЭХ, СЫЙКЫРДУУ КУЧАГЫҢ

Эрким жетпей, акылым эстен танган,
Эх, сыйкырдуу кучагың арбап алган.
Элестетип сени гана жашай берем,
Эсил кайран жүрөгүм, сүйүп калган.

Эркелеткен сөздөрүң үмүт арткан,
Ээлеп алган сезимиң күйүп жанган.
Эстегенде эзилип сыздайт жүрөк,
Эмне себеп билбеймин бүгүн жалган.

Эртеңиме келсе деп күтүп таңдан,
Эч уктабай түн бою уйку качкан.
Эрксиз менин жүрөгүм акылы жок,
Эмнеликтен сезимиге түштү кайдан?

Эх, сыйкырдуу кучагың бир башкача,
Эрксиз болгон жүрөгүмө сүйүү арткан.

## КУЧАКТАЙЫН

Көздөрүң тиктегенде уялтпайын,
Сөзүңдү уккан сайын кубаттайын.
Акырын жүрөгүңдү жибитип мен,
Жүзүңдөн сүйүп сени кучактайын.

Кетирбей чырмап бекем, узатпайын,
Сезимиң мендик болсун, уратпайын.
Жөлөнүп башым коюп көкүрөгүң,
Жан дүйнөм жыргап алсын кучактайын.

Жамалың эмнеге суз, жубатайын,
Жадырап күлүп койчу, кубанайын.
Жүрөгүм жүрөгүңдүн доошун уксун,
Кучагыман чыгарбай кучактайын.

Көздөрүм көздөрүңдү тиктеп алсын,
Мен сени кучактайын, кучактайын.





## САДАГАСЫ

Кайрадан жүрөгүмдү арбап алчы,
Дагы да сезимиңди аябачы.
Тартылып сага эле баратамын,
Жайнаган көзүңдөн ээ садагасы.

Жоголсун жүрөгүмдүн жаракаты,
Сен болсоң сезимимдин аманаты.
Арбалып сага неге баратамын,
Карагаттай көзүңдөн садагасы.

Мезгилди коштоп сезим салтанаты,
Жакшырып жүрөгүмдүн саламаты.
Өзүңдү ойлоп алып кубанамын,
Жоодураган көзүңдөн садагасы.

Кылдырап жүрөгүмдүн арабасы,
Өзүңдү дале сүйөм, садагасы.

## СЕНИ ГАНА ТАНДАЙЫН

Мен бүгүн бир балекет баштайынбы,
Жар салып ачык эле айтайынбы?
Жакшынам, эгер мени түшүнбөсөң,
Жарга барып өзүмдү таштайынбы?

Же сени сүйүү болуп каптайынбы,
Сезим менен тооруп алып таптайынбы?
Башкача азап отун алып келип,
Жүрөгүңдүн каарына калайынбы?

Эркиңе койбой курчап, арбайынбы,
Жүргүмө азгырып байлайынбы.
Сезимиме ишенип калган кезде,
Биротоло мендик кылып алайынбы?

Жүрөгүңө жүрөгүм чаптайынбы,
Бир бүтүнгө айланып жандайынбы?
Азгырылбай башканын сезимине,
Сени гана, сени гана тандайынбы?

## ЧЫН ЭЛЕ СЕНДИКМИН

Сүйүүңдү арнай берип зериктиңби,
Жообумду айта албай кечиктимби?
Оролуп алоо отко урунгандай,
Сүйрөлдүм, көтөралбай сезимиңди.

Күтүүдөн күйүп сен да териктиңби,
Урунбай көздөрүңдөн бекиндимби?
Арнаган сезимиңе учуп күйдүм,
Ойлоп кетем чын эле сендикминби?

Сезимден урабаган чечимиңби,
Өткөрүп убакытты кетирдимби?
Жүрөгүм жүрөгүңө себеп болуп,
Сен мага, мага гана кезиктиңби?

Мен дагы сени ойлоп кыйналамын,
Чын эле, чын эле ай сендикминби?





## КЕРЕКСИЗ

Уурдап алып жылдарымды себепсиз,
Убакытым алдың баарын эсепсиз.
Сени дайым ойлой берем эмнеге,
Пайдасы жок болсоң дагы керексиз.

Күтүү менен өтүп күндөр кезексиз,
Тандап алдым жалгыз сени элексиз.
Ээлеп алдың эмне менин эркимди,
Жүрөгүмө сайма сайып чеберсиз.

Алып менин мезгилимди ченемсиз,
Багыт алып жан дүйнөмө желексиз.
Уурдап алдың убакытым билгизбей,
Деги кимсиң, деги кимсиң “керексиз”?

Кууратпачы, эрме чөлдө, терексиз,
Күткөнүмдө келе берчи белексиз.
Канча жылдык убакытым уурдаган,
Сен болдуң го, керектүүгө керексиз.

## АЛЫСТАБА

Сени ээрчип жолум улап кетейин,
Сүйүү менен тамчы каның кечейин.
Кайда барба менден оолак, алыстап,
Сезим коштоп жүрөгүңдү кезейин.

Жан дүйнөңдүн жашырсаң да себебин,
Билип туям, айтпасаң да сеземин.
Менден алыс, менден узап кетпечи,
Бир башкача сагынганда секетиң.

Унут калып өткөн күнүң, кечээкиң,
Узап менден сен алыстап кетээриң,
Билгизбейсиң, билип алат жүрөгүм,
Сени күткөн сезим деген бекетиң.

Алыстаба, алыстаба эч качан,
Сагынганда сени сүйгөн секетиң.

## ЖЫЛДЫЗДАРДЫН АРАСЫНА

Кабылбайм сезимдердин санаасына,
Баралбайм кусалыктын талаасына.
Сагыныч өзөгүмдү өрттөсө да,
Мен кетем жылдыздардын арасына.

Дарылап барсам сүйүү калаасына,
Даба жок сезимимдин жарасына.
Кор болуп жерде сыздап жүргүчө мен,
Кошулам жылдыздардын арасына.

Жардам бер, оорулуунун дабасына,
Дей албай бир пенденин баласына.
Сыздадым сүйүү деген дарт чалдыгып,
Кетейин жылдыздардын арасына.

Дартыма даба болуп бералбасаң,
Кетем да жылдыздардын арасына.





## ЭЧ ТҮГӨНБӨЙТ САГЫНУУ

Болсо дагы айтылбаган таарынуу,
Сүйүүбү же кандай сезим, жактыруу.
Түшүналбай мен өзүмө таң калам,
Бүтпөй келет сага деген сагынуу.

Элестетип сени менен татыктуу,
Ойлоп алам мен өзүмдү бактылуу.
Дидарыңды көргүм келип ар күнү,
Эч түгөнбөйт сага болгон сагынуу.

Жалгыз мага сен болгондой кадырлуу,
Кыйын тура бул сезимден арылуу.
Көрөмүн деп акмалаймын акырын,
Эч жазылбай сага деген сагынуу.

Жолуксам да жолуң тосуп ар күнү,
Бүтпөйт билем сага болгон сагынуу.

## АЖЫРАТПАЙ

Сезимиң ороп мени алыстатпай,
Эч кимди көңүлүмө жакындатпай.
Жүрөгүм сен тарапка тарта берет,
Бир чынжыр курчап алып ажыратпай.

Башкадан сезимиме азык таппай,
Сезилип кыялдарым акыйкаттай.
Жан дүйнөм сага гана орун берип,
Сыйкыр күч арбайт мени ажыратпай.

Айтсамбы сезимимди жашырбастан,
Казсамбы сүйүү кенин талыбастан.
Арман ай, ак баракты кыйнай берип,
Жазылат сен жөнүндө жаңы дастан.

## БОЛБОЙБУ БУЛ СЕЗИМДИ ЖАШЫРУУГА

Эркиме койбой сезим жашырууга,
Ойлогон ойлорума багынууга.
Жүрөгүм айтып турат, кантемин ай,
Болбоду сактап алып батырууга.

Болбойбу бул сезимден арылууга,
Жок себеп көңүлүмдү калтырууга.
Жанчылып сен деп соккон жүрөгүм ай,
Кайталап сүйөмүн деп айттырууда.

Сүйүүдөн курган жүрөк жарылууда.
Сүйөм деп айта берип жагынууда.
Канчалык каткан менен болбой эле,
Сезимдин гүлү гүлдөп ачылууда.

Болбоду бул сезимди жашырууга,
Кантейин, сүйүп сага жагынууда.





## ООРУП ЖҮРӨК ЖАНЧЫЛАТ

Ойлор мени алды ороп, кайчылап,
Жүрөгүмдүн назик кылы жанчылат.
Сезимиңдин чынжырына илинсем,
Карегимден көз жаш акты тамчылап.

Жан дүйнөмдү белгисиз күч камчылап,
Кандай ойлор кирип алып талпынат.
Жүрөгүмдү же жайына койбодуң,
Сезимиңди же берсеңчи тартуулап.

Бул арзуудан кантип көңүл арылат,
Сыздаганым качан деги басылат?
Түшүп калып сүйүү деген торуңа,
Эми менден чексиз ырлар жазылат.

## САГА СҮЙҮҮМ

Башканын сезимине багынбаган,
Жар салып бөтөн жанга айтылбаган.
Сактадым, жүрөгүмдүн түпкүрүнө,
Сүйүүм бар сага деген, сатылбаган.

Дидарың тартып мени жаркылдаган,
Жашоомду сүйүү коштоп аруулаган.
Жол салып бул керемет дүйнө үчүн,
Сен болдуң мага сезим тартуулаган.

Кусалык ээлеп алды жазылбаган,
Болбостур мендей сени сагынбаган.
Муз тоңгон жүрөгүмдү жылыткансың,
Башкага мындай болуп ачылбаган.

Көңүлүм дабасын таап жылыбаган,
Сөз айткан сезимдерге ысыбаган.
Таң калдым жароокерим жүрөгүңө,
Түбөлүк сага сүйүүм тыйылбаган.

## СЕЗИМДИН КЫЯЛЫНДА

Сезимдин гүлү болуп жайнайынчы,
Сүйүүнүн атыр жытын арнайынчы.
Буркурап жүрөгүңөн кетпес болуп,
Жакшынам, сени дайым жандайынчы.

Сезимдин кушу болуп сайрайынчы,
Кубулжуган үн менен арбайынчы.
Жапжалгыз сени гана сүйөөрүмдү,
Багыңа конуп алып айтайынчы.

Сезимдин нуру болуп жанайынчы,
Жүрөгүңдөн жол издеп табайынчы.
Чынжырлап сүйүү менен биротоло,
Түбөлүк мендик кылып алайынчы.

Сезимдин таңын уучтап атайынчы,
Сүйүүнүн күнүн кармап батайынчы.
Түбөлүк кайталанып мен ушундай,
Жүрөгүңдү кастарлап карайынчы.





## ГҮЛ БАКЧАМ

Сезим деген гүл бакчам жашылдансын,
Арбап сени ар качан жаркылдасын.
Жүрөгүңдү торогон бир керемет,
Чыгарбастан дагы да жакындасын.

Кокусунан кордук көрүп чачылбасын,
Коргоп алчы өзүңдөн багы жансын.
Ал бир назик сезимдин гүл бакчасы,
Алааматка кабылып чагылбасын.

Капаланып, эч качан кайгырбасын,
Ооруп көңүл айталбай таарынбасын.
Сага деген сезимдин гүл бакчасы,
Аяр кара, түбөлүккө жашылдансын.

Бул бакчада бир өмүр арыбайсың,
Сагыныч, кусалыкка кабылбайсың.
Сен кыдырып келгенде сезим гүлүн,
Оо жакшынам, билесиңби, карыбайсың.

## ЖАЗБА ДЕЙСИҢ

Ырларымды окугансың күтүп ай,
Кубандырып каалоо айтып, сүйүп ай.
Өзгөрүлдүң бир заматта эмнеге,
Бир башкача, бүгүн башка сүрүң ай.

Менин акын, менин ыйык гүлүм ай,
Жашоодогу жарык берген күнүм ай.
Деп айталбай, бүгүн башка адамсың,
Катаал жаза, бере турган түрүң ай,

Өзгөрүлүп кеттиң жаным, бүгүн ай,
Жок дегенде койчу мага күлүп ай.
Сүйүү ырын жазба дейсиң экинчи,
Анда соолуйт сенин акын гүлүң ай.

Сүйүү ырын жазбай калса капыстан,
Өлгөн болот, өнбөй калат гүлүң ай.

## СУУРУП АЛ

Башкача жылмайганың арбап мени,
Эч кимге ыраа көрбөй, кыйбай сени.
Кызганып, жан дилимден сүйүп жүрөм,
Акыры эмне болот, билбейм деги?

Таркаса таркай берсин, айтып кеби,
Баары бир толо берет чуусу, кеми.
Өзүңдү сүйгөнүмдү күнөө десең,
Жүрөгүмдү суурун ал, анда бери.

Урабай сага деген сүйүү чеби,
Ашыкча өтүп кетпей менден чеги.
Сакталат ошол сызык кыйшайбастан,
Калгыча жүгөгүмдүн соңку деми.

Сүйүүмдү айтып сага арнап эми,
Багынып барайынчы, күтчү мени.
Баарына каршы болсоң тосуп берем,
Суурун ал, жүрөгүмдү анда бери.





## КААЛАБАЙМ ООРУШУҢДУ

Чын эле сүйүү менен оорудуңбу,
Сезимден мага гана жолуктуңбу?
Кыйналдым, мен кыйналдым деген элең,
А бүгүн канттиң экен, солуктуңбу?

Чын эле бир мен үчүн оорудуңбу,
Билбеймин же жөн эле оолуктуңбу?
Сезимиң мага гана арнай берип,
Башыңды чындап эле ооруттуңбу?

Сезим деп бир мен үчүн соолушуңду,
Көрбөйүн сыздап жүрөк оорушуңду.
Дартыңа даба болуп берейинчи,
Ооруба, каалабаймын оорушуңду.

Жүрөгүң сыздабасын, сыгылбасын,
Каалабайм, сенин мен деп оорушуңду.

## БАЙКАБАДЫҢ

Кусалык жалгыз мага жолукканын,
Сагыныч кетпей мени тоорuганын.
Отуңа жабыркатып жүрөгүмдү,
Байкабай каласыңбы ооруганын.

Күтпөймүн эми сезим жолугаарын,
Үмүттүн гүлүн көрчү соолуганын.
А балким, чындап эле байкабадың,
Сыздатып жан дүйнөмдүн ооруганын.

Оюнду көзүңдөн мен окуганмын,
А бирок, жакшылыкка жоруганмын.
Үмүтүм өчкөн менен үзбөй келем,
Кыялданам бир күнү жолугаарың.

Байкабадың чындап эле байкабадың,
Жүрөгүм жалгыз сен деп ооруганын.

## ООРУБАГАН ЖҮРӨГҮМДҮ ООРУТТУҢ

Сагынычты, кусалыкты чогултуп,
Жан дүйнөмө сан ойлорду толтуруп.
Кандай күчтү алып келдиң, билбедим,
Оорубаган жүрөгүмдү оорутуп.

Жол караган күтүү менен оротуп,
Уктап жаткан жүрөгүмдү ойготуп.
Убайымга салдың беле, билбедим,
Ойлонбогон башымды да ойлотуп.

Көз жашымды сага келем коротуп,
Акылымды аламбы дейм жоготуп.
Оорубаган жүрөгүмдү ооруттуң,
Койбойсуңбу жок дегенде соороттуп.

Уктап жаткан ойлорумду ойготтуң,
Жан дүйнөмө кусалыкты тооруттуң.
Алып келип сүйүү дартын өзүмө,
Оорубаган жүрөгүмдү ооруттуң.





## КӨҢҮЛҮМДҮ ООРУТТУҢ

Билгизбесем сенин барың, жоктугуң,
Чыгып кайра куйкалайт ээ жоругуң.
Кимди карап, кимди тиктеп койдуң деп,
Кызганычтан күйгүзөт да коругуң.

Барбы, жокпу жүрөгүмдө орунуң,
Сезбей эле толкуй берет толкунуң.
Билген болсоң ойлорумдун китебин,
Деги айтчы, сен эмнени окудуң?

Табамын деп, издеймин деп оолуктуң,
Кыялыңда ким биреөгө жолуктуң.
Ичкен болсоң кызганычтын шарабын,
Суранамын угуп сөзүм, соолуккун.

Кызганычтан шарап ичип соолуктуң,
Эмне менин көңүлүмдү ооруттуң?

## КЕЗИГЕСИҢ

Кол жеткис башкачадай сезилесиң,
Жоголуп кээ бир күнү бекинесиң.
Жашырып алсаң дагы жамалыңды,
Сен менин ойлорумдан кезигесиң.

Ар дайым менин гана эсимдесиң,
Кетирбей үмүт кошуп ээрчитесиң.
Көргөзбөй койсоң дагы дидарыңы,
Сен менин кыялымдан кезигесиң.

Төгүлүп сырың айтып чечилесиң,
Жолуккуң келип мүмкүн элжиресиң.
Бекитип алсаң дагы келбетиңди,
Баары бир жан дүйнөмдөн кезигесиң.

Канчалык алыстатсаң карааныңды,
Бир күнү жолумдан сен кезигесиң.

**ШЫЛТООЛОП ЖАТТЫМ БЕКЕН?**

Өткөрүп элестетип күндөрүмдү,
Билесиң жолуң карап күткөнүмдү.
Башымды жөлөп сенин кучагыңа,
Тыңдагым келип турат жүрөгүңдү.

Сезимиңди жашырып жүргөнүңдү.
Алоолоп мен деп балким күйгөнүңдү,
Угайын жүрөгүңдүн дабышынан,
Сен мени кантип анан сүйгөнүңдү.

Шылтоолоп жаттым бекен жүрөгүңдү,
Кайталап айта берем сүйөрүмдү.
Башымды жөлөп сенин кучагыңа,
Жыттайын билгизбестен бир өзүңдү.

Жол алып мен тарапка келгениңде,
Кучактап жыттап алам бир өзүңдү.





**АЛЫП КЕТЧИ ОШУҢА**

Жетелешип, кыналышып боюңа,
Макул элем эмне десең оюңа.
Алып кетчи, суранамын, калтырба,
Кетейинчи, сени менен Ошуңа.

Күткүм келбейт, карап сенин жообуңа,
Эркелешип, эрмек болуп жолуңа.
Элестетип, ойлоп алдым жашоомду,
Жөнөйүнчү азыр эле Ошуңа.

Салсаң дагы чыгарбастан торуңа,
Жардамдашам кызмат бербей колуңа.
Түбөлүккө жан шеригиң болоюн,
Биротоло кетип сенин Ошуңа.

Карабаймын мен жашоонун коозуна,
Кошо тартам түйшүгүңдү кошула.
Айтканыңа кайыл болуп жашайын,
Алып кетчи жаным мени Ошуңа.

Суранамын, суранамын жок дебе,
Бүгүн эле алып кетсең Ошуңа.

## ЖҮРӨГҮМ СЕНИ КЫЯЛБАЙ

Эх, чиркин ай, же эсимди жыялбай,
Унутам деп, унуталбай, кыялбай.
Мен Ошуңду дүрбөлөңгө салдымбы,
Сезимиңдин санаасынан чыгалбай.

Токтоталбай, көз жашымды тыялбай,
Дайыныңды таппай, таппай билалбай.
Үн катканда Сулаймандын тоосунан,
Келеби деп күткөн элем кыялбай.

Кыса кармап, кучагымдан чыгарбай,
Кантип келдим, акыбалың сурабай?
Сагынгандыр, кезигет деп ойлосом,
Койбодуңбу келгениме кубанбай.

Кандай жансың, жүрөм сени кыялбай,
Эх, чиркин ай, эсимден да чыгарбай.

## ОШУМА АЛЫП КЕТИП КАЛАЙЫНБЫ?

Өчпөгөн сезим отун жагайынбы,
Кетпеген сүйүү болуп жанайынбы?
Же сени биротоло мендик кылып,
Ошума алып келип калайынбы?

Эркиңе койбой жетип барайынбы,
Ээрчишип сени менен басайынбы?
Акырын жүрөгүңдөн орун алып,
Ошума алып кетип калайынбы?





Башкадан коргоп сени карайынбы,
Жүрөгүңө сезим торун жаяйынбы?
Ошуман сени жаным кеткис кылып,
Чын эле мендик кылып алайынбы?

Түбөлүк жүрөгүңдө калайынбы,
Мемиреп мен сезимге канайынбы?
Азгырылып сен мага калган кезде,
Ошума алып келип калайынбы?

## КҮТӨМ

Ошумдан карааныңды издеп жүрөм.
Кездешип калабы деп сени күтөм.
Жолукчу, жолугуп кет эгер келсең,
Али да билесиңби, сени сүйөм.

Көрүнбөй кетип калсаң кантип түтөм,
Ак-Буура дайрасына чумгуп сүзөм.
Сооротчу сыздап жаткан жүрөгүмдү,
Жолугуп кетесиңби, сени күтөм.

Өзүңдү сүйүп калган менин күнөөм,
Өрттөнүп барат жүрөк, өчпөй күйөм.
Келип кет жок дегенде бир көрүнүп,
Тоосунан Сулаймандын сени күтөм.

Бүгүн мен жолугат деп боюм түздөйм,
Жол карап, жолуң тосуп үмүт үзбөйм.
Келгенсиң сезип турам сен Ошума,
А мүмкүн ошондуктан күйүп, түтөйм.

## ТОСУП АЛДЫ ЖАМГЫР КОШТОП СЕБЕЛЕП

Ыйык жерге жол алалы эртелеп,
Дедиң дагы алып кеттиң жетелеп.
Ысык-Көлдүн кучагында экөөбүз,
Сүйүүбүздү алдык кайра бекемдеп.

Ысык-Көлдүн толкунунда эркелеп,
Сүзүп жүрдүң коё бербей жетелеп.
Күбө болуп биздин ыйык сүйүүгө,
Ыйлап алды жамгыр дагы себелеп.

Кучактасаң кучагыңда эркелеп,
Кубангандан ыйлап алдым эреркеп.
Ысык-Көлүм бизди карап суктанып,
Дагы сезим кошуп берди белендеп.

Ыйык жерге сен экөөбүз барганда,
Тосуп алды жамгыр коштоп себелеп.

## КӨЛ БОЮНДА

Жүрөгүмө сезим бердиң чуу салып,
Тиктей албай күн нурунан уялып.
Кучагыңда көлдү карап башкача,
Аруу таңды тостум бүгүн кубанып.

Сагындыңбы, калганымды суранып,
Кетирбедиң кучагыңдан чыгарып.
Кандай сонун бир башкача көл бою,
Таң атырдык сен экөөбүз сырдашып.





Көл боюнда мен сүйүүдөн чыйралып,
Кетким келбей кучагыңа чырмалып.
Биз бактылуу болобуз деп ишенип,
Алдым билсең бир бүтүмдү чыгарып.

Көл боюнда, көл боюнда кубанып,
Сан ойлорду ойлоп алдым уурданып.
Жараткандан тилегеним бир гана,
Биз бактылуу бололу деп суранып.

* * *

Дагы да билесиңби, сен оюмда,
Жалгыздык ээлеп алып түн койнунда.
Кайдагы нерселерди кыялдандым,
Токтобой агып жашым көл боюнда.

Калдымбы курчап сезим мен торунда,
Бардыгы жаратканды ын өз колунда.
Ооба мен кыялдандым жылдыз тиктеп,
Ээрчишип баскым келип көл боюнда.

Өтсө да мезгил деген өз жолунда,
Өзгөрбөй мерез болуп сен койдуң да.
Мен сени түн жамынып келеби деп,
Кетпедим, атып таңым көл боюнда.

Кызарып күндүн башы баткычакты,
Өзүңдү күтө бердим көл боюнда.

## ДАБА БОЛУП БЕРСЕҢ БОЛДУ

Отту ороп, койбой менин оюма,
Чокту төшөп бас деп айтсаң жолума.
Сүйүүм үчүн мен ошого даярмын,
Тирөөч болуп берсең эгер колума.

Эмне келген болсо сенин оюңа,
Салып алып куйкаласаң отуңа.
Кандай сыноо берсең дагы көтөрөм,
Даба болуп берсең болду оорума.

Даяр турам мээлеп атсаң огуңа,
Чалынсам да жыгылайын чогуңа.
Сени сүйгөн жүрөгүмө таянып,
Илинейин сенин гана торуңа.

Гүл көтөрүп келбесең да колуңа,
Кыса кармап кучактачы бооруңа.
Куйкаланып калса дагы жүрөгүм,
Сен дабасың билем менин оорума.

Кандай сыноо берсең дагы көтөрөм,
Сен дабасың менин сүйүү оорума.





## ДАСТАН БОЛУП КАЛАЛЫ

Каршы болбойт Төө-Ашуунун шамалы,
Калыс болоор Суусамырдын талаасы.
Сен экөөбүз сүйүүбүздү бекемдеп,
Ошол жерге жолугууга баралы.

Эгер болсо сезимимдин талабы,
Тапса даба жан дүйнөмдүн абалы.
Түбөлүккө биз эстелик тургузуп,
Музга айланып Төө-Ашууда калалы.

Жаз келгенде булак болуп тамалы,
Гүлгө толсуп бийик аска жамалы.
Сүйүшкөндөр сыйынышкан жер болсун,
Төө-Ашууда түбөлүккө калалы.

Учалыбы, кана, канат жаялы,
Төө-Ашууга бүгүн эле баралы.
Азап тартып сен экөөбүз кыйналбай,
Дастан болуп кылымдарга калалы.

## КЕТЕСИҢ БИР КҮН

Алым жок болсо дагы жан үрөөгө,
Бүтпөгөн дастан болдуң жан дүйнөмө.
Чайпалып жүрөгүмдү ээлеп алып,
Сезимди артып бердиң кай күнөөмө?

Баш ийбей акылыма, сен сүрөөнгө,
Орунду бербесем да мен түнөөгө.
Кандайча кирип алдың билбей турам,
Сүйүүңдү арнап менин жүрөгүмө.

Чамам жок, жооп берүүгө,эч үндөөгө,
Сезимден баткым келбейт мен күнөөгө.
Сен мени убактылуу пайдаланып,
Койбочу жүрөгүңдү эч күрөөгө.

Мен сени түбөлүктүү сүйгөн менен,
Кетесиң баары бир күн кай бирөөгө.

## СЕЗИМИМДИ КАЛТЫРАЛБАЙМ ТӨӨ-АШУУГА

Эрким такыр жетпеген соң эч басууга,
Алдырганда эмне пайда мен ачууга.
Таштап баарын жеңилдеп алайынчы,
Капалыгым калтырып Төө-Ашууга.

Айланып колум жетпес сен арзууга,
Түр көрсөтүп койсоң дагы бир ак кууга.
Араздашып мен өзүңдөн эмне табам,
Калтырайын ызалыгым Төө-Ашууга.

Сезимиңди арнап бердиң тартууга,
Даярдандым сени менен калууга.
Зарыктырып келбей койсоң кантемин,
Айтайын таарынычым Төө-Ашууга.

Эмне себеп көңүлүмдү калтырууга,
Караанынды көргөзбөй сен качууга.
Бүт баарымды калтырып жол алсам да,
Сагынычым калбай койду Төө-Ашууга.

Калтыр десең башкамды калтырайын,
Сезимимди калтыралбайм Төө-Ашууга.





## ТАҢ КАЛБА

Түндүк, туштук ортосунан жаңырып,
Төө-Ашуунун чокусунан чакырып.
Сүйөмүн деп айтканыма таң калба,
Бул адатым болбойт сага жаңылык.

Бишкек, Оштун жолун оюп чаңытып,
Сайма салам сенин атың бастырып.
Сүйөмүн деп жазганыма таң калба,
Карап жүрөм таштап койбой калтырып.

Вулкан болуп менин сүйүүм агылып,
Жүрөгүмдөн жарып чыкты атылып.
Кыргызымдын жерин каптап баратат,
Кайталангыс ырлар менен жазылып.

Эгер калсам жетпей сага чачылып,
Токтогулдун суусу алаар жашырып.

* * *

Кусалыгым кантээр экен жазылбай,
Түнөрөт ээ түбү жоктой, ачылбай.
Токтогулдун көлүн улам толуктап,
Төгөт жашым нөшөрлөгөн жамгырдай.

А сен болсо жүрсөң керек кайгырбай,
Чөгөлөтүп, сезимиме багынбай.
Жүрөгүңө кол салган бир алсызды,
Капысынан жеңип алган баатырдай.

А мен болсо бул сүйүүдөн арылбай,
Жамгыр төгөт көзүмдөн эч басылбай.

Сырдаш болгон Токтогулдун көлү да,
Кет деп айтат мени неге батырбай.

Калган өңдүү көлүм мени жактырбай,
Шуулдап шамал тосот жолум, бастырбай.

## ЖОЛ УЛАДЫМ АРГАСЫЗ

Төө-Ашуунун шамалына ыргалып,
Кээде ыйлап, кээде күлүп чыйралып.
Сен жашаган калаа алыс калса да,
Кетким келбей көпкө турдум кыйналып.

Төө-Ашуунун жамгырына кошулуп,
Кетким келет ал тарапка кол сунуп.
Коштошалбай сен жашаган калааны,
Карайм улам башкалардан корунуп.

Кучактасаң кучагыңда сүйүнүп,
Сенин шаарың, Бишкегиңе жүгүнүп.
Жарым жолдон кайра барып өзүңө,
Жетким келет, жетким келет жүгүрүп.

Ала-Белге келген кезде түңүлүп,
Кээде ойго, кээде уктап сүзүлүп.
Жол уладым, жол уладым аргасыз,
Калбайт бирок, сенден үмүт үзүлүп.





## МЕНИН СҮЙҮҮМ

Менин сүйүүм жан дүйнөмө сыйбаган,
Созолонтуп тоо жаңырта ырдаган.
Сени издеп жол алганда ашууга,
Жок дегенде тосуп алчы жылгадан.

Угулганда менин ырым чырмаган,
Жүрөгүңдүн тээ түпкүрүн тырмаган.
Сага болгон бул сүйүүмдү тоолоруң,
Бак дарагы, чөбү, суусу тыңдаган.

Көз жаш төгүп табияты ыйлаган,
Аргасыздан улуу тоолор сыздаган.
Менин сүйүүм токтобостон сайраса,
Булбул кушу коштоп угуп жыргаган.

Кездешкенде сен экөөбүз ашуудан,
Күбө болуп ыйык тоолор ыйлаган.

## БИЗДИН СҮЙҮҮ

Биз тургузган сүйүү шаары кулабайт,
Бомба, мина таштаса да урабайт.
Бекем болуп ишеничтен жаралган,
Жашыл түстүү, аны эч ким булгабайт.

Биз өстүргөн сүйүү гүлү оорубайт,
Суктангандар жолой албайт, тоорубайт.
Ишеничтин өзөгүнөн куралган,
Түбөлүктүү түсүн сактап соолубайт.

Биз караган сүйүү тамы эскирбейт,
Көргөндөр көп, суктанышат, жээрибейт.
Кармап турат бекем болгон ишенич,
Бир калыпта шоола чачып кемибейт.

Биздин сүйүү ишеничтен жаралган,
Биздин сезим ишеничти самаган.

## ЫРАА КӨРБӨЙ БАШКАГА

Макул менин сезимимди байкаба,
Жүрөгүңдү арна балким башкага.
Сени мендей эч ким билсең сүйалбайт,
Сүйүп өтөм, сүйө берем башкача.

Жүрөгүңдү катып кимге арнаба,
Ушул жолдо сүйүп, күтүп жандаба.
Билбейм сени мендей эч ким сүйбөгөн,
Макул менин сезимимди тандаба.

Колум сунсам алик алба, кармаба,
Көргүм келген көздөрүмдү байкаба.
Мендей эч ким сүйалбаган, сүйбөгөн,
Ыйгарайын сезимимди таптаза.

Ушунчалык сени сүйгөн жүрөгүм,
Ыраа көрбөйт сезимимди башкага.





## КУБАНДЫРАТ ЧЕЧИМИҢ

Короосуна кирип алып сезимдин,
Сөзүн укпай, көзүн көрбөй эч кимдин.
Сенин гана жүрөгүңдү тыңдайын,
Эмне дейсиң, кандай экен чечимиң.

Балким сага, жалгыз сага кезиктим,
Жат көрүнүп мен канчасын кетирдим.
Ыраа көрбөйм башка жанга сүйүүмдү,
Келе берет мен баарынан бекитким.

Башка жандын сөзүн угуп териктиң,
Деги кандай мага деген чекитиң.
Түбөлүккө бир короодон чыгарбай,
Жашасынчы мендик болгон сезимиң.

Ал короодон келбейт сени кетиргим,
Жат адамга ыраа көрбөй сезимим.
Түбөлүккө урабасын эч качан,
Кубандырып мендик болгон чечимиң.

## ЖҮРӨГҮҢДҮН СОТУНАН

Билип туруп, келбегенин колумдан,
Чыгарып сал дедиң мени оюңдан.
Айтчы өзүң, кантип анан унутам,
Күндө бир маал өтүп жатсаң жолумдан?

Сездиң билем, кетпей жатсаң оюман,
Түртө бербе, сүйүү деген торуңдан.
Унут мени, унутаарсың деп коюп,
Кебелбестен басып кеттиң жолумдан.

Алоолонгон сезимиңдин отунан,
Кармаганда мен сүйүүнүн чогунан.
Чечимиңди айттың мага унут деп,
Эч коркпоймун жүрөгүндүн сотунан.

Унут, унут, келбейт билем колуман,
Бирок коркпойм, жүрөгүндүн сотунан!

## КОРКПОЙМУН АЖАЛ КЕЛСЕ

Суурулуп чыгамын да кайтаруудан,
Сезимим ачык айтып жар салуудан.
Ким көрүп, кимдер билет сүйүүбүздү,
Коркпоймун, эмне дейт деп сактануудан.

Өкүнбөйм, туткунунда кармалуудан,
Тажабайм, бул сезимге жалбаруудан.
А мейли дербиш болуп кетсем дагы,
Коркпоймун, сүйүү мени башкаруудан.

Зынданда кылмышкердей сакталуудан,
Айырмам жоктур балким байлануудан.
Сүйүүнүн өкүмдары кул кылса да,
Күрөшүп коркпойт элем кармашуудан.

Баарына кайыл болуп сүйүүм үчүн,
Коркпоймун ажал келсе, арбашуудан.





## ОРУНДАЛАТ ЧЕЧИМИБИЗ

Баарына даба болсо мезгилибиз,
Бир күнү орундалар чечимибиз.
Сен мага, мен да сага керекпиз ээ,
Соолубай бүрдөй берсин сезимибиз.

Жат ойго жетеленбей эч кимибиз,
Түз болсун экөөбүздүн пейилибиз.
Сен менден, мен да сенден ажырабай,
Көрөсүң, аткарылат чечимибиз.

Турганда керек болуп мээримибиз,
Башкага жат адамдай сезилип биз.
Мен десең, мен да сен деп согуп жүрөк,
Билинбей орундалат чечимибиз.

Баарына даба болор мезгилибиз,
Бакытка алып барар сезимибиз.

## ЫЙЫК СЕЗИМ

Жар боорунда калса дагы сезимим,
Өзгөрүлбөйт сага болгон чечимим.
Кете берсин макул менден убакыт,
Даба болуп берет бир күн мезгилим.

Тоо башына чыгалбаса сезимим,
Таябасын, жөлөбөсүн эч кимим,
Ошондо да жүрөгүңдөн кетпеймин,
Сени ороп сүйүү деген мээримим.

Тээ бийикти багынтпасың сезимим,
Мен баары бир билесиңби, сендикмин,
Деп ойлонуп кыялымда элестеп,
Келбей турат жаным сени кетиргим.

Саға болгон менин ыйык сезимим,
Өзгөрүлбөйт түбөлүккө чечимим.

## КЕТЕ БЕРДИҢ

Коё бербей убакытты бастырбай,
Койсок ээ ушул күнү таң атырбай.
Жол алам дегениңе сыздап жүрөк,
Коштошкум келбеди эч баягыдай.

Айыкпаган сезимдин жаратындай,
Кайрылып калган куштун канатындай.
Жан дүйнөм жанчылгандан кыйналууда,
Коштошуп кетпечи сен абалкыдай.

Сөз түгөнбөй сүйлөшсөк баштагыдай,
Дегенимди билсең да жооп табалбай.
Коштошуп жол уладың аргасыздан,
Кайрадан келээриңди же айталбай.

Келгениңе кубанып турганымда,
Кете бердиң ыйлатып, таң атырбай.





## КАНТЕМИН СЕЗИМИМДИ БАЙКАБАСАҢ

Сен менин жүрөгүмдү жараласаң,
Канымдын тамчысында араласаң.
Кантейин сүйүп калган күнөөм үчүн,
Макулмун, эмне деймин, карабасаң.

Сендик болгон сезимимди санабасаң,
Ээрчий албайм эгер мени каалабасаң.
Уурданып, сени сүйүп өтөөрүм чын,
Токтоталбайм жүрөгүмдө калалбасаң.

Сүйүүңдү мага макул арнабасаң,
Жүрөгүмдө даба болуп жандабасаң.
Мынчалык сени сүйүп кыйналсам да,
Кантейин туюп мени баалабасаң.

Кантейин, эч бир аргам калбай калган,
Сага болгон сезимимди байкабасаң.

## ОЙЛОРУМА КАЛБАДЫМБЫ ЖЕҢИЛИП

Өкүнөмүн алганыма жеңдирип,
Аргасыздан кала бердим теригип.
Кыялымда жеткен элем баарына,
Ооруп турам ойлорума жеңилип.

Мына бүгүн жыйнай албай чегинип,
Ошондо да айталбадым чечилип.
Ушунчалык сыздап турат жүрөгүм,
Ойлорума калган үчүн жеңилип.

Ишенгенмин бир өзүңө берилип,
Ылгангандай калды баары терилип.
Сенин оюң алда качан билгенде,
Калбайт элем ойлорума жеңилип.

Үзбөй үмүт издей берет бекинип,
Келгениңде жүрөк коёт кечирип.
Ойлогондой болсо кана ойлоруң,
Калбайт элем анда сенден жеңилип.

Экөөбүздүн ойлорубуз бир болсо,
Мен оорубайт элем ойго жеңилип.

## КЕЧИРДИМ

Ал ортодо жоголгондой сезимиң,
Мынча неге мени кордоп жекирдиң.
Сени сүйүп жүргөн үчүн жүрөгүм,
Унуткарып мен өзүңдү кечирдим.

Кантип, кайдан, канчаката кетирдиң,
Келбечүдөй дайының жок, бекиндиң.
Ошончо жүк артып келсең билгизбей,
Макул болуп, аргасыздан кечирдим.

Ким бирөөгө кыйын болуп сезилдиң,
Айттың бекен да бир жанга сендикмин.
Сүйүү үчүн кайыл болуп баарыңа,
Кылыгыңа мен карабай кечирдим.

Кечирилгис болсо дагы кылыгың,
Жүрөгүмдү аяп, сени кечирдим.





## СЕН ДАГЫ КЕЧИРДИҢБИ?

Талкалап алып ыйык сезимиңди,
Чыгара албай жүрөм чечимимди.
Жол алып мен тарапка келем дейсиң,
Жакшынам, мени эмне кечирдиңби?

Уратып алсам дагы мезгилимди,
Сагынып кыйналамын мээримиңди.
Жолугам, жолугууга барам дейсиң,
Сен мени билбей турам, кечирдиңби?

Түшүнбөйм өзүмө да, сендикминби,
Сүйүүнүн тар жолунда кезиктимби?
Болбогон нерселерди айта берип,
Баркыңды билбей сенин кетирдимби.

Же билбейм, сөздөрүмө эзилдиңби,
Сен мени аядыңбы, кечирдиңби?
Сагындым, көргүм келди өзүңдү деп,
Өзгөртүп алдым окшойт чечиминди?

Туңгуюк боз тумандан сууруп алып,
Татынам, чындап эле кечирдиңби?

## СЕН БАР ҮЧҮН

Сен бар үчүн менин дүйнөм өзгөрүп,
Жүрөгүмө сезим кирди өрттөнүп,
Мен жашадым сүйүү деген калаада,
Сырларымды ырлар менен төңкөрүп.

Бир башкача жүрөгүмдү көксөтүп,
Сезим мени алды өзүнө бөктөрүп.
Кыялымда алып учуп баратам,
Сүйүү шаарын жүрөгүмө көтөрүп.

Алыстатсаң, алыстабай көгөрүп,
Сага гана таянамын жөлөнүп.
Сен бар үчүн мен жашоого келгендей,
Жалгыз сага сүйүү үчүн төрөлүп.

Сен бар үчүн, сен бар үчүн өмүрдө,
Сезим ырын жаза берем төңкөрүп.

## САБЫРДУУ БОЛ, ЖҮРӨГҮМ

Сезимдин курчоосунан кулаганмын,
Бир күнү тике туруп кубанармын.
Көксөгөн максатымы жеңээрим чын,
Чыдачы, чыда жүрөк суранамын.

Оорутуп жан дүйнөмдү бураганын,
Сезимдин түйшүгүнөн убарамын.
Санаадан чыгарыма ишенемин,
Жүрөгүм сабырдуу бол суранамын.

Тушаган сезим мени чырмаганын,
Кусалык, сагынычтын кыйнаганын.
Жүрөгүм, жүрөгүм эх, көтөрүүдө,
Башкага билгизбестен сыздаганын.

Бир күнү бул сезимди кыйратамын,
Жүрөгүм сабырдуу бол, суранамын.





## ЖҮРӨКТҮ ООРУТПАЙМЫН

Сүйүүдөн сыздап жүрөк, соолубаймын,
Кызганып башка жандан коорубаймын.
Канчалык сен жөнүндө ойлосом да,
Сөз берем бүгүн сен деп оорубаймын.

Жашоомду үмүт менен толуктаймын,
Сезимге болду эми жолукпаймын.
Кусалык, сагынычты таштап артка,
Эч качан жүрөгүмдү оорутпаймын.

Сүйдүрүп суйкайбаймын, созулбаймын,
Келет деп жолуң карап, оолукпаймын.
Жан дүйнөм сени дегдеп ыйласа да,
Болду мен сезим менен оорубаймын.

Сезимим арнап сага оолукпаймын,
Сүйдүм деп жүрөгүмдү оорутпаймын.

## КЫЯЛДАНЫП АЛГАНМЫН

Чаң жолотпой өзүңдү даңктайынчы,
Чаалыкпастан токтобой мактайынчы.
Жар салып too жаңырта сен жөнүндө,
Кыялданып алганмын, айтайынчы.

Кандай дейсиң, дагы кадам таштайынчы,
Сен жөнүндө жакшы сөз баштайынчы.
Угузбастан а балким эч бирөөгө,
Жүрөгүмдүн түпкүрүнө сактайынчы.

Кетирбей колуң бекем кармайынчы,
Бүт баарым сага гана арнайынчы.
Сыйкырына бөлөнүп мээримиңдин,
Түбөлүк бирге болуп жандайынчы.

Түйшүгүңдү колума алайынчы,
Жүрөгүңдө сүйүүмдү багайынчы.
Кел дечи кучагыңа бекем кысып,
Бүгүн эле мен жаныңа барайынчы.

**ТАЛАБЫМ**

Эч нерсеге жок болсо да талантым,
Эркин ырлар болуп берет канатым.
Сезимиңди арнасаң да а бирок,
Билесиң да өтө күчтүү талабым.

Айыкпаса айыкпасын жаратым,
Арданбаймын алсыз болсо сабатым.
Арзыганым ырларымда жазылат,
Айга жетет арзуу деген канатым.

Актай болуп калса дагы барагым,
Аттай албайм, калем болгон таягым.
Араздашпай ырларымдан издеп жүр,
Таба алсаң анда мени аягын.

Эч нерсеге жок болсо да талантым,
Издеп тапкын сага айткан талабым.





**СМС ЖАЗЫП КОЙ**

Кааларымды билесиң ээ, кубанып,
Же болбосо күтө берем кубарып.
Кандайсың деп СМСиң жазып кой,
Аяп мени айттырбастан, суранып.

Калгычакты мен сезимге ууланып,
Жүрөгүмө жок дегенде чуу салып,
Мени аяп, бир СМС жазып кой,
Бир мүнөтүң кетирээрсиң уурданып.

Кусалыктан кыйналганда тунарып,
Сезимиңе ороп курча куткарып,
Кубандырып бир СМС жазып кой,
Далай күндөр өттү күтүп, уланып.

Сенден келген кат кабарың окуп мен,
Каларым чын, сүйүнгөндөн кубанып.

**ТҮШҮМӨ КИРЕСИҢБИ?**

Жүрөгүмө үмүт отун илесиңби,
Оорудум сени ойлоп, билесиңби?
Дартыма даба болуп жароокерим,
Түшүмө бүгүн менин киресиңби?

Канатып жан дүйнөмдү тилесиңби,
Жолотпой жүрөгүңдөн чийесиңби?
Оорума даба болуп жок дегенде,
Уктасам сен түшүмө киресиңби?

Жактырган көйнөгүңдү кийесиңби,
Сүйүү менен жаратымды тигесиңби?
Жакшынам кубандырып жок дегенде,
Оорудум сен түшүмө киресиңби?

Туптунук сүйүү деген көйнөк кийип,
Уктасам сен түшүмө киресиңби?

## СҮРӨТҮН ТИКТЕП ЖҮРӨМ

Сезимдин азабына түткөндүрмүн,
Дабасын таап алып жүрөгүмдүн.
Сагыныч, кусалыктан арыламын,
Сүрөтүн тартып алдым сүйгөнүмдүн.

Ээлеген ар бир өткөн күндөрүмдүн,
Чырмаган түшкө кирип түндөрүмдүн.
Каарманын байкатпастан, билгизбестен,
Сүрөтүн тартып алдым күткөнүмдүн.

Көргөзбөй сыздап жүрөк күйгөнүмдүн,
Көз жаш төгүп кыйналып жүргөнүмдүн.
Бардыгын бүгүн мына таштап артка,
Сүрөтүн тиктеп жүрөм сүйгөнүмдүн.

Тумардай ыйык сактап өтөөрүм чын,
Сүрөтүн бекем катып сүйгөнүмдүн.





## КАНАТ ЖАЙЫП

Жөлөп кой, бараткanda жолдон тайып,
Коёлбайм бирок сага эч бир айып.
Жылуу сөз арнаганың уккум келди,
Учайын сен тарапка канат жайып.

Арнаган сезимимди укпай чанып,
Көрүнбөй койсоң эгер болуп кайып.
Баары бир бул ааламдан чарк айланып,
Издеймин изиңди кууп, канат жайып.

Жан дүйнөм эңшерилип кетсе тарып,
А бирок көрүнөмүн бүлбүл жанып.
Кош көңүл карабастан, карап мени,
Угуп кой сөздөрүмө кулак салып.

Барамын, сезимимден тумар тагып,
Биротоло жүрөгүңө туумду сайып.
Кастарлап өмүр бою өтөөрүм чын,
Калкан болуп жок дегенде канат жайып.

## ТОКТОТО АЛБАЙМ НЕГЕ САБЫРЫМДЫ

Билсем да бул жашоодо кадырымды,
Билбеймин кандай болот тагдырымды.
Сага болгон кусалык курчаганда,
Токтото албай калам сабырымды.

Көрсөм да жол көрсөткөн жарыгымды,
Көрбөдүм сенден башка жакынымды.
Жүрөгүм жалгыз сени ойлоп алган,
Арнадым сага гана бардыгымды.

Өзгөдөн көргүм келбей асылымды,
Өзүңдөн издеп жүрөм бакытымды.
Мен сени сүйүп калган күнөөм болгон,
Жашыра албайм ошол айыбымды.

Өзүңдү ойлогондо сыздап жүрөк,
Токтото албайм неге сабырымды?

## МАГА КЕЛГЕН САНААСЫҢБЫ?

Өмүрдөн кайрылбаган канатымды,
Билбеймин, сен өзгөртө аласыңбы?
Күлкүңдү чачып берип жүрөгүмө,
Кетпеген жарат болуп каласыңбы?

Турмушта эч күйбөгөн жамалымды,
Кусалык азабына саласыңбы?
Акылым алы жетпейт жүрөгүмө,
Сезимдин отун ороп жагасыңбы?

Жашоодо эч сынбаган абалымды,
Сынганмын эми мына карайсыңбы?
Айттырбай кирип келип аяп мени,
Колумду көтөргөнгө жарайсыңбы?

Жаркылдап жашоо отун жагасыңбы,
Сүйүүдөн нурлуу мончок тагасыңбы?
Түбөлүк ороп берген кусалыкка,
Же эмне мага келген санаасыңбы?





## ИШЕНЕМ САГА ГАНА

Түбөлүк колдоп мени барасыңбы,
Түйшүгүм колдон сууруп саласыңбы?
Ишенем, сага гана ишенейин,
Сен мага тирек боло аласыңбы?

Сезимден мончок тизип тагасыңбы,
Көктөгү жылдыз болуп жанасыңбы?
Жашоодо сага гана ишенейин,
Жан биргем болуп менде каласыңбы?

Сүйүүнүн отун бирге жагасыңбы,
Сезимдин дартын өзүң жазасыңбы?
Өмүрдө жалгыз сага ишенейин,
Жүрөгүмдүн эшигин кагасыңбы?

Ишенем сага гана ишенемин,
Жашоомдо бирге боло аласыңбы?

## ИШЕНЧИ БАРАРЫМА

Карабай алсыз болгон абалыма,
Чиймелеп атың жазам барагыма.
Кыдырып аалам кезип кетсең дагы,
Ишенчи сага бир күн барарыма.

Макулмун сенин айткан талабыңа,
Даба болуп барамын жаратыңа.
Чарк айланып дүйнөнү кезип өтсөң,
Коштоп учам дем берип канатыңа.

Зарыктыра көрбөсөң саламыңа,
Сүйүү нурун себейин жамалыңа.
Коштоп сени түбөлүк жүргүм келет,
Дал ошондой айланып ардагыңа.

Ишенчи сенден сезим табарыма,
Жаныңдан кетпес болуп каларыма.

## ОКУСАҢ ЖАЗГАНДАРЫМДЫ

Издеген сезимдеги таалайымды,
Билемин жалгыз сенден табарымды.
Колдочу, жөлөп мени сүйүү менен,
Аткарам кандай болсо талабыңды.

Колдосоң бийик учуп канатымды,
Талыбай күүлөп канат кагарымды.
Билемин, мага ыйык сүйүү берген,
Коргоймун сезимдеги каарманымды.

Аяба, аябачы жардамыңды,
Билемин сага мен да жагарымды.
Кубанып калаарымды билесиңби,
Окусаң жок дегенде жазганымды.

Сүйүүдө мага керек муктаждыкты,
Билемин, жалгыз сенден табарымды.





## КӨЗ САЛЫП ЖҮРДҮҢ БЕКЕН?

Жашынып чексиздиктин ааламына,
Кеттиңби жылдыздардын арасына.
Билбеймин, кандай туман каптап алган,
Зар болдум издеп сенин карааныңа.

Катылып жети кабат асманыңа,
Жеттиңби көздөгөн бир максатыңа.
Боз туман торогонго карабастан,
Издедим зар болгондо жамалыңа.

Багынып көнөөр элем айтканыңа,
Кандай жүк кошуп берип артканыңа:
Кабарыңды билгизбей кайда кеттиң,
Ишенем өзүң издеп табаарыңа.

Мен сени тээ төбөдөн издеп жүрсөм,
Көз салып жүрдүң бекен басканыма.

## КАЙДА КЕТИП?

Сагындым мен өзүңдү көргүм келип,
Жаныңа кетким келди баарын кечип.
Кабарың биле албай кыйналамын,
Калдың экен жакшынам, кайда кетип?

Барайынчы сезимдин гүлүн терип,
Баш багып жүрөгүңө сүйүү себип.
Эми гана карааныңды көргөн кезде,
Калабы деп коркомун менден кетип?

Сырдашалы, сырларыңдын баарын чечип,
Сагынычты, кусалыкты алыс бекит.
Сөз түгөнбөй кызыгына баткан кезде,
Корко берем калат деп менден кетип?

Карааныңды көрсөтпөй элес-булас,
Калбайсыңбы жакшынам, алыс кетип?

## КАЙДА КЕТТИҢ, КАЯКТАСЫҢ?

Жүргүзүп коюп сезим арбасын,
Дарылап жүрөгүмдүн жаракасын.
Жашоомо жарык нурду алып келип,
А бүгүн кайда кеттиң, каяктасың?

Каалабай бул күндөрдүн аякташын,
Дүйнөмө сезим менен аралаштың.
Жакшынам сага көнүп алган кезде,
Адашып кайда кеттиң, каяктасың?

Сезимге бир багыттуу, тарапташым,
Сүйүүнүн даамын таткан табакташым.
Өзүң бар менин жашоом жаз болгондо,
Көрүнбөй кайда кеттиң, каяктасың?

Өзүңдү бир башкача сагындырып,
Билбеймин, каяктасың, каяктасың?





## МЕНДЕН КЕТТИҢ АЛЫСТАП

Мезгил өтүп байкалбастан закымдап,
Байланыштың, жолугуштуң жакындап.
Жүрөгүмдүн жаратын сен ырбатып,
Неге кеттиң, кабарың жок алыстап.

Сезимимди жалгыз сага багыштап,
Жүрөгүмдү арнап алсам табыштап.
Ишенгенде мен өзүңө берилип,
Кетпедиңби менден узап алыстап.

Калды сага ишеничим жарымдап,
Өкүнүчтөн ар бир күндү карыштап.
Кантип чыдап кетти билбейм жүрөгүң,
Менден узап дайының жок алыстап.

Сезимимдин козгоп коюп жаратын,
Билбей калдым кеткениңди алыстап.

## ИЗДЕЙМИН

Койсоң ээ, мени гана колдоп улам,
Кетирбей кармап алып колдоруман.
Кыялданып али да карай берем,
Экөөбүз бирге баскан жолдоруман.

Жүрөгүм эмнегедир опкоолжуган,
Чынжыры байлагандай ортобуздан.
Ал жолго бүгүн дагы кайра бардым,
Чыгара албай такыр ойлоруман.

Ал күндү кайра баштан орнотуудан,
Майнап жок жүрөгүмдү сооротуудан.
Билемин, билип туруп издей берем,
Өзүңдү бирге баскан жолдорумдан.

Карааның көрбөсөм да үзбөй үмүт,
Издеймин жоготалбай ойлоруман.

## КЕЛЕМ ДЕЙСИҢ

Сен мага бүгүн кайра келем дейсиң,
Черткилеп жүрөгүмдүн терезесин.
Таанийсың өзүң илген ошол парда,
Көрөсүң дал ошондой желбирешин.

Сен менин кадырыма жетем дейсиң,
Жүрөгүмдүн түпкүрүндө, тереңдесиң.
Өзгөрбөй дал ошондой сүйүп жүрөм,
Келе бер, сезимимди бекемдейсиң.

Ооба сен бүт баарыңды сезем дейсиң,
Сезимдин нурун сага себем дейсиң.
Мен жалгыз сени гана сүйөрүмдү,
А балким билип туруп кенебейсиң?

Черткилеп жүрөгүмдүн терезесин,
Сен мага келем дейсиң, келбейм дейсиң.





## КУЧАКТАЧЫ

Кучактачы, кучагыңа батырып,
Жүрөгүмдөн сезимимди сапырып.
Эркелейин жароокерим өзүңө,
Алгым келди моюнуңа артылып.

Кучактачы, кучагыңа чакырып,
Жүрөгүмө сен жасасаң чакырык,
Даба болуп бересиң го сүйүүмө,
Алат элем ажырабай асылып.

Кучактасаң кучагыңа тартылып,
Сага болгон кусалыктан арылып.
Канча мезгил болсо дагы чыгарба,
Курган жүрөк турган кезде сагынып.

Бекем кысып кучактачы жакшынам,
Кучагыңды калганымда сагынып.

## КУЧАГЫҢА

Артылып моюнуңа, оролуп кучагыңа,
Жылыгым келип турат мээримдүү кубатыңа.
Сагынып келдим сени, түшүнүп карап койчу,
Себепчи болбо менин үмүтүм кыйратууга.

Бөлөнгүм келип сенин сыйкырдуу кучагыңа,
Башкача сезим ороп бир сайран курамын да.
Баарына кайыл болуп жаныңдан чыкпайынчы,
Даяр тур, даяр турчу көңүлүм жубатууга.

Зар болуп келдим сенин керемет кучагыңа,
Орочу, ороп алчы жайылган кулачыңа.
Жанымда болуп мени жакшы сөз арнап анан,
Бөлөчү жаным мени, жагымдуу сыйкыр нурга.

## КЕРЕМЕТИМ

Сезимге курчалгандай тегерегим,
Өзүң бар жарык менин теребелим.
Сыйкырлап алдың бекен жүрөгүмдү,
Бир менин, өзүң гана кереметим.

Жашоодо мени колдоп жетеледиң,
Сүйдүрүп, сүйүү нурун себеледиң,
Сен дагы сезимиме сыйкырланчы,
Болоюн жалгыз сенин кереметиң.

Жүзүмдү сүйүп койсоң, эркеледим,
Кучагыңда келет дагы эркелегим.
Жашоомду кубанычка толуктаган,
Жарыгым жалгыз менин кереметим.

Жайдары, жоодураган көзүңдөн ээ,
Жашоодо менин ыйык кереметим.

## БҮРДӨБӨЙМ

Тажаттымбы, тажагансың, сүйлөбөйм,
Сезимимдин кылын тогоп күүлөбөйм.
Дайыныңды билгизбесең билгизбе,
Мейли сени тынч коёмун, үндөбөйм,

Таарындыңбы, таарынгансың, сүрдөбөйм,
Дал ушундай келсең эмне, бүрдөбөйм.





Карааныңды көрүп калсам жазылып,
Сен күткөндөй болуп эч бир гүлдөбөйм.

Кыйнадымбы, кыйнап сени түтөбөйм,
Арман мени каптап алсын, жүдөбөйм.
Кабарыңды угузбасаң, угузба,
Жөлөй албайм, тирей албайм, сүйөбөйм.

Мейли, мейли эмне десең өз эркиң,
Угам баарын, угуп баарын үндөбөйм.

## ТУМАР БОЛУП

Кантип мени алдың экен азгырып,
Жалгыз сенин сезимиңе чалынып.
Түн уйкум да кайда кеткен, билбедим,
Калдым бекен капканыңа кабылып?

Актай барак күндө сага ачылып,
Кыялданам түркүн ойлор жазылып.
Бутпөчүдөй туюлат ээ бул сезим,
Алчы мени жүрөгүңө жашырып.

Дайының жок, кайда кеттиң жашынып,
Карааныңа зар боломун сагынып.
Моюнуңдан түшпөс болуп түбөлүк,
Калсам кана тумар болуп тагылып.

## КАНТИП ЭЛЕ?

Эч бир жанга ыраа көрбөй, кыйбасам,
Сагынычтын санаасында сыздасам.
Кантип эле сени сүйбөй коёмун,
Көргүм келип, күтүп сен деп ыйласам.

Жүрөгүмдү гана угуп, тыңдасам,
Сени ойлоп, сен деп гана кыйналсам.
Кандай анан сени сүйбөй коёмун,
Жолуң карап көз жашымды тыйбасам.

Мен сүйүүдө жалгыз сага чырмалсам,
Сезим үчүн сендик болуп чыйралсам.
Анан кантип сени сүйбөй коёмун,
Көз жашымды бир сен үчүн чыгарсам.

Кантип эле сени унутуп коёмун,
Сени сүйүп, сен жөнүндө ыр жазсам.

## САГЫНБАЙСЫҢ

Тумарым болуп билем тагылбайсың,
Карегим издегенде табылбайсың.
Сүйөм деп далай ирет айтсаң дагы,
Байкадым, сен эмнеге сагынбайсың.

Таарынтып мени бирок, таарынбайсың,
Сагынтып коюп балким, сагынбайсың.
Мен сени көргүм келип кыйналамын,
Деп айтып, сагынычка кабылбайсың.





Таарынсаң, катаал мүнөз, жазылбайсың,
Көп сүйлөп калганымды жактырбайсың.
Канчалык сүйөмүн деп айткан менен,
Билбедим, сен эмнеге сагынбайсың?

А мүмкүн сагынычың билгизбестен,
Сагынсаң да сагынып айталбайсың.

## СҮЙӨМ ДЕП АЙТЧЫ

Кетирбей бир сөз айтчы мага тааныш,
Жаныңдан чыккым келбейт сенден алыс.
Канчалык сезимиңди арнайм десең,
Коё бербей койгондой сени намыс.

Сезимден жүрөгүңө тумар тагыш,
Сүйүүмдү арнаганга жолун табыш,
Мен үчүн кыйын болуп турган кезде,
Жагымдуу бир сөз айтчы, мага тааныш.

Кызганамын башкадан сени жалгыз,
Кыйналууда жүрөгүм согуп алсыз.
Жан дүйнөм сени гана эңсеп турат,
Кыйынбы сүйөмүн деп мага айтыш.

Жүрөгүң бирдей согуп, бирдей кагыш,
Угалбай келем күтүп сенден дабыш.
А мүмкүн сен да мени кызганасың,
Татаал болуп баратат сага жагыш.

Жок дегенде бир сөз айтчы мага тааныш.

## КӨРМӨКСӨН БОЛОСУҢ

Чыгара албай жүрсөм сени ойдон,
Кезигип калбадыңбы кайчы жолдон.
Көрмөксөн болуп мени кыйнабачы,
Сунулган саламымды албай колдон.

Сен мага азап тарттың желе тордон,
Карегим байкадыңбы муңга толгон.
Көрсөң да көрмөксөнгө салып неге,
Мүнөзүң кайда калды жумшак болгон.

Ойлонсом жыйыны жок болуп ойрон,
Тагдырым жолуктуруп сени койгон.
Жолумдан сен баары бир көрүнөсүң,
Жашоомо орнотсом да сызып коргон.

Көрмөксөн болуп канча жүрөсүң ээ,
Чыгара көрбө мени эч бир ойдон.

## КАНДАЙ АЗАП?

Түнөргөн булут коштоп ородуң да,
Түтөгөн ышка салып тородуң да.
Тынч жаткан жүргүмө азап берип,
Күтпөгөн сезимиңди жолдодуң да.

Кабылып сезимиме тойбодуң да,
Катылып жүрөгүмдө тойлодуң да.
Кайдагы азаптарды алып келип,
Чагылып калабы деп ойлодуң да.





Уратып көңүлүмдүн багытын да,
Ыйлатып жан дүйнөмдүн акылын да.
Мынчалык азабыңа салдың мени,
Муңкантып жүрөгүмдүн тамырын да.

Чырмалып жан дүйнөмдө ойнодуң да,
Ыйлатып жүрөгүмдү койгонуң аа.
Ырдатып сүйүү деген азап менен,
Ырбатып жаратымды козгодуң да.

## КАЙРА КАЛДЫК КЕЗИГИП

Бул майдандан сен экөөбүз терилип,
Жолубуз бир, калдык кайра кезигип.
Жүрөгүбүз бирдей согуп турганда,
Калбаш керек сүйүү бизден бекинип.

Сырдашканда төгүп баарын чечилип,
Бул сезимсиз жашоо жоктой сезилип.
Сүйүү деген майдан ылгап ошондо,
Жан дүйнөбүз бирин-бири кечирип.

Эгер калсам мен майдандан кечигип,
Ызаланып ыйламакмын теригип.
Кубанычка бөлөп бизди башкача,
Сүйүү деген алды кайра ээрчитип.

Бул майдандан жолукканда экөөбүз,
Жол уладык жетелешип ээрчишип.

**СҮЙҮҮ ОГУ**

Мээлеп аттың тосуп жүрөк жолумдан,
Жарадармын сенин сүйүү огуңдан.
Кабар алып келип кетсең капыстан,
Айыгамын гүл алганда колуңдан.

Улам эле тиктей албай корунам,
Таамай аткан сенин сүйүү огуңдан.
Дабасын таап келип калсаң жаныма,
Унут калып оору кетип оюмдан.

Бул сезимден жалгыз сага жолугам,
Алсырабай сенин сүйүү огуңдан.
Арзыганым ашыктыктан сен болуп,
Сууруп алдың муз жүрөктүн тобунан.

**СЕНИН ҮНҮҢ**

Курчап алып кусалык күндөрүмдү,
Жолуң карап сагынып күткөнүмдү.
Жагымдуу сенин үнүң угулганда,
Унутамын кыйналып жүргөнүмдү.

Көргөндө тиктей албай, сүрдөрүмдү,
Билесиң кандай гана сүйөрүмдү.
Сен үнүңдү угузуп кулагыма,
Дарылап койчу менин жүрөгүмдү.

Кабарың билбей калсам түтөрүмдү,
Ыш оронуп, быкшып араң күйөрүмдү.
Сенин үнүң угулса телефондон,
Билип кой, жанданып мен бүрдөрүмдү.





Атпаса деп тиледим түндөрүмдү,
Сен сүйлөсөң кубантып күндөрүмдү.
Үнүң дагы башкача билесиңби,
Дарылап коёт менин жүрөгүмдү.

Сенин үнүң, сенин үнүң бир башкача,
Укканымда дарылап жүрөгүмдү.

**СҮЙЛӨШКӨНДӨ ТЕЛЕФОНДОН**

Жүрөгүм бир нерсеге багынгандай,
Убакыт өтпөсүн деп жалынгандай.
Экөөбүз сүйлөшкөндө телефондон,
Сен мени, мен да сени сагынгандай.

Сезимдин сыйкыр нуру чачылгандай,
Тагдырдын жолу бизге ачылгандай.
Бүт баарын жомок сымал элестетсем,
Сен мага, мен да сага жазылгандай.

Сыздаган жүрөк оорум басылгандай,
Издеген дабам сенден табылгандай.
Ар күнү сырдашканда телефондон,
Боломун кусалыктан арылгандай.

Сагыныч келип мага катылгандай,
Коңгурооң күтүп калсам таарыналбай.
Үнүңдү укканымда телефондон,
Алыстык унутулат жабылгандай.

## САНААРКАДЫҢ

Сүйгөнүм, капысынан кабарлаштың,
Сурадың акыбалым, амандаштың.
Канчалык күткөнүмдү байкагандай,
Ооба ал сенин үнүң, саламдаштың.

Болоюн учканыңда канатташың,
Оорулуу жүрөгүмө жардамдаштың.
Кандайсың, жетет мага ошол сөзүң,
Дарылап сезимдеги жаракатым.

Оюңду толук мага айталбадың,
Билбедим менден балким санааркадың.
Сен менин акыбалым сурап койсоң,
Жакшырат күндөн күнгө саламатым.

Капыстан бүгүн кайра кабарлаштың,
Кандайсың?... сенин үнүң... саламдаштың.

## СҮЙЛӨП ДАГЫ СҮЙЛӨБӨЙ

Экөөбүз да бир нерсени күткөндөй,
Кандайсың деп, болду башка үндөбөй.
Телефонду ээлеп алып жымжырттык,
Байланыш бар, бирок көпкө сүйлөбөй.

Кыялданып кызык ойду сүзгөндөй,
Тынчтык биздин ортобузду үзгөндөй.
Бир убакта не жаңылык деп коюп,
Дагы калдык сүйлөп дагы, сүйлөбөй.





Ортобузда сезим оту күйгөндөй,
Жүрөгүбүз ысыйт чоктон бүткөндөй.
Жан дүйнөбүз бир башкача сырдашты,
Сен экөөбүз турсак деле сүйлөбөй.

Сезим отун төккөн менен түгөнбөй,
Тунжурайбыз жан дүйнөбүз үндөбөй.
Телефондон байланышып канча ирет,
Убакытты өткөрөбүз сүйлөбөй.

## ЖАЛГЫЗ ГАНА АРДАГЫМДАЙ

Жүрөгүмдү биротоло арнагыдай,
Жашоонун жолун чогуу тандагыдай.
Ал бир адам, балким мага башкача,
Түбөлүк ээрчип алып жандагыдай.

Сүйөмүн, сүйүп жүрөм байкагыдай,
Сезилет жан шеригим тапканымдай.
Ал бир адам мага мүмкүн өзгөчө,
Чыгарбай кучагымда кармагыдай.

Эмнең бар сени ээрчип калбагыдай,
Сыйкырлап жүрөгүмдү арбагыдай.
Сен бир адам, жалгыз мага бөлөкчө,
Өмүр бою сүйүп, күтүп барктагыдай.

Кайрадан ошол өткөн жаздагыдай,
Сүйүүсүн арнап келди баштагыдай.
Ал бир адам, ал бир адам башкача,
Кыялымда өчпөс болуп жашагыдай.

Ал жалгыз менин гана ардагымдай.

## ЖАЛГЫЗЫМСЫҢ

Эчак эле жазылып таарыначым,
Ал ансайын күчөй берет сагынычым.
Ыраа көрбөй башкага кыйналамын,
Сен менин, менин гана жалгызымсың.

Жашоомо үмүт кошкон жарыгымсың,
Жүрөгүм издеп тапкан жакынымсың.
Таарынтып менден неге алыстайсың,
Ооба сен, менин гана жалгызымсың.

Сезимден келген мага тагдырымсың,
Сүйүүдөн айтып өтөөр тарыхымсың.
Ашыктык отуп бирге тутандырган,
Жакшынам, менин гана жалгызымсың.

Жүрөгүм тыңдап угаар акылымсың,
Сүйүүмө даба болоор азыгымсың.
Сагындым ушунчалык бир башкача,
Жарыгым, жашоом менин, жалгызымсың.

## АРНАБАЙ КОЙДУҢ ЖАГЫМДУУ СӨЗҮҢ

Эмнеге менин көңүлүм жарды,
Кызыксыз болуп мезгилдин баары.
Куттуктап сени калабы дедим,
Батырып күндү, атырдым таңды.

Кайчылаш болуп а балким оюң,
Калгандай менден алыстап жолуң.
Күткөнмүн сенден куттуктоо сөзүн,
Эмнеге билбейм, үндөбөй койдуң?





Татыктуу болбой калдымбы эмне,
Жыйналбай оюм турамын четте.
Туулганмын бүгүн ааламга келип,
Билсең да билип, билбейсиң неге?

Таарындым сага болгондой жөнүм,
Жан биргем менин жалгызым өзүң.
Мен сенден башка эч нерсе күтпөйм,
Арнасаң боло жагымдуу сөзүң.

Арнабай койдуң жагымдуу сөзүң.

## КҮТПӨЙМҮН БЕЛЕГИҢДИ

Алып келбе, күтпөймүн керегимди,
Түшүндүрбө, түшүнөм себебиңди.
Жылуу сүйлөп сен мага койсоң жетет,
Тартуулай албасаң да белегиңди.

Талкуулаба ал өткөн кечээгимди,
Ойлогон болсоң эгер эртеңиңди.
Жакшы сөз арнап койсоң ошол жетет,
Күтпөймүн мындан башка белегиңди.

Убара болуп мага келгениңди,
Каалабайм түйшүк артып бергениңди.
Жакшы бир каалоо айтып койсоң жетет,
Сен арнай албасаң да белегиңди.

Беш мүнөткө телефон чалсаң жетет,
Арнабай калсаң дагы белегиңди.

## ЫЙЫК САКТА БЕЛЕГИМ

Унуттуңбу айткан сөзүм, кечээким,
Эч бирөөгө жоктой менин керегим.
Жалгыз сага таянганда эмнеге,
Алыстадың болбосо да себебим.

Желбиребей бүгүн сүйүү желегим,
Элей албай калган сезим элегим,
Унутсаң да мени унут, а бирок,
Сакталса ээ сенде калган белегим.

Тунгуюкка капталгандай эртеңим,
Алыстайсың болгуң келбей эрмегим.
Суранамын чечпе такыр колуңдан,
Ыйык сактап күмүш жүзүк белегим.

Ишенемин бул азапты жеңээрим,
Үмүт үзбөй күтө берем келээриң.
Эч бирөөгө алмаштырбай өтөмүн,
Менде калган сүйүү деген белегиң.

## КУСАЛЫККА ОРОНУП

Чыгарып ал өткөндү чийесиңби,
Жүрөгүмдү сыздатып тилесиңби?
Оо таш боор, кандай жансың, айтчы деги,
Азаптын көз жаштарын билесиңби?

Кайрадан жүрөгүңө илесиңби,
Ойлонуп бүгүн түшкө киресиңби?
Таш боорсуң десем дагы үндөбөйсүң,
Кусалык деген эмне, билесиңби?





Баягы көйнөгүңдү кийесиңби,
Башыңды мага келип ийесиңби?
Бактылуу күнгө гана алып кетчи,
Баркымды деги менин билесиңби?

Сагындым, кусалыкка оронуп эх,
Сен менин сезимимди билесиңби?

## БАКТЫЛУУ КҮНГӨ ЖЕТЕЛЕГЕН

Билесиңби, сен мага жарыгымдай,
Башымды баштап жүргөн акылымдай.
Түбөлүк бир болуунун антын ичкен,
Сезилесиң сезимдеги азыгымдай.

Билесиңби, сен менин жакынымдай,
Келечек, өмүр, жашоо, тагдырымдай.
Көздөгөн максатыма жетелеген,
Байкаласың сүйүүдөгү багытымдай.

Билесиңби, сен менин бардыгымдай,
Таппадым себеп сенден таарынгыдай.
Бактылуу күнгө гана жетелеген,
Туюласың жапжалгыз сабырымдай.

Билесиңби, башкача сүйөөрүмдү,
Күткөндө келип кетчи, сагындырбай.

## ОКШОТО АЛБАЙМ

Тигилип карай берип канчаларга,
Окшото албай сени башкаларга.
Чыгалбай түшүп торго сагынычтан,
Кыйналдым билесиңби, байкаганга.

Көрсөтүп жолум бирге тандаганга,
Сен жоксуң коштоп мени жандаганга.
Капканы чыгарбады сагынычтын,
Окшодум ушунчалык чарчаганга.

Убакыт, саатын мага арнаганга,
Колтуктап, таяп колдон кармаганга.
Өзүңдөй жанды билем эми таппайм,
Айланып калгандаймын жарадарга.

Өзүңдү окшоталбай эч бир жанга,
Карабай жашай берем башкаларга.

## КӨРҮШПӨЙ БАРАТАБЫЗ

Ортого коргон тосуп орноткондой,
Бүттү деп мамилени токтоткондой.
Билбеймин эмне болуп чачырадык,
Бөлүнүп, жер карадык, соттошкондой.

Таанысбай, көрбөгөндөй, билбегендей,
Таңыркап, жалын чачып күлмүңдөбөй.
Өзгөрүп баратабыз эмнеликтен,
Өткөрүп нур чачышпай, сүйкүм билбей.





Кулпулап, баарын кайра ачпагандай,
Сүйүүдөн биз эч нерсе таппагандай.
Көрүшпөй, биз көрүшпөй баратабыз,
Сезимдин даамын бирге татпагандай.

Алыстап, биз алыстап баратабыз,
Түбөлүк кош деп айтып коштошкондой.

## ЖҮРӨГҮМДҮ ДАРТ БАСКАН

Катып жүргөн сезимимди чаң баскан,
Коркуп турам кайра козгоп, кармаштан.
Бирок неге эч оюмдан чыкпады,
Дарт өңдөнүп мага келип жармашкан.

Ошол дартка кадам таштап тандаштан,
Сүрдөп турам ачып сандык караштан.
Унутайын деген менен ал дартты,
Жүрөгүмдүн түпкүрүндө жайгашкан.

Жан дүйнөмдү тороп алып арбашкан,
Жаракалуу жүрөк менен кармашкан.
Эрким жетпей, эрким жетпей баш ийем,
Оюм менен жеңип чыгам таймаштан.

Жүрөм эми сандыгымды ачпастан,
Деген кезде чыга келдиң кай жактан?
Эх, сүйүүмдүн көрүп алып каарманын,
Жүрөгүмдү кайра бүгүн дарт баскан.

## КЫЙНАДЫҢБЫ, КЫЙНАЛДЫМБЫ?

Суюлуп, сен жактырган тармал чачым,
Бүркөлүп эч ачылбай кабак кашым.
Сезимдин азабына оролдумбу,
Кусалыктан кутулбай ооруп башым.

Өрүлбөй, тарак көрбөй менин чачым,
Өзүңсүз даамы жоктой ичкен ашым.
Билбеймин эмне болуп баратамын,
Жылбады токтогондой болуп саатым.

Тамырдан соолугандай какшып каным,
Сезимдин азабынан ооруп жаным.
Эх сүйүү, кыйнадыңбы, кыйналдымбы,
Түнөрөт бозоргондой атып таңым.

Кыйнадыңбы, кыйналдымбы биле албай,
Эх сүйүү, ооругандай болуп баарым.

## ОЙЛОДУҢБУ?

Алсыраган жүрөгүмдү тородуңбу,
Ажырагыс сүйүү мененородуңбу?
Ар күнү уйку көрбөй күтүп келем,
Ардагым, сен ошону ойлодуңбу?

Сезимиң мага гана жолдодуңбу,
Сездирбей жүрөгүмдү тордодуңбу?
Сагынып жолуң карап күткөнүмдү,
Садагам ойлодуңбу, ойлодуңбу?





Кастарлап жүрөгүмдү коргодуңбу,
Канатың жайып мени колдодуңбу?
Карегим уйку көрбөй таң атырат,
Каралдым сездиң бекен, ойлодуңбу?

Жаныңдан чыккым келбей жүргөнүмдү,
Жакшынам, ойлодуңбу, ойлодуңбу?

## БАРАКТАРЫМ

Мезгилдин караганда барактарын,
Көрөмүн сезимимдин азаптарын.
Уурдатып ойлорумду убакытка,
Кайрылган сени таппай канаттарым.

Өмүрдүн улам ачсам барактарын,
Өзгөрбөй сенден калган жаракатым.
Дал ошондой урунат көздөрүмө,
Билсем ээ кантип жашоом аяктаарын.

Жашоомдун тиктегенде барактарын,
Көрөмүн кусалыктын таяктарын.
Өзүңсүз мезгил мени тушап алып,
Кайдадыр алып учуп баратканын.

Тагдырдын мага жазган барактарын,
Билбеймин кантип анан аяктаарын?
Жалгыздык тузагына илингендей,
Бүгүн да сени эстеп санааркаймын...

## МЕН СЕНИ СҮЙӨ БЕРЕМ

Сезимдин эч бир жоктой аяктаары,
Жазылат кусалыктын азаптары.
Мен сени бүгүн эле сүйгөн жокмун,
Ачылып тагдырымдын барактары.

Түгөнбөйт бул сезимдин алааматы.
Алсырайт жан дүйнөмдүн саламаты.
Азыр эле мен сени сүйгөн жокмун,
Алактатса жүрөктүн жаракаты.

Торосун тоскоолдуктар каяктагы,
Жоголуп сезимимдин таяктары.
Мен сени өмүр бою сүйүп жүрөм,
Болсо да бул жашоонун сабактары.

Мен сени сүйө берем, ишенип кой,
Өмүрдүн түгөнгүчө барактары.

## ЭЭЛЕДИ МЕНИ СЕЗИМ БАШКАЧАСЫ

Жазылып мага сүйүү баракчасы,
Агылып сезимдердин башкачасы.
Кулпуланып катылган мезгил үчүн,
Ачылды жүрөгүмдүн дарбазасы.

Жагымдуу, жан дүйнөмдүн тарапташы,
Сүйүүнүн болгондо да таптазасы,
Жүрөгүмдүн төрүнөн орун алып,
Ээледи мени сезим башкачасы.





Кубулжуп махабаттын сайрандашы,
Сүйүүнүн жандап жүргөн санаалашы.
Дүңгүрөп жүрөгүмдө жашоо улап,
Курчады мени сезим башкачасы.

Ачылып жүрөгүмдүн дарбазасы,
Ээледи мени сезим башкачасы.

## УНУТА АЛБАЙ

Ааламда бул сезимдин жоктой чеги,
Арбадың эмнеликтен билбейм, мени?
Ушунча унутамын деген менен,
Унута албай койдум эч бир сени.

Жүрөгүм, алсыраба, койчу эми,
Жүдөп кеттим, түшүнбөйм, билбейм деги.
Чырмалдым, чырмап алдың чыккыс кылып,
Чыгара албай жүрөм ойдон сени.

Болбогон жан дүйнөмдүн сага кеги,
А бирок, болуп бердиң сезим кени.
Эх, менин жүрөгүмдүн тушагычы,
Кечире албай жүрөм неге сени?

Билемин махабаттын болгон чени,
Ээлеп алдың сыйкыр күч менин мээми.
Жан дүйнөмдү башкарып алдың окшойт,
Өчүрбөйм жүрөгүмдөн эми сени.

## ЖҮРӨГҮМДҮН ӨКҮМДАРЫ

Кул болуп, баш көтөрбөй байланамын,
Тушалып, түйшүк артсаң кармаламын.
Мен киммин, өзүм дагы билбей улам,
Короондон куусаң чыкпай жармашамын.

Муңкүрөп, мөгдөсөм да арбаламын,
Мукурап, таппай арга жалбарамын.
Сүйүүнүн чынжырына байлады деп,
Мен сени, сени гана жар саламын.

Торолуп сүйүү менен чар тарабым,
Калганга кубанамын, таң каламын.
Сен болсоң жүрөгүмдүн өкүмдары,
Оюмду кантип анан башкарамын?

Кадимки кызматчыңа айланамын,
Сүйдүрүп алып, сени башкарамын.

## БАРАТАМ СЕН ТАРАПКА

Кетирбе жүрөгүмө эч жарака,
Жөнөдүм жолум улап сен тарапка.
Барганда сезимиңе ороп алчы,
Башымды айландырып махабатка.

Кечикпе, жазып атым ак баракка,
О, жаным, багыт берчи ал тарапка.
А балким жол көрсөтүп алып барар,
Көрсөтүп койсоң эгер ак чардакка.





Жүрөгүм жетсе деймин эх, азатка,
Салбайсың билем мени эч азапка.
Кучагың ачып койчу суранамын,
Барамын, баратамын сен тарапка.

Сен дагы мени күтүп сагындыңбы,
Утурлап жол ала көр, мен тарапка.

## МҮМКҮН ЭМЕС УНУТУУ

Жүрөгүмдөн кетпейт атың жазылып,
Көрөмүн деп издей берем сагынып.
Мүмкүн эмес, мүмкүн эмес унутуу,
Ойлорумдун баарын артка калтырып.

Карегиме кетпес болуп тартылып,
Жүрөгүмө өчпөс сезим жашырып.
Сен жашасаң мүмкүн эмес унутуу,
Койгон менен мен өзүмө таарынып.

Жүрсөм дагы жүрөгүмө багынып,
Айтып алам унутам деп жаңылып.
Мүмкүн эмес болсо дагы унутуу,
Даярдандым далай ирет камынып.

Бирок сени мүмкүн эмес унутуу,
Ороп алган сенин сүйүүң азгырып.

## САКТАП КАЛ ЖОЛДОШТУКТУ

Кыбыла төрт тарабы мейкиндикти,
Көксөдүм жүрөгү бош эркиндикти.
Берейин үтүр, чекит калтырбастан,
Алып кет ушул күнгө чейинкини.

Жек көрүп кусалыктан тозгондукту,
Кааладым сүйүүсү жок боштондукту.
Сезимиң керек болсо алып кетчи,
Жөн гана сактап калып жолдоштукту.

Туңгуюк жолду көксөп бараттыкпы,
А балким ушул жолдон адаштыкпы?
Кайылмын кандай учур келсе дагы,
Эңседим мен жөн гана азаттыкты.

Сураба, мамилени токтоттукпу,
Сактап кал, андан көрө жолдоштукту.

## СЕНИ ГАНА КӨРСӨ БОЛДУ КӨЗДӨРҮМ

Бул ааламда көзүм көрбөй калса да,
Өчүп араң бүлбүл болуп жанса да,
Сени гана көрсө болду жүрөгүм,
Көтөрөйүн кандай сыноо салса да.

Бозоргондой бир алаамат байласа,
Карегимди караңгылык каптаса,
Сени гана көрсө жетет көздөрүм,
Кайыл элем кандай балээ баштаса.





Эх, жүрөгүм, жалгыз сени тандаса,
Күтө берип каректерим талбаса,
Көрсө болду сени гана көздөрүм,
Макул элем, эмне түйшүк арнаса.

Сени гана көрсө жетет көздөрүм,
Карегимди караңгылык каптаса.

## СҮЙҮҮ МЕНДЕН АЛЫСТА

Келбе сүйүү, менден узак алыста,
Жүрө албайм сезим деген жарышта.
Эркин учуп кетким келет куш болуп,
Жалаң гана тынч күндөрдү табышта.

Кетсең сүйүү менден узап алыска,
Жарайт элең балким анда намыска.
Ошондогу тынч өткөргөн күндөрдү,
Эх, жүрөгүм, жардам берчи табышка.

Ооба сүйүү, жетпейт күчүм арзышка,
Болбойт билем, сени менен калышка.
Андан көрө кыйнабастан жүрөгүм,
Жардам берчи, тынч күндөрдү табышка.

Көтөралбай кыйналат ко жүрөгүм,
Сүйүү менден кетсең эгер алыска.

## ОЮМДА СЕН ЭКЕНИН

Көргөнүм эстеп көзүм тарталбады,
Укканым мааниси жок, сакталбады.
Оюмда сен экенин билбей эч ким,
Токтобой күндөр өтүп, байкалбады.

Басканым өз ордунда, чайкалбады,
Турмушум чийининен чайпалбады.
Оюмда сен экенин ким билсин ээ,
Мезгилдер өтө берди, кармалбады.

Сызып учуп убакыт бarкталбады,
Жүрөгүмдү жат сезим башкарбады.
Оюмда сен экенин билгенде не,
Өзгөрбөй өтүп жылдар кайда калды?

Оюмду жалгыз өзүң ээлеп алдың,
Туңгуюк күндөр мени арбап алдың.

## ТАПШЫРАЙЫН СЫНАГЫҢ

Табаладың, балким мени сынадың,
Тапшырайын болсо сенин сынагың.
Талыкпастан жеңериме ишенем,
Тайгаланбайм, кааладыңбы сынганым.

Тартуулаган жараткандан кымбатың,
Тагдыр кошкон сенин гана сырдашың
Таалайыңа жазылаарым чын болсо,
Тапшырамын эч жыгылбай сынагың.





Түйшүк салып сезим менен чырмадың,
Түгөнгөндөй болуп анан чыдамың.
Түркүн талап койсоң дагы не деймин,
Түн жамынып болом сенин чырагың.

Таалайыңа сенин гана жазылып,
Тапшырайын, тайгаланбай сынагың.

## КАЛА БЕРГИН САКТАЛУУ

Биз жолуккан бакты көрүп алмалуу,
Бирге баспай калганыма капалуу,
Болсом дагы эстеп алып жылмайдым,
Билесиңби, менде баары сакталуу.

Сенсиз күндөр өтүп мына жаралуу,
Сезим деген кетпей менде кадалуу.
Сен экөөбүз бир өткөргөн ал учур,
Сезбесең да кала берген сакталуу.

Мээримиңе жүрөк муктаж аялуу,
Мелмилдеген күндөр өтүп саналуу.
Мезгилинде баалабасаң не деймин,
Менде баары кетпей калды сакталуу.

Биз экөөбүз бирге тоскон ал күндөр,
Билбесең да калган экен сакталуу.

## БИЗ ЖАШАЙБЫЗ СҮЙҮҮДӨ

Ойлой берип сагынычтан күнүгө,
Уккум келип кусаланам үнүңө.
Кыялымда элестетип өзүңдү,
Кайра барам экөөбүздүн сүйүүгө.

Каалабаймын сыздап жүрөк күйүүнү,
Таштап артка сага деген күтүүнү,
Ишенемин ал өткөндү чакырып,
Кайра табам экөөбүздүн сүйүүнү.

Бул азапка жүрөк чыдап түтүүдө,
Эң акыркы үмүтүм да бүтүүдө.
Каалаганым аткарылып көрөсүң,
Кайра жашайм экөөбүздүн сүйүүдө.

Жүрөгүңдүн алып сезим ачкычын,
Биз жашайбыз кайра келип сүйүүдө.

## СҮЙҮҮ САПАРЛАШЫМ

Жүргүзүп ойлоруңдун арабасын,
Алып келдиң сезимдин таразасын.
Ишеничтен кеттимби, сынадыңбы,
Билбеймин мен, эмнени жаза бастым?

Сүйүүнүн жолун баскан сапарлашым,
Ажырабай бир жүрүүгө сага шаштым.
А бүгүн ишеничтен кеткен өңдүү,
Сыныңа, оюңа да аралаштым.





Өзүңдөн башканы мен каалабасмын,
Өмүрдүн ойдуңунда катарлаштым.
Сезимдин салмагынан жеңип чыгам,
Сынаба, мени сүйүү сапарлашым.

Жүрөгүм сени менен бирге согот,
Сынайм деп пайда кылба жаракатын.

## СЕНИ МЕНЕН ӨМҮРДӨ

Тумарың болуп сага тагылайын,
Керегиңдей зарыкканда табылайын.
Жалгыз сенин жүрөгүңдү ээлеп алып,
Сезимиңе өзүм гана кабылайын.

Жүрөгүңө кирип алып жалынайын,
Сүйүү нурун чачып сага жагынайын.
Карегиңе карегим тең айланып,
Сендик болгон сезимиме багынайын.

Өзүң мага даба болчу, айыгайын,
Сагынычтан, кусалыктан арылайын.
Кубанычың, азабыңды тең бөлүшүп,
Багыт алып сен тарапка агылайын.

Кол кармашып сени менен бул өмүрдө,
Бир багытка, бир максатка жол алайын.

**ҮМҮТ ҮЗАЛБАДЫМ**

Сүйбөдүм, башка жанды сүйалбадым,
Сүйүүнүн дайрасында сүзалбадым.
Сүйдүрүп алган таш боор жүрөгүңө,
Сүңгүдүм, дале үмүт үзалбадым.

Күйбөдүм, башка жанга күйалбадым,
Күйсөм да сени ойлоп, күталбадым,
Күн өтүп жылдар жылга алмашса да,
Күймөлүп, сени сүйүп бүталбадым.

Түтпөдүм бөлөк жанга түталбадым,
Түрлөнүп калп болсо да күлалбадым,
Түйшүгүн сезимимдин тарткан менен,
Түпөйүл жүрөгүңдө жүралбадым.

Сустайып жүрсөң деле түнөрүңкү,
Сумсайып, неге үмүт үзалбадым.

**ОРТОБУЗДА АЛЫСТЫК**

Ээ кусалык, мынча эмне жарыштык,
Сезимим да баасын бербей калыстык.
Сагынычтын чынжырына байладың,
Бөлүп коюп ортобузду алыстык.

Капысынан издеп кайра табыштык,
Деген менен убакытка багындык.
Телефондон сүйлөшөмүн аргасыз,
Ортобузду бөлүп коюп алыстык.





Жаралгандай жүрөгүмдө тартыштык,
Урунгандай кусалыкта кагыштык.
Көргүм келип сагынамын өзүңдү,
Бирок, бизге тоскоол болду алыстык.

Бүгүн эле жетип барам күтүп ал,
Чындап эле тоскоол болсо алыстык.

**БИЗ ЖҮРӨБҮЗ**

Биротоло сендик болуп кеталбай,
Дале жүрөм эх, өзүмө келалбай,
А сен канттиң, кыйналдыңбы жарыгым,
Не жүрөбүз бир максатка бет албай?

Сүйөмүн деп сүйүү отун кечалбай,
Ыйык аруу сезим багын кезалбай.
Сагынычты, кусалыкты жамынып,
Биз жүрөбүз бир багытка бет албай.

Сыздап жүрөк, ошол ойго жеталбай,
Биз жүрөбүз күтүп күндү эс албай.
Отробузду бөлүп мына алыстык,
Жүрү кеттик, бир багытка дей албай.

**ӨКҮНҮЧҮҢ**

Өмүрдүн калып кеткен өтүмүшүн,
Кааладым келип сенин өчүрүшүң.
Эркиңе баарын мына коюп берем,
Жашоодо эч болбосун өкүнүчүң.

Кабыл ал дал ошондой көрүнүшүн,
Көргөзбө көз жашыңдын төгүлүшүн.

Бир күнүм мен оюңа коюп берем,
Болбосун мага деген өкүнүчүң.

Бардыгы сага болгон көңүл үчүн,
Каалабайм азаптарга чөмүлүшүң.
Бир күнгө сен бактылуу болуп алчы,
Жоголсун айткан ошол өкүнүчүң.

Бир күнгө сен бактылуу жашап алчы,
Жоголсун арман болгон өкүнүчүң.

## УНУТПАЙЫН ДЕСЕМ ЭЛЕ

Кетким келди билегиңди какпастан,
Сенден алыс, алыс жакка айтпастан.
Деген кезде жамалыңды көргөзүп,
Урунасың көздөрүмө капыстан.

Түйшүгүмдү, азабымды артпастан,
Тынчың алып кайра дагы барбастан.
Унутайын десем эле жүзүңдү,
Улам күчөйт сага сүйүүм кайтпастан.

Кандай амал ойлосом да баары бир,
Унуталбайм сени жаным, эч качан.





## КАЛГАМЫН СЕНИ ЖАТТАП

Түнөрүп жүрөгүмдү булут каптап,
Сага болгон сезимимди койду таптап.
Канчалык унутайын десем дагы,
Кетпес болгон атыңды алдым жаттап.

Кеталбай турам неге сенден аттап,
Жүрөгүңө албаган соң мени каттап.
Мен сенден алыстайын деген менен,
Жан дүйнөм эч өчүрбөй алган жаттап.

Бүт денем алоолонот болуп аптап,
Күчүмдү жыйнай албай сага сарптап.
Кыйналдым мен өзүңдөн үмүт үзбөй,
Жан дүйнөм, жүрөгүм да сени жаттап.

Канчалык алыстайын десем дагы,
Унуталбай калгамын сени жаттап.

## БАЙКУШ КӨЗДҮ КӨРГӨНДӨ

Удургуган ойлор менен уйпалап,
Кыр көрсөтүп кайда кеттиң куйкалап?
Жер бетинен бир да чекит калтырбай,
Көзүм сени таппай издейт, кубалап.

Көз жамгыры токтобостон улам жаап,
Калды жаздык көк чыккандай тулаңдап.
Чалынамын, жыгыламын санаага,
Баскан изим багыты жок тумандап.

Ээрчип алып же болбосо кубалап,
Албайт элем жүрөгүңдү бурмалап.
Элеңдеген эки көздү көргөндө,
Көтөрүп кой колуң бийик булгалап.

Издеп жүргөн байкуш көздү көргөндө,
Колуң көтөр жок дегенде булгалап.

## КӨЗДӨРҮМ АЙ, БАЙКУШУМ

Көздөрүм ай, эмнеге сени көрдү,
Сүйүүмдү байкабадың, көңүл чөктү.
Башканы эч ойлобой, ойлой албай,
А бүгүн кусалыктан жашын төктү.

Көздөрүм ай, жапжалгыз сени көрдү,
Ооба сен карабадың мындай көздү.
Тыйылбай тамчы жашым карегимден,
Тиктеди аргасыздан, асман көктү.

Көздөрүм ай, байкушум, сени көрдү,
Көрдү да эч укпады, башка сөздү.
Ээлетип алган экен, энчилеп ал,
Жүрөктөн орун берип, ыйык төрдү.

Көздөрүм ай, көздөрүм ал, байкушум,
Эмнеге жалгыз гана сени көрдү.





## ӨЧҮРБӨЙ ҮМҮТҮМДҮ

Коротуп не бир жанга мезгилиңди,
Канчалык тебеледиң сезимиңди?
Акчам жок, жүрөгүмдү тартууласам,
Мен байкуш, бир бечара сезилдимби?

Керексиз болуп эмне эскирдимби,
Кунуңду төлөй албай кечиктимби?
Айтпастан кирип алып жүрөгүңө,
Ачык айт, мен айлаңды кетирдимби?

Сүйөм деп айтканыңа ээрчидимби,
Өчүрбөй үмүтүмдү, эзилдимби?
Сезимиң бааланаарын сезбей аттиң,
Сүрүлүп четте калып, чегиндимби?

Канчага алмаштырсаң сезимиңди,
Айбаттуу бир пендеге кезиктиңби?

* * *

Жүрөк канайт, дабасы жок тилинип,
Таң калгандай карайсың да тигилип.
Ушул сенин мерездигиң айынан,
Жүргөнүмдү билбейм кандай кийинип.

Ээрчип алып сүйөмүн деп жүгүрүп,
Жалынганда улам сага жүгүнүп.
Издейсиң да кутулуунун амалын,
Койсоң эмне жок дегенде сүйүнүп.

Көңүл калбай, таштай албай илинип,
Барып сага чөгөлөдүм ийилип.

Биротоло жоготойун дегенсип,
Уусун бердиң сезимиңдин ичирип.

Сүйүү жолум тороп мени шаңдансаң,
Бир күн кайра келип алам тирилип.

## ИШЕНБЕЙМ

Өткөн күндүн барактарын тиктебейм,
Артты карап, азап тартып издебейм.
Сүйөмүн деп дагы чыксаң жолумдан,
Болду сага, чын болсо да ишенбейм.

Адашкансың, адашпа деп тилдебейм,
Өзгөрүлүп, өкчөп өзүң бил дебейм.
Чыкпасам да сезимиңдин торунан,
Макул болуп мен башымды ийкебейм.

Ишенгенмин, эми сага ишенбейм,
Жүрөгүмө кулпу салып, кишендейм.
Сезимиңдин гүлүн терип келсең да,
Өткөн күнгө салыштырып, иргебейм.

Жүрөгүңдү уучтап алып келсең да,
Ишенгенмин, ишенгенмин, ишенбейм.





## СҮЙБӨЙМ СЕНДЕН БАШКАНЫ

Ойлор тороп алып сени кайдагы,
Сүйбө дебе, сүйгөн өңдүү башканы.
Жүрөгүмдүн бекем кармап ачкычын,
Сага гана ачкан элем каалганы.

Жалгыз өзүң сезимимдин каарманы,
Ойлобоймун, карабаймын башканы.
Сени менен жетелешип жүргөндө,
Болгон эмес жүрөгүмдүн арманы.

Күндө күткөн күнүм сенсиң таңдагы,
Күлүп чыксаң, нуруң чачып жайдары.
Сезимиңдин сыйкырына бөлөнүп,
Гүлүң болом, соолубаган жаздагы.

Ойлор тороп алып сени кайдагы,
Ойлобочу? Сүйбөйм сенден башканы.

## ӨКҮНБӨЙМ СЕНИ СҮЙҮП КАЛГАНЫМА

Чыгарып алсам дагы асманыма,
Сезимдин жолун сенден ачканыма.
Баш багып жүрөгүңдөн орун алып,
Өкүнбөйм, сүйөмүн деп айтканыма.

Киргизип ырларымдын саптарына,
Чиймелеп сүйөмүн деп жазганыма.
Жүрөгүм оорутсаң да өкүнбөймүн,
Чыдаймын берген сыноо азабыңа.

Даба таап алып сезим жаратыма,
Таянып келем сенин жардамыңа.
Мен сени ушунчалык сүйгөн үчүн,
Ишенбейм бул өмүрдүн жалганына.

Чыгарып алсам дагы асманыма,
Өкүнбөйм сени сүйүп калганыма.

## МЕНИН СҮЙҮҮМ ӨЧПӨСҮН

Өмүр мени каалагандай өкчөсүн,
Талап коюп, таразалап өлчөсүн.
Бирок, бирок, мен башканы сүйалбайм,
Аткарсам да не бир түркүн көксөөсүн.

Мезгил менден алып баарын, өзгөрсүн,
Толуктасын толбой калган бөксөсүн.
Бирок, жалгыз өтүнүчүм аткарып,
Суранамын мени сенден бөлбөсүн.

Ыраа көрбө жашоо мага өзгөсүн,
Каалайт элем сезимимдин өлбөсүн.
Кандай түйшүк берсең дагы көтөрөм,
Менин сүйүүм нурун чачып өчпөсүн.

Аткарайын макул кандай көксөөсүн,
Суранамын, сени менден бөлбөсүн.





## СЕН ДЕП ООРУП

Сагынычтан көөдөнүм ашты толуп,
Жүрөгүмдү сыздатат улам жонуп.
Калгандаймын эч кимге аралашпай,
Куюн үзгөн бир үзүм булут болуп.

Кулатпагын эркимди четтен чолуп,
Байыр алып жашайсың келип конуп.
Баш ийбеген сел сымал бул сагыныч,
Жан дүйнөмдү алды го оюп, оюп.

Андан көрө мөңгүдөй калсам тоңуп,
Өчөөр беле үмүтүм балким соолуп.
Зоолор менен түбөлүк сырдашсам эх,
Сагынычтан калгыча сен деп ооруп.

Эркин гана дем алсам тоюп, тоюп,
Сагынычтын азабын жоюп, жоюп.

## КУТУЛА АЛБАЙМ САГЫНЫЧТАН

Суу ичип сезимиңдин арыгынан,
Эс алып мен сүйүүңдүн жаздыгынан.
Жүргөндө көңүлүмдү оорутасың,
Эби жок чала моңол жаштыгыман.

Арылсам сага деген таарынычтан,
Кутула албайм неге сагынычтан?
Сөз берип унутайын деп ойлонсом,
Коркомун кайра дагы жаңылыштан.

Өчүрүп үмүтүмдү жарыгынан,
Чыгарып жүрөгүмдү калыбынан.
Кетем деп сени таштап жол алганда,
Адашып калсам кантем багытыман?

Көргөзбөй мен эч кимге жашып улам,
Кутула албай жүрөм сагынычтан.

**МЕН НЕГЕ?**

Тумчугуп чөмүлөмүн убайымга,
Жылына албай сенин кучагыңа.
Билсем да келбесиңди, жароокерим,
Зарыктым коштоп жүргөн кубатыңа.

Жүрөгүм даба издеп, ооругандан,
Коркомун жат сезимге жолуккандан.
Түшүмдөн көрүп алсам тынчым кетип,
Майнап жок жакшылыкка жоругандан.

Эмнеге, күтө берем көңүл калбай,
Оюмду башка нукка көчүралбай.
Кыйналдым тушап алган сезимиңден,
Али да үмүтүмдү өчүралбай.

Мен неге издей берем өчүм бардай,
Дал сенин жүрөгүңдүн өзүн таппай.
Жоготуп алганымды билсем дагы,
Күтөмүн ошол жолдон көңүл калбай.





**КӨНӨСҮҢБҮ?**

Уучтап барам сезимим, көрөсүңбү,
Ууртап татып көңүлүң бөлөсүңбү?
Кулак уккус, көргүс жакка мен менен,
Кеттик десем жакшынам, көнөсүңбү?

Убактымды уурдатып өөнөйсүңбү,
Баратамын алсырап, жөлөйсүңбү.
Ак сүйүүнүн кулачын жайып мага,
Жыргалына сезимдин бөлөйсүңбү?

Мага келип мээримиң төгөсүңбү,
Алкымымдан аймалап өбөсүңбү?
Алыс, алыс жактарга кетеличи,
Айтканыма алтыным, көнөсүңбү?

**КУБАНАМЫН**

Карааның көрүнгөндө кубанамын,
Көздөрүң тиктей албай уяламын.
Көтөрөм сенин гана сезимиңди,
Кетпечи сен жанымдан, сураномын.

Кыялымда билгизбей куткарамын,
Дайының билбей калсам кубарамын.
Кайдагы нерселерди ойлоп алып,
Сен жөнүндө укканда кубанамын.

Күт десең, күтүп сени туралamын,
Айттырбай баарың билип, туяламын.
Тартуулап мага сезим берген үчүн,
Жакшынам сага гана кубанамын.

## АЛЫС ЖАККА МЕНИ ТАШТАП КЕТПЕЧИ

Алгым келбейт убакытты кетирип,
Жүрөгүмдөн орун алдың кезигип.
Алыс жакка, алыс-алыс жол алсаң,
Алып кетчи мени кошо ээрчитип.

Турган жокмун арга таппай зеригип,
Сагынычтан кыйналамын ээлигип.
Жалгыз коюп мени таштап кетпечи,
Калгым келбейт мезгилиме жеңилип.

Суранамын, тиктебечи, жекирип,
Эмне десем койчу мени кечирип.
Менсиз эле кетемин деп жол алсаң,
Туралбаймын калып четте чегинип.

Табам сени калсам дагы кечигип,
Барганымда карап калба, жекирип.
Мени таштап кетчү болсоң чын эле,
Анда сени ээрчип алам бекинип.

Алыстарга кетем дейсиң эмнеге,
Алып кетчи, мени кошо ээрчитип.





## КОЁСУҢБУ КЕЧИРИП

Айталбадым ойлорумду чечилип,
Кеткен болсо эгер менден чекилик.
Капаланып, кайгырбастан а балким,
Коёсуңбу жароокерим, кечирип.

Үндөбөдүм, карегиңе кадалып,
Ооба менден кеткен окшойт каталык.
Таарынбачы, күтө турчу, жакында,
Башталат го экөөбүздө саамалык.

Унчукпадым, капаландың секирип,
Кеткен өңдүү күнөө менден, сезилип.
Болбогонго араздашсаң жакшынам,
Алгым келди биротоло бекинип.

Айталбадым бирок алдың эзилип,
Кездешүүгө келдим сага кечигип,
Араздашпайм, арзыбаган нерсеге,
Ошол болсо менден кеткен чекилик.

## КАПАЛАНБА, КАЙГЫРБА ДА, ЫЙЛАБА

Сен таарынба, мага жаным таарынба,
Жолум карап күтпө мени сагынба.
Тагдырыбыз бир болбосо кантейин,
Сүйөмүн деп айта берип жалынба.

Сен кайгырба, мага жаным кайгырба,
Башка бирөө буюргандыр бактыңа.
Сен экөөбүз бирге эми болбойбуз.
Барган менен далай ирет жаныңа.

Сен ыйлаба, мага жаным ыйлаба,
Биздин сүйүү кала берсин ырларда.
Сүйсөң мени, мен да сүйөм, билип кой,
Байланышпа, кабарлашпа, кыйнаба.

Таарынба да, ыйлаба да, кайгырба,
Тагдыр экен себеп болгон баарына.

## КЫСА КАРМАП КУЧАКТАЙЫН БООРУМА

Көрүнүп сен чыга калсаң жолума,
Кыса кармап кучактасам боюма.
Мен жөн эле сени менен сырдашсам,
Кыялдандым нелер келип оюма.

Даба болуп берчи менин оорума,
Бекем кысып кучактайын боорума.
Эмне мынча сени гана сагынам,
Бир көрүнчү калып менин сообума.

Кучактайын артылып мен жонуңа,
Колдорумду ажыратпай колуңа,
Коё бербей сени гана кармайын,
Түшүрүп ал мени жалгыз торуңа.

Ушунчалык сени дайым сагынам,
Кыса кармап кучактайын боорума.





## СҮЙҮҮ ҮЧҮН КАЙЫЛМЫН

Балким сүйүү сен тарапка азгырган,
Макул элем жүрсөм дагы артыңдан.
Кыялымда баары жомок болсо да,
Ал мен элем, сени ойлоп сагынган.

Жүрөгүмө тумар болуп тагылган,
Карегимде өчпөс сүрөт тартылган.
Сагындырып кыйнай берет жамалың,
Ал мен элем, сезимиңе багынган.

Тынчың алып улам сага катылган,
Себеби жок болбогонго таарынган.
Сүйүү үчүн кайыл бирок баарына,
Ал мен элем, дидарыңа жалынган.

Ал мен элем, ал мен элем билип кой,
Сени сүйүп, жамалыңа багынган.

## АЛ МЕН ЭЛЕМ, АЛ СЕН ЭЛЕҢ

Ал сен элең сүйүү берип кыйнаган,
Жүрөгүмдөн башка жерге сыйбаган.
Жалгыз сенин сезимиңдин тамыры,
Мени ороп, мени гана чырмаган.

Ал мен элем, сүйүүм айтып тынбаган,
Сагынычтан көз жашымды тыйбаган.
Сан ойлордон арылалбай кыялым,
Уйгу-туйгу согуп жүрөк сыздаган.

Ал мен элем, ал сен элең ыйлаган,
Орундалбай ойлорубуз кыйраган.
Кол кармашып сен экөөбүз кеталбай,
Кай бирөөлөр бизди карап жыргаган.

Өчпөс сезим берип тагдыр сынаган,
Ал мен элем, ал сен элең сыздаган.

## САГЫНАМЫН

Унутам десем кайра сагынамын,
Кабарың билгим келип ашыгамын.
Өзүңдөн эч үмүтүм үзө албай,
Өчүргөн телефонум жандырамын.

Өзүмө, анан сага таарынамын,
Сооронуп аргам канча, жазыламын.
Жымжырттык, кабарың жок, дайының жок,
Кызыксыз күндөрүмө багынамын.

Кайрадан жүрөгүңө катыламын,
Билбеймин мен эмнеге кабыламын.
Күтө берип сенин гана коңгуроонду,
Мезгилдин өткөнүнө кайгырамын.

Өчүрүп телефонум жандырамын,
Мен сени күтүп жүрөм, сагынамын.

## СЕН МЕНЕН КЕТЕЙИНЧИ АЛЫСТАРГА

Колдогон, жан үрөгөн, калыстарга.
Кабарым угузба эч тааныштарга,
Канатың жайганыңда конуп алып,
Сен менен кетейинчи алыстарга.





Мезгилден артта калдым жарышаарга,
Чамам жок, эрким жетпейт айтышаарга.
Алсызмын, кучагыңды ачып койчу,
Сен менен баргым келет алыстарга.

Катып ал көргөзбөстөн жакындарга,
Табыштап алдым арнап баарым сага.
Сен менен жол алайын бүгүн эле,
Оо алыс, алыс, алыс, алыстарга.

Кайчылаш жолдон эгер кезигишсек,
Алып кет, мени жаным алыстарга.

## КЕТКИМ КЕЛЕТ

Таштап кетем алып калбай катканымды,
Бар дүйнө, бүт баарым, тапканымды.
Кетким келди карабай алыстарга,
Кулак салбай, балким сезбей айтканыңды.

Үй бүлөм, тууган, достор, жакынымды,
Бир өмүр коштоп жүргөн асылымды.
Билбеймин таштап эле кетким келет,
Жыйнай албай калдымбы акылымды?

Жебеймин түркүн даамдуу азыгыңды,
Кийбеймин алып берген жакутуңду.
Белгисиз бир аралга кетким келет,
Ээрчитип ыр кураган бакытымды.

Кетейин алыстарга, алыстарга,
Ээрчитип ыр кураган акылымды.

## ЖҮРҮ КЕТТИК

Мен сүйүүдөн эми гана соолугуп,
Турган кезде калбадыңбы жолугуп.
Ооруп жүрөк кыйналууда чыдабай,
Бүт баарымды кусалыкка толтуруп.

Эчен жылдар жан дүйнөмө чогулуп,
Калган куса бүгүн мени оорутуп.
Токтобогон көз жашымды тыялбай,
Аламбы дейм, акыры аны соолутуп.

Жүргүм келбейт айланамдан корунуп,
Сагынычтан жүдөйт жүрөк оолугуп.
Бир амалын табалычы жакшынам,
Ыйлаганда эмне пайда, кошулуп?

Сен экөөбүз бир багытка жол алып,
Жөнөйлүчү, жүрү кеттик жолугуп.

## СҮЙҮҮДӨН СООЛУГАЙЫН

Көрөм деп сени ойлоп оолукпайын,
Өзүңө азап берип, жолукпайын.
Болбогон нерселерди кыялданып,
Каралдым көңүлүңдү оорутпайын.

Сүйүүмдү сенден билем, толуктайын,
Ойлонуп, ойлорумду чогултайын.
Сезимиң баш айлантып турган кезде,
Убакыт берип койчу, соолугайын.





Мас болдум сезимиңе, моюп дайым,
Магдырап, баш айланып, болуп жалын.
Ашыгып сага жообум берип алып,
Маскара болгум келбейт, соолугайын.

Өзүмө келип бир күн, жолугайын,
Сенин да көңүлүңдү оорутпайын.
Туура жооп берээриме ишене көр,
Күтө тур, күтө турчу, соолугайын.

## КӨЗДӨРҮМ ДА КЫЙНАЛДЫ

Карегим да сени издеп кыйналды,
Кадимкидей жүрөк сыздап ыйлады.
Кабарыңды билсем дагы эмнеге,
Караңгылык каптагандай чырмады.

Көздөрүм да көрөмүн деп сыздады,
Көздө жашым токтободу, сыйбады.
Көрүнгөндөй туюласың эмнеге,
Көлөкөмдү ээрчип алган сыңары.

Күнбү, түнбү болуп сезим чырагы,
Күтүү деген бир балекет чырмады.
Көрүнөбү деген өңдүү издеймин,
Күлмүңдөгөн жакшынамдын ыраңы.

Көрөмүн деп издей берип көздөрүм,
Көз жаш төгүп, сагынычтан кыйналды.

## СЕЗИМДИН ГҮЛЗАРЫНА БАРАЛЫЧЫ

Сезимдин гүл багына баралычы,
Түбөлүк ошол жерде калалычы.
Ажырабай сен экөөбүз канча болсо,
Ээрчишип, жетелешип басалычы.

Сүйүүнүн гүлзарына баралычы,
Сагыныч, кусалыкты жазалычы.
Өмүрдө сен экөөбүз ажырабай,
Бир бүтүнгө айланып алалычы.

Өчпөгөн сезим шамын жагалычы,
Издеген бакыт нурун табалычы.
Сүйүүдөн урабаган коргон куруп,
Бактылуу күндө гана калалычы.

Сезимдин гүлзарына баралычы,
Сүйүүнүн коргонунда калалычы.

## СЕНИ ЖҮРӨМ САГЫНЫП

Калсам дагы кайчы жолдон жаңылып,
Кетпес болгон кусалыкка кабылып.
Көргүм келип карааныңды акмалап,
Дале жүрөм сени гана сагынып.

Сага деген кусалыгым жазылып,
Бир күн келип мен баарынан арылып.
Каламбы деп үмүт үзбөй өзүңдөн,
Ойлоп сени издеп жүрөм сагынып.





Билесиңби, карааныңа зарыгып,
Көз жашымды тыйган менен жашырып.
Сен билбейсиң, сен эч нерсе билбейсиң,
Жүргөнүмдү ушунчалык сагынып.

Канча жылдар өтсө дагы арадан,
Дале жүрөм сени ойлоп, сагынып.

## НЕГЕ СҮЙДҮМ...

Сени ойлоп убакытым коротпой,
Койгонумда жүрөгүмө жолотпой.
Жүрөр белем эч нерседен бейкапар,
Эх, сүйүүдөн, мен өзүмдү жоготпой.

Сени жүрөк койсо кана тоготпой,
Жан дүйнөмдү сезим менен оротпой.
Баш оорутпай, билбей калсам сүйүүнү,
Жүрөр белем мен өзүмдү соороптой?

Сен жөнүндө билмек эмес, ойлонбой,
Жолуң күтүп, саатым карап ойгонбой.
Жүрөгүм да тынч жашоону тандамак,
Сагынычты, кусалыкты жолотпой.

Сени неге сүйдүм экен билбедим,
Тынч жашасам болбойт беле ойлонбой.

## САГЫНГАНДА

Ойлорум орундалбай талкаланып,
Ооруган жүрөгүмдү кармап алып.
Мен сени ушунчалык сагынганда,
Дилгирим, жүрбөйт белем жандап алып.

Ал өткөн күндөрүмө капаланып,
Аргасыз башка жолду тандап алып.
Өзүңдү унуталбай жүргөнүмдө,
Өтөсүң чагылгандай жарк-журк жанып.

Сүйдүрүп чынжырыңа байлап алып,
Жүрөгүмө сезимден сайма салып.
Мен сени көргүм келип сагынганда,
Кайда кеттиң, билбедим, байыр алып.

Кетпеген кусалыкка чалынамын,
Көз жашыма жүзүмдү чайкап алып.

## СЕНИ СҮЙӨТ

Алсырап, оо куруган ушул жүрөк,
Эмнеге алоолонуп сени сүйөт.
Өтсө да канчалаган таңдар атып,
Сагыныч, кусалыкка чыдап жүрөт.

Ичер сууң болсо дагы балким мүрөк,
Баарына кайыл болуп сени сүйөт.
Кыдырып жети кабат жер айланып,
Таап берет бүт ааламдан канат күүлөп.





Калса да өчө албай араң түтөп,
Эмнеге сени ойлоп, сага күйөт.
Бир күнү жүрөгүңдөн орун алып,
Байкатпай барып алып табат түнөк.

Оо кургур алсыраган ушул жүрөк,
Баарына кайыл болуп сени сүйөт.

## КАРЫНДАШЫҢ

Эх, сенин, бото көздүү карындашың,
Сезимге ооруп жүрөк кабылбасын.
Десең да сүйүү кетпей курчап алып,
Билдиңби, бул дартынан айыкпашын.

Ооба ал сенин тааныш карындашың,
Олтурат сезим ороп, чапчып башын.
Секелек кезден сүйүп акетайын,
Сездиңби, бул оорудан арылбашын.

Жактырган ошол сенин карындашың,
Кай күнү келип айтып жаңылбасын.
Сезимин сезип койчу айттырбастан,
Агасын күтө берип таарынбасын.

Секелек кезден бери сүйүп жүргөн,
Агатай, сенин жердеш карындашың.

## КАРЛЫГАЧЫҢ

Койбоду дале сага таарынганын,
Кусалык азабына кабылганын.
Билдиңби, өзүң жокто жароокерим,
Канатын күүлөй албайт карлыгачың.

Же койбойт сени гана сагынганын,
Кетпеген сезим дартка багынганын.
Анан да күтүп, издеп сыздай берет,
А балким, кызганычтан карлыгачың.

Түшүнбөй канатынын кайрылганын,
Тыйбады сага күндө кайгырганын.
Жүрөгү алсыз согуп кыйналууда,
Кусалык ээлеп алган карлыгачың.

Жашоонун сыноосунан жаңылганын,
Билбеди бир капаска салынганын.
Бүгүн да жат адамга көнө албады,
Кыйналды, сен жоготкон карлыгачың.

## КЕЧ ЭМЕС

Сени менен бирге жашоо баштоого,
Бул өмүрдө чогуу кадам таштоого.
Ооба чындап эми деле кеч эмес,
Мезгил келди өз жолумду тандоого.

Балким бүгүн ойлорумду калчоого,
Сени ээрчип ушул жолдон калбоого.
Чындап эле, чындап эле кеч эмес,
Бул бакытты коё бербей кармоого.





Сөз беремин, сөз берметин арноого,
Бирге басып, түбөлүккө жандоого.
Чынын айтсам азыр дагы кеч эмес,
Сени менен бирге дайым жашоого.

Ооба, ооба, эми деле кеч эмес,
Сени менен өмүр жибин баштоого.

## КЫЗГАНАМ

Кызганам сен эч кимге жолукпачы,
Дүйнөмдү сүйүү менен толуктачы.
Тартуулап мага сезим арнасаң да,
Кыйналам көңүлүмдү оорутпачы.

Кыйшайсам жөлөп мени колтуктачы,
Кызганам, кызгандырып коркутпачы.
Жакшына болуп эле баратасың,
Оюмду башкага сен жорутпачы.

Көзүмдүн карегин эч соолутпачы,
Өзүңдү суктандырып коорутпачы.
Жамалың жаз гүлүндөй болуп барат.
Жакшынам кызгандырып оорутпачы.

Канчалык кызганбайын десем дагы,
Жан биргем кызгандырып оорутпачы.

## КЫЗГАНДЫРЫП ЖҮРӨ БЕР

Сен өзгөрбө, эч өзгөрбө, өзгөрбө,
Макул менин жүрөгүмдү өрттөбө.
Кызыктырып, кызгандырып а бирок,
Урунасын дагы канча көздөргө.

Сен үндөбө, эч үндөбө, үндөбө,
Сүйөмүн деп айтпа макул, сүйлөбө.
Кызгандырып далай жандан өзүңдү,
Күйүт чачып өтөсүңбү күндөргө.

Сен сагынба, эч сагынба, сагынба,
Кайыл болуп жашасам да баарына.
Кызганычтан күйүктүрүп күйдүрүп,
Ээрчитесиң дагы кимди жаныңа?

Сен ойлобо, эч ойлобо, ойлобо,
Айтканыма кулак салба, колдобо.
Кызгандырып жүрө бергин, а бирок,
Менден алыс кетсең эми жолобо.

## СЕБЕП БАР

Эрким жетпей кыйналам акылыма,
Өзгөртүү алып келдиң багытыма.
Салып коюп жан дүйнөмө дүрбөлөң,
Жаңылык киргиздиңби тагдырыма.

Себеп таап бербедиңби сагынууга,
Мүмкүн эмес бул дарттан арылууга.
Жагып коюп жан дүйнө алааматың,
Аргасыз кылбадыңбы багынууга.





Өкүнбөйм, сени сүйгөн кадырыма,
Баралбайм тынч жашаган калыбыма.
Тагып коюп жан дүйнөмө сезимиңди,
Даам коштуң ырларымдын татымына.

Себеп бар, сени ойлоп сагынууга,
Себеп бар, сени сүйүп жактырууга.

## МЕНДЕГИ АРУУ СЕЗИМ

Түшсөм да бул өмүрдүн казанына,
Чыдабайм кусалыктын азабына.
Сендеги кыялдануу менде да бар,
Алып кет ыйык сезим аралына.

Жазылып калган болсоң таалайыма,
Дабасын тапкан болом жаратыма.
Сендеги соккон жүрөк менде да бар,
Жардам бер андан көрө абалыма.

Айттырбай алып кетсем асманыма,
Макул деп көнөсүңбү айтканыма.
Сендеги түркүн ойлор менде да бар,
Муктажмын ушунчалык жардамыңа.

Мендеги аруу сезим сенде да бар,
Билгизбей жүрсөң дагы байкадым да.

## СЕНИ МЕНЕН ЖОЛ АЛАМ ДЕП

Дуушар болуп жан дүйнөм өзгөрүүгө,
Алсыз жүрөк сүйүүдөн өзгөрүүдө.
Сени менен кетем деп жол алганда,
Таразасы сезимдин өлчөнүүдө.

Ойлорумду бул сезим күчөтүүдө,
Акылымды акырын түзөтүүдө.
Аалам кезип кетем деп сени менен,
Атырып далай таңды күзөтүүдө.

Ыйык сезим баарымды төңкөрүүдө,
Сырларымды сыйкырлап көрсөтүүдө.
Жол алам деп кол кармашып сени менен,
Керемет кыялдарга бөлөнүүдө.

Кагып канат токтобой күндө, түндө,
Бул сезим кулпургандай түрлөнүүдө.
Жалгыз сага ишенип жолго чыгып,
Ыйык сүйүү болбой эле күүлөнүүдө.

## СУРАДЫМ ЖЫЛДЫЗДАРДАН

Сурадым бардыгынан, алыстардан,
Издедим карааныңды жылдыздардан.
А жерден таппай калдым аргасыздан,
Үндөбөйт, жооп бералбайт көкмөк асман.

Сурадым бул ааламдан, адамдардан,
Издедим оорулуудан, жарадардан.
Таппадым, эч таппадым, жароокерим,
Өзүңдү адамдардын арасынан.





Сурадым көрдүңбү деп адашкандан,
Сумсайып кошо жылдыз карашкандан.
Унчукпайт, баары неге унчукпайт да,
Өзүңдү жүрөгүмдөн талашкандан.

## ТАППАЙ КАЛДЫМ ЖЫТЫҢДЫ

Сени таппай, жыттай албай жытыңды,
Карегиме толуп жашым жыйылды.
Аргасыздан тиктеп алып жаздыгым,
Токтоталбай жатам күндө ыйымды.

Эми билбейм, кимге айтам сырымды,
Эзип жүрөк, сыздайт алып тынчымды.
Сени жаным ушунчалык сагынып,
Таппай калдым, мага сиңген жытыңды.

Сени табуу ушунчалык кыйынбы,
Жашоом жоктой элестетем кылымды.
Кучагыңды сагынганда сыйпалап,
Таппай калдым, токтоталбай ыйымды.

Таппай калдым, жер жүзүнөн эмнеге,
Жок дегенде жароокерим жытыңды.

## ТЫНЧЫМ КЕТТИ

Болуп бербей ойлорума айкалыш,
Көрбөй уйку, үзүлгөн соң байланыш.
Күтүп келем, күтүп келем, кабарың,
Кыйын болду билесиңби, таң атыш.

Тозок экен жүрөгүмө алданыш,
Оңой болсо болгон чыгар арбалыш.
Кабарың жок, дайының жок, тынчым жок,
Балким сенде эч болбогон таң калыш,

Ооба кыйын сезимимди башкарыш,
Татаал тура жүрөгүңдөн жай табыш.
Кайда кеттиң бир заматта жоголуп,
Тынчым кетти үзүлгөндө байланыш.

Таң атырдым, санап ар бир мүнөтүм,
Кечээ түнү үзүлгөндө байланыш...

## ТААНЫШ ҮН

Тааныш үн бир кездеги, кабарлаштың,
Кандайсың, кандайсың деп саламдаштың.
Телефон коңгуроосун кагып неге,
Козгодуң өткөн күндүн жаракатын?

Тааныш үн, алик алдым, амандаштың,
Номерим издеп таап, кайдан алдың?
Унуталбай кыйналып жүргөнүмдө,
Кайрадан жан дүйнөмө аралаштың.





Тааныш үн... капысынан кабарлаштың,
Жагымдуу, бир башкача амандаштың.
Канча жыл сени таппай жүргөнүмдө,
Өзгөрбөй дал ошондой саламдаштың.

Тааныш үн, тааныш үн ай... кабарлаштың,
Сен менин жан дүйнөмө аралаштың.

## АЛИК АЛЫП САЛАМЫМ

Байкаганга жакшыргандай абалым,
Нур оронуп алган өңдүү жамалым.
Кубанычка толуп турам башкача,
Алик алып койсоң менин саламым.

Болбосо да сага койгон талабым,
Бир тепкичке көтөрүлдү кадамым.
Кубандым го үмүт отум тутанып,
Алик алсаң менин айткан саламым.

Жактырамын, менин сүйгөн адамым,
Сен бар үчүн дайым ачык асманым.
Мен жолуңдан көрүнгөндө ар качан,
Алик алсаң жетет мага, саламым.

Кубанычка бөлөп мени ар убак,
Алик алып койсоң болду саламым.

## КӨКТӨ ЖЫЛДЫЗ АРАСЫНАН

Капаландым билесиңби, сагынгандан,
Чындап эле сага бүгүн таарынгандан.
Сөз түгөнбөй, сүйлөшөйүн деген менен,
Кереги жок эми сага жалынгандан.

Алып мына мен сүйүүнүн жазасынан,
Арылалбай сезимиңдин мазагынан.
Капаландым бүгүн сага капаландым,
Кусалыктын кутулалбай санаасынан.

Кездешпеймин эми сезим талаасынан,
Куру калып ак сүйүүнүн батасынан.
Капа болдум мерез болгон жүрөгүңө,
Көрүнсөң да көктө жылдыз арасынан.

Өксүп ыйлап сага бүгүн капа болдум,
Билбесең да билем сени сагынгандан.

## МЕН САГА ТААРЫНБАДЫМ

Ашыгып жолугам деп барганыма,
Болбогонду кыялданып алганыма.
Мен сага таарынбадым, капаландым,
Төгүлүп сүйлөшалбай калганыма.

Не жазган билбей туруп маңдайыма,
Көздөгөн жетемин дейм, максатыма.
Мен сага таарынбадым, ызаландым,
Чер жазып сүйлөшалбай кайтканыма.





Дабасы жалгыз сенсиң жаратыма,
Түшүнүп койчу менин жагдайыма.
Ооба мен капаландым, ызаландым,
Жапжалгыз мени сүйгөн ардагым аа...

Кечирчи, эмнелерди айтканыма,
Муктажмын билесиңби, жардамыңа.
Сүйүүдөн өчпөс болгон шоола чачып,
Жарык нур бересиңби, асманыма?

## САГЫНЫЧ ООРУСУНА

Жүрөгүм кусалыкка кабылганда,
Жан дүйнөм бүт баарына багынганда.
Көрсөтүп жолуң мага келесиңби,
Мен сени ушунчалык сагынганда.

Күтүүдөн тажап сага таарынганда,
Жолуккум келип кайра жазылганда.
Сезимдин нурун чачып келесиңби,
Ало деп менин үнүм жаңырганда.

Сагыныч оорусуна кабылганда,
Ойлорум сен тарапка агылганда.
Дартыма даба болуп келесиңби,
Көзүмдүн жашы токтоп басылганда.

Сен мага келесиңби айттырбастан,
Көзүңдү көргүм келип сагынганда.

## ЖОЛУҢ КАРАП МУРУНКУДАЙ

Келемин күтүп күндө туруктуудай,
Калса да көздөрүмө урунулбай.
Экөөбүз бирге баскан ошол жолдор,
Түбөлүк жашайт менде унутулбай.

Көргөн кезде өзүңдү, кубулгандай,
Жүрөгүм калыбынан суурулгудай.
Болуп барат жан дүйнөм бүгүн дагы,
Болбойсуң бирок аттиң, мурункудай.

Мезгилдин мага берген буйругундай,
Акыры сүйүү мени куруткудай.
Жүрөгүм сен деп гана жашаса да,
Күндөрүм өтүп барат булуттуудай.

Ойлорум ойлорума жуурулушпай,
Убакыт багыты жок туңгуюктай.
Эмнеге мен ишенип алдым экен,
Келет деп сен жашоомо мурункудай.

Кол шилтеп менден узап кетсең дагы,
Күткөнмүн жолуң карап мурункудай.





## ТААРЫНГАНДЫ ТОКТОТОМ

Болду сага таарынганды токтотом,
Багыт тандап, башка жолду ойлоном,
Деген менен көргүм келип өзүңдү,
Кусаланып кайра эле толгоном.

Болду эми, ыйлаганды токтотом,
Болбойт тура өз эркине койбосом,
Деймин дагы, сени издеп көздөрүм,
Кыялымда мен өзүмдү сооротом.

Болду көңүл сыздаганды токтотом,
Бул сезимден жүрөгүмдү бошотом.
Дедим дагы мен өзүмө сөз берип,
Койбойт эрким, кантип эле жоготом.

Сага болгон сезимимди токтотом,
Деп өзүмдү алдап эле сооротом.

## ЖАШАЙ БЕРЕМ ӨЗҮҢ БАРДА

Жан дүйнөм алоолонот бороон, карда,
Кайылмын ушул суукта калсам жарда.
Сен мага сүйүү берип койгон үчүн,
Жашаймын, эч үшүбөй өзүң барда.

Сен болсоң тээ төбөдө тиктеп айда,
Муз болуп катый албай турам сайда.
Сезимди сенден издеп тапкан үчүн,
Аралап жүргөндөймүн ысык жайда.

Кыялымда сен менен жүрөм жазда,
Мезгилден калып кеттим балким артта.
Кышында жүрөгүмө гүл өстүрүп,
Жашаймын, жашай берем өзүң барда.

Чиймелеп аяз келип сүрөт тартса,
Сезилбейт ызгаар суугу ушул карда,
Жүрөгүм алоолонуп оттой ысыйт,
Жашаймын жароокерим өзүң барда.

От болуп жашай берем өзүң барда.

## ТЫНЧЫН АЛБАЙ ӨЗГӨНҮН

Көрүп күндүн нуру жерди өпкөнүн,
Сезип, туюп, убакыттын өткөнүн.
Кубанамын бул өмүрдө барыма,
Жашап жатам тынчын албай өзгөнүн.

Сандыгына салып кулак укканын,
Кайра куспайт сактап алып жутканын.
Дудук кейпин кийип балким жашасам,
Ошол менин бул жашоодон утканым.

Көзүм көрсө бекем катып көргөнүн,
Жаңылабайт, кайра чийип өчкөнүн.
Зыяным жок, катарда жок болсом да,
Кай бирөөдөн, канчалардан өйдөмүн.

Чечпесем да адамдардын көйгөйүн,
Жашай берем, тынчын албай өзгөнүн.





## МЕНДЕН УЗАП КЕТЕСИҢБИ?

Ойлоп алган максатыңа жетесиңби,
Акыбалым кандай болот сезесиңби?
Алыстарга, алыстарга жол алам деп,
Чындап эле менден узак кетесиңби?

Биротоло жан дүйнөңдөн чийесиңби,
Сыздатып сен жүрөгүмдү тилесиңби?
Алыстарга, алыстарга кетем десең,
Кантип чыдайм көрбөй сени, билесиңби?

Билбей калдым же ошентип жеңесиңби,
Башка жашоо, башка дүйнө кезесиңби?
Алыстарга, алыстарга кетсең дагы,
Мен унутпайм сактайм сенин элесиңди.

Кызыктырбайт алыс, алыс кетесиңби,
Дүйнө кезип кайра балким келесиңби?
Океандын ар жагында жашасаң да,
Жетип барам, канат күүлөп, сезесиңби?

## МИҢ ЧАКЫРЫМ ШЫЛТОО ЭМЕС

Жүрөгүмдөн орун алып жай таап,
Сүйөмүн деп айтам сени жар салып.
Миң чакырым бөлбөйт биздин ортону,
Кусалыкка калсам дагы кадалып.

Көргүм келди сагынычым таркатып,
Тосуп алсаң жетип барам таң атып.
Миң чакырым шылтоо эмес, кеп эмес,
Сен жашайсың жүрөгүмдө сакталып.

Экөөбүздү бөлүп турган аралык,
Сыздап жүрөк көксөсө да канчалык.
Миң чакырым тоскоол болуп755 бералбайт,
Мамилебиз келе берет жанданып.

Миң чакырым, миң чакырым кеп эмес,
Экөөбүздүн сүйүү калат сакталып.

## МЕНИ ЭЧ БИР ОЙЛОБО

Айткан сөзүм четте калсын, колдобо,
Сезимиңди катып алып, жолдобо.
Мен баары бир сени гана сүйөмүн,
Макул ойло, мени такыр ойлобо.

Ысык суукtan калкан болуп коргобо,
Мыскылдаба, мазактаба кордобо.
Мен эмнеге сени гана сүйөмүн,
Сен ойлобо, мени эч бир ойлобо.

Жат бирөөнүн жүрөгүнө орнобо,
Каалагандай сезим менен торобо.
Билбеймин ай, сени гана сүйөмүн.
Ойлобосоң айлам канча, ойлобо.

Кайчы жолдон өтүп балким жолобо,
Керек кезде мээримиңе оробо.
Ишенип кой жалгыз сени сүйгөнмүн,
Кайыл болуп жашап өтөм, ойлобо.
Ойлобосоң эч ойлобо, ойлобо.





## ӨЗГӨРБӨ МҮНӨЗҮҢДӨН

Канчалык сыноо келип сыналсаң да,
Тоскоолдук тороп алып чыңалсаң да.
Өзгөрбө, дал ошондой көргүм келет,
Жакшынам азап тартып кыйналсаң да.

Болбогон нерселерге чырмалсаң да,
Бошошпо, көңүлүңдөн чыгарсаң да.
Өзгөрбө баягыдай мүнөзүңдөн,
Жакшынам, көрүп баарын чыйралсаң да.

Өтүп баары, унут калып кыр ашсаң да,
Же эстеп артты карап кылчайсаң да.
Өзгөрбө мага жаккан мүнөзүңдөн,
Жакшынам, далай жолу сыналсаң да.

Өзгөрбө, ошондогу мүнөзүңдөн,
Оюңдан мени кошо чыгарсаң да.

## ДАРЫЛАЧЫ

О жакшынам, башка жанды карабачы,
Кызганычтан жан дүйнөмдү канатпачы.
Кан тамырым кокусунан жарылбасын,
Менин гана жүрөгүмдү жаралачы.

О башкачам, бөтөн жанды азгырбачы,
Эч бирөөнү ойлобочу, сагынбачы.
Кызганычтан мен өрттөнүп күйүп кетем,
Менин жалгыз жүрөгүмдү дарылачы.

Жароокерим мага сүйүү тартуулачы,
Ойлоруңда мени гана талкуулачы.
Кызганбайын, макул сени кызганбайын,
Жүрөгүмө сезимиңди таңуулачы.

Арна мага сезимиңди садагасы.
Башка жанды карабачы, карабачы.

## СЕЗИМИҢ АЛООЛОНУП

Сагынычтан жашымды куюлтпачы,
Сезимдин азабына курутпачы.
Мага келген сүйүүнүн алааматы,
Сага бир күн барарын унутпачы.

Жүрөгүмдөн сезимиң сууруп алчы,
Андан көрө көзүмө урунбачы.
Башканы ойлоп, чын сүйүп жашасаң да,
Сени сүйгөн адамды унутпачы.

Өчүң болсо болгондур, урушпачы,
Сен деп согот жүрөгүм, угуп алчы.
Бир кездеги сезимиң алоолонуп,
Мени сүйүп каларың унутпачы.

Башка жанга ыраа көрбөй сезимиң,
Мени сүйүп жүргөнүң унутпачы.





## МЕНИН ГАНА ЭСИМДЕСИҢ

Кадамың таштай албай чегинесиң,
Көргөндө көрбөгөндөй бекинесиң.
Билемин, алыстайын десең дагы,
Жолумдан күндө бир маал кезигесиң.

Ачык айт сен эмнеге буулугасың,
Өзгөрүп, өзгөрүлүп кубуласың.
Туруктуу мүнөзүңдү күтө берем,
Адашкан жолоочудай туюласың.

Күттүрүп, келемин деп, кечигесиң,
Үмүтүм үзө албай, ээрчитесиң.
Айланып сен арзыган адамыма,
Ар дайым менин гана эсимдесиң.

Билемин сезимиме багынасың,
Сен дагы мени күтүп сагынасың.

## ЭМНЕ БОЛДУ ТААРЫНГЫДАЙ?

Сүйлөбөдүм, сөз айтып катылгыдай,
Жок болсо да эч нерсе, айтылгыдай.
Түнөрөсүң жамынып кара булут,
Эмне болгон сен мага таарынгыдай.

Үндөбөдүм, кечир деп жалынгыдай,
Билээр элем, же болсо жаңылгыдай.
Кабагыңды каптаган сур булуттун,
Эч бир эле түрү жок, ачылгыдай.

Тиктебедим, турамын чалынгыдай,
Эчак эле болсо да басылгыдай.
Жамалыңды орогон боз тумандын,
Кетип сенден түрү жок, арылгыдай.

Сөз айтпадым, билемин, катылгыдай,
Эмне болду, ачык айт таарынгыдай?

## БУЛУТ ТОСКОН АСМАНДАЙ

Сенде баары унут болуп калгандай,
Сезимиң да өчкөн окшойт сакталбай.
Макул менден алыстасаң алыста,
Тиктебечи, карабачы таң калбай.

Биз өткөргөн мезгил сага жалгандай,
Кай сырыңды жүрдүң экен айталбай.
Коштоп мени жүргөн күнүң эстесем,
Сезилет ээ мага келген армандай.

Көрүнбөгөн булут тоскон асмандай,
Кетти, кетти ошол учур кармалбай.
Турам бүгүн ооба чындап жат болуп,
Сага болгон сезимим да бүркталбай.

Бирок сени сүйө берем чарчабай,
Менден алыс кетсең дагы карабай.





## ИШЕНЕМ КЕЛЭЭРИҢЕ

Сезимдин түшүп алып тереңине,
Элендим жүрөгүңдүн элегине.
Жол салып урабаган сүйүү менен,
Мен жетем билгизбестен желегиңе.

Ишенем, ишенемин келээриңе,
Жарап сен сезимимдин керегине.
Көөдөнгө сыйбай турган кусалык бар,
Жазып мен сага учуп жетемин де.

Өмүрдүн бизге берген ченемине,
Карабай тоскоолдуктун себебине.
Баарына кайыл болуп кай бир күнү,
Сен мени бирге алып кетемин де.

Ишенем мага бир күн келээриңе,
Мени сен бирге алып кетээриңе.

## ИЗДЕП ЖҮРӨМ, КАЙДАСЫҢ?

Үндөбөстүн тартып, илип пардасын,
Көрүнбөстүн чийип алып картасын.
Карааныңды, кабарыңды билгизбей,
О, берекем, сагындырып кайдасың?

Жаап салдыңбы мага сезим каанасын,
Таап алдыңбы жүрөгүңдүн паанасын.
Абалыңды айтабы деп жол карап,
Жароокерим, издеп жүрөм кайдасың?

Балким көктө, кол жетпеген айдасың,
Балким жерде, өзгөрүлүп башкасың.
Сагынычтан, кусалыктан кыйналдым,
Дайыныңды билбей жүрөм, кайдасың?

Жолугуунун таба албай айласын,
Сени жаным, издеп жүрөм кайдасың?

## КУСАЛЫКТЫН АЗАБЫ

Көрүнбөгөн кусалыктын азабы,
Билинбеген сагынычтын жамалы.
Жүрөгүмдү ороп алып сыздатат,
Айыгабы сезимимдин жараты.

Бул азаптар ушул бойдон калабы,
Же билбеймин бир күн баарын жарабы?
Жүрөгүмдүн үшүн алып ыйлатат,
Ушундайбы мезгилимдин талабы.

Өкүнүчкө жетелеген санаабы,
Туңгуюкка алып барып салабы?
Жүрөгүмдү каптап кирип кыйратса,
Эх, көз жашым, дайра болуп агабы?

Татаал экен сезимимдин талабы,
Андан татаал кусалыктын азабы.





## КЕТПЕЙ КОЙДУ ЖАРМАШЫП

Мен өмүрдүн казанында чайкалып,
Жол алганда өргө карай чайпалып.
Тарта берди чалып улам бутумдан,
Оору деген бир балекет жармашып.

Мезгил мени турмушунда кайнатып,
Бакыт нурун берген кезде карматып.
Сынадыбы, сыналдымбы, билбедим,
Оору деген кетпей койду жармашып.

Келди оору мени менен кармашып,
Кадимкидей орун алып арбашып.
Туткунунан чагарыма ишенем,
Убактылуу келгендир да жармашып.

Эч билинбей келип алса баш багып,
Жүдөттү го, жан дүйнөмдү чарчатып.

## ОЙЛОБОЙМУН БАШКАСЫН

Тагынгандай сүйүү тумар, кашкасын,
Кийип алып сезиминдин маскасын.
Ооруттумбу далай жандын жүрөгүн,
Карай албай жүрүп сенден башкасын.

Ороп мага алтын, жакут, акчасын,
Аяр карап, көкөлөтүп кармасын.
Мен өмүрдө сүйүп жалгыз өзүңдү,
Ишенип кой, тиктей албайм башкасын.

Эч кемчилик таппай мени мактасын,
Каалагандай айтсын макул максатын.
Кандай амал колдонсо да адамдар,
Тандай албайм, жандай албайм башкасын.

Жүрөгүмө жалгыз сени батырып,
Ойлободум, тиктебедим башкасын.

## ЖҮРӨГҮМӨ ДАБА ТААП

Турганымда ара жолдо кармалып,
Башкаларга калбасынчы байкалып.
Көңүл буруп, көзөмөлгө алып сен,
Орун берчи, жүрөгүңө алпарып.

Чыга албай туңгуюкка кептелип,
Кыйналамын издеп жолум тепселип.
Жүрөгүмө жок дегенде даба таап,
Карап койчу, тура бербей керсейип.

Менин оюм ары бери чайпалат,
Сага оңой, мага татаал чар тарап.
Жүрөгүңдөн орун бербей эмнеге,
Жүрөсүң да, болбой эле чалкалап.

Муңайганым көрүү сага салтанат,
Мен эч нерсе айтпасам да кайталап.
Барат элем кайыл болуп баарына,
Жүрөгүмдү оорутпаган кай тарап?





## ОШЕНТИП АЛГЫН ӨЧҮҢДҮ

Оорутсаң оорут, соолутпа менин көзүмдү,
Көрүнбөй коюп аламын дебе өчүңдү.
Өзгөрүп мезгил, өкүнүч бийин бийлетип,
Убакыт келсе сүйдүрүп алам өзүңдү.

Күттүрсөң күттүр, калтырба бирок көңүлдү,
Алмашам сага, өткөрүп берем көчүмдү.
Сапарын улап сезимдин артып түйшүгүн,
Соолутпайм бирок, ыйлатам сенин көзүңдү.

Укпасаң укпа, угасың бир күн сөзүмдү,
Эшигиң ачып, бошотуп жүрөк төрүңдү.
Сен дагы сүйүп, сүйүүнүн жазып ырларын,
Ошондо алгын, ошентип алгын өчүңдү.

Оорутсаң оорут, соолутпа менин көзүмдү,
Аламын дебейм, мен албайм сенден өчүмдү.

## БИР СЕЗИМ БИЗДИ АЗГЫРЫП

Соолуган карек, ооруган көңүл басылып,
Таарыныч, куса ордуна түшүп, жазылып.
Жолуктук бүгүн, жомоктой сезим аралап,
Музыка коштойт сүйүүнүн ыры жаңырып,

Сыздаган жүрөк, сыйрылган жарат айыгып,
Жанданат үмүт, дартыма даба табылып.
Кезиктик бүгүн керемет сезим аралап,
Сүйүүгө келип, экөөбүз бирдей багынып.

Түнөргөн кабак, түйшөлткөн ойдон арылып,
Бир сезим бизди алгандай болду азгырып.
Кетпечи дейсиң, кетирбей мени кучактап,
Кетпеймин ооба, кеткенде калам сагынып.

Ачкычын сунат бакыттын жолу ачылып,
Өзүңө деген сагыныч, куса жазылып.

## КӨЗ ЖАШЫМДЫ ТЫЙБАСАМ

Кантесиң ээ, чыгып жолуң торосом,
Жыттаймын деп моюнуңа жолосом.
Алыстасаң, алыстатпай кучактап,
Болбой эле сезимиме оросом.

Кантесиң ээ, барып эле чалынсам,
Жыгылгандай болуп сага артылсам.
Түрткөнүңө карабастан кучактап,
Сүйөмүн деп жүрөгүңө багынсам.

Кантесиң ээ, тоголонуп, кыйрасам,
Созуп обон, сүйөмүн деп ырдасам.
Акылсыздай мен айланды кетирип,
Ээрчип алып, ыйлап, күлүп, жыргасам.

Кантесиң ээ, мен эч жерге сыйбасам,
Ооруп жүрөк, көз жашымды тыйбасам.
Сезимимди арнай берип өзүңө,
Сүйөмүн деп, сүйөмүн деп кыйнасам?
Кантесиң ээ, кантесиң?





## БАЯГЫДАЙ СҮЙӨМҮН

Эстебесең макул, мени эстебе,
Бирок менин сезимимди тепсебе.
Жүрөгүмдүн күйүп жанган отунан,
Убактылуу пайдаланып кектебе.

Ойлобосоң, макул мени ойлобо,
Бирок, менин сезимимди кордобо.
Орун алып жүрөгүмдүн төрүнөн,
Каалагандай пайдаланып тордобо.

Издебесең, макул мени издебе,
Көргөн кезде сезимимди кирдебе.
Кетемин деп жол алган соң кете бер,
Жүрөгүмдү келип кайра тиктебе.

Карабасаң макул, мени караба,
Сага деген сезимимди баалаба.
Бирок, сени баягыдай сүйөмүн,
Таштасаң да мени жаным талаага.

## ЖАЛЫНДАБАЙ ӨЧТҮҢ ДА

Ойлоруна ойлонбостон көндүң да,
Ээ койчу деп балким мени сөктүң да.
Сүйөмүн деп айткан ошол селкини,
Жок дегенде бир кучактап өптүң да?

Сырдаштыңбы, сырларыңды төктүң да,
Кыялдануу кемесине өттүң да.
Кез келгенде кезигемин деп айтса,
Макул болуп сен баарына көндүң да.

А бүгүнчү? Өкүнүчкө чөктүң да,
Өзгөрүлүп, жалындабай өчтүң да.
Ал сулууну унутам деп айталбай,
Ээ койчу деп... сен өзүңдү сөктүң да.

Ал учурда жеке мени сөктүң да,
Ал селкини жок дегенде өптүң да?

## ЖЕТПЕЙ КОЙДУҢ КАДЫРЫМА

Зар болуп калсам дагы карааныңа,
Жеңилбейм сенин түркүн амалыңа.
Канчалык сүйүп, сыздап жашасам да,
Баш ийбейм берген сыноо, азабыңа.

Жалгыз сен жаралсаң да тагдырыма,
Ойлонуп, акыл калчап сабырыма.
Жолумду кадимкидей өзүм улап,
Жөнөймүн көздөп алган багытыма.

Кел дебейм, сен айланып асылыма,
Сүйүүнүн шамын жагып жарыгыма.
Мен сенден үмүтүмдү үзөм бүгүн,
Жетпедиң, жетпей койдуң кадырыма.

Өзүңдү сүйгөн адам мендей болоор,
Тебелеп, жетпедиң да кадырыма.





## БАЛКИМ АЛ

Балким ал, мени сүйүп сыздагандыр,
Чалынып, санаа курчап чырмагандыр.
Сагыныч кетпей коюп жүрөгүнөн,
Келет деп жолум карап, ыйлагандыр.

Балким ал, уйкусу жок тынбагандыр,
Ойлору ашпай ишке кыйрагандыр.
Күн санап арылам деп кусалыктан,
Көз жашын каниет кылып жыйнагандыр.

Балким ал, жашын көздөн тыйбагандыр,
Аргасыз кашып башын тырмагандыр.
Сагыныч тузагынан сууруп өзүн,
Эч жерге барса батпай, сыйбагандыр.

Балким ал, чындап эле ыйлагандыр,
А мүмкүн эч ойлобой, жыргагандыр.

* * *

Шарабын ичип сүйүү мастыгыман,
Көтөрбөй башым ооруйт жаздыгыман.
Карегим, түбүң түшкүр кантээр экен?
Көзүмдүн жааган ушул жамгырынан.

Жоготкон издеп таппай ашыгымды,
Түнөргөн булут каптап басыгымды.
Нөшөрлөп көздөн куйган жамгыр менен,
Жуудум ээ бүгүн дагы жаздыгымды.

Сур булут конуп алып кирпигиме,
Кусалык курун байлап кийимиме.

Көз жаштын дайрасынан өтүп барам,
Сүйүүдөн куржун артып ийиниме.

Сүйүүнүн сыры терең билбегиле,
Менчелик сүйбөгүлө, сүйбөгүлө!

## МЕНИН ОЮМ ӨЗГӨРБӨЙТ

Айт, айтып ал, болгон бардык оюңду,
Тоскоол болуп торобоймун жолуңду.
Көз карашым бирок сага өзгөрбөйт,
Менден алып, тартып алсаң колуңду.

Сүйлө кана, дагы сүйлө сөзүңдү,
Коштошоордо тике кара көзүмдү.
Менин оюм бирок сага өзгөрбөйт,
Сүйө берем дал ошондой өзүңдү.

Ук, угуп ал, менин сага айтканым,
Сен болгонсуң ак сүйүүдөн тапканым.
Мен бактылуу жашап жатам деп айтсаң,
Коюп койгон алам сенден капканым.

Менин сүйүүм, менин сезим каарманым,
Аалам кезип сен болгонсуң тапканым.





## КОЛ ШИЛТЕП КЕТИП КАЛСАМ

Мен сага ишеничтен үмүт артсам,
Сезимиң айтабы деп күтүп барсам.
Эмнеге жүрөгүмдү оорутасың,
Араңдан издеп сени зорго тапсам.

Каалгасын жүрөгүңдүн араң каксам,
Калтырап жатып барып башым баксам.
Бошотуп орунуңду кете бер деп,
Сөзүңө ишенбедим күлүп айтсаң.

Болбодуң сүйөмүн деп улам айтсам,
Алоолоп мен өзүңө күйүп жансам.
Кадырым сен ошондо билесиңби,
Койчу деп колум шилтеп кетип калсам.

Кыйнаба, сүйөмүн деп кеч болгондо,
Мен сенден биротоло кетип калсам.

## СҮЙҮҮ НУРУН СЕБЕСИҢБИ?

Өткөнүн убакыттын сезесиңби,
Көктөмүн жаштыгымдын кечесиңби?
Унутам деген кезде эске салып,
Кечир деп кайра мага келесиңби?

Ачык айт кадырыма жетесиңби,
Алып сен жаштыгымды кетесиңби?
Окшобойт, билип турам ошентсе да,
Кайтарып мезгилимди бересиңби?

Кыдырып, сынап баарын кезесиңби,
Оорутуп жүрөгүмдү эзесиңби?
Күтөйүн канча болсо кайыл болуп,
Сүйүүңдүн нурун мага себесиңби?

Сезимдин гүлүн мага тересиңби,
Акыры бир күн кайтып келесиңби?

## О, ТАГДЫР

О, тагдыр! Эмне мени ченедиңби,
Жүдөтүп жар кырына кезедиңби?
Жүрөгү ооруп турган байкуш го деп,
Алсыздын катарына теңедиңби?

О, тагдыр, махабатка чайкадыңбы,
Сүйүүдөн ооруп турам, байкадыңбы?
Кусалык, күтүү, көз жаш, сагынычты,
Бул пенде көтөрөт деп таптадыңбы?

О, тагдыр, баарын мага сактадыңбы,
Отуңа алып келип кактадыңбы?
Оорудум, ооруп турам сүйүү менен,
Бир менден башка пенде таппадыңбы?

О, тагдыр, сен оюңдан кайтпадыңбы,
Бир мени кетирбестен кармадыңбы?





## ООРУДУМ СЫЗДАП ЖҮРӨК

Сезимдин отун басып, кечпегенде,
Сүйүүнүн океанын кезбегенде.
Жүрөгүм кадимкидей согор беле,
Кыйналам ошол жазды эстегенде.

Сезимдин гүлүп искеп, тербегенде,
Кыялым алып учуп жетпегенде.
Жүрөгүм абалкыдай болор беле,
Сыздатат ошол жазды эңсегенде.

Сезимиңди жүрөгүм сезбегенде,
Сагынчым сен тарапка кетпегенде.
Жан дүйнөм ооруганды билбейт эле,
Жалжалым, мага сүйүү келбегенде.

Ооруймун, ушунчалык сыздап жүрөк,
Сен менден бир аз эле четтегенде.

## ЧЫДАЙ БЕРЕТ

Кусалык мени келип тебелесе,
Сагыныч сүйрөп алып жетелесе.
Чыдаган, байкуш жүрөк чыдай берет,
Күн мага жарык нурун себелесе.

Оюмду ойрон кылып талкаласа,
Сезими кордоп мени чалкаласа.
Байкушум, жүрөгүм ай, чыдайт берет,
Бул сүйүү бир четинен балталаса.

Көңүлүм эч нерседен оорубаса,
Үмүтүм өчпөсө дейм, соолубаса.
Жүрөгүм аз да болсо дабасын таап,
Сезимдин тоскоолдугу тоорубаса.

Жүрөгүм чыдап келген, чыдай берет,
Эч качан, эч нерседен оорубаса.

## КУСАЛЫКТЫН ТУТКУНУ

Сайылгандай бир балээге тумшугу,
Менин сүйүүм кусалыктын туткуну.
Сыздайт, ооруйт, азап тартып кыйналат,
Бул капкандан үзүлгөндөй куйругу.

Араң жанып жүрөгүмдүн учкуну,
Тынч койбоду жок дегенде уйкуму.
Күлөт, ыйлайт, сыгылат да жанчылат,
Чыгаралбай мен эч кимге бугуму.

Учпай менин сезимимдин туйгуну,
Жытын берет кусалыктын куйкуму.
Кандай амал издесем да а бирок,
Бул да болсо жараткандын буйругу.

Жок дегенде тынч койбогон уйкуму,
Менин сүйүүм кусалыктын туткуну.





## ЖҮРӨГҮМӨ БҮЛҮК САЛГАН

Сагыныч, көз жаш толгон күйүт, арман,
Жоголбой ээрчип алды мени кайдан?
Эй таш боор ойлободуң, аябадың,
Сен белең жүрөгүмө бүлүк салган?

Кусалык, күтүү деген болсо жалган,
Дегенге карабастан күйүп жанган.
Бир сезим ээлеп алды жүрөгүмдү,
Эй көк бет, пайда болдуң деги кайдан?

Ылайга батып турган ушул сайдан,
Куткарып аласыңбы мени саздан.
Мен арсыз бир пендени аяп койчу,
Түшүп кел колуң сунуп, көктөн, айдан.

Сен белең, мага сүйүү жүгүн арткан,
Сен белең, жүрөгүмө бүлүк салган?

## КИШЕНДЕП АЛГАН

Оюмдун баары чаржайыт болуп, эскирип,
Унуттум десем унутпай эле кеч кирип.
Чарчаган тура өзүңө деген сезимим,
Жашынып алып уктаган экен бекинип.

А балким, мени оюңдан алсаң кетирип,
Бир күнү чыгам жолуңдан сага кезигип.
Жолукпай койсоң, кезикпей койсоң кантемин,
Суранам сенден, бир жолу койчу кечирип.

Ойлобо мени, жүргөндөй болсом зеригип,
Сүйөмүн сени, элжиреп жүрөк, эзилип.
Убакыт даба дегенге такыр болбоду,
Сезимиң мени кишендеп алган ээрчитип.

Сезимим менин оюма араң жеңилип,
Уктаган экен бир күнгө гана бекинип.

## ЖҮРӨГҮМӨ УУ САЛЫПМЫН

Сүйөт деп тиктей албай уялыпмын,
Болбогон сөздөрүңө кубаныпмын.
Өзүңдөн башка жанга үмүт артпай,
Адашып жүрөгүмдү кууратыпмын.
Көрүнбөй калсаң ойлоп, кубарыпмын,
Кыялым сени алдап, куткарыпмын.
Жалт карап жолум тороп чыга калсаң,
Жалооруп кетпечи деп сураныпмын.
Алданып, айтканыңа суктаныпмын,
А көрсө жүрөгүмө уу салыпмын.
Адашып сени сүйүп калганыма,
Ар күнү кыялданып, кубаныпмын.
Азыр да адаштымбы түшүналбай,
Өзүмдү сооротуп ээ, жубатыпмын.

## КАЙТАЛАНЫП КЕЛСЕ

Жаз келгенде дабаныма жетмекмин,
Талаасына түркүн гүлдү сепмекмин.
Кайталанып келсе ошол күндөрүм,
Балалыктын суусун эле кечмекмин.





Кыш башталса чана тынбай тепмекмин,
Токтобостон оюн күүсүн чертмекмин.
Кайталанып балким келсе күндөрүм,
Балалыктын жолун тандап кетмекмин.

Күз болгондо жыйнап эгин термекмин,
Апакеме торпок айдап бермекмин.
Эгер келсе ошондогу күндөрүм,
Балалыктын айылына келмекмин.

Кайталанып келсе өткөн күндөрүм,
Балалыктын кадырына жетмекмин.

## ӨМҮРҮМДҮН БАРАКТАРЫН

Жалгыз өзүң болсоң дагы көңүлдө,
Сагынычтын нуру өчпөйт көзүмдө.
Аргам канча, акылыма баш ийип,
Сен жок деле жашай берем өмүрдө.

Чырмап мени, ээлеп алып оюмду,
Жүрөгүмдөн албасаң да торуңду.
Алышамын утурумдук күн менен,
Сен жок деле улап баскан жолумду.

Ойлобоймун, карабаймын башканы,
Көрүнөм деп кийинбеймин барчаны.
Үмүт менен тиктеп чыккан күн нурун,
Сен жок деле ашам бийик асканы.

Бул өмүрдүн барактарын барактап,
Сенсиз деле ачам мезгил каалганы.

## УНУТУУ МАГА КЫЙЫН

Кетсе да мезгил учуп, артта калып,
Кезикчү жолдор бардыр кайталанып.
Унутуу сага оңой, мага кыйын,
Кантемин, билбей турам талкаланып.

Мен неден калдым экен, жазаланып,
Жүрөгүм кусалыктан азап тартып.
Унутуу мага кыйын, сага тыйын,
Уттуңбу? Сен жашоону баалап алып.

Ал азыр жүргөнүмдө жараланып,
Өтсө дейм ушул учур артта калып.
Унутуу мага кыйын, мага кыйын,
Билбейсиң, билсең дагы каадаланып.

Унутуу кандай азап, кандай татаал,
Жан дүйнөм даба таппай жараланып.

## ЖОЛУКПАЙ КЕТТИҢ ЭМНЕГЕ?

Барамын дедиң, күтүп ал дедиң эртеге,
Кезикпей кеттиң, жолукпай кеттиң эмнеге?
Кучагым жайып, кубанып сени күткөндө,
Атайлап айтып, алдадың мени жөн эле.

Күдөрүм үзбөйм, үмүтүм үзбөйм мен неге,
Сүйдүрүп алдың, сүйөмүн сени эмнеге?
Жолугам дедиң, жолукпай койдуң а бирок,
Сагындым сени, сагынсаң керек сен деле.





Жолуңду карап, күткөндө сени тим эле,
Көрүнүп койсоң болбойбу мага бир эле.
Телефон кармап, коңгуроо каксам, акырын,
Баралбай калды, баралбайт деген ким эле?

Сагындым сени, сагынсаң керек сен деле,
Кезикпей кеттиң, жолукпай кеттиң эмнеге?

## ТҮЗӨТӨЙҮН АКЫРЫН

Бургум келип башка нукка багытын,
Кай бирөөнүн талкуулисам тагдырын.
Сөз беремин, мындан ары адамзат,
Мүнөзүмдү мен оңдоймун акырын.

Аткан таңдын көрүп, сезип бакытын,
Жан дүйнөмдүн байытайын жакырын.
Билген элем, бирок дагы билейин,
Энем, атам, жакынымдын кадырын.

Барктай билип убакыттын асылын,
Токтоо карап бардыгына сабырым.
Оорутпайын эч бирөөнүн көңүлүн,
Адамдардын алысын да, жакынын.
.
Кеткен болсо эгер менден каталык,
Кечиргиле, түзөтөмүн акырын.

## ТҮШҮМӨ КИРСЕҢ

Жүзүмдү сылап, сүйгөндөй болдуң,
Кучагың жайып күткөндөй болдуң.
Ашыгып сага жеткенде аттиң,
Ашыгым мага үндөбөй койдуң.

Кучактап эле жүргөндөй болдуң,
Кубаттап мени, күлгөндөй болдуң.
Айттырып жатып араңдан жетсем,
Асылым неге сүйлөбөй койдуң.

Өрттөнүп эле күйгөндөй болдум,
Өкүнүч, өксүк үйгөндөй болдум.
Түшүмө кирсең сагынган кезде,
Жүрөгүм жулуп үзгөндөй болдуң.

Көзүмө менин урунбай койдуң,
Унута албайм, унутпай койдум.

## МЕНДЕН САЛАМ БАРДЫБЫ?

Алтын уяң кучагына алдыбы,
Көрүп жериң, тоюп көзүң кандыбы?
Жүзүң сүйүп, шамал сылап чачыңдан,
Шуулдап терек, менден салам бардыбы?

Тосуп жамгыр, төгүп тынбай жаадыбы,
Бир дүрбөлөң жан дүйнөңө салдыбы?
Булут менен коштоп барган саламым,
Тамчы болуп түнү менен тамдыбы?





Ал эртеси көктө жылдыз жандыбы,
Көк асманы айылымдын жактыбы?
Келиптирсиң, кетиптирсиң билгизбей,
О, сүйүктүүм, жакшы жетип алдыңбы?

Эч ким жокто барып жыттап алайын,
Сенин баскан изиң жерде калдыбы?

## КЕЧИГЕТ

Нурун төгүп бир керемет ээрчитет,
Ой, кыялым жомок өңдүү сезилет.
Күткөнүмдө, күткөнүмдө күттүрүп,
Бирок, билбейм, келбей эле кечигет.

Чыкпай коюп ойлоруман кезигет,
Жүдөдүмбү, аргамды да кетирет.
Издегенде, издегенде издетип,
Кыялдарым кайда кетип бекинет?

Бул түйүндөр кетпей ойдон эзилет,
Жаңыланбай, өзгөрүлбөй эскирет.
Бошоткондо, бошоткондо бошобой,
Кыялдарым качан, кантип чечилет?

Ошол жомок кыялдарым келбестен,
Кечигет да, кечигет да, кечигет.

## СҮЙҮҮНҮН ТУУСУН КАРМАП

Жакшынам, мени чындап сүйөсүңбү,
Кезикчү жолдон издеп жүрөсүңбү?
Түшүмдөн кетпей койдуң, кетпей койдуң,
Барамын, барып калсам күтөсүңбү?

Келдиң деп, кайра мага күлөсүңбү,
Кетпе деп же өрттөнүп күйөсүңбү?
Сүйүүнүн туусун бийик кармап алып,
Мен менен бир деңизде сүзөсүңбү?

Барайын, барганымды күтөсүңбү,
Карабай, кабагыңды бүркөсүңбү?
Же мени унуткарып, унуткарып,
Үмүтүң үзгөнсүңбү, үзөсүңбү?

Жакшынам, сен да мени сүйөсүңбү,
Баратам, жолум тосуп күтөсүңбү?

## КЫЯЛДАНАМ

Кучактап, сага гана эркелесем,
Колуңдан коё бербей жетелесем.
Деп ойлоп кыялданам, кыялданам,
Сезимдин нурун мага себелесең.

Дагы да мен сүйүүмдү белендесем,
Түбүнө жүрөгүңдүн тереңдесем.
Деп ойлоп кыялдарым алып учат,
Өчүрбөй үмүт нурун, келем десең.





Жакшы сөз уккум гана керек десем,
Жарыгың даба болуп берет десем.
Деп анан айткым келип кыялданам,
Сен мага бүгүн учуп жетем десең.

Мен сенин кучагыңда эркелесем,
Сен мага сүйүү нурун себелесең.

## БИЛИП ЖҮР

Ойрон кылып ойлорумду бөлүшпөй,
Кете бердиң мени менен көрүшпөй.
Карааныңды тиктей албай зар болуп,
Кала бердим сыр айтышып, төгүшпөй.

Калабызбы дагы кайра табышпай,
Үндөбөйсүң бир көрүшкөн тааныштай.
Ишенгенмин, мен өзүңө ишенип,
Сезимимди берген элем табыштай.

Күткөнүмдө келесиңби кечикпей,
Оорутпачы жан дүйнөмдү кемитпей.
Мени сүйгөн бирөө бар деп билип жүр,
Эгер калсак сен экөөбүз кезикпей.

Мени сүйгөн бирөө бар деп билип жүр,
Эгер калсак мындан ары көрүшпөй.

## ЖҮРӨГҮМДҮ ӨРТТӨБӨ

Сен ким элең, кайдан көрдүм дегендей,
Карап коюп кете бердиң кебелбей.
Ошондогу таш боор болгон мүнөзүң,
Өкүнөмүн, калганына ченелбей.

Калат дедиң, балким мени байкабай,
Койбодуңбу жан дүйнөмдү талкалай.
Кечиримдүү болгон менен жүрөгүм,
Албайт сени мындан ары калкалай.

Кетсең дагы менден алыс, жолобой,
Коё албадым бирок сени ойлобой.
Эх акылым, жүрөгүмдү мажбурлап,
Албас болду мындан ары корголой.

Алыс кетчи, кыйнабачы өзгөрбөй,
Же көрүнбө, жүрөгүмдү өрттөбөй.

## КАНТЭЭР ЭЛЕҢ?

Кабарың билбей калсам, таарынганды,
Амандык тилеп кайра жалынганды.
Адатка айландырып алдым окшойт,
Жол карап, күтүп сени сагынганды.

Кезигип, тороп жолуң чалынганды,
Же барып жүрөгүңө катылганды.
Билбеймин, билбей турам арга таппай,
Унутуп, мен сүйүүдөн арылганды.





Билгизбей эч бирөөдөн жашырганды,
Тажабай арнап сезим айттырганды.
Сен болсоң кантээр элең, кантээр элең,
Өмүрдө сүйүп сени жаңылганды.

Билсем ээ, кантип мага багынганды,
Сүйдүрүп, жүрөгүмө азгырганды.

## СЕЗИМДИН ПАДЫШАСЫ

Башкадан жоктур десең айырмасы,
Болгондой сен ааламдын падышасы.
Дабасыз сүйүү менен оорутуп мен,
Боломун жүрөгүңдүн ханышасы.

Бөлөнүп кай бирөөнүн урматына,
Дүйнөнүн айлан макул султанына.
Ооруган жүрөгүңө даба таппай,
Зар кылам сезимимдин ууртамына.

Канчанын түшсөң дагы талдоосуна,
Айланып кол жетпеген ажосуна.
Оорутам, оорутамын сүйүү менен,
Калтырып сезимимдин сабоосуна.

Сен болсоң сезимимдин падышасы,
Боломун жүрөгүңдүн ханышасы.

## БУЛ ЭМНЕСИ?

Тигилип тиктей албай көздөрүбүз,
Угулбай ичте калып сөздөрүбүз.
Болбогон таарынычтар жүдөттүбү,
Чаң басып кусалыктан көйнөгүбүз.

Эмнеси, сагынычтан чөккөнүбүз,
Токтобой көз жаш болду төккөнүбүз.
Өчүрүп телефонду, кабарлашпай,
Мезгилдер өтүп жатат өзгөрүүсүз.

Эскирген сүрөт болду көргөнүбүз,
Өрт каптап алоолонот көөдөнүбүз.
Сүйүүнүн кадырына жете албай,
Таарыныч ортодогу көйгөйүбүз.

Угулбайт, бул эмнеси, сөздөрүбүз,
Кадалып карай албай көздөрүбүз.

## КОШ ДЕП АЙТПА

Сезиминин кылтагына илгизбей,
Мен башкага жүрөгүмдү чийгизбей.
Жүргөнүмдө, жат ойлордон алыстап,
Жүрсөң кантет азап чокой кийгизбей.

Эч бирөөгө карааныңды жоктотпой,
Жүрөгүмдү жалгыздыкка окшотпой.
Жүргөнүмдө, сезимиме таш уруп,
Кош деп айтпа, мени менен коштошпой.





Бөтөн жанды жүрөгүмө киргизбей,
Сенин жогуң эч бир жанга билгизбей.
Жүргөнүмдө, күл сапырып башыма,
Кетпе, кетпе ушак сөздү тийгизбей.

Далай күндөр өтсө дагы окшошпой,
Жүрө берем кыялымда коштошпой.

## ЫРЛАРЫМДАН КЕЗИГЕСИҢ

Аттиң ай, кыялымды ээрчитесиң,
Негедир мендик болуп сезилесиң.
Өмүрдө кезигишпей өтсөк дагы,
Ар күнү ырларымдан кезигесиң.

Көрөм деп жол алганда, бекинесиң,
Жакшы сөз уккум келсе жекиресиң.
Жолукпай калган менен мындан ары,
Ар күнү ойлорумдан кезигесиң.

Айтылган сөздөрүмө теригесиң,
Чечкиндүү кадамың жок, чегинесиң.
Кол шилтеп менден узак кетсең дагы,
Сен менин кыялымдан кезигесиң.

Сен мендик, мендик болуп сезилесиң,
Ар күнү ырларымдан кезигесиң.

## ИЗДЕГИН

Сурабагын, байкабагын, билбегин,
Карап жүзүм, суроо салбай тиктегин.
Сен жөнүндө кандай ойдо экеним,
Менин жазган ырларымдан издегин.

Туйбай калсаң жүрөгүмдүн ийкемин,
Сен же макул, же болбосо сиз дегин.
Куйкаланып, кандай отто жүргөнүм,
Ырларымдын сөздөрүнөн издегин.

Ооруп калсам, карабагын, тийбегин,
Сен жөн гана дары сууңдан ич дегин.
Мен эмнеге мындай дартка кабылдым,
Билесиң да, жүрөгүмдүн илдетин.

Балким сага, кызык болсо ойлорум,
Сен өзүңдү ырларымдан издегин.

## ЭСТЕП ЖҮРӨЙҮН

Унуталбайм, эстеп дайым жүрөйүн,
Канча мезгил болсо дагы күтөйүн.
Кетээриңде бир кылчайып карап кой,
Жетип барып бек кучактап, сүйөйүн.

Сагынычтын дайрасына сүзбөйүн,
Сага деген үмүтүмдү үзбөйүн.
Коштошордо чачтарымдан сылап кой,
Ар убакта эстеп коюп жүрөйүн.





Ооба сага ойлорумду түздөйүн,
Кыялданып, кыялданып бүтпөйүн.
Келемин деп бир жылмайып күлүп кой,
Бир өмүргө сени гана күтөйүн.

Унуталбайм, унутпаймын эч качан,
Ал өткөндүн баарын эстеп жүрөйүн.

## БЕКЕМ САКТАЙМ АНТЫМДЫ

Эмне ойлоп, оорутамын башымды,
Карабаймын, окубаймын катыңды.
Биротоло жүрөгүмдөн өчүрүп,
Атабаймын болду сенин атыңды.

Күтүп жолдон, тиктебеймин саатымды,
Барып сага кетирбеймин баркымды.
Жалгыз эле сен болсоң да ааламда,
Сыздап жүрөк, эми төкпөйм жашымды.

Тынч коёмун, ишенип кой жаныңды,
Ыргытпаймын сен тарапка ташымды.
Кандай учур болсо дагы билип ал,
Бекем сактайм айткан ушул антымды.

Сен эмнеге убадага бек турбай,
Ураттың ээ мага берген антыңды.

## ЖАН ДҮЙНӨМДҮ СЫЗДАТЫП

Күтүү менен кезип күндүн канчасын,
Сезимимдин жапкан кезде каалгасын.
Тынчым алып келбе мага экинчи,
Кетирип сен жүрөгүмдүн айласын.

Таппасам да кусалыктын аргасын,
Тартып алдым сабырлуулук пардасын.
Ооруп турган жан дүйнөмдү сыздатып,
Келе көрбө, бүгүн мага башкасың.

Унутуунун издеп жүрсөм дабасын,
Улам келип жүрөгүмдү кагасың.
Ачылбаган кулпу салып алганда,
Убайымга неге мени саласың.

Издебеймин сагынычтын аргасын,
Келе көрбө, мага эми башкасың.

## УНУТААРМЫН

Чыгып алсам сагынычтын торунан,
Баспайт элем кусалыктын жолунан.
Унут мени, мен да сени унутам,
Алыстаган келбесе да колуман.

Жылынбасам мейли сезим отунан,
Кармабасам макул сүйүү чогунан.
Унутайын, сен да мени унутчу,
Чыкпасаң да такыр менин оюман.





Эх жүрөгүм, сүйүү менен ооруган,
Жарат алып сезиминдин огунан.
Унутаармын, сен да мени унутуп,
Кезикпесек бул өмүрдүн жолунан.

Бирок сени кетиралбай оюман,
Эч бир нерсе келбейт аттиң колуман.
Сага болгон өчөөр беле үмүтүм,
Унут деген сөздү уксам оозуңан.

## ЖЕҢИЛБЕЙМИН

Жүзүмдү бура качып, бекинбеймин,
Жолумду тороп чыкпа, кезикпеймин.
Болбогон шылтоолоруң угуп алып,
Түкшүмөл ойлоруңа жеңилбеймин.

Айта бер, эмне десең терикпеймин,
Уучтап ал тапканыңды, ээликпеймин.
А макул дубананын кейпин кийип,
Жамалың көрсөтүп кел, эзилбеймин.

Айттың деп, укканымды жеткирбеймин,
Түнөрүп, капаланып, жекирбеймин.
Кыбыла төрт тарабың басканыңа,
Мен сага алсыз болуп сезилбеймин.

Кандай сен амал издеп тапсаң дагы,
Ойлогон ойлоруңа жеңилбеймин.

## КАРААНЫҢДЫ КӨРГӨНДӨ

Алыстагым келген кезде бекинип,
Ойлорумду алып кеттиң ээрчитип.
Кайдан келдиң карааныңды көргөзүп,
Колум шилтеп кеталбадым чегинип.

Кыялымда жүрөгүмдү кечирип,
Мен өзүңдү унуткандай сезилип.
Жүргөнүмдө урунасың көзүмө,
Сезимиме калбадымбы жеңилип.

Жан дүйнөмдү айта албай чечилип,
Мен өзүмдү алам кайра жекирип.
Карабайын десем дагы эмнеге,
Каласың да капысынан кезигип.

Коё албадым, ойлорумдан кетирип,
Жүралбадым, сенден алыс бекинип.

## КАНТЕСИҢ?

Ачык айт, мейли эле сагынбасак,
Кайчылаш жолдо бир маал кагышпасак.
Мезгилди кармап алып кетирбестен,
Кантесиң, өзүбүзгө багыштасак?

Эч болбойт көргөн жерден бекинишсек,
Кантесиң сен экөөбүз кечиришсек?
Ал өткөн күндөр бизден алыстаган,
Кайрадан дал ошондой кезигишсек.





Көргөндө көрбөгөндөй алыстасак,
Жок шылтоо, болбогонго таарынбасак.
Убакыт учуп барат токтобостон,
Кантесиң, баштагыдай жакындасак?

Сезимдин талаасынан кезигишсек,
Кантесиң, сен экөөбүз кечиришсек?

## КУБАНАМЫН БАРЫҢА

Бирде жетип, бирде жетпей баркыма,
Мага берген мейли, турба антыңа.
Сен урунсаң болду менин көзүмө,
Кайыл болуп жашай берем салтыңа.

Кээде келип, кээде келбей багыма,
Жолотпойсуң неге билбейм жаныңа.
Карааныңды көргөнүмө кубанып,
Шүгүр деймин бул өмүрдө барыңа.

Чанда конуп, чанда конбой тагыңа,
Түркүн ойду саласың да башыма.
Сени гана сүйгөн үчүн жүрөгүм,
Көнүп келем эмне десең шартыңа.

Жаралгандай менин жалгыз бактыма,
Кубанамын бул өмүрдө барыңа.

## КЕЗИКПЕЙ КАЛАБЫЗБЫ?

Дартыбызга даба таап алабызбы,
Гүлзарына сезимдин барабызбы?
Дайыныңды билгизбей кайда кеттиң,
Ушул бойдон кезикпей калабызбы?

Барактарын сезимдин ачабызбы,
Кайра баштан жомоктой жазабызбы?
Баратасың алыстап эмнеликтен,
Сен экөөбүз көрүшпөй калабызбы?

Сезим отун тутантып жагабызбы,
Же сүйүүнүн эшигин жабабызбы?
Унуткарып четинен ал өткөндү,
Билбегендей өчүрүп салабызбы?

Көргөн жерде көрүшпөй качабызбы,
Ушул бойдон кезикпей калабызбы?

## ЧИЙИП САЛЧЫ АКЫРЫН

Жетпей калса сезимиме акылың,
Куйкаласың келип анда жалының.
Өрттөп жибер, күлүм дагы калтырбай,
Башка болсун сен арзыган жакының.

Өзгөртпөймүн сендик болгон багытын,
Талашпаймын жат бирөөнүн бакытын.
Макул анда, өрттөбөсөң мейличи,
Же чийип сал жүрөгүңдөн акырын.





Келди окшойт сезимимди сапыргың,
Кайра дагы козгоп көрүп катылгың.
Анан кантип сүйөмүн деп айтасың,
Башка бирөө болсо сенин жакының?

Ара жолдо калып кетпе, ойлончу,
Жүрөгүңдөн чийип салчы акырын.

## СЕНИ ИЗДЕБЕЙМ

Түшүмө кирбе, түшүмөн эми издебейм,
Көрүнсөң карап, кадалып карек тиктебейм.
Өзүңдөн калган баракты кайра барактап,
Сен кимсиң мага, ким болдуң экен, ким дебейм.

Оюма келбе, ой басып сени издебейм,
Өзгөрсөң эмне? Өзгөрчү макул, тилдебейм.
Чыңгызхан болуп ааламдын теңин багынтсаң,
Багынып берип, чөгөлөп башым ийкебейм.

Өткөрүп сени электен элеп, иргебейм,
Жүгүнүп барып, сүйүүнүн бийин бийлебейм.
Ооруган жүрөк дабасын таппай жүрсө да,
Издебейм эми, издебейм дедим, издебейм.

Көңүлүм калсын, махабат көлү биз дебейм,
Сыздасын жүрөк, ыйласын карек издебейм.

## МАҢДАЙЫМА ЖАЗЫЛГАН

Болду бекен менден башка сагынган,
Эрки жетпей сезимиңе багынган.
Ал ким десем, айтчы жалгыз өзүмдү,
Жүрөгүмдөн кетпей атың жазылган.

Мени сүй деп, сүйөмүн деп жалынган,
Болгон чыгар сага бирөө таарынган.
Деген кезде айтасыңбы азгырып,
Жалгыз өзүң маңдайыма жазылган.

Уйку көрбөй далай таңды атырган,
Ойлоп сени жүрөгүнө батырган.
Болсо дагы аяп мени айтып кой,
Жалгызымсың мага гана табылган.

Айтасыңбы, кызганычтан сооротуп,
Мен боломун жалгыз сени сагынган.

## КАРЕГИҢДЕН КЕТПЕС БОЛУП

Чачылган жүрөгүмдү терейинчи,
Кайрадан сезимиңди ээлейинчи.
Жеңалбай калсам эгер мен сүйүүңдү,
Жок болуп бул ааламдан кетейинчи.

Чачкындуу ойлорумду жыйнайынчы,
Кайрадан жүрөгүмдү тыңдайынчы.
Кабыл ал деген кезде карабасаң,
Биротоло жок болуп тынайынчы.





Чарчаган сезимиме келейинчи,
Өзгөртүп жан дүйнөмдү жеңейинчи.
Жакшынам, ошондо да карабасаң,
Жүрөгүмдү жулуп эле берейинчи.

Өзүңдү мендик кылып чырмайынчы,
Оорутуп жүрөгүңдү кыйнайынчы.
Кайрадан карегиңден кетпес болуп,
Сүйдүрүп коюп, анан ырдайынчы.

## ЫЙЛАДЫҢ ДА, ЫЙЛАДЫМ

Түшүнөмүн мени дагы кыйнадың,
Сөз айтууга эркиң жетпей сыздадың.
Ортодогу сезим деген жаракат,
Козгодубу, бүгүн неден ыйладың?

Бир кездеги жандап жүргөн кыйбасың,
Кол кармашкан, жетелешкен сырдашың.
Капысынан көрүнгөндө жолуңдан,
Өткөн күндү эстегенден ыйладың.

Сени көрүп, мен эч жерге сыйбадым,
Билип турам, экөөбүздү кыйнадым.
Канча жылдык сага болгон кусалык,
Мен ошондон, мен ошондон ыйладым.

Тиктей бердим, тойбой карап сыздадым,
Каалабадым, кетээриңди кыйбадым.
Капысынан жолукканда экөөбүз,
Карек толо ыйладың да, ыйладым.

## ӨТКӨНҮ БИЛИНБЕЙ УБАКЫТТЫН

Мезгилдин далайын эх, уратыпмын,
Пардасын тартып алып кусалыктын.
Өзүңдү келеби деп күткөнүмдө,
Өткөнү билинбей эч убакыттын.

Мен сени кыялымда кубантыпмын,
Калп деле убакытым чубалтыпмын.
Текке кеткен оюмду билбей, аттиң,
Күндөрдүн даамын сезбей узатыпмын.

Көрүнбөгөн чынжырыңа тушалыпмын,
Чырмап алган сезимиңе буралыпмын.
Үмүттүн нурун мага чачып койсоң,
Өзүңдү сүйөмүн деп кубаныпмын.

Өткөнүн билбей мына убакыттын,
Өзүмдү алдай берип жубатыпмын.

## КҮН КЕЛЕТ

Чыгарып кусалыктын санаасынан,
Көргөзүп арзыгандын талаасынан.
Күн келет экөөбүздү бириктирген,
Кездешип ыйык сезим калаасынан.

Арылып сагынычтын мазагынан,
Суурулуп тоскоолдуктун азабынан.
Күн келет экөөбүздү жолуктурган,
Кезигип ак сүйүүнүн казанынан.





Айыгып биз күтүүнүн жаратынан,
Биригип тагдыр жолдун канатынан.
Күн келет ажырабай бир болууга,
Орун алып бактылуунун катарынан.

Күн келет экөөбүздү бириктирген,
Чыгарып тоскоолдуктун азабынан.

## БАКТЫЛУУМУН, БАКТЫЛУУСУҢ

Арзуума жетпей ыйлап айыптуумун,
А бирок, мен жашоого татыктуумун.
Өмүрдө бир да жанды ойлой албай,
Өзүңдү сүйгөн үчүн бактылуумун.

Жүрөккө өчпөс болуп жазылуусуң,
Жашоодо мага жалгыз кадырлуусуң.
Түбөлүк артып берип кусалыкты,
А сенчи? Баарынан да бактылуусуң.

Деп айтсам мен өзүмдү сабырдуумун,
Азабы кыйнай берет жактыруунун.
Арнабай калсам дагы миң бир түндү,
Ар убак ойлогонго акылуумун.

Сүйүүмө жетпей ыйлап, бактылуумун,
Билемин, сен да менден бактылуусуң.

## КОРГОЙ АЛБАЙТ БАШКАЛАР

Орундалып менин сүйүүм баркталар,
Жүрөгүңдө атым өчпөй сакталаар.
Сага болгон сезимимди айтканда,
Түшүнгүсү келбейт тура башкалар.

Иргеп бир күн ишеничим акталаар,
Учур келсе ушул мезгил даңкталар.
Жан дүйнөмдү угузганда а бирок,
Колдоп койбойт экен мени башкалар.

Сүйүү гүлүм өнүп чыгып таш жарар,
Кай бир күнү жүрөгүм да  жай алаар.
Сага гана сезимимди арнасам,
Коргой албайт, тосуп жүрөк башкалар.

Айтканымды кимдер угуп таң калар,
Айландырып узун сөздү таркатар.
Жалгыз сени сүйүп өтөм, түбөлүк,
Калкан болуп жүрө албайт башкалар.

Сага болгон сеимимди эч качан,
Коргой албайт, колдой албайт башкалар.





## БАШКАЧАСЫҢ

Кусалыктын мончогун тагындырып,
Издетип, ойлондуруп, сагындырып.
О жаным, ааламда жок башкачасың,
Сыйкырлап сезимиңе багындырып.

Көрбөсөм караанына зарыктырып,
Көзүмө элесиңди чагылдырып.
Жакшынам сен эмнеге башкачасың,
Жапжалгыз сезимиңе кабылдырып.

Сени гана жүрөгүмө жа́кынсытып,
Жар салам бардыгына тааныштырып.
Мен дагы сезилээрмин башкача ээ,
Ырлар жазсам өзүңө акынсынып.

А бирок сен баары бир башкачасың,
Жүрөгүңө алгансың багындырып.

* * *

Жүдөбөйм, кетпес болуп баш багасың,
Жүрөгүмдү сүйүү менен башкарасың.
Бактылуу көз ирмемди тартуулаган,
Билбеймин, сен эмнеге башкачасың?

Жүрөгүмө азык нурун алпарасың,
Айып таппайм издесем, таптазасың.
Азгырылып өзүңө баратамын,
Адамдардан сен эмнеге башкачасың?

Коё бербей жүрөгүңө арбагансың,
Сезимден мени гана тандагансың.
Сүрдөп кетем өзүңдү көргөн кезде,
Жароокерим, сен эмнеге башкачасың?

Жүрөгүңө биротоло байлагансың,
Сен мага качан жаным байланасың.
Өкүнбөйм, сени сүйүп калганыма,
Жакшынам, адамдардан башкачасың.

## ЖАРДАМ БЕР

Оргуштаган сезимим таш жарууда,
Жан дүйнөмдө алаамат башталууда.
Сенин гана колуңдан келет окшойт,
Жардам берчи жүрөгүм башкарууга.

Ооматы жок күндөрдү таркатууга,
Орундалсын ойлорум аткарууга.
Жок дегенде аяп кой, түшүнүп кой,
Алып сен жүрөгүмдү кайтарууга.

Акысы бар, а бирок сакталууга,
Тийиш эмес болсо да баркталууга.
Андан көрө сезимим сыздабасын,
Жардам бер, жүрөгүңө алпарууга.

Сенин гана сезимиң даба болор,
Жүрөгүмдү оорутпай башкарууга.





## АЙТКЫМ КЕЛЕТ

Жүрөгүмө жылдызды жагасыңбы,
Көксөп күткөн тумарым тагасыңбы?
Айткым келет а бирок, айталбадым,
Барганымда кучактап аласыңбы?

Ооруп турат жүрөгүм, багасыңбы,
О андагы сезимиң табасыңбы?
Коё бербей кучактап алгым келет,
Убакытың курмандык чабасыңбы?

Кетпей эле жанымда каласыңбы,
Балким, балким дартыма дабасыңбы?
Сыздап турат жүрөгүм сен деп ооруп,
Алыс түртүп же мени чанасыңбы?

Кучагыңды сагынып барганымда,
Айттырбастан кучактап аласыңбы?

## КУБАНАМЫН

Жашоонун чынжырына тушаламын,
Билгизбей сезим менен убарамын.
Жүрөгүм сен деп гана соккон үчүн,
Кайыл болуп баарына, кубанамын.

Жамалың тиктей албай уяламын,
Сезеби, байкайбы деп уурданамын.
Уйкума аралашып ар бир түнү,
Түшүмөн кетпей койчу, суранамын.

Кыйратып жат сезимди кулатамын,
Чыйралып мен өзүмдү жубатамын.
Сүйүүнүн деңизинде чалкып сүзүп,
Кыялыма эрээркеп кубанамын.

* * *

Тоңдумбу? Үмүт үздүм эртеңимен,
Айырмам калбай менин эстеликтен.
Жылмайып тийген күндүн нуру дагы,
Жылыта албай койду, эмнеликтен?

Айкелин тургузгандай кечээкимен,
Күтүүдөн көл курадым келбесиңен.
Өзүм жууп, өз кайгымды кусалыктан,
Мээримиң таппай издейм жер бетинен.

Өмүрдүн пайдаланып белегинен,
Жүрөгүм орун берип тереңинен.
Сүйүүнүн даамын эми таткан кезде,
Куладым өтпөй сезим элегинен.

Азаптуу бул сүйүүнүн себебинен,
Армандан арылалбай келемин мен.





## ЖАЛГЫЗ КАЛДЫМ

Эмнеликтен мен бүгүн азап тарттым,
Эриш аркак болалбай атып таңым.
Аргасыздан күн кечирип келем жаным,
Жаздыгың бош, ордуң бош жалгыз калдым.

Издеп сени кыйналдым, ооруп башым,
Сылаган колдоруңду эңсеп чачым.
Таштап кеттиң каралдым мени неге,
Караныңа зар болуп жалгыз калдым.

Издедим канча жерден эшик актым,
Сага гана көрүндүбү менин бактым.
Билгизбей жан шеригим алып кеттиң,
О жараткан, эмнеге жалгыз калдым.

Ордуң бош, төшөгүң бош, үйүң да бош,
Жан биргем таштап кеттиң, жалгыз калдым.

## ЧЫНДЫГЫНДА ЖАЛГЫЗМЫН

Бул ааламда жанчылгандай алсызмын,
Тирүү бирок тулку боюм жансызмын.
Жан шеригим колдон алып учуруп,
Коюу түндүн кучагында жалгызмын.

Куурап калган чөлдөй болуп баксызмын,
Куйкаланып орунум жок таксызмын.
Карап жүрүп сени жаным жоготуп,
Карагыла чындыгында жалгызмын.

Жүзүм купкуу, алсыз жүрөк, кансызмын,
Ден соолугум болгон менен тапсызмын.
Коюу түндү курдаш кармап ар түнү,
Орунуң бош жаным сенсиз жалгызмын.

Ушунчалык сени жаным сагынып,
Бирок билем таппай сени жалгызмын.

## КӨРӨМҮН ДА БУЮРГАНЫН

Эмнеге билбей турам, буулугамын,
А бирок көрөмүн да буюрганын.
Токтото албай келем сени ойлоп,
Көрдүңбү, көз жашымдын куюлганын.

Кусалык калаасына урунганмын,
Байкабай убакыттын суюлганын.
Колуңдан келсе эгер ушул дарттан,
Ойлонбой бүгүн эле сууруп алгын.

Жалгыздык келип мага бурулганын,
Билбедим коргон тосуп курулганын.
Чыгарып аласыңбы жүрөгүмдү,
Күтөмүн ушул дарттан суурулганын.

Канат күүлөп бийикке учкум келет,
Билбеймин, көрөмүн да буюрганын.





## АЛЫС ЖАККА КЕТЕМИН

Бүгүн сенден алыс узап кетемин,
Эч бир жоктой болгон үчүн керегим.
Унуталбайм, унуталбайм а бирок,
Эске түшүп биз өткөргөн кечээким.

Ооба сенден чындап эле кетемин,
Жалгыздыктын дайрасында кечемин.
Сапырылган сан ойлорду калтырып,
Эч бирөөгө айткым келбей себебин.

Кандай болот туңгуюкта эртеңим,
Билбей турам кай тарапка жетемин.
Сени менен жашаса да ойлорум,
Мен көрүнбөй алыс жакка кетемин.

Сага жоктой туюлганда керегим,
Ойлоп алам, алыс жакка кетемин.

## КОШТОШАЛБАЙ

Жашымды тыйган менен токтоталбай,
Мен сени кош деп айттым, коштошалбай.
Кайрадан күдөр үзбөй жолуң карап,
Жүрөмүн мээримиңе ороналбай.

Таштаба, калсаң дагы коргой албай,
Сууруп ал, жүрөгүмдү чокко салбай.
Күтөмүн үмүт менен бүгүн дагы,
Же кел де, андан көрө жолдо калбай.

Башканы карай албай, ойлой албай,
Батынып бара албай, жолой албай.
Кыялымды, оюмду ээлеп алсаң,
Жүрөмүн сени менен коштошалбай.

Унут деп, унутам деп айткан менен,
Жашай берем кыялымда коштошалбай.

## АКЫБАЛЫМ СУРАБАДЫҢ

Өрттөнгөн сезимимди уйпаладың,
Куурады, куураса да куйкаладың.
Кантемин күлүм дагы калбас болду,
Жок дегенде акыбалым сурабадың.

Чок болгон сезимимди карабадың,
Күбүлгөн күлүмдү да санабадың.
Жок дегенде аяп мени, бооруң ооруп,
Акыбалым сураганга жарабадың.

Сага деген сүйүүмдү баалабадың,
Чагылган жүрөгүмдү аябадың.
Акыры куйкаланып өчүп барам,
Эмнеге сезимимди каалабадың?

Жыгылсам карап мени таябадың,
Акыбалым сураганга жарабадың.





## БҮГҮН ДАГЫ

Бүгүн дагы төгүп көз жаш ыйладым,
Көрүп калып балким мени аядың.
Аргасызмын башка чарам калбады,
Болбой эле сүйүү менен кыйнадың.

Балким мени аябадың, сындадың,
Ооба көрдүң мен сезимден сынганым.
Жарылгандай дабасы жок туюлат,
Ооруп жүрөк, бүгүн дагы сыздадым.

Бүгүн дагы ыйлаганым туйбадың,
Бүгүн дагы унутууга кыйбадым.
Көргүм келип караанынды сагынып,
Көргүм келип бүгүн дагы кыйналдым.

Ойлой берип сыздаганда жүрөгүм,
Бүгүн дагы сени издеп ыйладым.

## СЕКЕТИҢМИН

Козгогон жан дүйнөңдү, чечениңмин,
Кооздогон жүрөгүңдү, чебериңмин.
Көрк берип өмүрүңө сүйүү менен,
Билип кой сенин жалгыз секетиңмин.

Толгонгон ойлоруңдун тереңимин,
Токтогон сезимиңдин бекетимин.
Топ жарып жүрөгүңө кирип барган,
Сүйдүрүп алган жалгыз секетиңмин.

Дартыңа даба сенин данегиңмин,
Дайыма ыйык болгон карегиңмин.
Дүйнөңдү шаңга бөлөп сүйүү менен,
Өзүңдү коргоп алчу паанегиңмин.

Жашооңду сезим менен толуктаган,
Башканын жүрөгүнө жолукпаган,
Билип жүр, жалгыз сенин секетиңмин.

## ЧОЛПОНУҢ КЫЙНАЛУУДА

Жеталбай оо, сезимим, кыр ашууга,
Кусалык жыгып баарын кыйратууда.
Караанын көрбөй калып жароокерим,
Чолпонуң бүгүн сенин кыйналууда.

Сагыныч козгоп жүрөк, ырбатууда,
Саргайып санаа кетпей ыйлатууда.
Кабарың биле албай жакшынасы,
Чолпонуң ушунчалык кыйналууда.

Акылы жүрөк менен чырдашууда,
Айталбай бирок баарын сыр катууда.
Ар күнү сени издеп жан биргеси,
Көздөрү Чолпонуңду ыйлатууда.

Чыдабай бул сүйүүнүн азабына,
Чолпонуң кыйналууда, кыйналууда.





## НЕГЕ КЕТТИҢ?

Чындап эле болсоң менин жакыным,
Тийер беле балким анда жарыгың?
Жолугам деп барган кезде эмнеге,
Башка жакка буруп кеттиң багытың?

Жүрөгүмө сүйүү берген азыгым,
Бир мен үчүн ыйык билем кадырың.
Көрөмүн деп барып алсам эмнеге,
Из жашырып кайда кеттиң, акырын?

Байлангандай сага гана тагдырым,
Башкаралбай кыйналамын акылым.
Барамын деп айтканымда ошондо,
Шылтоо тапсаң калат белем жакыным.

Деп айтканда сени жаным сагындым,
Сен тарапка буруп алсам багытым.
Дайыныңды билгизбестен кетипсиң,
Айтсаң эмне, болсо менин айыбым?

## АЙТЧЫ СЕН, ЭГЕР БОЛСО АЙЫБЫМДЫ

Кызганып кеттим сени, сагындыңбы,
Үндөбөй калдың эмне, таарындыңбы?
Байкабай сүйлөп алган болсом эгер,
Кечирчи, айтып менин айыбымды.

Таарынсаң балким мага, жазылдыңбы,
Алдаба же бирөөнү жактырдыңбы?
Үндөбөй баратасың эмнеликтен,
Түшүнбөй калдым, айтчы, айыбымды.

Жакпаган сөздөрүмө чалындыңбы,
Башканы жүрөгүңө чакырдыңбы.
Үндөбөс болуп кеттиң түшүндүрчү,
Айтчы сен, эгер болсо айыбымды.

Түнт болуп баратасың, кызгандырып,
Ачык айт болгон болсо айыбымды...

## ЭМНЕ ДЕДИМ?

Кулатып жан дүйнөмдүн кереметин,
Кыйроого салып баарым, тебеледиң.
Жашоомдон акырындап жоголгудай,
Билбеймин, түшүнбөдүм, эмне дедим?

Сүйүүңдү арнап айтып, жетеледиң,
Колтуктап алганымда эркеледиң.
Сезимиң жүрөгүмдү ээлегенде,
Жоголдуң, деги сага эмне дедим?

Сен мага ишеничиң бекемдедиң,
Коздолгон көрктүү болуп теребелиң,
Жүрөгүм сүйүү менен сугарылып,
Калганда, жок болгудай эмне дедим?

Андагы убадалар кайда кеткен,
Жоголдуң, дайыныӊ жок... эмне дедим?





## ЖҮРӨГҮМДҮ УЙПАЛАЙСЫҢ

Сүйөм деп сезимиңди тартуулайсың,
Кайчылаш ойлоруңду таңуулайсың.
Баарыңа макул болсом аргасыздан,
Эмнеге жүрөгүмдү талкуулайсың?

Өткөргөн күндөрүмдү барактайсың,
Жүрөгүмдө каалагандай тарактайсың.
Ооруган менин назик көңүлүмдү,
А бирок сен эмнеге байкабайсың?

Жаркылдап тоскондорду жандабайсың,
Башканы билбейм, неге карабайсың?
Сезимиң жүрөгүмдү жеңген өңдүү,
Сен эмнеге, сен эмнеге чалкалайсың?

Оорутуп жан дүйнөмдү куйкалайсың,
Сыздатып жүрөгүмдү уйпалайсың,
Сен эмнеге көңүлүм карабастан,
Акыбалым кандай менин сурабайсың?

## СҮЙҮҮ ЖОЛУН УЛАНТУУГА

Эмнеге болбойт билбейм, куткарууга,
Оо таш боор, жардам берчи кусалууга.
Акмалап көрөмүн деп издей берет,
Акысы бардыр бир күн кубанууга.

Себепчи болбо сезим кулатууга,
Дапдаяр турган кезде уратууга.
Жардам бер жок дегенде көрүнүп сен,
Бет алсын сүйүү жолун улантууга.

Келгенсиң сезим отун тутантууга,
Азгырып махабатка уулантууга.
Мас болуп калган кезде сүйүү менен,
Жоголдуң жардам бербей, жубатууга.

Сагынып сени дайым издей берет,
Жардам бер, андан көрө кусалууга.

***

Токтотуп көз жашымды тыялбадым,
Чагылган ойлорумду жыялбадым.
Коштошуп менден алыс кетсең дагы,
Күтөмүн, сени дале кыялбадым.

Орундалбай түркүн ой кыялдарым,
Буулугуп калсам дагы сыр айтпадым.
Кол үзүп сенден бүгүн калсам дагы,
Ааламга жат адамдай мен батпадым.

Издедим, аткарылбай суранганым,
Үнүңдү эч бир жерден угалбадым,
Ооба сен чындап эле таштап мени,
Кеттиңби, мен санаадан чыгалбадым.

Жашымды токтотподум, тыялбадым,
Чаржайыт ойлор каптап, жыялбадым.





## КӨҢҮЛ ЧӨГӨТ

Сагынтып кучагыңды, жамгыр төгөт,
Ызгаар суук беттен сылап мени өбөт.
Издедим келеби деп жолуң карап,
Карааның таппаган соң көңүл чөгөт.

Көзүмдөн токтобостон жашым төгөт,
Коёлбай жан дүйнөмө эч бир бөгөт.
Өзүңдү ойлой берип кыйналамын,
Кучагың сагынгандан көңүл чөгөт.

Билбедим ойлорум ээ бийик өсөт,
Мезгилинде а балким болгон көчөт,
Унуталбай жүрөгүм кыйналууда,
Карааның кайда кеткен, көңүл чөгөт.

Бетимден сылап шамал тынбай өбөт,
Коштогон ызгаар суукта жамгыр төгөт,
Кучагың ушунчалык сагындырып,
Ыйлатып жүрөгүмдү, көңүл чөгөт.

## ШЫЛТОО БОЛСУН УШУЛ ЖААН

Арнап сүйүү, жүрөгүмдү кызытчы,
Айтып сөзүң жан дүйнөмдү жылытчы.
Күз жамгыры чыйрыктырып турганда,
Кучактачы, каалап турам ысыкты.

Бүтөйсүңбү, жүрөгүмдөн сыныкты,
Коюп алган алып таштап сызыкты.
Шылтоо болсун күз жамгыры а балким,
Коё бербей кучактачы, ысытчы.

Же болбосо мен баштайын кызыкты,
Сен күтпөгөн, ойлобогон кылыкты.
Күз жамгыры болуп берсин себепчи,
Бекем кысып кучактайын, ысытчы.

Сагындымбы, самадымбы ысыкты,
Кучагыңда эркелеген кылыкты.
Шылтоо болсун экөөбүзгө ушул жаан,
Алып салчы ортодогу сызыкты.

## ЖАМГЫР

Токтобостон жамгыр жааса дыбырап,
Жүрөгүмдү сезим козгойт жыбырап.
Кыялымда элестетсем мен сени,
Сүйөмүн деп айтып алам шыбырап.

Төксө жамгыр, жамгыр төксө нөшөрлөп,
Жан дүйнөмдө сүйүүм учат көкөлөп.
Тосуп чыгып, кайыл болуп барыңа,
Сезимимди айткым келет чөгөлөп.

Жамгыр үнү дыбыраса себелеп,
Колуң кармап, сен да колдон жетелеп.
Кайда барсаң мен да чыкпай жаныңдан,
Жүрсөм кана, кучагыңда эркелеп.

Карап тойбой, дыбыр жааган жамгырды,
Кыялданам, кыялданам керемет.





## ТӨКТҮ ЖАМГЫР БУУЛУГУП

Ооба жаады, бүгүн жамгыр буулугуп,
Сени ойлотуп, шамал коштоп кубулуп.
Карегимден аккан тынбай көз жашым,
Эч бирөөгө билинбестен жуурулуп.

Бүгүн тынбай жаады жамгыр буулугуп,
Кеталбадым эч бир ойдон суурулуп,
Көз жашымды билгизбестен табият,
Мени жалгыз аягандай туюлуп.

Мына бүгүн төктү жамгыр буулугуп,
Бүт денемден көл шал болуп куюлуп.
Мөлт, мөлт агып көз жашымдын тамчысы,
Ыйлаганым кай бирөөгө угулуп.

Биз экөөбүз бир кездерде тоскондой,
Жаады жамгыр, бир башкача буулугуп.

## СЕН ТҮШҮМӨ КИРДИҢ БҮГҮН КАЙРАДАН

Кооз гүлдөрдү терип мага талаадан,
Сен түшүмө кирдиң бүгүн кайрадан.
Алып кеттиң алыстарга ээрчитип,
Мен жактырган ак тулпарың айдаган.

Ушунчалык керемет жер жайнаган,
Кубулжуган куштар коштоп сайраган.
Билбейм мени алып кеттиң жетелеп,
Табияты экөөбүздү арбаган.

Мөлтүр булак суусун ичтик канбаган,
Мөмөсүнөн терип жедик барктаган.
Балким бейиш жери ошол сыяктуу,
Биз ойлонуп барабыз деп каалаган.

Мен жактырган ак тулпарың айдаган,
Сен түшүмө кирдиң бүгүн кайрадан.

## КИРБЕ МЕНИН ТҮШҮМӨ

Кыйналамын, ойлор курчап күнүгө,
Тынч уктайын бейпил каала түнүмө.
Кусалыктын азабынан куткарып,
Болду эми, кирбе менин түшүмө.

Келип алып менин сезим үйүмө,
Кезигесиң азап берип сүйүүмө,
Сагынычтын санаасынан куткарып,
Суранамын, кирбе, кирбе түшүмө.

Арзыбаган сезим кошуп күчүмө,
Азгырасың азык сээп гүлүмө.
Ойгонгондо баары жомок билип кой,
Тынч уктайын, кире бербе түшүмө.

Жок дегенде таңды жакшы тосоюн,
Суранамын, кирбе менин түшүмө.





## КАРЕГИМДИН БУЛАГЫ

Жооп берүүчү келсе мезгил убагы,
Кимге тийет көз жашымдын убалы.
Сезимимдин азабына айланып,
Соолубады карегимдин булагы.

Өчүп барат келбетимдин кунары,
Кетип барат жан дүйнөмдүн кубаты.
Кимге пайда, кимге зыян билбедим,
Токтобогон көз жашымдын булагы.

Даба болуп берсе ичем ууртамы,
Бирок алсыз билип турам уу дагы,
Кандай амал колдонсом да, а бирок,
Эч тыйылбайт карегимдин булагы.

Караанынды көргөн кезде кубанып,
Өзү токтойт карегимдин булагы.

## СҮЙҮП АЛСАМ

Ашыктыктын отуна күйүп жансам,
Аңдайсыңбы жолуңдан күтүп барсам.
Ушунчалык өзүңдү сагынганмын,
Кандай болот көзүңдөн сүйүп алсам.

Сага арнап сезимден күүнү чалсам,
Байкайсыңбы мен сага үмүт артсам.
Жетип барып кетирбей жолуң тороп,
Кандай дейсиң жүзүңдөн сүйүп алсам.

Капысынан мен сага сүйүү айтсам,
Сезимиңден жактыруу, күтүү тапсам.
Кантээр элең кучагыңа чалынып,
Айттырбай жамалыңдан сүйүп алсам.

Сезимден мончок жасап түрүн таксам,
Сезесиңби сүйүүнүн гүлүн ачсам.
Акырын моюнуңа артылып мен,
Кыялданам, эх, кучактап сүйүп алсам.

## ЖҮРӨГҮҢДҮН ДАРЕГИНЕ

Тигилип көздөрүңдүн айнегине,
Көрүнүп сенин гана карегиңе,
Таптаза сакта мага ак сүйүүңдү,
Баратам жүрөгүңдүн дарегине.

Өзүм да билбей турам кай эркиме,
Жашынып ыйык сезим данегине.
Жол улап сен тарапка багыт алып,
Баратам жүрөгүңдүн паанегине.

Көрүнөм сенин гана карегиңе,
Жөнөтүп ак сүйүүмдү дарегиңе.
Сен мага арнап койгон жүрөгүңдү,
Айлантып түбөлүктүү паанегиме.

Баратам, тосуп алчы сүйүү менен,
Бакыттын нурун чачып дарегиңе.





## СҮЙҮҮНҮН АЗЕМИНЕ

Баягы ыйык сезим паанегиме,
Үмүттү артып алып карегиме.
Байкаба, ошондо да бараарым чын,
Жүрөгүм жол көрсөткөн дарегине.

Ишенип билбеймин ай кай эркиме,
Кунт коюп жүрөгүмдүн маегине.
Жол алдым тоскоолдукка карабастан,
Көңүлүм багыт алган дарегине.

Сүйүүнүн коооздолбогон аземине,
Белгилеп жарык шоола ар четине.
Ооба мен баратамын үмүт менен,
Жүрөгүм эңсеп жүргөн дарегине.

Каранбай барып алсам айнегиме,
Кабатыр боло көрбө ал кемиме.
Жупуну көрүнөөрмүн балким сага,
Түбөлүк өчпөйт сүйүүм дарегиңе.

## КАДЫРЫМА ЖЕТЕСИҢБИ?

Баралбай ак сүйүүнүн аземине,
Толтуруп көз жашыңды карегиңе.
Сен менин кадырыма жетпеген соң,
Сөз айтпа жүрөгүмдүн дарегине.

Сезимдин көрүнбөчү айнегине,
Сыйынып ыйык сүйүү айкелине.
Кадырым сага балким баркы жоктой,
Катылба жан дүйнөмдүн данегине.

Укпадым сенин үнүң жан эргите,
Сүйлөйсүң ызалантып, жан кейите.
Анан да сүйөм деген көз жашыңды,
Көргөзбө кыйнап менин карегиме.

Сен менин кадырыма жетесиңби?
Жакшы сөз укпаган соң жан эргите.

## СЕНИ ГАНА ОЙЛОЙ БЕРЕМ

Кол жетпеген бийик белең айдагы,
Жарыксыңбы, шоола чачкан таңдагы.
Кусалыктын азабына чөмүлүп,
Айтчы деги, не ойлобойм башканы.

Сезим деген жалын мени каптады,
Байлап эрким, ээрчип алып калбады.
Сени гана ойлой берем эмнеге,
Өчпөйт окшойт жүрөгүмдүн аптабы.

Окшоталбай эч бирөөнү, кайдагы,
Сен болдуң го жүрөгүмдүн каарманы.
Ойлой берем, оюм курчап алгандай,
Кирип келчи дал ошондой жайдары.

Жүрөгүмдүн жалгыз болдуң арманы,
Ойлой албайм неге сенден башканы?





## ТАРАЗАГА САЛАСЫҢ

Ким деп согот тапкың келсе катасын,
Макул текшер жүрөгүмдүн сапатын.
Ишенбесең аппарат таап салайын,
Бир көрүп ал, жан дүйнөмдүн апаатын.

Сактап койгон сезимимдин сакасын,
Жанчып жарып таразага саласың.
Көрүп, карап өзгөрбөсөң салмагын,
Кайра мага заарың эмне чачасың?

Тийип коюп жүрөгүмдүн жарасын,
Тилип салып кайра неге ачасың?
Кынтыгы жок болсо дагы сүйүүмөн,
Айтчы деги, кандай күнөө табасың?

Макул текшер болсо канча кабатын,
Сен эле бил жүрөгүмдүн сапатын.

## СЕНИ КӨРҮП УКТАЙЫНЧЫ

Сезимди тамчы менен курайынчы,
Жашоомду жомок сымал улайынчы.
Түшүмө кетпес болуп кирип алсаң,
Мемиреп сени көрүп уктайынчы.

Кыялданган арзуумду сурайынчы,
Өзүмө сыйкыр жашоо сунайынчы.
Түн жамынып түшүмө кирип келсең,
Эч ойгонбой сени менен уктайынчы.

Көздөгөн максатыма бурайынчы,
Жүрөгүм сени тыңдап, угайынчы.
Көзүмө урунбасаң жок дегенде,
Түшүмдөн көрсөм жетет, уктайынчы.

Көрүнбөй койсоң дагы бул өмүрдө,
Түшүмдөн кездешүүнү сурайынчы.

**ИШЕНЕМ**

Торолуп сыйкыр кучак мээримиңе,
Орондум гүл аңкыган сезимиңе.
Сен менен кол кармашып бул өмүрдө,
Ишенем тоскоолдукту жеңишиме.

Өкүнбөй өткөн күнгө, кечээкиме,
Өзгөрбөй жол улайын эртеңиме.
Сүйүүнүн туусун бийик желбиретип,
Ишенем, максатыма жетээриме.

Сен менен бакыт көлүн кечээриме,
Сүйүүнүн аралында кезээриме.
Ишенем түбөлүккө кол кармашып,
Ааламды чарк айланып кетээриме.

Жүрөгүмө сүйүү белек бергениңе,
Сезимдин нурун мага сепкениңе.
Ишенем, ишенемин жалгыз сага,
Сен менен максатыма жетээриме.





* * *

Сезимдин туусун сайсам жүрөгүңө,
Ишенем, сүйүп мени жүрөрүңө.
Сагыныч, кусалыктан кутулалбай,
Саргайып жолум карап күтөрүңө.

Чыдабайм, оттой ысып күйгөнүңө,
Сүйүүдөн сен кыйналып жүргөнүңө.
Ишенем мени гана ойлоносуң,
Байрагын илбесем да жүрөгүңө,

Желегин илип берип жүрөгүңө,
Сүйүүнүн шамын жагып күдөрүңө.
Ооба мен сени менен бир боломун,
Ишенем, мени гана сүйөрүңө.

**САГЫНЫЧТАН ТААРЫНАМ**

Таарынсаң мага, мен да сага таарындым,
Таарына албай, кусаландым, жазылдым.
Тартуулап берген сезимиңди сактайын,
Тагдырыма башымды ийип багындым.

Сагынсаң мени, мен да сени сагындым,
Сагынган менен түтөдү эх, сабырым.
Санаага салып кеттиңби сен көрүнбөй,
Сан ойго түшүп айныгандай акылым.

Жактырсаң мени, мен да сүйдүм, жактырдым,
Жаңылгым келбей, элестетип жакыным.
Жайнаган сезим гүлүн терип экөөбүз,
Жашагым келди кетирбей эч жаштыгым.

Сагынып сени, сагынычтан таарындым,
Кайра эле таарына албай жазылдым.

## КАРААНЫҢДЫ

Айтпадым эч бирөөгө абалымды,
Сагындым көрбөй көп күн жамалыңды.
Канчалык унутайын деген менен,
Издеймин, издей берем карааныңды.

Угузбай башкаларга азабымды,
Уладым миң чакырым сапарымды.
Жолугуп сени көрүп келем десем,
Көргөзбөй койбодуңбу карааныңды.

Билейин деген элем кабарыңды,
Билбедим көз жаш төгүп кайтаарымды.
Канчалык тоскоолдуктар тоскон менен,
Ишенем издеп сени табаарымды.

Барганмын элестетчи абалымды,
Сагынып көргүм келип карааныңды.

* * *

Кайрадан козгоп менин жаратымды,
Көргөздүң капысынан карааныңды,
Жолуккум келип бүгүн эмнегедир,
Сагындым, сагындым ай жамалыңды.

Айталбай кыйналамын арманымды,
Билдиңби, байкадыңбы абалымды.
Жоодурап мени күтүп тосуп алып,
Сагындым, мага айткан саламыңды.





Билип кой, угуп калсам кабарыңды,
Бактылуу сезип өзүм алганымды.
Сагынам ошол өткөн күндөрүмдү,
Сезбейсиң кучагыңды кааларымды.

Көтөрүп жок дегенде маанайымды,
Көргөзүп койчу мага карааныңды.
Билбеймин, билбеймин ай, ушунчалык,
Сагындым билесиңби, жамалыңды.

## САГЫНДЫМ ЖАМАЛЫҢДЫ

Угалбай эч бир жерден кабарыңды,
Көз урунбай издеп келем жамалыңды.
Ар күнү акыбалым сурап менин,
Сагындым мага айткан саламыңды.

Акмалап таппай сенин карааныңды,
Соорото албайм сезим жаратымды.
Кабарың жок дегенде билгизип сен,
Түшүнүп койсоң гана абалымды.

Учалбай калган менин канатымды,
Кааладым жөлөп учуп таярыңды.
Унутсун алыстайын деген ойдо,
Же мени сен ушинтип аядыңбы?

Билбеймин көргүм келип сени гана,
Сагындым, мен сагындым жамалыңды.

## КҮТӨ БЕРДИМ

Жымжырттык айлуу түндүн кучагында,
Сырдашам деген ойдо турганымда.
Сен менин күтөрүмдү билип туруп,
Келбедиң шылтоо айтып убакытка.

Жылдыздар уясына батканында,
Сүрүлүп таң агарып атканында.
Жол карап ошондо да күткөн элем,
Эмнеге келбесиңди айтпадың да.

Күн көрүнбөй жоголуп асманымда,
Кеч кирип, түн жамынып калганында.
Келет деп үмүт өчпөй карай бердим,
Кездешкен жерге кел деп айтканыңда.

Өчүрүп телефонуң, барганымда,
Келбесиң ошондо мен байкадым да.
А бирок өчпөй үмүт күтө бердим,
Болжогон калып кетти, сапарым да.

## КАБАРЫҢ ЖОК

Өчүрүп телефонуң кабарың жок,
Өрттөнүп өчүп барат үмүтүм чок,
Мен сени ойлой берем, ойлой берем,
Чыдадың катип билбейм, көңүлүң ток.

Таптакыр кабарың жок, дайының жок,
Жүрөгүмө кадалгандай жүрөмүн ок.
Мынчалык сени неге ойлодум ай,
Жүралбай калдым менин көңүлүм ток.





Эмнеге кабарың жок, маанайым жок,
Издедим тынчым кетип, абалым чок.
Дайының билдирүүгө жарабадың,
Жүрөсүң да ойлонбой көңүлүң ток.

Дайының билдирип кой, жетет ошол,
Мен сага мындан башка талабым жок.

## КИМДЕР ГАНА ЫЙЛАБАГАН

Көздөрүң сенин неге ыйлабаган,
Жүрөгүң сүйөмүн деп сыздабаган.
Кусалык, сагынычты билбейсиңби,
Күткөнүң болсо керек кыйнабаган.

Сезимиң балким сенин ылгабаган,
Чечимиң кандай экен чырмабаган.
Уйкудан калып мендей күттүң бекен,
Мезгилиң өткөн чыгар жыргабаган.

Сүйдүрүп алсаң макул сындабаган,
Күйдүрүп койсоң дагы кыйнабаган.
Болсом ээ мен өзүңдөй мерез болуп,
Күттүрүп мени эч ким кыйнабаган.

Күтүүдөн сыздаган да, сыздабаган,
Сүйүүдөн кимдер гана ыйлабаган...

## КЕЗИГЕМ ЖАЗЫП ЖАТКАН ЫРЛАРЫМАН

Даам татып орун алып сырларыман,
Кыдырып түгөнбөгөн жыргалынан.
Которуп орунуңду кетип калба,
Кезикчи менин жазган ырларыман.

Келечек, өмүр, жашоо, жылдарыман,
Ак кагаз, калемимдин кырманынан.
Эгер сен кетпес болуп калып кетсең,
Түбөлүк көрөм сени ырларыман.

Жайгашып бул ааламдын кымбатынан,
Болсоң да козгоп жүрөк сынбасынан.
Жашоомдо менден алыс жашасаң да,
Көрүшөм өзүм жазган ырларыман.

Сен менин жүрөгүмдүн кылдарынан,
Орун алдың, ойлоруман, ыр сабыман,
Ар күнү билесиңби, билбейсиңби,
Кезигем жазып жаткан ырларыман.

Ар тамгам сүрөтүңдөй элес берип,
Кезигем жазып жаткан ырларыман.





## МЕНИ ДА САГЫНГАНСЫҢ

Капаланып сен мага кайгыргансың,
Болбогон сөздөрүмө таарынгансың.
А бүгүн ушунчалык көргүң келип,
Билгизбейсиң, билемин сагынгансың.

Түнөрүп бороон каптап чакыргансың,
Азгырылып шылтоого чалынгансың.
Телефондон адашкан адам болбо,
Айтпасаң да билемин, сагынгансың.

Таарыныч, капалыктан арылгансың,
Там берип сезимиңе багынгансың.
Адашып кат жөнөтпөй, ачык айтчы,
Азыр сен көргүң келип сагынгансың.

Сен менин жүрөгүмдүн багындасың,
Айталбай айланамда, жанымдасың.
Акмалаба, алыстан карай бербе,
Жакын кел, сүйлөшөлү, сагынгансың.

## КАЙРЫЛГАН КАНАТЫМ

Айыктыра албадың жаратымды,
Эмне кайрып алгансың канатымды?
Сыздагандан жүрөгүм жанчылууда,
Жок дегенде аяп койсоң абалымды.

Оорума жалгыз өзүң дабасыңбы,
Дарысын балким издеп табасыңбы?
Кайрылган канатымдын жаракатын,
Сүйүүңдү ороп бекем таңасыңбы?

Көзүмө эч көрүнбөй, качасыңбы,
Башкага сезим нурун чачасыңбы?
Кайрылган канатымды сыздатып сен,
Азапка алып барып саласыңбы?

Өрүлбөй калган чачым, тарайсыңбы,
Кайрылган канатымды аяйсыңбы?
Дартымды мен өзүңдөн издегенде,
Дарылап келип мени карайсыңбы?

## ДАРЫЛАЧЫ СҮЙҮҮ МЕНЕН

Дарылап жүрөгүмдү сүйүү менен,
Дартыма даба болуп койбойт белең?
Дабамды сенден издеп жатканымда,
Дагы да эмне дейсиң, ойлон десем?

Дайрага сүзөлүчү, учуп жетем,
Далайга жолуң карап күтүп келем.
Даанышман дабагерим сезимимдин,
Дарыла, дарылачы, сүйүү менен.

Даңгыр жол болсо мейли, дүйнө кезем,
Дайыма ээрчип ал, макул, кетем.
Даткасы болуп менин жүрөгүмдүн,
Дабасын тапчы жаным, сүйүү менен.

Дартыма даба болуп жалгыз өзүң,
Дарыла, дарылачы, сүйүү менен.





## ЭМНЕГЕ БИЛБЕЙСИҢ СҮЙГӨНҮМДҮ

Э койчу, сенин таштай жүрөгүңдү,
Эзилип эрким жетпей сүйгөнүмдү.
Эмнеге билбейсиң ай, билбейсиң ай,
Эси жок сезим курчап жүдөөрүмдү.

А койчу, сени дале күткөнүмдү,
Арбалып, азгырылып жүргөнүмдү,
Айттырбай билип койсоң эмне болмок,
Али да үзбөй келем күдөрүмдү.

Оо менин таш боор ошол сүйгөнүмдү,
Оролтуп жүрөгүмө түйгөнүмдү.
Ошончо мезгил өтүп кетсе дагы,
Оорудан эч арылбай күтпөдүмбү?

Эх, сенин таш боор болгон жүрөгүңдү,
Эмнеге билбейсиң сен сүйгөнүмдү?

## СЕН ДАГЫ МЕНИ СҮЙҮП КЫЙНАЛСАҢ ЭЭ

Жүрөгүм оодарылып чалкасынан,
Жүдөдүм сезимдердин кашкасынан.
Жүгүрүп кучагыңа баргым келип,
Жүрөмүн кусалыктын аркасынан.

Көңүлүм көтөрүлбөй башкасынан,
Көздөрүм издеп карап таппасынан.
Көктөмдө сенден үмүт үзсө дагы,
Көрүнүп барам сезим капкасынан.

Байкалай адамдардын арасынан,
Баамдатпай ак сүйүүнүн талаасынан.
Баш багып жүрөгүңө барамын да,
Баары бир табам сезим калаасынан.

Сен дагы мени сүйүп кыйналсаң ээ,
Сезимдин арылалбай санаасынан.

## ЧЫЙРАЛАМЫН

Дайының уга албай кыйналамын,
Таш боорсуң, билесиңби, сыздаганым.
Мен сенден алыс жакка кетем десем,
Тыйылбай койбодубу ыйлаганым.

Сезимге ороп мени чырмаганың,
Көзүмдүн жашынан эх, чыгарамын.
Убалы тийип калса кантесиң ай,
Сүйдүрүп коюп кетип кыйнаганың.

Ааламга сени ойлоп сыйбаганым,
Билбейсиң көз жашымды тыйбаганым.
Кол шилтеп сенден кечип кеталбаган,
Акылсыз бир адамды тыңдабадың.

Сүйүүнүн тузагына илип сени,
Билип кой, мен да бир күн чыйраламын.





## БҮГҮН АЛДЫМ КАТЫҢДЫ

Жүрөгүңө жазып алып атымды,
Күтүп мени улам карап саатыңды.
Көргүң келип кыйналдыңбы, садага,
Алдым бүгүн телефондон катыңды.

Билесиң го, сага берген антымды,
Бузбайм ошол сенин айткан салтыңды.
Кармап алып телефонуң колуңа,
Күттүң билем, менин жазган катымды.

Билем сенин мага ыйык баркыңды,
Ойлондуруп оорутпаймын башыңды,
Жооп беремин өзүм жетип жаныңа,
Бүгүн алдым, азыр алдым катыңды.

Даярдап кой, мен жактырган кантыңды,
Чайга кошуп таза сүйүү балыңды.
Жолго чыктым, барам жаным, жаныңа,
Окуп алып мага жазган катыңды.

Сырдашалы, сөз түгөнбөй калганча,
Таң атырып угуп сенин баарыңды.

## БЕКЕМ КАРМАЙМ АНТЫМДЫ

Ойлоп сени, оорутпаймын башымды,
Кыялданбайм, атабаймын атыңды.
Телефондон кайра, кайра жөнөткөн,
Окубаймын ачып карап, катыңды.

Ыйлабаймын, төгүп сен деп жашымды,
Кыйнабаймын азап тартып, жанымды.
Жүзүң буруп биротоло келсең да,
Өзгөрүлбөйм, бузбай ушул антымды.

Бийик сактайм өздүк менин салтымды,
Атырамын кадимкидей таңымды.
Арзыбаган сөзүң мени жеңалбайт,
Билесиң го, эми менин баркымды.

Ишене бер, бекем кармайм антымды,
Атабаймын болду сенин атыңды.

## ҮНДӨБӨЙ ӨТӨЙҮНБҮ?

Кыйнабай сени, же не, өлөйүнбү,
Сөөгүмдү ырларыма көмөйүнбү?
Жашырып же болбосо жалбыракка,
Көргөзбөй бүт баарымды бөлөйүнбү?

Өрткө ороп өзүмдү көрөйүнбү,
Акырын бул өмүрдөн өчөйүнбү?
Кулак укпас, көз көрбөс жакты карап,
Белгисиз бир тарапка көчөйүнбү?

Деңизге таштап боюм, чөгөйүнбү,
Балыктарга жем болуп өлөйүнбү?
Көтөралбай сүйүүңдү баратамын,
Сыздаган ырларымды төрөйүнбү?

Аңтарып жүрөгүңдү сөгөйүнбү,
Азгырып, имерип да көрөйүнбү?
Жок болуп бул ааламдан же болбосо,
Акырын мен тынч эле өлөйүнбү?

Же тынч жашап үндөбөй өтөйүнбү?





## АНАН ДАГЫ ЫЙЛАТАСЫҢ

Сездирбей жүрөгүмдө туйлагансың,
Сезимиң ороп алып кыйнагансың.
Секетиң боломун деп айта берип,
Сен мени сүйүү менен чырмагансың.

Жообумду алгычакты тынбагансың,
Жоодурап жакшы көрүп жыргагансың.
Жолумдан күндө тосуп балким анда,
Жок болбой мени гана сындагансың.

Азапка алып барып байлагансың,
Азгырып жүрөгүмдү арбагансың.
Адашып сени сүйүп калган кезде,
Айталбай алыстадың, алдагансың.

Ойлогон ойлорумду кыйратасың,
Оорутуп көңүлүмдү сыздатасың.
Ошончо азап берген кимсиң өзү,
Ойлонтуп анан дагы ыйлатасың.

## ЖҮРӨГҮМДҮ БАШКАРАСЫҢ

Кетирбей биротоло кармагыдай,
Жашоомду сага гана арнагыдай.
Сен кимсиң, азап берсең кайыл болуп,
Артыңдан ээрчип алып калбагыдай.

Көңүлүм калтырсаң да чанбагыдай,
Жүрөгүм жалгыз сени тандагыдай.
Деги кимсиң сүйүү менен чырмап салып,
Кайыл болуп баарыңа арбалгыдай.

Болбосо да мамилең абалкыдай,
Кеталбастан сага эле байлангыдай.
Кимсиң сен, жүрөгүмдү башкаралган,
Ажырабай өзүңө кармалгыдай.

Оюмду жыйнап алып тандагыдай,
Ээ болбодум өзүмө баштагыдай.
Кимсиң өзү, кимсиң өзү мынчалыкка,
Жүрөгүмдү сүйүү менен башкаргыдай.

Дүрбөлөңгө салып менин жашоомду,
Сен кимсиң, мени гана арбагыдай?

## СЕН КИМСИҢ, А МЕН КИММИН

Оорутуп жан дүйнөмдү, чайпагыдай,
Кетпеген санаа болуп кармагыдай.
Сен кимсиң, азап салып жүрөгүмө,
Арзыган адамыма айлангыдай.

Оюмду ээлеп алсаң чарчагыдай,
Сезимдин даамын татып чаңкагыдай.
Мен киммин, сага киммин билбей турам,
Өзүңө биротоло арбалгыдай.

Сүйөм деп сага гана байлангыдай,
Жанчылып сезимиңе чайналгыдай.
Ээ боло албай жүрөм эркиме да,
Мен киммин, кыялыма алдангыдай.

Жүрөгүм жүрөгүңө арналгыдай,
Болсок ээ сураганга айталгыдай.
Сен кимсиң, а мен киммин айтып койчу,
Туңгуюк жолдор бизге таң калгыдай.





* * *

Сен кимсиң, жүрөгүмө азап берген,
Ашыкча жаралдыңбы, билбейм, элден.
Канчалык алыстайын десем дагы,
Алыстай албай койдум, неге сенден?

Сен кимсиң, мага сезим тартуулаган,
Жан дүйнөм жалгыз сени талкуулаган.
Өзүңдү унуталбай кыйналамын,
Сүйдүрүп жүрөгүмдү аруулаган.

Сен кимсиң, мага сүйүү алып келген,
Кыйратып ойлорумду жыгып жеңген.
Жүрөгүм жалгыз гана сен деп согуп,
Өзгөчө көрөт сени бардык элден.

Сен кимсиң, деги кимсиң, сүйүү берген,
Башкача жаралдыңбы, билбейм, элден?

## МЕРЕЗ БОЛБОЙ ӨЗГӨРДҮМ

Баштагыдан мерез болбой, өзгөрдүм,
Сага балким мааниси жок сөздөрүм.
Жүрөк сыздап, сени сүйдүм, кыйналдым,
Уйкусу жок, байкадыңбы, көздөрүм.

Ойлогонум, издегеним, көргөнүм,
Сенден бөлөк эч болбогон көйгөйүм..
Кандай учур болсо дагы билип кой,
Сен жактырган чечпей кийем көйнөгүм.

Сүйүп сени оорусам да чөкпөдүм,
Сүйүндүрүп сөз арнасаң көппөдүм,
Оо андагы, мерез мүнөз жоголуп,
Байкайсыңбы, баамдайсыңбы, өзгөрдүм.

## КӨЗ ЖАШЫМ ТОКТОБОДУ

Төгүлүп көз жашым же токтободу,
Болобу билбей калдым токтогону.
Ар күнү сени деп сыздагандан,
Күчөгөндөн күчөдү, жоголбоду.

Сагыгычтын санаасы торогонду,
Жүрөгүм жалгыз сени ойлогонду.
Адатка айланткандай биротоло,
Көз жашым билбей калды сооронгонду.

Кусалык жүрөгүмдү тоногонду,
Көтөралбай жат бирөө жологонду.
Үйрөндү билесиңби, кадимкидей,
Жаздыгым көз жашыма оронгонду.

## УЛАДЫМ ЖОЛУГАЛБАЙ САПАРЫМДЫ

Сырдашып сүйлөшөм деп барганымды,
Кыялга чөмүлүп мен алганымды.
Билесиң, билип туруп унчукпайсың,
Көз жашым токтобостон кайтканымды.

Төңкөрүп бүт баарымды, катканымды,
Төгүлүп сүйлөшөм деп айтканымды.
Ооба сен, билип туруп кете бердиң,
Уладым аргасыздан сапарымды.





Көтөрдүм мага берген абалыңды,
Кыйналдым көтөралбай азабыңды.
Ачылып сени менен сүйлөшалбай,
Угалбай кете бердим кабарыңды.

Сагыныч, кусалыктан агып көз жаш,
Уладым аргасыздан сапарымды.

## КӨРҮНГӨНДӨ АЗАБЫҢ

Сени көрдүм, өзгөрбөгөн жамалың,
Мүнөзүң түнт, дал ошондой кабагың.
Эки тоодой көрүшпөйбүз десек да,
Билдиң бекен мен кезигип калаарым.

Жылбай токтоп, калды баскан кадамың,
Козгоп эле алдым бекен жаратың?
Кең деп басып жүрсөң ушул дүйнөнү,
Бир заматта тарый түшүп ааламың?

Балким бардыр мен жөнүндө кабарың,
Мага гана түшүнүктүү абалың.
Башкаларга байкатпастан аяр бол,
Качан болсо алик алам саламың.

Бир кездеги сенин ыйык адамың,
Капысынан көрүнгөндө азабың.
Жер жарылып кирип эле жок болуп,
Келген чыгар унутуп ээ жашагың.

## МЕН БААРЫНА ЧЫДАЙМЫН

Неге сени ойлой берем, кыйбаймын,
Төгүп көз жаш, токтоналбай ыйлаймын.
Кантем менден алыстасаң, аргам жок,
Сагынсам да, кыйналсам да чыдаймын.

Сагынычтан арылалбай сыздаймын,
Бул азаптан жүрөгүмдү кыйнаймын.
Сага болгон тынчтык бербей кусалык,
Кең ааламдын эч жерине сыйбаймын.

Кантемин ай, кантемин ай, ыйлаймын,
Канап жүрөк, кусалыктан сыздаймын.
Менден алыс кетсең дагы аргам жок,
Мен баарына, мен баарына чыдаймын.

Сагынсам да, саргайсам да аргам жок,
Мен баарына чыдаймын да, чыдаймын.

## ТҮШҮНҮП КОЙ

Эч ойлобойм, билемин жокту, барды,
Суктанбайм көрүп алып башка жарды.
А бирок, сезим ырын жаза берем,
О жакшынам, түшүнчү мендей жанды.

Кучагыңда атырып ар бир таңды,
Сени менен жашасам да көрүп айды,
Сүйүү ырын токтобой жаза берем,
Эх жакшынам, түшүнчү мендей жанды.





Биз экөөбүз бир басып жиреп карды,
Бир аралап жүрсөк да тоону, сайды.
Түбөлүккө сүйүү ырын жазгым келет,
Э жакшынам, түшүнөсүң мендей жанды.

Билбейм неге сүйүү ырын жаза берем,
Түшүнүп кой жакшынам, мендей жанды.

## БОЛДУ ЖАЗБАЙМ ДЕГЕМ

Сураганга айтпайм сактап сырымды,
Чекит коюп токтотомун ыйымды.
Башка нукка бурулса да каламым,
Болду жазбайм деген сага ырымды.

Эмне десең көтөрөмүн сыныңды,
Сөз беремин жазбайм сага ырымды.
Болбогонго теригесиң билбедим,
Сага деле айткым келбейт чынымды.

Сени сүйүп өткөрсөм да кылымды,
Жоготпоймун деген менен сыйымды.
Ишеничим актабайсың кантейин,
Ырларыма катсам деле атыңды.

Башка нукка бурулбасын каламым,
Жазар кезде сенин алтын атыңды.

## СЕЗИМДИН ЖАЛБЫРАГЫ

Көрүнбөсүн көзүмдүн жашы дагы,
Көмүп салчы сезимдин жалбырагы.
Өчөт окшойм сүйүүдөн даба таппай,
Өчүп барат жашоомдун жалтырагы.

Билгизбей, карегимдин тамчы жашы,
Талкалады сезимдин табышмагы,
Тайгаланып сүйүүдөн кетет окшойм,
Эч чечилбей сүйүүнүн жандырмагы.

Кайда кеткен сезимдин жалбырагы,
Жообу жок жолду карайм алыстагы.
Эркиң жетсе көмүп сал тирүү эле,
Сүйүүдөн баратамын азып дагы.

Көрүнбөсүн эч бирөөгө башым дагы,
Байкабасын, билбесин жанымдагы.
Жүрөгүм сүйүү үчүн өчкүчөктү,
Көмүп салчы, сезимдин жалбырагы.

## ЖАЛБЫРАКТАЙ

Сезимден ала турган өчүм бардай,
Бозоруп калгычакты жаным калбай.
Күтүүнүн азаптары төгөт көз жаш,
Кубулуп жерде калган жалбырактай.

Жол карап издей берем, карек талбай,
Кээ күнү үмүт өчөт, жанып, жанбай.
Сагыныч азаптары кыйнап ыйлайт,
Самсаалап жерге түшкөн жалбырактай.





Сүйлөшкүм келген менен бирок канбай,
Ойлорум койду мени ээрчип калбай.
Үзүлүп кусалыктын көз жаштары,
Кубулөт күздө түшкөн жалбырактай.

Сени деп агып жаткан көздөгү жаш,
Тебеленип кала берди жалбырактай.

## ҮНСҮЗ ДАРАК

Тыйылбай кусалыктан жашым дагы,
Бүркөлүп көңүлүм эч ачылбады.
Акырын беттен сылап шамал коштоп,
Соороттот үнсүз дарак жалбырагы.

Сайрабай сезим кушу багымдагы,
Коштобой калган мени жанымдагы.
Сүйүүмө күбө болгон үнсүз дарак,
Мен сага жалгыз келдим сырдашканы.

Көз жашы жаңы эле басылганбы,
А балким мени коштоп кайгырганбы?
Күз келип, мен келгенде үнсүз дарак,
Кубулуп ыйлагандан жалбырагы.

## ОШОЛ ТЕРЕК

Сүйүүмө күбө болгон ошол терек,
Бүгүн да жан дүйнөмө болуп керек,
Мен өткөн күндөрүмдү сагынганда,
Жашоомо ыйык сезим берген белек.

Барганымда сагынгандай ошол терек,
Күткөндөй экөөбүздү качан келет?
Муңайып баштагыдай тосо албай,
Жалбырагы ыйлагандай түшө берет.

Баралычы күтүп жатат жалгыз терек,
Экөөбүзгө сүйүүнүн нурун себет.
Ал дагы жашаргандай түр көрсөтүп,
Жалбырагын бекемдеп алсын демек.

Сезимиме күбө болгон ошол терек,
Бүгүн да экөөбүзгө абдан керек.
Баралы, баралычы, баштагыдай,
Жүрөгүм сагынгандан эңсей берет.

## СЕН МЕНИ ИЗДЕЙСИҢБИ?

Көздөрүң бир мен үчүн ыйлаганда,
Кусалык жан дүйнөңдү кыйнаганда.
Сен мени издейсиңби, издейсиңби,
Жүрөгүң сагынычтан сыздаганда.

Күйгүзүп сезим оту ырбаганда,
Күтүүнүн азаптары чырмаганда.
Эч нерсеге карабай издейсиңби,
Ой, кыялың эркиңди тыйбаганда.





Өзүңдү өзүң угуп, тыңдаганда,
Жүрөгүң мен деп согуп, кыйбаганда.
Сен мени чындап эле издейсиңби,
Сезимиң жан дүйнөңө сыйбаганда.

Сен мени издейсиңби, издейсиңби,
Көздөрүң бир мен үчүн ыйлаганда.

## ӨКҮНӨМҮН

Чийип салып биротоло көчүрөмүн,
Сезимиңди таштап төмөн чөктүрөмүн.
Деген менен эч сөзүмө тура албай,
Жүрөгүмдөн кантип сени өчүрөмүн?

Сан ойлордон арылалбай чөмүлөмүн,
Тыйылбаган көз жаш болуп көрүнөмүн.
Ишеничим актабай кеткениңе,
Билесиңби, жүрөк сыздап өкүнөмүн.

Санаалардын баригине көмүлөмүн,
Саргайыңкы жалбырактай төгүлөмүн.
Сүйүүң айтып ишендирип алган үчүн,
Кеткениңе көнбөй койдум, өкүнөмүн.

Эски жиптей аргасыздан сөгүлөмүн,
Эрким жетпей эч нерсеге, бөлүнөмүн.
Колум шилтеп унутамын деген менен,
Жүрөгүмдөн өчүралбай өкүнөмүн.

## ӨКҮНӨМҮН

Сагынычтан, сан ойлордон арылбай,
Жүрөгүмдүн сыздаганы басылбай.
Өкүнөмүн сени сүйүп калганга,
Кантемин ай, эч көңүлүм ачылбай.

Койгонумда балким сени жактырбай,
Сезим үчүн тагдырыма таарынбай.
Мен жөн гана жашоо сүрүп өмүрдө,
Жашайт элем сага улам жагынбай.

Өкүнөмүн, көз жашымды агызбай,
Койсоң эмне сезим менен азгырбай.
Билбей турам, өзгөрүлбөй жүрөгүм,
Албай койду, эч бир сенден алыстай.

Мага берген бул азаптуу сезимиң,
Тороп алган коргонунан чыгарбай.

## АЗГЫРБА АЗАБЫҢА

Кабылып жүрөгүңдүн жазасына,
Калганмын ансыз дагы мазагына.
Канчалык сенден алыс кетем десем,
Азгырба сезимиңдин азабына.

Кагылып, урунганмын арманына,
Кезигип кусалыктын санаасына.
Мен сага көрүнбөйүн деген кезде,
Азгырба, кайра сезим талаасына.





Кыялым учуп жылдыз арасына,
Кеткенде даба таппай жаратына.
Жарк этип кайдан чыга калдың экен,
Азгырып мени сүйүү калаасына.

Азгырба суранамын, азгырбачы,
Кайрадан мени сүйүү азабына.

## СЕН ДА БИР КҮН ӨКҮНӨСҮҢ

Кусадар болуп мага көрүнөсүң,
Сагыныч азап берип төгүлөсүң,
Убагында сүйалбай калганыңа,
Билемин сен да бир күн өкүнөсүң.

Сагыныч дайрасына чөмүлөсүң,
Сан ойлор курчоосуна көмүлөсүң.
Мезгилинде сүйүүмдү баалабасаң,
Шашпа сен сүйүп калып өкүнөсүң.

Ойлоруң биригалбай бөлүнөсүң,
Жан дүйнөң жыйнай албай сөгүлөсүң.
Таш болуп катып калган жүрөгүңө,
Ороп алса сүйүү келип өкүнөсүң.

Мынчалык мерез болуп көрүнбөчү,
Мени сүйүп сыздап анан өкүнөсүң.

## ОКУП КОЙ ЫРЛАРЫМДЫ

Толтуруп көз жашыма жаздыгымды,
Толуктап жазып келем мен ырымды.
Окуп кой, жок дегенде көңүл бөлүп,
Кубантып ыр кураган акыныңды.

Арнадым ар бир тамга, тарыхымды,
Ак барак чийип жазып тагдырымды.
Окуп кой ырга сени тартып келем,
Өзгөртпөй сезимдеги багытымды.

Калтырып ошол өткөн таарынычты,
Бүтпөгөн сага болгон сагынычты.
Чиймелеп жазганымды окуганда,
Күнөөлөп айтасыңбы айыбымды?

Калтырып курчап турган кабыгымды,
Таптаза арнап барам бардыгымды.
А балким сүйүп калган күнөөм үчүн,
Өзгөрт деп айтасыңбы багытымды?

Жүрөгүңдү сыздатып катылдымбы,
Окуп жүр, сага жазган жаңы ырымды.

## ЫР ЖАЗАЙЫН

Канчалык сүйүп сени кыйналбайын,
Жүрөгүмдү канатып сыздабайын,
Сен билбейсиң, баары бир түшүнбөйсүң,
Андан көрө не кылам, ыр жазайын.





Көзүмдү да ар күнү ыйлатпайын,
Мазак болуп кээ бирөөнү жыргатпайын.
Сезбе макул байкаба, аргасызмын,
Сүйөмүн деп сүйүнүп ыр жазайын.

Желбиретип желегим, кыр ашайын,
Ойлорумду соолутуп, кыйратпайын.
Жүрөгүмө түбөлүк сүйүү катып,
Азык кылып четинен, ыр жазайын.

Ак барак өзүң менен сырдашайын,
Обон салып, кошулуп ырдашайын.
Мен сүйүүнү калемге алмаштырып,
Андан көрө алаксып ыр жазайын.

## ӨЗГӨРБӨГӨН БАЯГЫ СЕН

Жашынып алып сезим көктөмүнө,
Байкабай убакыттын өткөнүнө.
Өзүңдү күткөн элем эчен жылдар,
Ишенбейм бүгүн сени көргөнүмө.

Сезимдин нуру кайра төккөнүнө,
Батпадым кубанып мен көйнөгүмө.
Мен сүйгөн, өзгөрбөгөн баягы сен,
Тигилип караганда көздөрүмө.

Жооп берип койбосоң да сөздөрүмө,
Кубандым сени кайра көргөнүмө.
Кетиргим келбей тиктеп турганымда,
Суранам, суранамын, өзгөрүлбө.

Мен сүйгөн, мен жактырган баягы сен,
Ишендим чындап эле көргөнүмө.

## ТАППАЙ КАЛДЫМ

Кетирбей кармап жүрөм ойлорумда,
Издеймин чыгабы деп жолдоруман.
Мен сени унуталбайм, унуталбайм,
Жулдуруп алсам дагы колдоруман.

Сайраган кушту карап, бутагыңан,
Алоолоп күйгөн оттун тутамынан.
Караймын карааныңды көрөмбү деп,
Чыгаргым келбей издеп кучагымдан.

Табамбы өзүң жүргөн тоолоруңдан,
Же барган жумуш менен борборуңдан.
Үмүтүм үзбөй сени издей берем,
Сен баскан ар бир изиң, жолдоруңдан,

Таап бер деп суранамын убакыттан,
Карааның таппай издеп улам жылган.
Таң нуру көрбөйт эми мындан ары,
Баягы сен экөөбүз сайран курган.

Сыйпалап таппай сени калбадымбы,
Кетирбей кармасам да ойлоруман.





## ТУМАНДА КЕЧИКТИМБИ?

Бозоруп туман каптап сезимимди,
Түнөрөт эч көргөзбөй чечимимди.
Кайдагы эрксиз кыял ээлеп алып,
Жарык нурум алып кетсе зериктимби?

Жол издеп адашууга кезиктимби,
Же мүмкүн мен туманда кечиктимби?
Тунгуюк жолдон бүгүн чыга албай,
Арзыган адамымды кейиттимби...

Күчүмдү жыйнай албай териктимби,
Сүйүүмдү мен тумандан бекиттимби?
Жүрөгүмдү каптаган бороон чапкын,
Ал мендик адамымды кетирдиңби?

Сүйүүмө аралашкан ушул туман,
Чыгарбай алып кетти чечимимди.

## КЫЙНАЛБАЙ КЕТЕ БЕРЕМ

Баш ийбей, ойлорумдун чекитине,
Байланбай жүрөгүмдүн чечимине.
Жол алып махабаттын аралына,
Кетемин жакындабай эшигиңе.

Жүрсөм да канат күүлөп эркиндикте,
Сүзөмүн жалгыздыктын деңизинде.
Колумду сенден үзүп кеткен кезде,
Жүрөгүм, башка жанга кезиктирбе.

Учамын бийик, бийик мейкиндикке,
Аралап жалгыздыктын сейилинде.
Өзүмдү сага байлап барган менен,
Бөлөнө албайм билем мээримиңе.

Андан көрө кыйналбай кете берем,
Акыры бир күн сага баш ийгиче.

## СЕНИН ДАГЫ ЭСИҢДЕМИН

Бактылуу болобуз деп кезиккенмин,
Ураган сезимиңди, бекиткенмин.
Башканын жары болуп жашасаң да,
Бир өмүр сенин жалгыз эсиңдемин.

Эстесем күйүп кетем, кечиккениң,
Көрбөйсүң, жүрөк сыздап эзилгеним.
Жолугар жолдор бизден алыс калган,
Тек гана жан дүйнөңдө, эсиңдемин.

Ал күнгө билбейм кантип жеткиргениң,
Башканын тагдырына жеңилгениң.
Ыйлатып менден алыс кетсең дагы,
Эстеймин, сенин дагы эсиңдемин.

Укканмын сыздап жүрөк кыйналганың,
Жат бирөөгө көналбай сыздаганың.
Эсиңдемин, а бирок кезикпечи,
Көргүм келбейт, жаш төгүп ыйлаганың.





## КАЙРАДАН СҮЙҮП СЕНИ

Жообу жок сезимиңе катылбаймын,
Урунуп жүрөгүңө кагылбаймын.
Кандай өчүң болсо да айтып алгын,
Угамын, капаланып кайгырбаймын,

Туруктуу менин сүйүүм, сатылбаймын,
Түбөлүк ыйык сактап, сапырбаймын.
Туңгуюк жолдо жалгыз калсам дагы,
Сагынсам да сөз берем, сагынбаймын.

Кайрадан сүйүп сени жаңылбаймын,
Сүйсөм да сүйөмүн деп жалынбаймын.
Сөз берем тынчың алып бара бербейм,
Болду мен сага мындай жазылбаймын.

Кайрадан сүйүп келип табылбаймын,
Тумарың болуп эми тагылбаймын.
Тынчыңды албайм сага сөз беремин,
Жообу жок сезимиме таарынбаймын.

## МЕН ӨМҮРГӨ КАЛТЫРЫП

Жомок болуп калсын баарым жазылып,
Кылымдарга ооздон оозго айтылып.
Жүрөгүмдүн сезим деген баянын,
Кетким келет мен өмүргө калтырып.

Өчпөс сүрөт болуп калса тартылып,
Өзгөрбөстөн дал ушундай тагылып.
Жан дүйнөмдүн эч бүтпөгөн баянын,
Анда кетем мен өмүргө калтырып.

Бүтпөс болуп эгер калсам айтылып,
Уксун баары ойлоруна батырып.
Кыялымдын сүйүү деген баянын,
Тынч кетейин мен өмүргө калтырып.

Кайра туулуп калсам эгер өмүргө,
Бул азаптан калар белем арылып.

**АЖАЛ ЭМЕС СҮЙҮҮ ЖЫГАТ ӨЛТҮРҮП**

Мен жашоомду башка нукка көчүрүп,
Койсом дагы чыгат окшойт көбүрүп.
Сүйүү деген баш айлантып акыры,
Көзүм жетти жыгып тынат, өлтүрүп.

Сурансам да, келбе десем өтүнүп,
Жүрөгүмдөн чийип салсам өчүрүп.
Кетпей мени сүйүү оту куйкалап,
Өрттөп тынат, өчүн алып өлтүрүп.

Буюрганын көрөм десем өкүнүп,
Тороп алды кетпей эле өксүтүп.
Арбашууга алым жетпей акыры,
Ажал эмес, сүйүү жыгат өлтүрүп.

Кечиккендей алдым эми өрчүтүп,
Туңгуюкка тороп барат чөктүрүп.
Кыйнап бүттүң жарга такап өзүмдү,
Алып кутул андан көрө өлтүрүп.

Алым жетпей калган кезде өзүмө,
Ажал эмес, сүйүү жыгат өлтүрүп.





**КЕЛИП АЛАМ**

Дабасы жок тең жарылып, тилинип,
Калды дебе уу тикенге илинип.
Сени сүйгөн үчүн менин жүрөгүм,
Өлбөстүктөн алган барча кийинип.

Эпсиз жүрөк алсыздыктан бүгүлүп,
Эчак кеткен дей көрбөгүн үзүлүп.
Бирок, билгин, үмүт отум өчүрбөй,
Эч убакта калбайм сенден түңүлүп.

Алып кетти ажал келип сапырып,
Деп айтпагын кай бирөөгө жаңылып.
Жалгыз сүйүүм сен болгон соң жашоодо,
Өлбөй турган ийне алдым сайынып.

Качып кетсең эгер мени өлтүрүп,
Сени издеп кайра келем тирилип.

**МЕН ӨЗҮМДҮ ТИКТЕГЕНДЕ КҮЗГҮДӨН**

Муңайгандай, кыйналгандай сүйүүдөн,
Чарчагандай сезилемин күтүүдөн.
Ойго батып көпкө турдум тигилип,
Мен өзүмдү көрүп алып күзгүдөн.

Үмүтүмдүн бариктери күбүлгөн,
Эң акыркы жалбырагы үзүлгөн.
Араң согуп аргасыздан жүрөгүм,
Сезимимдин нуру өчкөн жүзүмдөн.

Куйкаланып бараткандай күйүттөн,
Кусалыктан кетпей азап үйүлгөн.
Эркелетип тосуп алаар өзүң жок,
Эх, жүрөгүм, даба таппай түңүлгөн.

Өчкөн тура сезим нуру жүзүмдөн,
Мен өзүмдү көргөн кезде күзгүдөн.





# СҮРӨТТӨР ЭЭ, ТУМАР БОЛГОН ЖҮРӨККӨ

## КОД КОЙДУРУП АЛГАМЫН ЖҮРӨГҮМӨ

Баш багалбайт жат адам жүрөгүмө,
Мүмкүн эмес аны ачып үйрөнүүгө.
Сүйүүңдү арнап мага кат жөнөтпө,
Арийне код коюлган жүргөнүмө.

Ишенип келем анын сүйөрүнө,
Ишенет мен да аны сүйгөнүмө.
Арнаба сезимиңди тынч жүрөйүн,
Код коюп алдыргaнмын жүрөгүмө.

Үңүлүп карап көрсөң сүрөтүмө,
Жолугасың жандаган сүйгөнүмө.
Кодумду жалгыз гана ошол билет,
Кезикпейм, туура келбейт күткөнүңө.

Сүйдү деп ойлоп алба күлгөнүмө,
Жылмайып жөн жай гана жүргөнүмө.
Кездешүүгө ал инсан келип турат,
Кодун ачып ар убак жүрөгүмө.

## СУРАЙЫНЧЫ

Жактырып калганымды аңдадыңбы,
Жашырып катканымды байкадыңбы.
Качанкы сенде калган сүрөтүмдү,
Эч кимге карматпастан сактадыңбы?

Күнөөсүз ал баракты катпадыңбы,
Жок дегенде бир сүйлөм таппадыңбы?
Мен сага берген ошол каттын жообун,
Али да күтүп келем, жазбадыңбы?

Жүрөгүңдүн ээси ким, тактадыңбы,
Жактырган жан шеригиң тандадыңбы?
А балким баарын арнап жалгыз мага,
Сүйүүңдү сен эч кимге айтпадыңбы?

Сезимиме жообуңду камдадыңбы,
Сурайынчы сүрөтүм тартпадыңбы?
Качанкы сага айткан сөздөрүмдү,
Билбеймин ойлодуңбу, барктадыңбы?

## ӨЧҮРБӨ КҮДӨРҮМДҮ

Өчүрүп таштасаң да сүрөтүмдү,
Өчүрбө бул өмүрдөн күдөрүмдү.
Өзгөрүп баратасың эмнеликтен,
Өчөшүп кыйнабачы жүрөгүмдү.

Көчүрүп бербесең да сүрөтүмдү,
Көксөдүм ошол өткөн күндөрүмдү.
Көргөндүн баарын тартып ырым менен,
Көрөсүң ээлеп алам жүрөгүңдү.





Өзүңдөн тапкан элем түнөгүмдү,
Өзгөрбөй билип койчу сүйөрүмдү.
Өрттөп сал, андан көрө өчсүн үмүт,
Өзгөдөн издей албайм сүрөтүмдү.

Башкарып сүйүү менен бүт өмүрдү,
Байладың биротоло жүрөгүмдү.
Болбогон шылтоо болуп турат сенде,
Батынып сурай албайм сүрөтүмдү.

## СУРАНАМ, ӨРТТӨ МЕНИН СҮРӨТҮМДҮ

Арнабай калган үчүн жүрөгүмдү,
Өзүңдөн таппаган соң түнөгүмдү.
Бир өмүр азап тартып өткүм келбейт,
Өрттөп ий, сенде калган сүрөтүмдү.

Билесиң жалгыз сени сүйөрүмдү,
Кыялымда сендик болуп жүргөнүмдү.
Бактылуу күндү гана элестетип,
Үзалбай келем дале күдөрүмдү.

Берилбей калган сенин гүлдөрүңдү,
Азыр да билесиңби күткөнүмдү.
Баш багып жүргөнүмө келет го деп,
Сездиңби алоолонуп күйгөнүмдү.

Түшүнөм, кызгантпачы сүйгөнүңдү,
Арначы сендик жанга күндөрүңдү.
Кантемин мендик боло албаган соң,
Суранам, өрттөп ташта сүрөтүмдү.

## СЕН ДЕП СОГОТ ЖҮРӨГҮМ

Айтпай койсом сен мени тилдейсиңби,
Араздашпай же өзүң бил дейсиңби?
Алыстарга белгисиз багыт менен,
Кетким келип жүргөнүн билбейсиңби?

Көрөмүн деп сен мени издейсиңби,
Сагынычтан сүрөтүм тиктейсиңби?
Дайыным жок болсо да өзгөрүлбөй,
Бар, жогумду байкабай, билбейсиңби?

Көңүлүңдөн өчүрүп чийесиңби,
Жаратымды ырбатып тилесиңби?
Кайда жүрсөм өзүңдү ойлоп дайым,
Ушунчалык сүйөмүн билесиңби?

Алыстарга кетсем да ойлоп дайым,
Сен деп согот жүрөгүм, билбейсиңби?

## ШАШПА СЕНИ

Өчпөй турган сүрөтүмдү чийемин,
Сезим менен жүрөгүңдү тилемин.
Шашпа сени биротоло чынжырлап,
Кетпес болуп мен түшүңө киремин.

Сыйкырланган сүйүү көйнөк киемин,
Чалындырып тузагыма илемин.
Сыздап жүрөк, уйку көрбөй кыйналсаң,
Дабаңмын деп, мен өзүмдү билемин.





Уу болсо да сезим антын ичемин,
Атып октой, жүрөгүңө тийемин.
Эгер болсоң мени сүйүп жарадар,
Даба болоор менин оттой илебим.

Шашпа сенин жүрөгүңө киремин,
Сыздатып ээ сүрөтүмдү чийемин.

## ЖОГОЛГОН СҮРӨТ

Дубалга илип, карап, тиктегениң,
Кай жерде калды экен издегениң.
Мен тарткан ошол сүрөт табылдыбы,
Жоголуп калаарын эч билбегенмин.

Кат жазып, кошуп салып жибергенмин,
Эстелик болсун десең, ишенгенмин.
Өз колум менен тарткан сүрөтүңдү,
Жоготпо, жоготпо деп тиленгенмин.

Сезимдин таттуу күнүн кечпегенмин,
Билесиң сүйүп сени, жетпегенмин.
Колумдан келсе дагы сенден башка,
Эч кимге сүрөт тартып бербегенмин.

Сен менен сүйүү жытын искегенмин,
Ал жытты таппай канча издегенмин.
Жоголгон сүрөтүмдү тартып бер деп,
Келээриң күтпөгөнмүн, билбегенмин.
Мен сени унуталбай эстегенмин.

## ЭЭЛЕП АЛДЫҢ ЭКИМДИ

Албаган соң, бул адаттан куткарып,
Колго алып кармаганда кубанып.
Сүрдөй берем, сүрдөй берем эмнеге,
Сүрөтүңдү тиктегенден уялып.

Келбеген соң, мезгил өтүп чубалып,
Көрөмүн деп же түшүмөн суранып.
Күтө берем, күтө берем мен сени,
Үзбөй үмүт, жолуң карап уурданып.

Жетпеген соң, кусалыктан кубарып,
Оорутамын жүрөгүмдү кууратып.
Ойлой берем, ойлой берем эмнеге,
Кетсең дагы жан дүйнөмдү уратып.

Ээлеп алдың эркимди да эмнеге,
Сен дегенде жеңилбеген убакыт.

## СЕНСИЗ ДЕЛЕ

Кыялданып ойлогонго кубанып,
Сүрөтүңдү тиктей албай уялып.
Мен өзүңсүз жашоом жоктой туюлган,
Сенсиз деле күндөр өттү уланып.

Мага деген сезимиңди кулатып,
Койсоң дагы жан дүйнөмдү уратып.
Сенсиз деле өттү мезгил билинбей,
Бүтпөсө да менин оюм чубалып.





Ойлорумдан чыгаралбай суранып,
Сыздап жүрөк, эстен танам кубарып.
Кандай жансың деген менен а бирок,
Сенсиз деле өтөт экен убакыт.

Кыялымды ээлеп алып жашай бер,
Сенсиз деле өтөт күндөр уланып.

## БИЛДИҢ БЕКЕН?

Сыгылып эстегенде күндөрүмдү,
Сыздаган оору басат жүрөгүмдү.
Ар убак мен Ошума келген кезде,
Билбейсиң издеп сени жүргөнүмдү.

Угам деп жан эргиткен сөздөрүңдү,
Көрөм деп карагаттай көздөрүңдү.
Ошума келген кезде издей берем,
Унутуп таштап бардык көйгөйүмдү.

Тиктеймин, тиктей берем сүрөтүңдү,
Сезбейсиң сени гана сүйгөнүмдү.
Билбейсиң мен Ошума келген кезде,
Угам деп сенден кабар күткөнүмдү.

Билдиңби, билдиң бекен, билбедим ай,
Ошумдан сени издеп жүргөнүмдү.

## ТЫҢШАГЫМ КЕЛИП ЖҮРӨТ

Тыңшагым келип сенин жүрөгүңдү,
Тиктеймин аргасыздан сүрөтүңдү.
Ким билсин, сен азапка салып коюп,
Теңсинбей, теңиңе албай жүргөнүңдү.

Үзалбай келем сенден күдөрүмдү,
Үшүткөн сагынычтан жүдөгөнүм.
Билбесин, сени эч ким билбесинчи,
Баалабай койсоң дагы сүйгөндүгүм.

Арнаймын сага гана бүт өмүрдү,
Арманга оросоң да күндөрүмдү.
Кучагың эч эсимден кетпей эле,
Тыңшагым келип жүрөт жүрөгүңдү.

Кучагыңда байкатпай уккум келет,
Качанкы мен деп соккон жүрөгүңдү.

## КУСАЛЫКТЫН КӨЙНӨГҮ

Өзүң болуп жалгыз менин билгеним,
Унуталбай сүрөтүңдү тиктедим.
Мен сүйгөндөй сүйгөн болсоң эх, чиркин,
Анда неге сагынбадың, билбедим?

Ойлорумду таразалап иргегим,
Келип турат мен өзүмдү тилдегим.
Сагынычтан ушунчалык кыйналып,
Кусалыктан көйнөк болду кийгеним.





Керек болсо ар бир кирпик ирмемим,
Ээлеп алдың ойлорумдун тизмегин.
Кыялымды башка нукка буралбай,
Эмне кылам мен айламды, билбедим?

А сен болсо, ойлоруңда эмне бар,
Канттиң экен, сагындыңбы, билбедим?

## СЕН ЖАКТЫРГАН КӨЙНӨГҮМ

Тандадыңбы башка жолду, билбедим,
Бирок таппай сени дале издедим.
Сага болгон сагынычым тыйылбай,
Сүрөтүңдү тойбой карап, тиктедим.

Айтпадыңбы, кайда кеттиң, билбедим,
Арылалбай кусалыктан кирдедим.
Тыйылбаган көз жашымдын тамчысын,
Көрбөйсүң ээ, мончок сымал тизгеним.

Таштадыңбы, унуттуңбу билбедим,
Үмүт үзбөй жүрөгүмдөн чийбедим.
Сен жактырган көйнөгүмдөн башкасын,
Көрсөм дагы тиктеп коюп кийбедим.

Жүдөп кеттим кусалыктын айынан,
Канттиң экен, кайда кеттиң, билбедим?

## УЧКУМ КЕЛЕТ

Жүрөгүм ой-санаага кабылганда,
Жан дүйнөм дирилдеп сагынганда.
Ааламды чарк айланып учкум келет,
Сени эңсеп кусалыкка багынганда.

Көздөрүм сүрөтүңө кадалганда,
Жытыңды жыттай албай самаганда.
Дүйнөнү миң айланып учкум келет,
Жол карап убакыт, саат санаганда.

Бактылуу күндөр бизди жандаганда,
Жүрөгүмө жүрөгүң арнаганда.
Сен менен канат күүлөп учкум келет,
Сагыныч, кусалыгым тараганда.

Булбулдар бизди коштоп сайраганда,
Гүл ачып сүйүү сезим жайнаганда.
Ар таңды тосуп бирге учалычы,
Чыгыштан айдарым жел айдаганда.

## ТОМСОРТПОЙ ЧЫГЫП КЕЛЧИ

Жолумду улам карап күткөндөйсүң,
Үшүсөм оттой ысып күйгөндөйсүң.
Кучактап, кучагыңа кыса кармап,
Жүзүмдү аяр сылап сүйгөндөйсүң.

Жанымдан чыкпай эле жүргөндөйсүң,
Жалооруп тиктей калып күлгөндөйсүң.
Элесиң көз алдыма келген менен,
Эх чиркин, баары жалган, үндөбөйсүң.





Кыялдын кымкабында кылактаймын,
Буулугуп үн чыгарбай бышактаймын.
Томсортпой сүрөтүңдөн чыгып келчи,
Жанымдан эч чыгарбай кучактайын.

## КАЙРЫЛЫП КЕЛ

Тапкым келди карааныңды издейин,
Арылайын, сан ойлорду иргейин.
Сагынганда, саргайганда аргасыз,
Жок дегенде сүрөтүңдү тиктейин.

Адашкандан алыстайын, ким дейин,
Азап, күтүү көйнөгүн эч кийбейин.
Сагындырбай телефон чал капыстан,
Куткарып ал, кусалыкты билбейин.

Катылбайын, жан дүйнөңө тийбейин,
Жүдөп кетпе түшүңө эч кирбейин.
Сагынганда күтүп калба, жол карап,
Кайрылып кел, кабарыңды билейин.

Кыйнап сени түшүңө эч кирбейин,
Кайрылып кел, кусалыкты билбейин.

## КИМ БИЛСИН

Сезимиң каптап алып жүрөгүмдү,
Билгизбей бул азапты жүрөмүнбү?
Ким билсин ойлоп сени кыйналганда,
Алоолоп оттой ысып күйөөрүмдү?

Байкатпай тороп менин күндөрүмдү,
Баш багып жүрөгүмдө жүрөрүңдү.
Ким билсин сен оюмда жашап алып,
Келет деп жолуң карап күтөрүмдү?

Тумарым болгон жалгыз сүрөтүңдү,
Тиктеймин үзбөй сенден күдөрүмдү.
Ким билсин мен эч кимге угузбасам,
Өрттөнүп сени гана сүйөрүмдү?

Кыялымда сен менен кол кармашып,
Ким билсин жетелешип жүрөрүмдү...

## КӨРГҮМ КЕЛИП

Жүзүңдү тиктебейм деп жаңылганмын,
Жүз карап сүрөтүңдү жалынганмын.
Жүрөгүм сен деп согуп арга таппай,
Жүдөгөн кусалыкка кабылганмын.

Жамалың көргүм келип сагынганмын,
Жадабай күтүп жолуң таарынганмын.
Жадырап сен жолумдан чыгабы деп,
Жалт карап эчен ирет чалынганмын.





Дидарың көрөмүн деп талпынганмын,
Даай албай сенден неге тартынганмын?
Дабасы болсоң менин жүрөгүмдүн,
Дайыма тумар болуп тагылмакмын.

Бүгүн да көргүм келип, көргүм келип,
Бүтпөгөн сагынычка кабылганмын.

## КАНТЕМИН

Барайын дедим кабарың билип,
Кыйнадың кетпей, түшүмө кирип.
Жолукпай койсоң кантемин айтчы,
Жарадар кылып, жүрөгүм тилип.

Жүрөмүн сезим көйнөгүн кийип,
Тартамын коздоп сүрөтүң чийип.
Кезикпей койсоң кантемин анан,
Карегим сени кетирбейт илип.

Дартыма даба өзүң деп билип,
Барганда сага башымды ийип.
Карабай койсоң кантемин, корком,
Жүргөндө сүйүү оорусу тийип.

Удургуйт ойлор, жүрөгүм тилип,
Барамын сенин дайының билип.

## ЫЙЫК САКТАЙМ

Баш ийип бул өмүрдүн ченемине,
Байлана албасам да себебине.
Жүрөгүм жалгыз сени сактап өтөт,
Сүрөтүң тартып сезим желегине.

Мезгилдин тийбесем да керегине,
Илинбей тоскоолдуктун элегине.
Сезимди сенден келген ыйык сактап,
Орнотом жүрөгүмдүн тереңине.

Өмүрдүн жетпесем да сересине,
Кайрылып мындай сезим келбесине.
Ишенем, сөз тийгизбей өтөөрүм чын,
Тагдырдын мага берген белегине.

Ыйык сактайм, мага келген сезимди,
Жүрөгүмдүн орнотуп тереңине.

## СЫРДАШАМЫН

Сүйөм десем, сүйбө дейсиң каратып,
Тигилгенде көздөрүбүз карашып.
Сүрөтүңдү кармап алып колума,
Сырдашамын олтургандай жанашып.

Күтөм десем, күтпө дейсиң саматып,
Ойлор менен алпурушам таң атып.
Түн жамынып түшпөй сүрөт колуман,
Баратамын акылымдан адашып.





Уктап калсам сүрөтүңөн адашып,
Кайра эле сырдашамын жарашып.
Мен түшүмөн ойгономун ар качан,
Сени менен жетелешип баратып.

Сүйдүм бекен мүмкүн билбей адашып,
Жүргүм келип сени менен жанашып.

## КАРАГАНДА СҮРӨТҮҢӨ

Көзүмдүн жашы араң токтогондой,
Билбейсиң сен эч нерсе болбогондой.
Сагыныч санаасына түшүп алып,
Тигилем сени карап тойбогондой.

Сүйүүмдү кайра дагы козгогондой,
Жүрөгүмө сезимиң жолдогондой.
Тынчтык бербей сүрөтүң сыздатат ээ,
Тиктейсиң мени гана колдогондой.

Сыйкыры сезимиңдин жойлогондой,
Сыздатып бүт денеме сойлогондой.
Билбеймин эмне деген алып келдиң,
Жүрөгүмө туу сайып орногондой.

Кусалык мени гана торогондой,
Кетпеген сагынычың орогондой.
Тигилип тиктегенде сүрөтүңө,
Карайсың сен эч нерсе болбогондой.

## ЖАР САЛАЙЫН СҮРӨТҮҢ

Деп айтайын ушул менин сүйгөнүм,
Ай бетине тартып алып сүрөтүң.
Жамалыңды мен ааламга көрсөтсөм,
Катаал болуп кетсе кантем мүнөзүң?

Мендик болуп жаша десем бир өзүң,
Кантээр экен анда сенин жүрөгүң?
Ырым менен сезимимди далилдеп,
Күн бетине тартып берем сүрөтүң.

Айтпа мага, сен баарына түтөсүң,
Дагы менден билбейм эмне күтөсүң?
Мен ааламга жар салайын көрсөтүп,
Жылдыздардан курап тарткан сүрөтүң.

Колуң шилтеп, өзүң бил деп күлөсүң,
Талкуулашса жерге батпай күйөсүң.
Азап берип мени жаным кыйнаба,
Жүрөгүмө бекитемин сүрөтүң.

## ТИКТЕЙМИН СҮРӨТҮҢДҮ

Таппадым дербиш болуп түнөгүмдү,
Кезерип күтүп карап жүрөгүңдү.
Карегим чарчабаса чарчабасын,
Тиктебейм, деп айтамын сүрөтүңдү.

Же билбейм сүйүп сени сүрдөдүмбү,
Кайырчы кейпин кийип жүдөдүмбү?
Өзүмө келип алып, кайра бир күн,
Жол карап, жолуң карап күтөмүнбү?





Мен байкуш айтып сага сүйөрүмдү,
Адашып арнадымбы жүрөгүмдү?
Эх, кантип жоготомун билбей турам,
Карегим тартып алган сүрөтүңдү?

Унутпай коюп алып маңдайыма,
Тиктеймин көзүм албай сүрөтүңдү.

## КУБАНЫП ТИКТЕЙ БЕРЕМ СҮРӨТҮҢДҮ

Байкасаң, байкабасаң сүйөрүмдү,
Өзгөртө албай эч бир күдөрүмдү.
Мен сени сагынганда колго кармап,
Сүйүнүп тиктеп алам сүрөтүңдү.

Билсең да, билбесең да күтөрүмдү,
Арнаймын кыялымда күндөрүмдү.
Зар болуп караанынды издегенде,
Мыжыгып алгым келет жүрөгүмдү.

Чагылган чарт-чурт болгон мүнөзүңдү,
Карабай багыштасам бүт өмүрдү.
Сен мага кандай жообуң берээр элең,
Айтканда сени ойлоп жүргөнүмдү.

Жактырып чагылгандай мүнөзүңдү,
Кубанып тиктей берем сүрөтүңдү.

## ЖҮРӨГҮМДҮ ЭЭЛЕДИҢ

Унуталбай кыйналып жүргөнүмдү,
Билесиң жалгыз сени сүйгөнүмдү.
Тушалып калдым мына сезимиңе,
Сен ээлеп алган үчүн жүрөгүмдү.

Уйку көрбөй атырам түндөрүмдү,
Тороп алдың бардыгын күндөрүмдү.
Канчалык ойлобоюн десем дагы,
Азгырып албадыңбы жүрөгүмдү.

Каранын көрөмүн деп күткөнүмдү,
Карайсың орундалбас тилегимди.
Билсең да билбегендей боло бербе,
Аяп кой, сыздап жаткан жүрөгүмдү.

Сагынганда кайра эле тиктебейин,
Алып кетчи, мендеги сүрөтүңдү.

* * *

Түшүнбөйм ойлогонуң, күткөнүңдү,
Ачыгын айталбасаң сүйөрүңдү.
Калп эле мен өзүмдү алаксытып,
Тиктебей коёлбадым сүрөтүңдү.

А балким кимди сүйүп жүргөнүңдү,
Уктуңбу, тыңшап койчу жүрөгүңдү.
Алдаба, өзүңдү да алдабачы,
Алып кет деп айтайын сүрөтүңдү.





Үзалбай сага деген күдөрүмдү,
Билбеймин тутаналбай күйөрүмдү.
Көзүңдөн окуп баарын, барайынчы,
Кайтарып беремин деп сүрөтүңдү.

Жолугуунун жолун издеп жүргөнүмдү,
Байкабай койгонуңа күйбөдүмбү.
Бералбайм, бирок кантем, түшүнүп кой,
Шылтоолоп жөн эле бир сүрөтүңдү.

## КЫЙНАЛГАНДА ЖҮРӨГҮМ

Кусалыктан кыйналганда жүрөгүм,
Сезимимдин санаасынан жүдөдүм.
Даба болуп береби деп тигилем,
Алаксытпайт ошондо да сүрөтүң.

Сагынычтан кыйналганда жүрөгүм,
Жолугам деп үзбөй келем күдөрүм.
Жан дүйнөңдүн азыгына айланып,
Билип койчу, сени гана сүйөрүм.

Эх, сүйүүдөн кыйналганда жүрөгүм,
Ишенемин бул азаптын бүтөөрүн.
Көргүм келип тиктегенде сүрөтүң,
Эч окшобойт бир өзүңө сүйгөнүм.

Кыйналганда, кыйналганда жүрөгүм,
Тиктей берем колдон түшпөй сүрөтүң.

## КЫЗЫКСЫЗ БОЛСО ДА

Кабыл албай башканы ким дегеним,
Түшпөй колдон сүрөтүң тиктегеним.
Сагынганым, күткөнүм байкабаган,
Сен болдуң го кабарың билбегеним.

Сөз айталбай башымды ийкегеним,
Канча мезгил тамагым ичпегеним,
Адамдарга кызыксыз билип турам,
Жек көрүп, мен өзүмдү тилдегеним.

Оңдоп өзүм кийимим кийбегеним,
Оорусуңбу деп уксам жиндегеним.
Бардыгына кызыксыз болсо дагы,
Жалгыз өзүң билип кой, издегеним.

Айланама кызыксыз болсо дагы,
Жалгыз сенин сүрөтүң тиктегеним.

## АЛЫП КАЛДЫ СҮРӨТҮҢДҮ КУЧАКТАП

Бүгүн дагы эстеп сени бышактап,
Ыйлап алдым сүрөтүңдү кучактап.
Жалгыз өзүң келиптирсиң дегендей,
Көл толкуну мени турду кубаттап.

Биз өткөргөн күндү эстеп элжиреп,
Турганыма жооп табалбай мемиреп.
Ыйлаганым сооротолбай көл дагы,
Үнсүз гана аяп мени телмирет.





Шаңдуу эле кышы, күзү, жаз дагы,
Тосуп алчу көлүм бизди жайдары.
Ыйлап, ыйлап бүгүн баарын эстедим,
Биз өткөргөн сонун күндү андагы.

Макул болуп менин оюм кубаттап,
Жамгыр коштойт токтобостон улам жаап.
Таштайм десем, көлүм мейли дегендей,
Алып калды сүрөтүңдү кучактап.
Алып жатат сүрөтүңдү кучактап.

## АЙЛАНБАЙ КАЛБАДЫҢБЫ?

Жетем деп жетпеген соң кадырыма,
Себепчи болбо менин тагдырыма.
Канчалык абалыңды айткан менен,
Айланбай калбадыңбы баатырыма.

Сүйдүм сени баш ийбей акылыма,
Сүрөтүңдү басып алып жаздыгыма.
Көздөгөн бир багытка жол алалбай,
Айланбай калбадыңбы асылыма.

Окшоттум сени гана жакыныма,
Коштогон, жол көрсөткөн багытыма.
Ар күнү жолуң карап күткөн менен,
Айланбай калбадыңбы жарыгыма.

Ашыкча ашык болуп калсам дагы,
Айланбай калбадыңбы, тамырыма.

# КЫСКА САПТАР

## АМАНДЫК СУРАНЫЧЫМ

Амандык сураныччым,
Кармалбай убакытым.
Ар күнү таңды көрүп,
Жашаган кубанычым.

Жарык күн чырагымсың,
Ден соолук булагымсың.
Жараткан өмүр берсин,
Каалабайм кууратышын.

Ырыскы ууртамымсың,
Ыйманым тууганымсың.
Ынтымак бул жашоонун,
Каалaдым уланышын.

Табият кабагымсың,
Кадимки маанайымсың.
Жан дүйнөм азык алган,
Ырларым санатымсың.

Кусалык азабымсың,
Эх, сезим, жаратымсың.
Оорутуп сүйүү менен,
Бүтпөгөн азабымсың.

Балдарым канатымсың,
Эне-атам таягымсың.
Бир тууган кулач жайсам,
Кең дүйнөм ааламымсың.





Жараткан бөксөртпөчү,
Амандык сураныччым.

## КАБЫЛБАСА

Ишенип айткан сөзүм,
Бирөөдөн угулбаса.
Жан дилден айткан сырым,
Жамгырдай куюлбаса.

Ишенип айткандарым,
Башкадан жаңырбаса.
Талкуугa түшүп келип,
Өзүмө саалбаса.

Ишенип сүйлөгөнүм,
Иргелип калбырланса.
А бирок, чыкпай ооздон,
Ушакка кабылбаса.

Ишенип жазгандарым,
Талкуугa алынбаса.
Ушунун жашоосу деп,
Күмөнгө чалынбаса.

Ишенип төгүлгөнүм,
Эч кимге айтылбаса.
Талкуугa көмүлгөнүм,
Ой кырды өрдөп келип,
Өзүмө кабылбаса.

## СЫЗДАГАНЫ

Көңүлүм сыздаганы,
Оюмдун кыйраганы.
Жүрөгүм жараланып,
Тымызын ыйлаганы.

Жан дүйнөм сыздаганы,
Өкүнүч ырбаганы.
Тунгуюк жолдо калып,
Жашоомдун чырмалганы.

Жүрөгүм сыздаганы,
Сезимим тынбаганы.
Сагыныч ээлеп алып,
Кусалык ырдаганы.

Сыздабай бул өмүрдө,
Жашайын мындан ары.

## КЫЯЛДАРЫМ

Оо менин кыялдарым,
Кай жакка жөнөгөнсүң,
Азгырып алаксытып,
Сезимге бөлөгөнсүң.
Толтура убакытым,
Акырын өөнөгөнсүң.

Эх, менин кыялым ээ,
Сезимиң себеледиң.
Оюма ишендирип,
Башкача эркеледиң.





Үмүттүн нурун чачып,
Кай жакка жетеледиң?

Ооба ал кыялдарым,
Башкага карабаган.
Баш багып келгендерди,
Эмнеге аябаган?
Уттуруп убакытын,
Упурап талкалаган.

Оо менин кыялдарым,
Кай жакка баратасың.
Чалынып дагы дартка,
Жүрөгүң канатасың.
Алыстап кете албастан,
Арманга жармашасың.

## СЕН МАГА

Сен мага жомок болчу,
Кызыгып айта турган.
Арзыган ырым болчу,
Бурмалап жаза турган.
Же мага боёк болчу,
Өзүңдү тарта турган.

Сен мага жарыксыңбы,
Жашоомо нуруң чачкан.
А мүмкүн багытсыңбы,
Ойлонуп кадам баскан.
Сезимден азыксыңбы,
Азапка мени салган.

Сен мага белексиңби,
Келгенсиң билбейм кайдан.

Зарыккан керексиңби,
Жүрөгүм талап кылган.
Сезимге желексиңби,
Багынтып мени алган.

Сен мага калем болчу,
Сүйүүмдү жаза турган.
Сыйкырлап жүрөгүңдү,
Багынтып ала турган.
Касиет тамга болчу,
Ырымда кала турган.

## ЫРДЫ ЖАЗСАМ

Жооп бербей эгер калсам,
Ойлонуп аста бассам.
Ашыгып калбагыла,
Сүйдү деп айтпагыла,
Ашыктык ырын жазсам.

Дептерим жаап салсам,
Көргөзбөй катып алсам.
Жазалбайт дебегиле,
Жараймын керегиңе,
Күттүрүп кийин жазсам.

Маанисиз сөздү айтсам,
Замандан шылтоо тапсам.
Акырын таптагыла,
Сындоодон качпагыла.
Орду жок ырды жазсам.

Ак барак кармап барсам,
Болбойт деп анан чансам.
Ашыкча кетпегиле,





Азгырык бербегиле,
Болбогон ырды жазсам.

Сын айтып сындагыла,
Чыйралтып чыйраткыла.
Жарабас ырды жазсам.

## ДАЛ КЕЛБЕЙТ

Ырларым мени жетелейт,
Жошоомо бирок дал келбейт.
Башымды ага оорутпайм,
Айткандар айтсын, эмне деп.

Уксам да көөнүм теңелбейт,
Жүрөгүм сыздап кебелбейт.
Ушактай берсин артымдан,
Ырыма жашоом дал келбейт.

Ким бирөө окуп элжирейт,
Кай бирөө окуп келжирейт.
Сүйүүнүн жазсам ырларын,
Окурман окуп, керек дейт.

Башымдан сүйүү өткөндө,
Мен дагы көз жаш төккөндө.
Таасирдүү ырлар жазылмак,
Сезимди даамдап көргөндө.

Актанып жазып жатат деп,
Айткандар айтсын эмне деп.
Сүйүүгө калсам кезигип,
Кабыл аламын келгин деп.

## СЫРЫМ

Айтылбай балким чыным,
Жазылаар далай ырым.
Жашоомдун сандыгында,
Сакталып калат сырым.

Өмүрдө болбой тыным,
Өзгөрбөй өтөөр кылым.
Өрттөнүп күйсөм дагы,
Өчүрбөй сактайм сырым.

Чыгарбай көздөн ыйым,
Түшүрбөй барктап сыйым,
Жар салбай эч бирөөгө,
Айтпаймын катып сырым.

А кетсин канча жылым,
Азгырып жазган ырым.
Айтылбай кала берет,
Ачылбай менин сырым.

Ооба ал сүйүү ырым,
Айтылбай калат сырым.





## СҮЙҮҮ СЕН

Азгырып көрөсүңбү,
Азапка көмөсүңбү?
Тартуулап мага сезим,
Сүйдүрүп өтөсүңбү?

Акырын өчөсүңбү,
Жыйынып көчөсүңбү?
Сезимдин деңизине,
Эх сүйүү чөгөсүңбү?

Айтканга көнөсүңбү,
Багынтып көрөсүңбү?
Жүрөктү ээлеп алган,
Сүйүү сен төрөсүңбү?

## БУЛ СЕЗИМ

Өзөктү өрттөп куйкалап,
Жүрөктү сезим уйпалап.
Жалыны келип каптаса,
Алоолоп күйөт туш тарап.

Кеткендей болду уу тарап,
Куйкалап баарым чуу салат.
Бул кандай сезим, билбедим,
Байкатпай келип туу саят.

Ойлорум бүтпөй чубалат,
Бул сезим мени кубалап.
Чырмады туш-туш тараптан,
Жүрөккө келип уялап.

Бул сезим кандай билбедим,
Куйкалайт эле, куйкалайт?

## СҮЙДҮРҮП АЛДЫҢ

Сүрдөдү жүрөк сүзүлүп,
Сүрөтүң тиктейм үңүлүп.
Сезимге ороп жанымды,
Сүйдүрүп алдың, сүйдүрүп.

Күтүүдөн оюм бүлүнүп,
Күндөрүм өтөт түрүлүп.
Канчалык алыс качсам да,
Күйдүрдүң неге, сүйдүрүп?

Өзүң деп калдым жүгүрүп,
Өрттөнүп жүрөк үзүлүп,
Өзгөчө болуп кыйнаба,
Өзүңдү алдың сүйдүрүп.

Эркиме койбой жүрөгүң,
Эмнеге алды сүйдүрүп?

## ЫРАА КӨРБӨЙМ

Албасаң да теңиңе,
Алым жетпей эркиме.
Сүйө берем мен сени,
Ыраа көрбөй эч кимге.
Күйүт салып бекинбе,
Күнөөсү жок сезимге.
Сен деп соккон жүрөгүм,
Баш ийбеген эч кимге.





Сүйүп калсам эмине,
Күмөн карап эсиме.
Күндө менден качасың,
Зыяным жок эч кимге.
Сезимим бар таптаза,
Сага гана арналса,
Деп ойлонуп акылым,
Ыраа көрбөйм башкага.

## ИЗДЕП ЖҮРӨМ

Карааның таппасам да,
Кабарың айтпасаң да.
Мен сени издеп жүрөм,
Өзүңдү дале күтөм,
Сыр болуп сакталсаң да.

Дайының тактасам да,
Дарегиң жазбасаң да.
Мен сени издеп жүрөм,
Али да өчпөй сүйөм,
Сезимден чарчасаң да.

Түнөрүп өрттөсөң да,
Түбөлүк көрбөсөм да.
Мен сени издеп жүрөм,
Алоолоп оттой күйөм,
Бекинип көнбөсөң да.

Жүдөтүп чарчатсаң да,
Жүрөгүң ачпасаң да,
Мен сени издеп жүрөм,
Өзүңдү жалгыз сүйөм,
Мезгилге алдансам да.

## ИШЕНИЧ АКТАБАДЫМ

Ишенген адамыма,
Ишенич арталбадым.
Туңгуюк жолдо калып.
Из салып басалбадым.

Өмүрдүн талаасында,
Өзгөрүп калалбадым.
Сезимдин даамын ууртап,
Сезсем да таталбадым.

Жашоомдун барагына,
Билгеним жазалбадым.
А бирок, сырларымды,
Абайлап каталбадым.

Бактылуу күндөрүмдү,
Баалабай, барктабадым.
Учуруп колдон баарын,
Эмнеге сактабадым?

Өткөрүп убакытты,
Бир жолду тандабадым.
Ишенген бир адамдын,
Ишенчин актабадым.





## КЕТКЕН ОКШОЙТ

Биз баскан ошол жолдор,
Алыста калган окшойт.
А бүгүн жалгыз келем,
Ээрчиген шамал коштойт.

Табалбай бир өзүңдү,
Жан дүйнөм сени жоктойт.
Эстеймин өткөн күндү,
Көз жашым качан токтойт?

Арылбай кусалыктан,
Сагыныч утур торойт.
Көрөм деп издей берип,
Көзүмдүн нуру коройт.

Унута албай дале,
Уйкусуз күндөр оройт.
Сырдашым караңгы түн,
Жүрөгүм боздойт, боздойт.

Ал күндөр мени таштап,
Алыска кеткен окшойт.

## БААРЫ БИР СҮЙӨ БЕРЕМ

Ошондо барганымда,
Ак жоолук салганыңда,
Өкүнүч билбейт элем,
Өрттөнүп күйбөйт элем,
Сен алып калганыңда.

Кадамым таштасам да,
Үйүңдү аттасам да,
Убакыт бар деп койдуң,
Жылмайып күлүп койдуң,
Сүйөм деп какшасам да.

Түшүнүп абалыңа,
Зар болуп карааныңа,
Али да сүйүп келем,
Баш ийип жашай берем,
Тагдырдын жазганына.

Окшобойт тандасам да,
Башынан баштасам да,
Жүрөгүм сыздап турат,
Жан дүйнөм ыйлап турат,
Билип кой айтпасам да.

Баары бир сүйө берем,
Башка жол тандасаң да.





## АЙТЫП АЛЫП

Унут деп айтып алып,
Уурданып сага барам.
Акмалап карааныңды,
Акырын издеп табам.
Жемелеп кыялымды,
Жер кезип жөнөйт санаам.

Келбе деп айтып алып,
Кезикким келе берет,
Кечигип калсаң эгер,
Жүрөгүм ооруп кетет.
Жолуңдан тосуп чыгып,
Ойлорум сага жетет.

Күтпө деп айтып алып,
А өзүм күтүп келем,
Арзыган адамыма,
Айланып калган белең.
Алыстай албай сенден,
Ашыкча сүйө берем.

Кабарың укпай калсам,
Караят атпай таңым.
Карааның көрбөй калсам,
Тынчы жок болуп баарым.
Кусалык ороп алып,
Сыздатып ооруйт жаным.

## УГУЗАМ КАБАРЫМДЫ

Айттырбай саламымды,
Көргөзбөй караанымды.
Сага да тоскоол болбой,
Алыстай аламынбы?

Түшүнсөң абалымбы,
Азапка саламынбы?
Алыстап кетейинчи,
Эч укпа кабарымды.

Угузбай азабымды,
Жол улай аламынбы?
Акыры сыздап жүрүп,
Унутуп каламынбы?

Телефон чаламынбы,
Айтамын саламымды.
Жок сени унуталбайм,
Билгизем кабарымды.

Алыстай албайм сенден,
Угузам кабарымды.





## КҮНҮГӨ КИРСЕҢ ТҮШҮМӨ

Булукту салып түнүмө,
Бүгүн да кирип түшүмө.
Бүлбүлдөп өчкөн үмүтүм,
Бүрдөдү өсүп сүйүнтө.

Күйүттү салба сүйүүмө,
Күйүгүп жүрөк күтүүдө.
Күйгүзүп мени сыздатып,
Күттүрдүң неге күнүгө.

Сүрөтүң карап үңүлө,
Сүйүнүп тиктейм жүзүңө.
Сүйүүнүн тарт деп азабын,
Сүйдүрүп жеттиң түбүмө.

Күтөмүн карап жолуңду,
Күнүгө кирчи түшүмө.

## КЫЗГАНТПА

Опкоолжуп менин жүрөгүм,
Кызганыч каптап жүдөдүм.
Балээни баштап бербечи,
Башкадан көрдүм сүрөтүң.

Жүрөгүң болгон түнөгүм,
Кызгантпа мени сүйгөнүм.
Башыңды жөлөп башына,
Түшкөнүң көрдүм сүрөтүң.

Азапты мага үйбөгүн,
Башканын ээлеп жүрөгүн.
Арзыган жаным сен болсоң,
Күйгөнүм ошол күйгөнүм.

Кызантпа мени садага,
Көңүлүң коюп башкага.
Сүрөткө болду, түшпөгүн!

* * *

Найзаңы сайып жүрөккө,
Көп эле мени жүдөтпө.
Ким болду экен билбедим,
Сен менен түшкөн сүрөткө?

Жарылып көздөн данегим,
Кан толуп турат карегим.
Колума кармап сүрөтүн,
Таппадым издеп дарегин.

Көңүлүм эми жай алып,
Жүргөндө сага байланып.
Артыңдан карап ар күнү,
Өтөмбү мизим майтарып?

Уу жебе сайып жүрөккө,
Оюмду козгоп күүлөнтпө.
Кызгантып мени башканы,
Кучактап түшпө сүрөткө.

Экинчи түшпө сүрөткө!





## АЛЫСТАСЫҢ

Сезимге багынтасың,
Сүйдүрүп жаңылтасың.
Сагынтып кыйнап анан,
Сен менден алыстасың.

Жол карап жалынтасың,
Жок болуп таарынтасың.
Жомоктой кыялдантып,
Жамалың сагынтасың.

Керекте табылбайсың,
Кезикпей кайгыртасың.
Кабарың билгим келсе,
Калаадан алыстасың.

Сагындым ушунчалык,
Сен качан жанымдасың?

## КАЛБАГЫН КАЙРА КЕЗИГИП

Жолукпас болуп сезилип,
Жол издеп кеттиң бекинип.
Миң жылдык өтсө а балким,
Калбагын кайра кезигип.

Өзгөрүп кетти сезимиң,
Өтө тез чыгып чечимиң.
Жүз жылдык өтсө а мүмкүн,
Жүрбөгүн, келип ээрчигиң.

Түшүнөм келсең кечигип,
Өмүргө калса кеч кирип.
Чейрек кылым өткөрүп,
Калбагын кайра кезигип.

Сезимге калба жеңилип,
Өкүнүп ыйлап, теригип.
Келээрки жылы адашып,
Калбагын кайра кезигип.

Телефон чалдың чыдабай,
Келемин дейсиң кезигип.

## ӨЗГӨРҮП КАЛДЫҢ НЕГЕ?

Түшүңө кирбегендей,
Жүрөгүң чийбегендей.
Үндөбөй басып кеттиң,
Сен мени билбегендей.

Оюңду бөлбөгөндөй,
Сезимге чөкпөгөндөй.
Карабай кете бердиң,
Эч качан көрбөгөндөй.

Алоолоп күйбөгөндөй,
Жол карап күтпөгөндөй.
Өзгөрүп калдың неге,
Сен мени сүйбөгөндөй.

Өзгөрүп калдың неге,
Тааныбай көрбөгөндөй.





## МЕН САГА

Мен сени сагынбайын,
Сүйөм деп жалынбайын.
Баарына кайыл болсоң,
Акырын алыстайын.

Мен сага жагынбайын,
Сүйүүңө кабылбайын.
Макул бол, макул болбо,
Жоголуп табылбайын.

Мен сага таарынбайын,
Кайрадан жаңылбайын,
Көргөзбөй караанымды,
Көзүңө чалынбайын.

[illegible]имге багынбайын,
[illegible]чи деп чабылбайын.
С[illegible]ынып кыйналсам да,
Ак[illegible]рын алыстайын.

## УШУЛ [illegible]ЙДОН

Тиктебей өтүп жолдон,
Чыгарам сени ойдон.
Көрөсүң чы[illegible]дап эле,
Көрүшпөйм ушул бойдон.

Жылдызы коштоп толгон,
Болсоң да көктө Чолпон.
Тиктебейм мен асманды,
Билемин келет колдон.

Көрөт деп желе тордон,
Курамын бийик коргон.
Кезикпей сени менен,
Унутам ушул бойдон.

Жүрөгүм сыздаса да,
Кетемин ушул жолдон.

## КЕТКЕНСИҢ ЧААП

Сөздөрүң уу, чыгардың чуу,
Ойлондуң куу, саялбай туу.
Башкарып сен, багынбай мен,
Көзүмдө суу, кирпигим буу.

Гүлдөбөй бак, жүрөктө так,
Кайгырып кап, жүрөмүн сак.
Кетсең да тээп, сен көрсөң эп,
Ылайык чак, дагы издеп тап.

Болбосо жээк, орнотуп чеп,
Сөзүмө тек турамын бек.
Калса да так, көңүлүм ак,
Коёмун чек, албаймын кек.

Жолотпой каап, жүрөгүң жаап,
Оорутуп жаак, кеткенсиң чаап.
Суроомо топ, даярдап жооп,
Шылтоону таап, келипсиң даап.





## СЫНАДЫҢ ОКШОЙТ

Талкууга салып сүйүүмдү,
Сынадың менин күчүмдү.
Оюмду же бир сурабай,
Чыгарып айтып бүтүмдү.

Каптатып кара түтүндү,
Туманга ороп күнүмдү.
Сүйүүмдүн жолун торосоң,
Көргөзбөй коём жүзүмдү.

Бергенде алып гүлүңдү,
Баш ийип угуп үнүңдү.
Үндөбөй калам эмнеге,
Мен сени сүйгөн үчүнбү?

Сынадың окшойт сүйүүмдү,
Жактырган берип гүлүмдү.
Жар салып айтып баарына,
Көргөздүң журтка жүзүмдү.

* * *

Угулбайт сөздөрүбүз,
Көрүшпөйт көздөрүбүз.
Биз эми айрылыштык,
Бул чечим өзгөрүүсүз.

Бирикпей талабыбыз,
Бөлүнүп катарыбыз.
Узун жол эки башка,
Уланбайт сапарыбыз.

Жабыркап канатыбыз,
Жалгыздап карааныбыз.
Куүлөнүп уча албайбыз,
Түнөктөн адашыппыз.

Бир сокпойт жүрөгүбүз,
Бир болбойт түнөгүбүз.
Жашоодон өтсөк дагы,
Сакталат сүрөтүбүз.

## ЖҮРӨМҮН БИЛСЕҢ

Мезгилдер өтүп ушундай,
Унутам десем, унутпай.
Келемин дечи, жол карап,
Тосоюн жолуң утурлай.

Эстебейм десем, эстеймин,
Колумду сунсам жетпеймин.
Көрүнүп койчу бир ирет,
Ааламды издеп кезбейин.

Күтпөймүн десем, күтөмүн,
Өзүңдү сүйүп жүрөгүм.
Оюмдан сени чыгарбай,
Эмнеге мынча жүдөдүм?

Карабайм десем караймын,
Убакыт саатым санаймын.
Жай алгыча көңүлүм,
Эч жерге деле батпаймын.
Жүрөмүн билсең ушундай.





## ТЫНЧ БОЛСОҢ ЭКЕН

Барайын десем,
Калайын десем.
Дайының жок да,
Тынч жүрсөң экен.
Кучакта бекем,
Чыйрыгып кетем.
Сагынып сени,
Ашыгып жетем.
Тоскоолдук нечен,
Ашуулар эчен.
Кыдырып дүйнө,
Сен менен кетем.
Бул жашоо терең,
Байкадың бекен.
Мен сенин гана,
Баркыңа жетем.
Опкоолжуп кетем,
Оорусаң сезем.
Көрүнбөй кеттиң,
Тынч болдуң бекен?
Оорубай эле,
Тынч болсоң экен.

## АК ЖАМГЫР

Жай басам кыбыр, кыбыр,
Ак жамгыр дыбыр, дыбыр.
Төгүлсө сүйүү болуп,
Угулат шыбыр, шыбыр.

Көздөрүм ымыр, чымыр,
Жүрөгүм жыбыр, жыбыр.
Ак жамгыр мени каптап,
Жаагандай дыбыр, дыбыр.

Бүт денем чымыр, чымыр,
Көңүлүм ыпыр, тыпыр.
Кайдадыр алып учат,
Ойлорум пытыр, пытыр.

Токтобой дыбыр, дыбыр,
Угулуп шыбыр, шыбыр.
Ак жамгыр бүгүн жааса,
Басамын кыбыр, кыбыр.

## СЕН ЖАНА МЕН

Кетирбей убакытты,
Кучактап кубанычты.
Ар күнү ушул жолдо,
Кезигип туралыкпы,
Сен жана мен?

Экөөбүз эркелешип,
Жүрсөк ээ жетелешип.
Сезимдин аралы да,





Күтсө дейм келет дешип.
Сен жана мен.

Сезимден же кубулбай,
Өзгөрбөй дал ушундай.
Барктабай убакытты,
Тособуз ээ утурлай.
Сен жана мен.

Кыялдын канатында,
Китептин барагында.
Жашасак жок дегенде,
Ырлардын санатында.
Сен жана мен,
Мен жана сен.

## ИЗДЕЙМИН

Таап алдым сүрөтүңдү,
Үзалбайм күдөрүмдү.
Кучактап алгым келет,
Же билбейм сүйөрүмдү.

Өзгөрүп кубулбайсың,
Көктөгү булуттайсың.
Азгырып жүрөгүмдү,
Сен неге ушундайсың?

Айталбай саламымды,
Билалбай кабарыңды.
Тигилип карай берем,
Жайнаган жамалыңды.

Өзүңдү көрөмүнбү,
Же билбей өтөмүнбү?

Сен деги кандай жансың,
Ээлеген жүрөгүмдү.

Үзбөймүн күдөрүмдү,
Кучактап сүрөтүңдү.
Издеймин, издей берем,
Табам деп мен өзүңдү.

**УШУНДАЙСЫҢ**

Сүйөм деп жаза берип,
Сүрөтүм тарта берип.
Сүйдүрүп алдың мени,
Ооба чын сүйдүм сени.
Сен неге ушундайсың?

Жылмайып күлүп коюп,
Өтөсүң түртүп коюп.
Азгырып алдың мени,
Арбалып сүйдүм сени.
Сен неге ушундайсың?

Жолумдан чалынасың,
Көрбөсөм табыласың.
Өзүңө байланамын,
Сүйөм деп арбаламын.
Сен неге ушундайсың?

Жашоодон кубат алып,
Тосомун кучак жайып.
Мен сени сүйө берем,
Алоолоп күйө берем.
Ооба сен ушундайсың.





**ТҮШҮМДӨН КЕЗИГЕМИН**

Коркомун ойгонуудан,
Кетирбей ойлорумдан.
Унутпай койдум сени,
Унуттуң балким мени,
Издедим жолдорумдан.

Түшүнүп абалымды,
Көтөрүп маанайымды.
Кучактап алайын мен,
Түшүмдөн кетпечи сен,
Сагындым жамалыңды.

Чалынып кечигемин,
Жеткендей сезилемин.
Арбадың неге мени,
Ар күнү көрүп сени,
Түшүмдөн кезигемин.

Сен деги кандай жансың,
Ээлеген жүрөгүмдү.

Үзбөймүн күдөрүмдү,
Кучактап сүрөтүңдү.
Издеймин, издей берем,
Табам деп мен өзүңдү.

## УШУНДАЙСЫҢ

Сүйөм деп жаза берип,
Сүрөтүм тарта берип.
Сүйдүрүп алдың мени,
Ооба чын сүйдүм сени.
Сен неге ушундайсың?

Жылмайып күлүп коюп,
Өтөсүң түртүп коюп.
Азгырып алдың мени,
Арбалып сүйдүм сени.
Сен неге ушундайсың?

Жолумдан чалынасың,
Көрбөсөм табыласың.
Өзүңө байланамын,
Сүйөм деп арбаламын.
Сен неге ушундайсың?

Жашоодон кубат алып,
Тосомун кучак жайып.
Мен сени сүйө берем,
Алоолоп күйө берем.
Ооба сен ушундайсың.





## ТҮШҮМДӨН КЕЗИГЕМИН

Коркомун ойгонуудан,
Кетирбей ойлорумдан.
Унутпай койдум сени,
Унуттуң балким мени,
Издедим жолдорумдан.

Түшүнүп абалымды,
Көтөрүп маанайымды.
Кучактап алайын мен,
Түшүмдөн кетпечи сен,
Сагындым жамалыңды.

Чалынып кечигемин,
Жеткендей сезилемин.
Арбадың неге мени,
Ар күнү көрүп сени,
Түшүмдөн кезигемин.

## БААТЫРЫМ

Ордуна келип акылым,
Табылды сүйүү азыгым.
Жолугуп сизге кубандым,
Алайлык жигит, ашыгым.

Билемин сезим кадырын,
Байланып сизге тагдырым.
Сүйүүдөн мени коргогон,
Алайлык жигит баатырым.

Жакыным менин жакыным,
Кудайым кошкон асылым.
Сүйүүнүн кечип дайрасын,
Уладык жолду акырын.

Кол сунган мага баатырым,
Алайлык жигит, асылым.





## МАЗМУНУ


ЫЙЫК КӨРӨМ АТА ЖУРТ
АТА ЖУРТУМ....................3
ТООЛОРУМДУ САГЫНЫП ..........3
АЙЫЛЫМ........................4
АЙЫЛЫМДА КҮЗ МЕЗГИЛИ
БАШКАЧА.......................5
АЙЫЛЫМА БАРГАНДА..............5
АЙЫЛЫМА БАРГАНДА..............6
ЖӨНӨТҮП ТУР ӨЗГӨНҮМӨ .........7
УЗАТТЫМ ЭЭ УШУЛ ЖЫЛДЫН
КӨКТӨМҮН......................7
АК-БУУРА .....................8
ОШУМДУН АППАК КАРЫ............9

**АР КЫЛ ТЕМАДАГЫ ЫРЛАР**
КЫРГЫЗЫМДЫН ЖИГИТТЕРИ ..10
КӨЛ ТАРАПКА .................10
КӨЛҮМ СЕНИ САГЫНДЫМ..........11
ЖАЗДЫГЫМ.....................11
АПАКЕМДИН СҮЙҮҮСҮ ...........12
БАШКАМЫН ....................13
ОЮМ ДАГЫ, ӨЗҮМ ДАГЫ
БАШКАМЫН ....................13
СЫРДАШЫМ, КӨЛӨКӨМ ...........14
МЕН ЖАШООДО..................15
БАКТЫЛУУ ЭНЕ БОЛУП
СЕЗИЛЕЙИН ...................15
ЫРААЗЫМЫН ӨЗҮҢӨ
ЖАРАТКАНЫМ ..................16
АСМАНЫМ .....................17
АДАМЗАТЫМ ...................17
ПЕЙИЛИМ .....................18
ТУУРА ЖОЛДО ЖАШАЙЫН..........19
О, ЗАМАНДАШ..................19
ООРУКАНА.....................20
ДЕН СООЛУК БЕРСЕҢ
ЖАРАТКАН ....................21
ЭЧАК ӨТКӨН ОН СЕГИЗ .........22
ЖАШТЫГЫМ.....................22
ЭХ, ЖАШТЫК...................23

**МАХАБАТТЫН КҮҮСҮН ЧАЛАТ ЫРЛАРЫМ**
ЫРЛАРЫМ .....................24
СЕНИ ЖАЗАМ ..................24
МЕНИН ЫРЫМ...................25
МЕНДЕН КАЛГАН ЭСТЕЛИК........26
СҮЙҮҮДӨН ӨТҮП КЕТСЕМ ........26
МАКСАТЫМА ЖЕТЕЙИНЧИ..........27
МЕН ӨЗҮҢӨ ЫРААЗЫМЫН..........27
ӨЗГӨРТАЛБАЙ .................28
УБАКЫТТЫ УУРДАП КЕТКЕН
ЖЫЛДАРЫМ ....................29
АЗЫГЫМСЫҢ ЫРЛАРЫМ............29
ЫР КУРАГАН АРАЛЫМА ..........30
АК БАРАК.....................31
ДАРТЫМА ДАБА ЫРЛАРЫМ .........31
КЕРЕМЕТ ДҮЙНӨ ...............32
КАНДАЙ КЫЙЫН АКЫНДЫН
ЖАРЫ БОЛУШ ..................33

**АРНОО ЫРЫ**
ЭЖЕКЕ........................34
ПОЭЗИЯДАГЫ АПАМА.............35
ЖОЛ КӨРСӨТКӨН АПАМ БАР ......36
СУКТАНАМ АК СҮЙҮҮНҮН
АКЫНЫНА......................37

**СҮЙҮҮ ЫРЛАРЫ**
АЛАЙЛЫК ЖИГИТ ...............38
СИЗ БАР ҮЧҮН.................38
ЫРААЗЫМЫН ...................39
СЕНИ МЕНЕН МЕНИН
ЖАШООМ КЕРЕМЕТ ..............40
ИШЕНЕМ.......................40
МЕНДЕН АЛЫС КАРМАГЫЛА .......41
ЖҮРӨККӨ СҮЙҮҮ КЕЛСЕ..........41
ОПУРТАЛДУУ СҮЙҮҮ ............42
ООРУП ТУРАТ ЖҮРӨГҮМ,
САГЫНЫЧТАН ..................43
СҮЙҮҮ ДЕГЕН КҮБӨЛҮК .........43
ТАБИЯТКА ОКШОТОМ.............44
СҮЙҮҮ ДҮЙНӨСҮ ...............45
СҮЙҮҮ КЫЙНАЙТ................45
ЭЧ КИМ ТОСКООЛ БОЛБОСО.......46
БУЛ СЕЗИМ ...................47
ЖИГИТТИН ГҮЛҮН...............47
ЭХ, СҮЙҮҮ ...................48
СҮЙҮҮ КӨЙНӨК ................51
СҮЙҮҮ ЖАГАТ АКЫРЫ ...........51
АКЫЛЫМ ТАКТАЙМ...............52
ЖАШАЙ АЛБАЙМ СҮЙҮҮСҮЗ .......53
СЕН СЕБЕПЧИ БОЛГОНДОЙ .......53
МЕН БОЛОМУН АКЫНЫҢ ..........54

СҮРДӨП КЕТЕМ ... 55
КЫЯЛЫМДА ... 55
ТАБЫШМАКТЫ ЖАНДЫРАЛЫ ... 56
ЖҮРӨК ... 57
ТОЛУКТАЛСЫН ... 57
ЖҮРӨГҮМДҮН ТҮГӨЙҮН ... 58
ЖҮРӨГҮМДҮ ӨЗГӨРТТҮҢ ... 59
ЖҮРӨГҮМДҮН ПЕРИШТЕСИ ... 59
ЖАРТЫ ЖҮРӨК ... 60
КҮБӨ БОЛСУН СҮЙҮҮМӨ ... 61
ТАРТЫНАМЫН ... 61
СҮЙӨМ СЕНИ ... 62
СЕНИ СҮЙӨМ ДЕГИЗДИҢ ЭЭ ... 63
ЭХ, СЫЙКЫРДУУ КУЧАГЫҢ ... 63
КУЧАКТАЙЫН ... 64
САДАГАСЫ ... 65
СЕНИ ГАНА ТАНДАЙЫН ... 65
ЧЫН ЭЛЕ СЕНДИКМИН ... 66
КЕРЕКСИЗ ... 67
АЛЫСТАБА ... 67
ЖЫЛДЫЗДАРДЫН АРАСЫНА ... 68
ЭЧ ТҮГӨНБӨЙТ САГЫНУУ ... 69
АЖЫРАТПАЙ ... 69
БОЛБОЙБУ БУЛ СЕЗИМДИ
ЖАШЫРУУГА ... 70
ООРУП ЖҮРӨК ЖАНЧЫЛАТ ... 71
САГА СҮЙҮҮМ ... 71
СЕЗИМДИН КЫЯЛЫНДА ... 72
ГҮЛ БАКЧАМ ... 73
ЖАЗБА ДЕЙСИҢ ... 73
СУУРУП АЛ ... 74
КААЛАБАЙМ ООРУШУҢДУ ... 75
БАЙКАБАДЫҢ ... 75
ООРУБАГАН ЖҮРӨГҮМДҮ
ООРУТТУҢ ... 76
КӨҢҮЛҮМДҮ ООРУТТУҢ ... 77
КЕЗИГЕСИҢ ... 77
ШЫЛТООЛОП ЖАТТЫМ БЕКЕН? 78
АЛЫП КЕТЧИ ОШУҢА ... 79
ЖҮРӨГҮМ СЕНИ КЫЯЛБАЙ ... 80
ОШУМА АЛЫП КЕТИП
КАЛАЙЫНБЫ? ... 80
КҮТӨМ ... 81
ТОСУП АЛДЫ ЖАМГЫР
КОШТОП СЕБЕЛЕП ... 82
КӨЛ БОЮНДА ... 82
ДАБА БОЛУП БЕРСЕҢ БОЛДУ ... 84
ДАСТАН БОЛУП КАЛАЛЫ ... 85
КЕТЕСИҢ БИР КҮН ... 85
СЕЗИМИМДИ КАЛТЫРАЛБАЙМ
ТӨӨ-АШУУГА ... 86
ТАҢ КАЛБА ... 87
ЖОЛ УЛАДЫМ АРГАСЫЗ ... 88
МЕНИН СҮЙҮҮМ ... 89
БИЗДИН СҮЙҮҮ ... 89
ЫРАА КӨРБӨЙ БАШКАГА ... 90
КУБАНДЫРАТ ЧЕЧИМИҢ ... 91
ЖҮРӨГҮҢДҮН СОТУНАН ... 91
КОРКПОЙМУН АЖАЛ КЕЛСЕ ... 92
ОРУНДАЛАТ ЧЕЧИМИБИЗ ... 93
ЫЙЫК СЕЗИМ ... 93
КЕТЕ БЕРДИҢ ... 94
КАНТЕМИН СЕЗИМИМДИ
БАЙКАБАСАҢ ... 95
ОЙЛОРУМА КАЛБАДЫМБЫ
ЖЕҢИЛИП ... 95
КЕЧИРДИМ ... 96
СЕН ДАГЫ КЕЧИРДИҢБИ? ... 97
СЕН БАР ҮЧҮН ... 97
САБЫРДУУ БОЛ, ЖҮРӨГҮМ ... 98
ЖҮРӨКТҮ ООРУТПАЙМЫН ... 99
КЫЯЛДАНЫП АЛГАНМЫН ... 99
ТАЛАБЫМ ... 100
СМС ЖАЗЫП КОЙ ... 101
ТҮШҮМӨ КИРЕСИҢБИ? ... 101
СҮРӨТҮН ТИКТЕП ЖҮРӨМ ... 102
КАНАТ ЖАЙЫП ... 103
ТОКТОТО АЛБАЙМ НЕГЕ
САБЫРЫМДЫ ... 103
МАГА КЕЛГЕН САНААСЫҢБЫ? .. 104
ИШЕНЕМ САГА ГАНА ... 105
ИШЕНЧИ БАРАРЫМА ... 105
ОКУСАҢ ЖАЗГАНДАРЫМДЫ ... 106
КӨЗ САЛЫП ЖҮРДҮҢ БЕКЕН? ... 107
КАЙДА КЕТИП? ... 107
КАЙДА КЕТТИҢ, КАЯКТАСЫҢ? .. 108
МЕНДЕН КЕТТИҢ АЛЫСТАП ... 109
ИЗДЕЙМИН ... 109
КЕЛЕМ ДЕЙСИҢ ... 110
КУЧАКТАЧЫ ... 111
КУЧАГЫҢА ... 111
КЕРЕМЕТИМ ... 112
БҮРДӨБӨЙМ ... 112
ТУМАР БОЛУП ... 113
КАНТИП ЭЛЕ? ... 114
САГЫНБАЙСЫҢ ... 114
СҮЙӨМ ДЕП АЙТЧЫ ... 115
КӨРМӨКСӨН БОЛОСУҢ ... 116
КАНДАЙ АЗАП? ... 116
КАЙРА КАЛДЫК КЕЗИГИП ... 117





СҮЙҮҮ ОГУ ... 118
СЕНИН ҮНҮҢ ... 118
СҮЙЛӨШКӨНДӨ ТЕЛЕФОНДОН . 119
САНААРКАДЫҢ ... 120
СҮЙЛӨП ДАГЫ СҮЙЛӨБӨЙ ... 120
ЖАЛГЫЗ ГАНА АРДАГЫМДАЙ ... 121
ЖАЛГЫЗЫМСЫҢ ... 122
АРНАБАЙ КОЙДУҢ ЖАГЫМДУУ
СӨЗҮҢ ... 122
КҮТПӨЙМҮН БЕЛЕГИҢДИ ... 123
ЫЙЫК САКТА БЕЛЕГИМ ... 124
КУСАЛЫККА ОРОНУП ... 124
БАКТЫЛУУ КҮНГӨ ЖЕТЕЛЕГЕН 125
ОКШОТО АЛБАЙМ ... 126
КӨРҮШПӨЙ БАРАТАБЫЗ ... 126
ЖҮРӨГҮМДҮ ДАРТ БАСКАН ... 127
КЫЙНАДЫҢБЫ,
КЫЙНАЛДЫМБЫ? ... 128
ОЙЛОДУҢБУ? ... 128
БАРАКТАРЫМ ... 129
МЕН СЕНИ СҮЙӨ БЕРЕМ ... 130
ЭЭЛЕДИ МЕНИ СЕЗИМ
БАШКАЧАСЫ ... 130
УНУТА АЛБАЙ ... 131
ЖҮРӨГҮМДҮН ӨКҮМДАРЫ ... 132
БАРАТАМ СЕН ТАРАПКА ... 132
МҮМКҮН ЭМЕС УНУТУУ ... 133
САКТАП КАЛ ЖОЛДОШТУКТУ ... 134
СЕНИ ГАНА КӨРСӨ БОЛДУ
КӨЗДӨРҮМ ... 134
СҮЙҮҮ МЕНДЕН АЛЫСТА ... 135
ОЮМДА СЕН ЭКЕНИН ... 136
ТАПШЫРАЙЫН СЫНАГЫҢ ... 136
КАЛА БЕРГИН САКТАЛУУ ... 137
БИЗ ЖАШАЙБЫЗ СҮЙҮҮДӨ ... 138
СҮЙҮҮ САПАРЛАШЫМ ... 138
СЕНИ МЕНЕН ӨМҮРДӨ ... 139
ҮМҮТ ҮЗАЛБАДЫМ ... 140
ОРТОБУЗДА АЛЫСТЫК ... 140
БИЗ ЖҮРӨБҮЗ ... 141
ӨКҮНҮЧҮҢ ... 141
УНУТПАЙЫН ДЕСЕМ ЭЛЕ ... 142
КАЛГАМЫН СЕНИ ЖАТТАП ... 143
БАЙКУШ КӨЗДҮ КӨРГӨНДӨ ... 143
КӨЗДӨРҮМ АЙ, БАЙКУШУМ ... 144
ӨЧҮРБӨЙ ҮМҮТҮМДҮ ... 145
ИШЕНБЕЙМ ... 146
СҮЙБӨЙМ СЕНДЕН БАШКАНЫ .. 147
ӨКҮНБӨЙМ СЕНИ СҮЙҮП
КАЛГАНЫМА ... 147
МЕНИН СҮЙҮҮМ ӨЧПӨСҮН ... 148
СЕН ДЕП ООРУП ... 149
КУТУЛА АЛБАЙМ САГЫНЫЧТАН 149
МЕН НЕГЕ? ... 150
КӨНӨСҮҢБҮ? ... 151
КУБАНАМЫН ... 151
АЛЫС ЖАККА МЕНИ ТАШТАП
КЕТПЕЧИ ... 152
КОЁСУҢБУ КЕЧИРИП ... 153
КАПАЛАНБА, КАЙГЫРБА ДА,
ЫЙЛАБА ... 153
КЫСА КАРМАП КУЧАКТАЙЫН
БООРУМА ... 154
СҮЙҮҮ ҮЧҮН КАЙЫЛМЫН ... 155
АЛ МЕН ЭЛЕМ, АЛ СЕН ЭЛЕҢ ... 155
САЃЫНАМЫН ... 156
СЕН МЕНЕН КЕТЕЙИНЧИ
АЛЫСТАРГА ... 156
КЕТКИМ КЕЛЕТ ... 157
ЖҮРҮ КЕТТИК ... 158
СҮЙҮҮДӨН СООЛУГАЙЫН ... 158
КӨЗДӨРҮМ ДА КЫЙНАЛДЫ ... 159
СЕЗИМДИН ГҮЛЗАРЫНА
БАРАЛЫЧЫ ... 160
СЕНИ ЖҮРӨМ САГЫНЫП ... 160
НЕГЕ СҮЙДҮМ... ... 161
САГЫНГАНДА ... 162
СЕНИ СҮЙӨТ ... 162
КАРЫНДАШЫҢ ... 163
КАРЛЫГАЧЫҢ ... 164
КЕЧ ЭМЕС ... 164
КЫЗГАНАМ ... 165
КЫЗГАНДЫРЫП ЖҮРӨ БЕР ... 166
СЕБЕП БАР ... 166
МЕНДЕГИ АРУУ СЕЗИМ ... 167
СЕНИ МЕНЕН ЖОЛ АЛАМ ДЕП .. 168
СУРАДЫМ ЖЫЛДЫЗДАРДАН ... 168
ТАППАЙ КАЛДЫМ ЖЫТЫҢДЫ ... 169
ТЫНЧЫМ КЕТТИ ... 170
ТААНЫШ ҮН ... 170
АЛИК АЛЫП САЛАМЫМ ... 171
КӨКТӨ ЖЫЛДЫЗ АРАСЫНАН ... 172
МЕН САГА ТААРЫНБАДЫМ ... 172
САГЫНЫЧ ООРУСУНА ... 173
ЖОЛУҢ КАРАП МУРУНКУДАЙ ... 174
ТААРЫНГАНДЫ ТОКТОТОМ ... 175
ЖАШАЙ БЕРЕМ ӨЗҮҢ БАРДА ... 175
ТЫНЧЫН АЛБАЙ ӨЗГӨНҮН ... 176
МЕНДЕН УЗАП КЕТЕСИҢБИ? ... 177
МИҢ ЧАКЫРЫМ ШЫЛТОО

ЭМЕС … 177
МЕНИ ЭЧ БИР ОЙЛОБО … 178
ӨЗГӨРБӨ МҮНӨЗҮҢДӨН … 179
ДАРЫЛАЧЫ … 179
СЕЗИМИҢ АЛООЛОНУП … 180
МЕНИН ГАНА ЭСИМДЕСИҢ … 181
ЭМНЕ БОЛДУ ТААРЫНГЫДАЙ? … 181
БУЛУТ ТОСКОН АСМАНДАЙ … 182
ИШЕНЕМ КЕЛЭЭРИҢЕ … 183
ИЗДЕП ЖҮРӨМ, КАЙДАСЫҢ? … 183
КУСАЛЫКТЫН АЗАБЫ … 184
КЕТПЕЙ КОЙДУ ЖАРМАШЫП … 185
ОЙЛОБОЙМУН БАШКАСЫН … 185
ЖҮРӨГҮМӨ ДАБА ТААП … 186
ОШЕНТИП АЛГЫН ӨЧҮҢДҮ … 187
БИР СЕЗИМ БИЗДИ АЗГЫРЫП … 187
КӨЗ ЖАШЫМДЫ ТЫЙБАСАМ … 188
БАЯГЫДАЙ СҮЙӨМҮН … 189
ЖАЛЫНДАБАЙ ӨЧТҮҢ ДА … 189
ЖЕТПЕЙ КОЙДУҢ КАДЫРЫМА … 190
БАЛКИМ АЛ … 191
МЕНИН ОЮМ ӨЗГӨРБӨЙТ … 192
КОЛ ШИЛТЕП КЕТИП КАЛСАМ … 193
СҮЙҮҮ НУРУН СЕБЕСИҢБИ? … 193
О, ТАГДЫР … 194
ООРУДУМ СЫЗДАП ЖҮРӨК … 195
ЧЫДАЙ БЕРЕТ … 195
КУСАЛЫКТЫН ТУТКУНУ … 196
ЖҮРӨГҮМӨ БҮЛҮК САЛГАН … 197
КИШЕНДЕП АЛГАН … 197
ЖҮРӨГҮМӨ УУ САЛЫПМЫН … 198
КАЙТАЛАНЫП КЕЛСЕ … 198
ӨМҮРҮМДҮН БАРАКТАРЫН … 199
УНУТУУ МАГА КЫЙЫН … 200
ЖОЛУКПАЙ КЕТТИҢ ЭМНЕГЕ? … 200
ТҮЗӨТӨЙҮН АКЫРЫН … 201
ТҮШҮМӨ КИРСЕҢ … 202
МЕНДЕН САЛАМ БАРДЫБЫ? … 202
КЕЧИГЕТ … 203
СҮЙҮҮНҮН ТУУСУН КАРМАП … 204
КЫЯЛДАНАМ … 204
БИЛИП ЖҮР … 205
ЖҮРӨГҮМДҮ ӨРТТӨБӨ … 206
КАНТЭЭР ЭЛЕҢ? … 206
СЕЗИМДИН ПАДЫШАСЫ … 207
БУЛ ЭМНЕСИ? … 208
КОШ ДЕП АЙТПА … 208
ЫРЛАРЫМДАН КЕЗИГЕСИҢ … 209
ИЗДЕГИН … 210
ЭСТЕП ЖҮРӨЙҮН … 210
БЕКЕМ САКТАЙМ АНТЫМДЫ … 211
ЖАН ДҮЙНӨМДҮ СЫЗДАТЫП … 212
УНУТААРМЫН … 212
ЖЕҢИЛБЕЙМИН … 213
КАРААНЫҢДЫ КӨРГӨНДӨ … 214
КАНТЕСИҢ? … 214
КУБАНАМЫН БАРЫҢА … 215
КЕЗИКПЕЙ КАЛАБЫЗБЫ? … 216
ЧИЙИП САЛЧЫ АКЫРЫН … 216
СЕНИ ИЗДЕБЕЙМ … 217
МАҢДАЙЫМА ЖАЗЫЛГАН … 218
КАРЕГИҢДЕН КЕТПЕС БОЛУП … 218
ЫЙЛАДЫҢ ДА, ЫЙЛАДЫМ … 219
ӨТКӨНҮ БИЛИНБЕЙ
УБАКЫТТЫН … 220
КҮН КЕЛЕТ … 220
БАКТЫЛУУМУН, БАКТЫЛУУСУҢ 221
КОРГОЙ АЛБАЙТ БАШКАЛАР … 222
БАШКАЧАСЫҢ … 223
ЖАРДАМ БЕР … 224
АЙТКЫМ КЕЛЕТ … 225
КУБАНАМЫН … 225
ЖАЛГЫЗ КАЛДЫМ … 227
ЧЫНДЫГЫНДА ЖАЛГЫЗМЫН … 227
КӨРӨМҮН ДА БУЮРГАНЫН … 228
АЛЫС ЖАККА КЕТЕМИН … 229
КОШТОШАЛБАЙ … 229
АКЫБАЛЫМ СУРАБАДЫҢ … 230
БҮГҮН ДАГЫ … 231
СЕКЕТИҢМИН … 231
ЧОЛПОНУҢ КЫЙНАЛУУДА … 232
НЕГЕ КЕТТИҢ? … 233
АЙТЧЫ СЕН, ЭГЕР БОЛСО
АЙЫБЫМДЫ … 233
ЭМНЕ ДЕДИМ? … 234
ЖҮРӨГҮМДҮ УЙПАЛАЙСЫҢ … 235
СҮЙҮҮ ЖОЛУН УЛАНТУУГА … 235
КӨҢҮЛ ЧӨГӨТ … 237
ШЫЛТОО БОЛСУН УШУЛ ЖААН 237
ЖАМГЫР … 238
ТӨКТҮ ЖАМГЫР БУУЛУГУП … 239
СЕН ТҮШҮМӨ КИРДИҢ БҮГҮН
КАЙРАДАН … 239
КИРБЕ МЕНИН ТҮШҮМӨ … 240
КАРЕГИМДИН БУЛАГЫ … 241
СҮЙҮП АЛСАМ … 241
ЖҮРӨГҮҢДҮН ДАРЕГИНЕ … 242
СҮЙҮҮНҮН АЗЕМИНЕ … 243
КАДЫРЫМА ЖЕТЕСИҢБИ? … 243
СЕНИ ГАНА ОЙЛОЙ БЕРЕМ … 244







ТАРАЗАГА САЛАСЫҢ … 245
СЕНИ КӨРҮП УКТАЙЫНЧЫ … 245
ИШЕНЕМ … 246
САГЫНЫЧТАН ТААРЫНАМ … 246
КАРААНЫҢДЫ … 247
САГЫНДЫМ ЖАМАЛЫҢДЫ … 248
КҮТӨ БЕРДИМ … 249
КАБАРЫҢ ЖОК … 250
КИМДЕР ГАНА ЫЙЛАБАГАН … 250
КЕЗИГЕМ ЖАЗЫП ЖАТКАН
ЫРЛАРЫМАН … 251
МЕНИ ДА САГЫНГАНСЫҢ … 252
КАЙРЫЛГАН КАНАТЫМ … 253
ДАРЫЛАЧЫ СҮЙҮҮ МЕНЕН … 253
ЭМНЕГЕ БИЛБЕЙСИҢ
СҮЙГӨНҮМДҮ … 254
СЕН ДАГЫ МЕНИ СҮЙҮП
КЫЙНАЛСАҢ ЭЭ … 255
ЧЫЙРАЛАМЫН … 255
БҮГҮН АЛДЫМ КАТЫҢДЫ … 256
БЕКЕМ КАРМАЙМ АНТЫМДЫ … 257
ҮНДӨБӨЙ ӨТӨЙҮНБҮ? … 257
АНАН ДАГЫ ЫЙЛАТАСЫҢ … 258
ЖҮРӨГҮМДҮ БАШКАРАСЫҢ … 259
СЕН КИМСИҢ, А МЕН КИММИН … 259
МЕРЕЗ БОЛБОЙ ӨЗГӨРДҮМ … 260
КӨЗ ЖАШЫМ ТОКТОБОДУ … 261
УЛАДЫМ ЖОЛУГАЛБАЙ … 262
САПАРЫМДЫ … 262
КӨРҮНГӨНДӨ АЗАБЫҢ … 263
МЕН БААРЫНА ЧЫДАЙМЫН … 264
ТҮШҮНҮП КОЙ … 264
БОЛДУ ЖАЗБАЙМ ДЕГЕМ … 265
СЕЗИМДИН ЖАЛБЫРАГЫ … 266
ЖАЛБЫРАКТАЙ … 266
ҮНСҮЗ ДАРАК … 267
ОШОЛ ТЕРЕК … 268
СЕН МЕНИ ИЗДЕЙСИҢБИ? … 268
ӨКҮНӨМҮН … 269
ӨКҮНӨМҮН … 270
АЗГЫРБА АЗАБЫҢА … 270
СЕН ДА БИР КҮН ӨКҮНӨСҮҢ … 271
ОКУП КОЙ ЫРЛАРЫМДЫ … 272
ЫР ЖАЗАЙЫН … 272
ӨЗГӨРБӨГӨН БАЯГЫ СЕН … 273
ТАППАЙ КАЛДЫМ … 274
ТУМАНДА КЕЧИКТИМБИ? … 275
КЫЙНАЛБАЙ КЕТЕ БЕРЕМ … 275
СЕНИН ДАГЫ ЭСИҢДЕМИН … 276
КАЙРАДАН СҮЙҮП СЕНИ … 277
МЕН ӨМҮРГӨ КАЛТЫРЫП … 277
АЖАЛ ЭМЕС СҮЙҮҮ ЖЫГАТ
ӨЛТҮРҮП … 278
КЕЛИП АЛАМ … 279
МЕН ӨЗҮМДҮ ТИКТЕГЕНДЕ
КҮЗГҮДӨН … 279


**СҮРӨТТӨР ЭЭ, ТУМАР БОЛГОН ЖҮРӨККӨ**


КОД КОЙДУРУП АЛГАМЫН
ЖҮРӨГҮМӨ … 281
СУРАЙЫНЧЫ … 282
ӨЧҮРБӨ КҮДӨРҮМДҮ … 282
СУРАНАМ, ӨРТТӨ МЕНИН
СҮРӨТҮМДҮ … 283
СЕН ДЕП СОГОТ ЖҮРӨГҮМ … 284
ШАШПА СЕНИ … 284
ЖОГОЛГОН СҮРӨТ … 285
ЭЭЛЕП АЛДЫҢ ЭКИМДИ … 286
СЕНСИЗ ДЕЛЕ … 286
БИЛДИҢ БЕКЕН? … 287
ТЫҢШАГЫМ КЕЛИП ЖҮРӨТ … 288
КУСАЛЫКТЫН КӨЙНӨГҮ … 288
СЕН ЖАКТЫРГАН КӨЙНӨГҮМ … 289
УЧКУМ КЕЛЕТ … 290
ТОМСОРТПОЙ ЧЫГЫП КЕЛЧИ … 290
КАЙРЫЛЫП КЕЛ … 291
КИМ БИЛСИН … 292
КӨРГҮМ КЕЛИП … 292
КАНТЕМИН … 293
ЫЙЫК САКТАЙМ … 294
СЫРДАШАМЫН … 294
КАРАГАНДА СҮРӨТҮҢӨ … 295
ЖАР САЛАЙЫН СҮРӨТҮҢ … 296
ТИКТЕЙМИН СҮРӨТҮҢДҮ … 296
КУБАНЫП ТИКТЕЙ БЕРЕМ
СҮРӨТҮҢДҮ … 297
ЖҮРӨГҮМДҮ ЭЭЛЕДИҢ … 298
КЫЙНАЛГАНДА ЖҮРӨГҮМ … 299
КЫЗЫКСЫЗ БОЛСО ДА … 300
АЛЫП КАЛДЫ СҮРӨТҮҢДҮ
КУЧАКТАП … 300
АЙЛАНБАЙ КАЛБАДЫҢБЫ? … 301


**КЫСКА САПТАР**


АМАНДЫК СУРАНЫЧЫМ … 302
КАБЫЛБАСА … 303
СЫЗДАГАНЫ … 304
КЫЯЛДАРЫМ … 304
СЕН МАГА … 305

ЫРДЫ ЖАЗСАМ ............................306
ДАЛ КЕЛБЕЙТ..............................307
СЫРЫМ ......................................308
СҮЙҮҮ СЕН..................................309
БУЛ СЕЗИМ .................................309
СҮЙДҮРҮП АЛДЫҢ......................310
ЫРАА КӨРБӨЙМ ..........................310
ИЗДЕП ЖҮРӨМ............................311
ИШЕНИЧ АКТАБАДЫМ ...............312
КЕТКЕН ОКШОЙТ........................313
БААРЫ БИР СҮЙӨ БЕРЕМ .........314
АЙТЫП АЛЫП..............................315
УГУЗАМ КАБАРЫМДЫ ................316
КҮНҮГӨ КИРСЕҢ ТҮШҮМӨ..........317
КЫЗГАНТПА ................................317
АЛЫСТАСЫҢ ...............................319
КАЛБАГЫН КАЙРА КЕЗИГИП ......319
ӨЗГӨРҮП КАЛДЫҢ НЕГЕ? ..........320
МЕН САГА....................................321
УШУЛ БОЙДОН............................321
КЕТКЕНСИҢ ЧААП .......................322
СЫНАДЫҢ ОКШОЙТ....................323
ЖҮРӨМҮН БИЛСЕҢ.....................324
ТЫНЧ БОЛСОҢ ЭКЕН .................325
АК ЖАМГЫР.................................326
СЕН ЖАНА МЕН ..........................326
ИЗДЕЙМИН ..................................327
УШУНДАЙСЫҢ ............................328
ТҮШҮМДӨН КЕЗИГЕМИН ...........329
БААТЫРЫМ..................................330

**Нуржамал Калмаматова**

**ЖҮРӨК ТАМЫРЫНДАГЫ ОТ**

*Ырлар*

*Редактору* Бурулкан Карагулова
*Корректору* М. Сактанов
*Калыпка салган* М. Кадыров

Офсет кагазы. Кагаздын форматы 84х108 $^1/_{32}$.
Көлөмү 21 басма табак. Нускасы 500.
Буюртма № 282.

«Улуу тоолор» басмасы, «Мурас-Нур»
Бишкек шаары,
Ю.Абдырахманов көчөсү, 170 «а»,
Тел.: 62-02-13



**Нуржамал Калмаматова**

Калбаса дейм, жазгандарым тепселип,
Барктап алаар окурманым эскерип.
Нечен кылым өлбөй-өчпөй жашасын,
Ар бир ырым менден калган эстелик.